# МАНАС

**Жапарали Осмонкуловдун варианты боюнча**



**Балдар үчүн**
**(«Манас» эпосунун кара сөз варианты)**

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2016

УДК 821.51-93
ББК 82.3 (2Ки)
М 23

М 23 **МАНАС.: Балдар үчүн («Манас» эпосунун кара сөз варианты)**. Ж.Осмонкуловдун варианты боюнча. Б.:«Улуу тоолор», 2016, 192 б.

ISBN 978-9967-470-20-0

Дүйнөлүк адабий казынанын катарынан орун алган улутубуздун «Манас» эпосун Кыргыз Республикасынын Жаштар жана Балдар адабияты сыйлыктарынын лауреаты, жазуучу ЖАПАРАЛИ ОСМОНКУЛОВ кара сөз кылып жазып, окурман балдар журтуна таберик катары сунуштап отурат.

Окурман балдар журту баатыр Манастын эрдиги менен айкөлдүгү, көчмөн элдин турмушу, ата наркынын сакталышы, ата журтту сүйүү, аны көздүн карегиндей коргоо, адилеттүүлүк менен калыстыктын орношу, элдүүлүк менен мамлекеттүүлүктүн байланышы жөнүндөгү баяндамалар менен тааныша алат. Келечек муунду окутуп тарбиялоодо, адептүүлүккө, эл, жерди сүйүүгө, улууну урматтоого, кичүүнү ызаттоого үйрөтүүдө жана эл достугу, биримдиги өңдүү улуу сапатка үндөөдө чыгарманын мааниси чоң.

М 4803300500-16 УДК 821.51-93
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-470-20-0

©**Осмонкулов Ж.,** 2016

# КЫРГЫЗДАР АЛТАЙДА



Байыркы өткөн заманда Ала Тоо койнунда кыргыз деген эл жашайт. Мингени күлүк ат, кийгени ак калпак, көтөргөнү көк асаба* кызыл туу болуптур. Каракан деген каны болот. Ал, о дүйнө салганда уулу Огуз кан көтөрүлөт. Ал да адилет бийлик жүргүзүп, о дүйнө кетет. Кандык Аланчага, андан Байырга, Байырдан Бабырга, Бабырдан Түбөйгө, Түбөйдөн Көгөйгө, Көгөйдөн Ногойго өтөт. Ногойдон Орозду, Үсөн, Бай, Жакып аттуу уулдар төрөлөт. Ошо Ногой кандын заманында кытай каны Эсенкан калмактарга кошулуп жүз миң аскер менен кыргызга кыргын салды, элин чилдей таратты. Аман калганы туш-тушка качты. Эл биримдиги ыдырады, кыргыздын башына оор кыйынчылык түштү. Кытай менен калмактан тарткан азап жомокко айланды. Досунан касы көп болгон каар замандын катаалдыгы күчөгөндөн күчөдү. Ногойдун уулу Жакып душмандын кысмагына алынды. Колу-буту байланып, кырк үйлүү кыргыз менен Алтайга куулду. Жол азабы, көр азабы дегендей, арып-ачып жан кайышып турганда кырк үйлүү кыргыздын башын бириктирген Акбалта баатыр болду.

— Айланайын бир боорлорум, кайрат кылгыла! Минтип жүрсөк жоголуп кетебиз. Андыктан бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаралы. Ынтымакташып аштык айдайлы. Күтүрөтүп мал күтөлү. Маңдайыбыздан тер акканча иштейли. Байлыкты эмгектен, теңдикти күрөштөн издейли! Башыңарды көтөргүлө, эл намысын туу туталы. Колдун беш манжасындай

бир муштумда бололу! — деди кысталыш заманда эл ырысы Акбалта.

Эл баатырдын сөзүнө ынанды. Душман менен коюн колтук жашап келсе да жол таап, алака түздү. Мал күтүп, айбаты күчөдү. Элдин саны өстү, кадыры көтөрүлдү. Ногой кандын уулу Жакып Чыйырды деген аялга үйлөндү. Эсепсиз мал күттү, бирок балалуу болбоду. Кудай ага бала бербеди. Анын күйүтү зор болду. Кырк сегизге чыкканда артында калар туягы жок "куубаш", аялы Чыйырды "туубас" атанды. Эрди-катын балалууну көрсө бötодой боздоду. Көз жаштары жамгырдай төгүлдү. Жакып мазардан мазар* тандап сыйынды, зыярат* кылды. Кудайдан бала сурап жалынды. Баласыз кийинки өмүрүн элестете албады. Калмактан алган токолу Бакдөөлөттүн да согончогу канабады.

— Акыретке бет койсом*, артымдан жоктоп калар балам жок өтөмбү?! Артыңда бала жок болсо, дүнүйөсү курусун! — деп күнү-түнү эт бетинен кетип зарлады, Жакып бай.

## ЖАКЫПТЫН ТҮШҮ

Бир сапар тоодон жылкысын көрүп келип уктап калган Жакып кызык түш көрдү. Түшүндө сулуу куш көрдү. Кушту колуна кондуруп, жибек боо такты. Конорго туур жасады. Эртеси түшүн байбичеси Чыйырдыга жорутту.

— Айланайын каным, оозуңа май! Түшүң ылайым туш келсин. Куш кармап, туурга отургузганың, башыңа дөөлөт конгону. Кудайым бу сапар бизди колдогону турат. Мен да сонун түш көрдүм. Түшүмө ааламды оп тартчу ажыдаар кирди. Андыктан эл чакырып, байлыкчачып, той берели. Көп мал соёлу, — деп кудуңдап алды байбичеси.

— Байым, пейлиңди тарытпа! Көп мал сойсо соёлу. Эби келсе андан эки эсе ашыра тойлойлу! — деп токолу Бакдөөлөт байбичени колдоп жиберди.

— Ач арыктар тоюнуп, көпчүлүк бата берсе, кудайым бизге да бала берээр... — деди жүрөгү элеп-желептене бышакта-

---

* Жылдызча коюлган сөздөргө китептин аягында түшүндүрмө берилди



ган байбичеси Чыйырды.

Бай Жакып терең ойго батты. Анткени жөнеле той кылып, короосундагы көзгө жылуу көрүнгөн көп малынан айрылгысы келбеди. Ошентип үңкүйүп отурду, боз үйдүн түндүгүнөн көк асманга үзүлө көз чаптырып. Сакалын тынбай сылады. Ичинен келме келтирди. Бир убакта тутамдай кармаган камчысын* бир башкача силкип алды. Бу анын жүйөөлүү сөзгө көнгөнү эле.

Эртеси той камылгасына кызуу киришти. Жер очок ойдурду. Отун-суу камдатты. Союшун белендеди. Той камылгасы бүткөндө жер жерге чабарман чаптырды. Тойго он эки уруу кыргыз келди. Казак, калмак, маңгул калбай чогулду. Тойду айтылуу эл ырысы Акбалта тейледи. Жакыптын эли эки күн эт бышырды, конок тосту.

Чыйырды менен Бакдөөлөт бала-бакыра калтырбай курсагын тойгузду. Балдарга калпак кийгизди, мүрүсүнө чапан жапты, белине кур курчады. Бербей калдым дегенге беш тенгеден пул* берди. Бай Жакып кадырлуусуна ат мингизди, карышкыр ичик, кымкап* тон кийгизди. Ошентип тойго келген жаш-кары куру калбады. Баары ыраазы болду. Ошондо бай Жакып:

— О, кадырман журт, өткөндө бир укмуш түш көрдүм. Түшүмдө жүнү алтын, текөөрү болот, айбат менен караса алп кара куш сүрү бар, сонун куш көрдүм. Аны туурума кондурдум, бутуна жибек боо тактым. Серпкенин соо кетирбеген, туягы темир канжар* экен. Бу не деген түш?! Кана, араңарда түштү жоруп берчү бирөө барбы?! — деди.

Ортодо кулак мурун кескендей жымжырттык өкүм сүрдү. Аш кайнам убакыт* өттү. Эч ким, эч нерсе дей албады. Түш

жоруй албай көпчүлүктүн шайы ооду. Ошондо Байжигит ортого чыкты. Бай Жакыптын түшүн минтип чечмеледи.

— Бу түшүңүз укмуш түш экен. Сизге оңдой берди болуптур. Сиз тууруңузга кондурган куш бу — бала. Кудаа буюрса, сиз балалуу болот экенсиз. Балаңыз күн тийген жердин баарына дөөлөтүн арттырат экен. Өзүңүзгө кара тоодой чоң касиет конот экен. Зарлап ыйлаганыңыздын акыбети кайтыптыр. Кудай жалгап, ниетиңиз кабыл болсун!

— Баракелде, Байжигит, куп жорудуң! Кадырлуу бай, түшүңүз кабыл болсун! Сиз көргөн түш дүйнөдөгү ажайып сонун түштөрдөн экен! Кудай сизге жана сиздин байбичеңизге күч кубат берсин! Иши оңолгондун ити чөп жейт. Отуңуз жанды, кудайым сурагандын баарына эле бере бербейт, сүйгөн гана пендесине берет, — деди колун жая берип, бата тилегени турган Дамбылда чечен.

## КЫТАЙДЫН КАНЫ ЭСЕНКАНДЫН НЕГЕ ТЫНЧЫ КЕТТИ?

Тойго келген жаш-карынын баары ыраазы болуп кайтышты. Той таркады. Бирок бай Жакып өткөргөн той кытай каны Эсенкандын жүрөгүнүн үшүн алды. Тынчы кеткен кан черүү* башчыларын, билерман аалымдарын* ордого* шашылыш чакыртты. Жети кабат жерге каттырган, үч жылды алдын ала көрө билген, сыйкыры күч, касиеттүү китебине кошуп, үч кылым аша жашаган, сакал-муруту күмүштөй көлкүлдөп агарган, Ыраң Көөдөң деген карыя сыйкырчысын алдырды. Сыйкырчысын сүйлөтүп, укканды таң калтырды.

— Кечээ эле чилдей тараткан кыргызга жан кирип, той өткөрүштү дейт. Аларың биздин башыбызга дагы кандай балээ үйгөнү жатышат. Алардын не билгени бар?! Кана, кимиң айтасың?! Кимиң мага жооп бересиң?! — деди кан чегинен аша жинденип.

— Урматтуу каным, — деп сөз баштады Ыраң Көөдөң аттуу олуя* карыясы, сыйкыры күч кызыл китебин барактап жатып. — Мобу ыйык китепте: "Жакында кыргызда Манас



деген баатыр туулат. Ал кытай, калмак түгүл, ай тийген, күн чыккан жердин баарын чаап алат" деп айтылыптыр.

Айтарын айтып алып, жан ширин экен, далай кандарды көргөн олуянын башы Эсенкандын алдында шылкыя түштү.

— Ок, оозуңа таш, олуя болбой кал, сен?! Бу не деген шумдук?! — деп Эсенкан ордунан ийне менен безге сайгандай ыргып турду.

— Кудайдын каарына калгыр кыргыздар! Дагы кандай балээнин үстүнөн чыкканы турушат. Кыргыздан Манас деген баатыр туулат дегени эмнеси? Туулбай өлсүн, ошо душман! Шорубуз эми шорподой кайнайбы?! Ырысыбызды колубуздан талашкан ал баатырды, кандай аял тууйт экен? Кантип бизди кууйт экен?! Кана, айтчы, олуям! — деп кысмакка алды, каары көзүнөн көрүнгөн Эсенкан.

— Кыргыздан дүйнөдө жок баатыр туулушу туулат, — деди Ыраң Көөдөң, өз сөзүнө өзү какап-чакап. — Тилекке каршы, аны кайсы аял төрөйт, белгисиз каным. Жок, туулчу баатырдын белгисин көрдүм. Сиз аны билип албасаңыз болбойт, себеби баланын белгисин элиңизге , черүүңүзгө таратасыз да , — деп көзүн сүздү.

— Айт, ал кандай шумдук белги?! — деди Эсенкан каарын төгө.

— Эркек бала туулса, колун ачып каратыңыз, урматтуу каным, — деди сыйкырчы тегеректеп олтургандарды шекшине карап. — Туулган бала бир уучуна кан, бир уучуна май чеңгээлдеп түшөт. Алакандын бөлтөгүндө "Манас" деген ысым

жазылган, аппак мөөрү басылган. Андыктан түйүлдүгүндө жайлабасак, шорубуз ошондо кайнайт!

— Тилиңе тибиртке, кандай шумдук немеле! — деп Эсенкан Манастын атын укканда чочуп кетти. — Эгер сен айткандай болсо, дароо буйругумду уккула! Жалгыздап кыргыз конбосун, беш-алты үйлүү бир консун! Беш үйлүүгө бир кечил*, күнү-түнү көз болсун. Боюнда бар аял калбасын, кечил санагын алсын. Туулганда баланын алаканын карасын. Жок, төрөтпөй дароо жайласын! Арызга келген кыргыздар айылайылына тарасын. Улуу кытай, калмак катарын бузмакчы болгон кыргыздын Манас деген уулун черүүлөр кармап келсин! — деп ок жыландай атылды, черүү, кечилдерин баш кылып туш-тарапка шаштырды.

Ошо эле күнү "Кыргызда Манас аттуу баатыр туулат экен. Душманы кытай, калмакты Бежинди көздөй сүрөт экен", — деген каңшаар кабар кыргызга да түгөл тарады.

— Кудай буюрса, өзүбүздөн баатыр чыгып, адилдик туусу көктө көкөлөйт тура! — дешип кыргыздар Манастын бу дүйнөгө келишине кудайындай эле ишенип калышты.

Эсенкандын буйругунан кийин кыргыз журту кытайдын кордугун, калмактын зордугун куп тартты. Черүү баштаган кечилдер селсаяк иттей шимшиледи. Боюнда бар аялдар турган боз үйдүн башына кара боо байлады. Чыңыртып ичин жарды. Жатыны менен чыккан баланы калжоо иттерге ыргытты. Туубас кылып кыргызды тукум курут кылды. Кол арага жараган кыз-баланы Бежинге кулдукка айдады. Жигиттердин башы алынды. Үй мүлкү, бар байлыгы талоонго түштү. Кайгыга баткан кыргыз түгөл кара кийип калды.

Бай Жакыптын журту сай-сайда каңгыды. Иттери чак түштө аялуу улуду. Баканооз* кечилдер айылдан айыл жортту, Манастын кимден тууларын, кайдан келээрин билбей баштары маң болду. Жырткычтыгы өстү, талоондугу күчөдү. Ошондо да кыргыз канына тойбоду. Кытай, калмак черүүлөрү менен кечилдери өткөн өрөөндүн топурагы көз көрүнөө көккө сапырылды, жери такырланды, эли жакырланды.

— Кыргызды тукум курут кылбасак бизге бейпилдик жок! Канаке, баатыр туучу аялыңарды көрсөткүлө! Кылыбыз кый-

шайбайт. Заматта ичин жарабыз, баласын итке таштайбыз! Баш көтөргөндүн жүнүн бирден тытабыз! — дешип баатырланды кечилдер.

Кыргызды куткарчу баатыр Манастын кабарын кечилдер Алтай, Ала Тоодон издеп, Букара, Анжыян шаарларынан таппай, акыры Самарканга келип түштү. Ал жерден Эшен деген кыргыздын Манас деген уулун желкелеп, Бежинге алып кетишти. "Буюрса, бир балээден кутулдук", — деп Эшендин Манас аттуу баласын түбү жок зынданга* ташташты.

Кытай менен калмактын кордугу менен зордугуна чыдабаган Акбалта баатыр баштаган кыргыздар согушка жашыруун даярдык көрдү. Токой кыйды, көмүр өчүрдү. Көөнө усталар күн-түндү билбей катуу узанды. Темир эритип, найза, кылыч, чокмор, шылк этме дегендерди жасашты. Манасты таптык деген кытай, калмактарга кол шилтеп коюшту. Ары карап ыйлап, бери карап күлүп, аргасыз жүгүнүүгө барышты. Алтын, күмүш, жакуттарды, күлүк тулпар, баалуу аң терилерин, сулуу кыздарын тартуу кылып, өз жашоолорун барымтага алышты.

— Көптү үмүттөндүргөн Манас баатырыбыз туулса баарын кайрып алабыз. Көргөн азап-тозогубуз унутулат. Катары суюлган элибиздин саны өсөт. Кумурскадай кыжылдаган кытай, калмак черүүсүнүн эсебин ошондо табабыз, сазайын беребиз. Башыбызга бакыт кушу конот. Андыктан сабыр этели, чыдайлы. Бирок не бар, не жок, урушка даяр туралы. Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу! — деди Акбалта.

## МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Ошо түш жоруткан күндөн жыл айланбай бай Жакыптын байбичеси Чыйырдынын боюна бүттү. Көңүлүнө тамак барбады, күндөн күн өткөрүп азый берди. Бал, эт, кымызга табити тартпады. Уйку бетин көрбөдү. Көрсө, күсөгөнү жолборстун жүрөгү экен. Ошого талгак болуптур. Каңгайдын* Кара мергени жолборс атыптыр дегенди угуп, жылкычы Бадалбайды ошол тарапка жөнөттү. Колуна эки жамбы* карматты:



— Бадалбай балам, бирөөсүн мергенге, экинчисин өзүң ал. Мага сөзсүз жолборстун жүрөгүн алып кел. Антпесең күсөөм басылбайт, — деп Чыйырды катуу табыштады.

Жылкычы Кара мерген аткан жолборсту бат эле тапты. Жүрөгүн кесип алып, Чыйырды байбиченин өз колуна тапшырды.Чыйырды карап турабы, дароо жүрөктү чала-була бышырды, жанга бербей жалмады. Шорпосун ичип, талгагы канды. Анан күсөөсү канган байбиче көөшүлө уйку салды.

Ошентип, тогуз ай, тогуз күн көтөрүп, толгоо тартты. Көл-шал тердеди. Манас баатырды төрөөчү энени төрөтүүгө бүбү-бакшылар чогулду. Айылдын Умай энеси келди. Толгоо тарткан байбиче баканды мыкчый бакырды. Түндүктү* карай түйүлдү. Чыйырдынын кыйналганын көрүп, бай Жакып чыдай албады. Каңырыгы түтөдү.

— Байбичемдин кыйналганын көргөнчө тоого чыгып кетейин. Сүйүнчүсүнө кырк боз бээ айтам. Жетпесе жана берем. Кыз болсо үйдө калгыла. Уул болсо кабар айткыла! — деди кыл аркан* керме*кердирип жатып. — Мына бу, кырк боз бышты менен чапкыла. Ал жетпей баратса, жети кур атты кошо мингиле. Уулбу, кызбы аныгын билип анан мени тапкыла! — деп айылдан шайдоот аттанды.

Алтайдагы жетимиш үйлүү кыргыз: "Чыйырды байбиче толготуп жатат", — дегенди угуп аябай кубанды. Кабар далай кыргыз аялдарынын ичин жарган, өмүрүн кыйган кытай кечилине да жетти. Ал "Кыргыздын Манасы туулса башын жеп,

Эсенкандын колунан эбегейсиз чоң тартуу алайын!" — деп сүйүндү.

"Жексур кечил черүүсү менен келатат!" — дегенди уккан Умай эне шашып калды. Толгоо тарткан Чыйырдыны бешикке* салып терметти, килемге салып көлбүттү. Акыры Чыйырды төрөдү. Этек алдына көйкөлүп көк тулум* түштү. Бүбү-бакшылардын таң калбаганы калбады.

— Ызы-чуу түшпөгүлө! Катын-калач баарың эшикке чык. Капкактуу бала турбайбы. Бу да болсо биздин ырысыбыз, — деди Умай эне жүрөгү жарыла. — А көрөкчө, короонун аркы четинде кыңшылаган канчыктын эки күчүгү жатат. Ошону тезинен алып келгиле, — деп илбериңки бирөөсүн жумшады.

Ал чыгып кеткенде Умай эне* "Биссмийиллда!" — деп көк тулумду жарды. Болтойгон бала көрүндү. Эңкее караса эки колуна кан чеңгээлдеп түштү. Баланын бүт ааламга чаң салчуудай түрү бар. "Кытайдын ыйык китебиндеги төлгө төп келдиби?!" — деп жүрөгү жарыла ойлоду, Умай эне.

— Бакдөөлөт, сен Баланы орой сал, — деди ал, кубанычы койнуна сыйбай. — А, калганын өзүмө кой. Ээ, кудай, колдоочу болсоң колдой көр. Пендеңи уят кылба!

Бакдөөлөт баланы чүргөй салып, көздөн кайым жоголду. Умай эне Чыйырдыны төшөгүнө кайра жаткырды. Көк тулумга кыңшылаган эки күчүктү салып, оозун бууду. Бирдемеден кур калчуудай куюндай куугун салып келген кечил аң таң калды. Ал да көк тулумду көрдү. Эдиреңдеп шашып келген неме, не кылаар айласын таппай, ээси оой түштү. Жер үстүнө басканы мындай шумдук көрбөгөн. Черүүлөргө буйрук берди.

— Кана, эмне карап турасыңар! Тулумду жаргыла! — деп бакырды көздөрү чекчейген кечил. — Манасын кылычтап, итке ыргыткыла! — деди каары кайнап.

Жалаңдаган черүүлөр жөн турабы. Кылычтап* көк тулумду жарып ийишти. Ичинен кибиреген эки күчүк түштү. Кыңшылаган бирөөсү кечилдин этегине жабышты.

— Катыгүн, байбиче мени жедиң. Бала эмес, күчүк тура! Же көрүнчүсү көрүнүп жатабы? Ал мунуңу... — деп кечил тили күрмөөгө келбей, кетенчиктей жыгылды.

— Туугандар, кечил өлүп калса, ошондо чындап азапка калабыз! Кана, күчүктүн бирин алып келгиле! Ырымы болсун! — деп Умай эне шашкалактай бакырды.

Аңгыча каяктандыр Акбалта жетип келди. Алып келген күчүктүн ичин жарды, эси ооган кечилге садага чапты. Курмушу түтөтүп учуктады. Башына арча түтөттү. Көздөрү сурданып, эсине келе түшкөн кечил үйдөн чыкканча шашты. Катуу коркуп калганбы: "Бу айылга турбайм!" — деп кытайга өтө качты. Кечил чыккан барабар бала оозантсак экен деп дегдеп келген байбиче, бүбү-бакшылар кайра боз үйгө киргенче шашты.

— Бу ата-энеңдин жөрөлгөсү, кыргыз бабаңдын ыйык салты. Умай эне сага бакубат өмүр берсин! — дешти ак элечек байбичелер, баланы май менен оозантып жатып.

Бала аркырап оозун ачты. Үнү күрүлдөп катуу чыкты. Ал үндөн көл чайпалгандай, күн мөндүрлөп куйгандай, талаа-токойдогу жан жаныбарлар жабыла үркөндөй туюлду.

Балдар сүйүнчү айтууга шашты. Кермеде байланган аттарга минип, бай Жакыпты издеп, туш-тарапка чабышты. Айыл заматта кымгуут түшүп калды.

Сулайка байбиче эчтемеден бейкапар олтурган абышкасы Акбалтаны аткый капты.

— Ай, абышка, дүнүйөң көпбү?! Же атпай журт алчу олжодон кур жалак калгың барбы?

— Ой-бой, жебиреген жез кемпир, кудайга карасаңчы?! Кырк быштыны талашып балдар кетти. Сегиз кур атты алкынтып, көк сакал, аксакалдары чапты. Ошончо киши таласа мага бирдеме ашабы?! — деди ачуусу чукул Акбалта.

— Ай, абышка, уксаң мени! Илгертен жүгүргөн албайт, буюрган алат деген сөз бар. Андыктан, булут менен учса да буюрганы албайбы, чапкандар куру калбайбы! — деди Сулайка абышкасынын камчы, чапанын колуна карматып жатып. — А көрөкчө, Көкчолокту мине сал да, бай Жакыпты көздөй сыз, — деди сөз жебеген байбичеси безилдей.

Бу сөздөн кийин Акбалта баралбайм деп айталбай жүрүп кетти. Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, бир караса Кара тоонун боюнда Жакып отурат. Кубанып кетти. Кара жалдуу кула бээси тууган экен. Ак сур кулундун тумшугун сыгып телчитип,

энесине ээрчитип бушайман жеп жатыптыр. Жанында эч ким жок, жалгыз өңдөндү. Ошондо гана кубанып кеткен Акбалта бар күчү менен:

— Сүйүнчү! Сүйүнчү! Сүйүнчү! — деп бакырды.

— Не дейсиң?! — Жакып аңгүдүк чаңырды.

— Оо, арстаным Жакып, сүйүнчү! Байбичең уул төрөдү. Карыганда байбичең кабылан тапты, сүйүнчү! Кайгырганда байбичең каралды тапты, сүйүнчү!

Бай Жакып уккан кулагына ишенбей акылынан тана жаздады. Көзүнүн жашы он талаа. Сүйүнгөндөн өпкөлөй сөз катты.

— О кудай, жараткан мага перзент берген турбайбы! Туулганына сүйүнбөй, тураарын кудайдан тилейин. Акбалта, сен өз көзүң менен көрдүңбү, же бирөөдөн уктуңбу?! — деди Жакыптын санаасы санга бөлүнүп.

— Оо, Жакып, сөзүм чын! Өз көзүм менен көрдүм. Баркыраган добушу тай чабым жерден угулду. Чулгоосунда чиренсе отуздагы кишидей бакубат көрүндү.

— Андале, мобу калтадагы алтынды ал. Төрт түлүк малдан каалаганыңды тогуздап ал. Ал да жетпей баратса, сүйгөнүңдү сүйрөп ал, жээк, жергемен жетип ал. Эми, сен экөөбүз ай талаада акыйлашып турбайлы. Байбичеге жөнөйлү. Баласын барып көрөлү. Аттаналы, Акбалта, үйгө бачым жетели, — деди бай Жакып шашкалактай.

Акбалта менен бай Жакып айылды көздөй "чү" койду. Аңгыча аларды алды-артынан эл тосту. Арасында атчаны бар, жөөсү жүрөт.

— Сүйүнчү бай, сүйүнчү! Сизге кудай уул берди! — деп айгай салышты.

— Болсун, болсун! — деди Жакып төбөсү көккө жете. — Баарың мага бир боорсуң. Кимиң кайсы атты минип турсаң, ошону сүйүнчүгө ал! Калганыңар дартыңарды кийин айтаарсыңар. Азыр мага жол бергиле, байбичем менен көрүшөйүн, — деди аттан түшүп.

— Арба, байбиче! Аман эсен көз жарып алдыңбы! Бешик бооң бек болсун! Жараткан жашын бек кылсын! Кана, уулумду көрсөткүлөчү, — деди колун сунуп.

Алып келген уулун элжирей карады. Түндүктү карай оболото көтөрдү. Кыргызга көктөн кут түштү. Баам салса, маңдайы жазы, кочкор тумшук, көзү тик, ээги узун, эрди калың эр мүнөзү көрүндү. Кең көкүрөк, жайык төш, аркасы кең, пил мүчөсү көрүндү. Жолборс моюн, жоон билек, бөлөкчө түрү көрүндү. Оң колунун уучун ачканда, "Манас" деген ат бадырайып жазылып турганына кубанды.

— Жакып, бизге кудай берди. Эгер макул көрсөң Манас атын убактылуу өзгөртүп, каймана ат коёлу, — деди Акбалта. — Антпесек, душман билип калат. Аны "Чоң жинди" деп атайлы. Кандай дейсиң? — дегенде алакандын бөлтөгүндөгү жазуу дароо жоголду.

Көпчүлүк Акбалтанын сөзүн эп көрдү. Жакып баланын маңдайынан элжирей жыттап, байбичеси Чыйырдыга узатты. Бактылуу эне балпая отурду, балкайган балага эмчек салды. Эненин кубанычы тоодой эле.

— Элдин үмүт-тилегинен жаралган балаңдын жаны бек болсун!

— Элге күйүмдүү, жерге байыр эр болсун! — деди эл.

## ЧОҢ ЖИНДИНИН АЛГАЧКЫ ЭРДИКТЕРИ

Кыргыздын кубанычы той. Уулдуу болдум деп бай Жакып чоң той берди. Дүйнөнүн төрт тарабынан эл келди. Түмөндөп байге сайды. Жамбы атып, эрлер эңишке, балбандар күрөшкө түштү. Аламан байге бүйрү кызытты. Чоң кичине калбай ыраазы болду. Той соңунда Жакып байбичеси Чыйырдыны коштоп ортого чыкты.

— Калайык калк, ата салты менен балама азан чакырып ат койбосом болбостур. Андыктан, кудайдын кулагы сүйүнсүн. Уулума ат коюп бергиле, — деди катуу шаң менен.

Көпчүлүк балага кандай ат коёорун билбей дымыды. Аз убакыт өттүбү, көп өттүбү, кайдан жайдан келди, эл арасында аса таягын шалдыратып, ак көрпө тебетей кийген бир дубана* пайда болду.

— Атты мен коём, — деди ал, ортого суурулуп чыгып. — Аты Манас болсун, ар балээден калас болсун! Ааламда жок

баатыр болсун! Башынан ак калпагы түшпөсүн! Эли журтуна кайрымдуу болсун! — деп көздөн кайым болду.

— Болсун, болсун! Манасты Теңир жалгасын!

— Манас аты кут болсун! — дешти көпчүлүк.

Ат коюлуп, той таркады. Арадан жылжып жылдар акты. Манас жетиден сегизге карады. Жалгыз бото эмеспи, атасы бел тутуп, энеси эркелетип бакты. Оюна келгенди жасап чоңойду. Ага-инини көзгө илбеди, ашата сөктү. Балдарды жыйып бак-дарак кыйды, мазарды талкалады. Жакыптын Чоң жинди уулу бир балээнин ичинен чыгат деп эл кулак түрүп калды. Жакып эрте күндү кеч кылбай байбичесине кеңеш салды.

— Ыя, байбиче, балаңдын тентектиги жанга батты. Минтип жүрүп отурса өзүбүзгө кыйын. Мындан ары эркелетип отурбай жайлоодогу койчуга тарбияга берели. Аяктан сөөгү жетилет. Сөз кадырына жетип, дүнүйө баркын билип келет. Буга не дейсиң? — деди.

— Не дейин, сен айткандай болсун, атасы! — дей салды, нарк сактаган байбичеси.

— Жөлөгүм менин, менде кайсы ал калды дейсиң, — деди атасы баласын ымдап чакырып алып. — Мен карыдым, арыдым. Тоодо Ошпур деген бай бар. Ошонун козусун кайтарсаң сага да бирдеме артаар, балам. Барасыңбы? — деди ата коолтоно.

— Акысын берчү бай болсо, барайын атаке. Андан кам санабаңыз, мени ойлобой өзүңүздү жакшы асыраңыз, — деп уулу кубанды.

Ошентип ата-бала чапкылап Ошпурга келди. Ийри отуруп, түз кеңешти.

— Ошпур бай, сага козу бакканы малай алып келдим. Эти сеники, сөөгү меники. Кандай баштасаң, ошондой башта. Ток болобу, ач калабы ишим жок, бирок турмушка канык болсун. Кеби тийсе ур, токмокто. А сен балам, Ошпур бай не дебесин сөзүн ук. Айтканын кыл, — деп жөнөп кетти бай Жакып.

Эртеси Манас Ошпурдун уулу Чегебай экөө жайытка козу айдап чыкты. Тоо этектеп калганда козуга карышкыр тийди. Балдардын көзүнчө козунун жарым этин жалмап ийди.

Жашы тогузга толгон, бирок ошончо жашка келгенче үйдөн карыш жылып көрбөгөн Чоң жинди:

— Бу не деген шумдук?! — деп айраң таң калды.

— Атасынын көрү, муну бөрү дейт, — деди он бирдеги Чегебай билермандана. — Анын эркине койсо, сен экөөбүз кайтарган козунун бирин калтырбай жейт. Каарына алса бизди кошо мойсойт, — деп качып жөнөдү.

— Ой, коркок, сен кайда качтың?! Токто, акылың жайындабы? — деди Чоң жинди кайраттана. — Бөрү болмоктон, шайтан болсун! Козуга убал, куткарып алайын, өлбөгөн жерден калайын, — деп бөрүнүн артынан кууду.

Карышкыр тоо таяна чуркады. Артынан такымдап жете тургандай болгондо аркайган асканын коңулуна кире качты. Из кууган бала артынан жете келди. Карышкыр кире качкан коңул чоң үңкүр экен. Үңкүргө кирип эле аземдүү тон кийген, аргымак тулпар минген, бир өзгөчө сүрдүү кырк чилтен* кишини көрдү. Жанында жартысы желген козусу аман турат. Жаныбар козу баланы көрүп маарап ийди.

— Арбаңыздар агалар! Менин көзүмчө бир бөрү тиги козуну көтөрө чаап, жарым этин сугунгандай болгон. Эми карасам козу тирүү. А бөрү кайда кетти? Жөнүн айта аласыңарбы? — деп Чоң жинди суроо салды.

— Балам, өзүң аңдап көр, — дешти алар сыпайы кайрылышып. — Бөрү кебетесине келип, козуңа тиш салган кырк чилтен деген биз болобуз.

— Кандайча карышкыр болуп кубулуп кеттиңер. Мен силерге ишенбейм. Көк бөрү болгон кимиңер? Кайра кубулуп көргүлөчү, — деди каарын чачып.

Чоң жинди оозун жыйганча кырк чилтендин бирөө силкинип бөрүгө айланды. Бөрүчө улуду. Аңгыча Чоң жиндинин артынан акмалап келген Чегебай көрүндү.

— Манас, сага Чегебай жолдошуң келип кошулду. Мындан ары аны Чегебай деп чакырба, Кутубий деп атап жүр. Анткени башыңа кут түштү, дартыңа дабаа табылды. Эми бизге уруксат, жолго чыгалык, — деп көздөн кайым жоголду, көркөмү чоң кырк чилтен.

— Кырк чилтен жөн кишилерден эмес, касиеттүү кишилерден тура. Сообу тийсин, ушу козуну союп жейли, — деди акыл калчаган Чоң жинди.

Экөөлөп козуну ары-бери соё салышты. Отун камдап, от тамызганга оттук таппай жан алакетке түштү. Бир маалда кыядан белине балта байлаган, беш улоо айдаган Баянчор деген калмак чал оропара жолукту. Оттук сураса бербей койду, ынсабы жок чал. Кайра эки баланы боктоп сөктү. Чоң жинди чыдап тура албады. Чалды курчанган курунан оодара тартып, оттугу менен бычагын тартып алды.

— Чагып бер десе чакмакты, чакпай койдуң. Чык таттырбас сараң, акмак экенсиң. Бар эми, кимге арыздансаң ошого арыздан, — деди олжосуна маашырланган бала.

Чал кеткенден кийин кошуна айылдан төрт бала чаап алчуудай атырандап келди. Чоң жиндиге тийиштик кылды. Чоңурагы Кутубийди көтөрүп чаап, ат кылып минип алды.

— Бул жер биздин жайыт. Силер козуңарды башка жерге жайгыла, — деп чоңдугун салды.

Мындайда Чоң жинди жөн турабы, жини тутту. Муштумун көкүрөккө туштады, ар бирин бирден муштады. Козуларын кошуп алды.

— Мени төрө деп жүргүлө. Мобу козунун шишкебегин тойгончо жегиле. Тойбосоңор дагы союп берем. Бүгүн үйгө бармай жок. Ушул жерде түнөйбүз. Алтообуз болдук, чүкө* ойнойбуз, ордо атабыз. Түшүндүңөрбү?! — деди көзүн алаңдатып.

Чоң жинди айткандай түнү бир, эртеси эки козу союлду. Козу жайыттан кайтпай, кою маарады. Айыл түп көтөрүлө издеп жөнөдү. "Козуларга карышкыр тийди, же алардын түбүнө бай Жакыптын баласы Чоң жинди жетти", — деп ой калчашты, алар. Акыры табышты. Санак кылышты. Козулар Манастын бычагынан, карышкырдын азуусунан аман экен.

— Бу не деген шумдук?! Козунун баары түгөл. Эмнеге калп айттыңар? — дешти чоңдор.

Чоң жиндини колдогон кырк чилтен кишинин касиетин кара таман калк туйган жок. Ошондуктан канчалык карышкыр тийди, көп козу союлду дебесин козу санагы туура чыга

берди. Оттугун бербей коюп балээге калган Баянчор калмак Ошпур байга Чоң жинди деген малайың мени тоноп алды деп катуу арызданды.

— Ай, Чоң жинди, кандай балээ бала элең? Ойлобо, аяп коёт деп. Менден бирди көрө элегиңде дароо калмактын оттугу менен бычагын кайрып бер. Болбосо көргүлүктү менден катуу көрөсүң! — деди Ошпур бай малайына опурула карап.

— Оттук менен бычак менин олжом. Олжому эч кимге бербейм! Берсем Чоң жинди атым өчсүн! Ал аздык кылса калмагыңдын канын кактабай сором! — деп Баянчорго талпынды.

"Бу кандай балээ бала эле? Минтип отурса мени бат эле курутат. Кой, эрте күндү кеч кылбай, бай Жакыпка жетейин", — деп Ошпур Жакыптын үйүнө келди.

— Балам кандай жүрөт? — деди Чыйырды амандашкан соң.

— Жакшы эле жүрөт. Аныңыз өз билгенин кылууда. Козуну чекеден союп атат. Акыры өзүмдүн шорум шорподой кайнайбы деп корком, — деп Ошпур жер карады.

— Эх, Ошпурум, Ошпурум. Менин атактуу койчум, менин жалгыз медеримден кутула албай жүргөн немесиң го! Мейли, баламдын аманында энесине тапшырайын. Жүр Ошпурум, кайым айтышпай тоого жөнөйлү, — деди Жакып сөз төркүнүн сезип.

Эртеси тоого жете келишти. Аттан түшүп-түшпөй Жакып:

— Айланайын каралдым, козу карабаганың аз келгенсип, карыган калмакты тоногонуң эмнеси? Калмак арызданса көргөн күнүбүз не болот? Сен ушуну ойлондуңбу? — деди.

— Атаке, коркуп жүрүп көргөн өмүрүң курусун. Калмактан коркор мен эмес. Мага демек, бирөө эмес, баары келсин! Эр башында бир өлүм, кармашып өлөм, — деди уулу.

— Ошондо да көтөрүмдүү болгон жакшы, балам. Сен али жашсың. Балтыр этиң толо элек, балбан чагың боло элек. Мертинтип коюшат, — деди атасы салмак менен. — Апаң сени абдан сагынды, мени менен кетесиңби? — деп ата балага жалооруй карады.



Чоң жинди кыйыктанбады. Жүрүп кетти. Кыр аша бергенде тигилерди атайлап күтүп жаткандай Жакыптын жылкычысы карпа-күрп чыга калды.

— Бай Жакып, калмактын жер коруган черүүлөрү көп үйүр жылкыны айдап кетти. Эми эмне айла кылабыз? — деп ыйламсырады, бети башы канжалаган жылкычы.

— Ал кимдин жылкысы? Мурда кайда турган! — деди Чоң жинди.

— Биздин, — деп чынын айта салды, бай Жакып акырын.

— Ата, анда эмне карап турабыз. Бачым бастыргыла, жылкыларды кайрып алабыз, — деди, жылкы тийген калмак черүүлөрүнөн коркпой.

Антип-минтип аттарын темингенче аларды жер коруган калмак черүүсү курчап калды. Кеп сөзгө келбей Кортук деген башчысы Жакыптын тебетейин учура чапты. Атасын урган немеге Чоң жиндинин каары келди. Жылкычы Ыймандын укуругун колунан жулуп алды. Кача берген Кортукту кайың укурук менен башка сокту. Экинчисин сокkондо чалкасынан, үчүнчүсү узунунан суналды. Калганын кыр аша кууду.

— Айланайын каралдым, алды артыңды карагын. Сенин балбан чагың боло элек. Көп калмакты укурук менен уруп түгөтө албайсың. Эртең эле өлгөн калмактар кун төлөгүлө деп чыгат. Атыңдын тизгинин тарт, — деп атасы Жакып баласын араң токтотту.

— Кун дегени эмнеси, атаке? — деп кайра суроо узатты бала.

— Уулум, бирөөнү өлтүрсөң ордуна кун деп көп мал берет. Дүнүйө сурайт. Айтканына көнбөсөң журт бузулат. Үй таланат. Акырында өлтүрүп тынат.

— Ай, атаке, калмак өзү кыргын салаарда жарабайт мени тыйганың. Ырасын айтсам, бул ырысымды кыйганың. Ошондуктан жайытка мал жыйбай айыл жыйалы, короого мал жыйбай коңшу жыйалы. Эл башын бириктирип күч топтойлу. Андыктан, мен өз тегимди билгим келет. Ата, айтчы, менин тегим ким? — деп сурады Чоң жинди.

— Эртеби, кечпи ушу суроону берериңди билгем, балам. Учуру келди, айтайын. Биз түптүү элдин уругунанбыз. Уругубуз кыргыз, тегибиз түрк, — деп түнөрө айтты Жакып. — Чоң атаң Ногой бул жагы Алтай, тигил жагы Анжыян, Самаркан, Ала Тоону башкарды. Кытайдын жылас каны Эсенкан кыргызды көрө албай жүз миң кол менен келди. Чоң кыргын салды, көп кыргыз кырылды. Өлгөндөн калганы туш тарапка тентиди. Бай деген агаң Опол тоону, Орозду деген агаң Алайды жердейт деп угам. Үсөн деген агаңдан үмүтүм капкачан үзүлгөн. Анткени, ал кытайдын түштүк жагында деп айтышкан. Үсөн атын өчүрүп, Көзкаман койду деп чоң баласы Көкчөгөз айткан. Дагы канчасы кайсы жерде тентип жүрөт билбейм. Арманым аттын башындай, балам. Же тентиген кыргызды кураган бирөө жок. Менин чамамды өзүң көрүп турасың. Алдан тайып баратам, — деди оор үшкүрүп.

Жаш болсо да Чоң жиндинин боору толгонду. Жаны кыйышты. Кайда житип кетти, бөрү болуп кубулган кырк чилтен киши деп өзүнчө күңгүрөндү. Бел-белге, кыр-кырга көз жүгүрттү. Кудайга үнү жеттиби, ойлогон ою төп келди. Кең талаада кырк киши кылтылдай көрүнгөндө каткырып күлдү. Атына камчы уруп, ары-бери чапкылап жүрдү.

— Балам, бери бастыр, — деп кырк чилтен сөз таштады. — Эми көзүңү жум, — дешти алар, алдына келген балага.

Бала көзүн жумду. Аны көз жеткен жердин баарында көк темир кийген көп аскер курчаптыр. Аскер башында алтын таажылуу, агала сакал бирөө турат.

— Бу кайсы аскер, тиги киши ким? — деп сурады Чоң жинди касиеттүү кырк чилтенден.

— Аскер сеники. А тиги киши болсо сага көрөр көз, көкүрөгүңө эс болчу адам. Анын жардамы сага сөзсүз тийбей койбойт. Атасы Бай деген киши. Эми көзүңдү ача берсең болот, Чоң жинди баатыр, — деди кырк чилтен.

Чоң жинди көзүн ачты. Ачса, кырк чилтен эмес, эми эле жанында турган өз атасы жылан сыйпагандай жылас жоголуптур. Ал кайдан билсин, атасы Жакып баламы жин уруп кетти деп энеси Чыйырды турган ак өргөөгө айкырып түшкөнүн.

— Ээ, кокуй байбиче! Бизди балээ басты. Балабызга жин тийди. Бакырсам да тилимди албады. Оолуккан бойдон калмактардын артынан кууп кетти! — деди.

— Ыя, абышка, не дейсиң? Карыганда көргөн эрмегиме жин тийди дегениң эмнеси? Шорум эми каткан турбайбы. Жылкың менен жылас калгыр! Мага баламдын караанын көргөз! Мени өксүтүп койбой ээрчитип келсең болбойбу, ыя! — деп эне муңкана чыңырды. Туруп элечегин оңдоп кийди. — Карыганда баласыз өткөн өмүрүм курусун. Сен барбасаң, өзүм барам. Өлүү, же тирүү экенин билбеген кандай мерес неме элең! — деп Бозтайлак күлүктү тандап минди.

Короодон караанды үзүлө бергенде Саламаттын иниси Сарбан суук кабар менен кирди.

— Жакып аба, калмактар түшкө жетпей сиздин айылыңызды чаап алабыз деп камданып жатышат. Бир айла кылбаңыз болбойт, — деди өпкөлөп.

Жакып катуу ойлонду. "Тез арада даярдык көрбөсө болчуудай эмес", — деп Акбалта менен Бердикени, Саламат менен Ошпурду чакыртты. Сарбанга ат котортуп мингизди.

— Казак, кыргыз, кара түрк туугандарга чап. Наймандын Чоро баатырына, коңураттын Байбак карысына, Айдарканга айт, — деди шашкалактаган Жакып.

— Эмне деп айтайын, Жакып аба?

— Бай Жакып өлдү. Малын калмак талап алды. Уулу кошо ойрон болду де.

Суук кабар тез тарайт эмеспи. Кыжылдаган калмактар качан бизден өөдө эле деп кабар жеткендер сапырылып калышты. Кылыч, найзаларын алышып, күлүк тандап миништи. Байрактары желге желбиреп, Жакыпты көздөй шашышты.

Ушу тапта ай талаада Чыйырды байбиче баласын жоктоп келатып, жолдон көп жылкы айдап келаткан Чоң жиндиге жолугуп калбаспы.

— Олда апакем ай, сизге не болду?! Көзүңүз шишип, ыйлагандай түрүңүз бар. Кайдан келе жатасыз? Деги тынччылыкбы? — деп баласы утурлай чапты.

— Айланайын көз мончогум, аман-эсен барсыңбы?! — деп энеси кучагына жыгылды.

Иштин жайын апасынан укту. "Олда атакем, ай!" — деп каткырып алды баласы.

— Апаке, атам да күтүп калды. Эми үйгө кайталы, — деди апасын Бозтайлакка жөлөп-таяп атказып жатып. — Ыйман, сен жылкылардын алдын кайры, жолго сал. Калмактын черүүсү эми тийбестир, — деди чарбага көзү каныга калган Чоң жинди.

Күүгүм талаш маңдайкы кырдан топ калмактын черүүсү чаап түштү. Тиги экөөнү көрүп алдын тороду. Бирөөсү Чоң жиндини жазбай тааныды.

— Топ калмактын башын жуткан ушу бала! — деди тааныган калмак ызырына кылыч кезеп. — Амалдуута ажалдуу кийик жолугат. Башына шири* кийгизели. Эр өлтүргөн баланын энесин кошо туткундайлы. Кана, калмактар, карап турбагыла, чабуулга! — дегенде черүүлөр жабыла ат койду, камчы чапты.

— Балам, эми жалгыз канттиң?! — деп буркурап ийди, эне.

— Кайгырба энеке! Болгону алты калмак турбайбы. Алтымышы келсе да аларга алдырбайм! — деп калмактын бирөөсүн далысынан чапчый көтөрүп, экинчисине кагыштыра урду. Бет келгенин тоголото чапты. Ошондо аман калганы:

— Бу кандай бала эле? Бирөөсүнүн үстүнө жана бирөөсүн өлтүргөнүн кара, — деп кара жанын алып качты.

Анча өтпөй ити чөп жеп, алгачкы утукка мадырайган Чоң жинди энеси Чыйырды экөө үйгө келип түштү. Аларды алдынан Жакып тосуп чыкты.

— Байбиче, Чоң жинди, аман-эсенсиңерби? Дайынынарды билбей чоң кайгыга баттым. Эсим чыгып, туш-тарапка кабар салдым, — деди ал тынчсыздана.

— Эсенбиз абышка, бирок жолдо бизге калмактын черүүсү кол салды, — деди Чыйырды.

— Андан кам санабагыла. Кыргыз деген кыйла журт. Байлыгымды чачсам да аларга туруштук берем. Өлсөм өчүмдү ала турган балам бар, — деди Жакып кайраттуу. — Себеби, баламдын эр жеткенине кечээ толук көзүм жетти. Биз дагы оңой жоо эмеспиз. Урушка даярданып алдык. Калмактын черүүлөрү Кортуктун куну деп шылтоолоп, канча миң жылкыны айдап кетишти. Эми бүт түркү чапмакчы болуп жатышат. Кан төгүлгөнү турат. Ошондуктан өзүбүзгө сак болбосок болбойт, — деп сөзүн бүтүрдү бай Жакып.

Эртеси Жакыптын айылына туш-туштан көп аскер чогулду Добулбасы* урулду. Көк асаба, кызыл туу көктү карай какайды. "Манастап" ураан чакырды. Күн желеси менен жыла басып келген калмактын кыжылдаган черүүсүнө айгай салды. Боз талаа ызы-чуу түшүп калды. Ошондо бир тууга бириккен кыргыз катылгандын сазайын куп эле берди. Алдыда Чоң жинди деген каймана аты бар жаш Манас жүрдү.

— Атасынын көрү, кыргыздын түбүнө өзүм жетем. Кун куугандыкы, ошондуктан бирин койбой кыргыла! Кыз-катынын олжолоп алгыла! — деп сегиз жүз аша кол баштап келген Домабил деген черүү башчысы Манастан энчисин алды.

Жонуна Сырнайза сайылды. Душман чектен ары сүрүлдү. Урушта эки тараптан көп адам набыт болду.

— Өлгөндөрдү эмне кылабыз? — деп жардап тургандарга собол таштады, Акбалта баатыр.

— Абаке, эгер көпчүлүк эп көрсө, мен айтып көрөйүн. Мага уруксат бергиле, — деди Манас баатыр элди сыдыра карап. — Жерди терең казып баарын бирдей көмөлү. Анткени алар урушта набыт болду. Баатырды баатырдай жерге бергенибиз эп. Ушул салтты колдонсок кантет, калайык?!

— Туура айттың, Манас. Илгертен асыл таштан, акыл жаштан дейт эмеспи, — деп эл жапырт колдоп кетти.

Ошентип жер терең казылды. Каза болгондорду курал-жабдыгы, ат-тону менен кошо көмүштү. Үстүнө чоң-чоң балбал таштар коюлду. Жакшы сөздөр жазылды.

Бай Жакып марттык кылды. Калмактан түшкөн олжону* элге тепетең бөлүп берди. Ар бир өлүк чыккан үйгө жылкы бердирди. Алтын, күмүш таратты. Эл көбөйдү, жер кеңейди.

Чарбасы өстү, жер айдашты. Курама урууларды кошуп алып отуруп, жетимиш үйлүү кыргыздын саны кыйла өстү. Кыргызды туу тутуп, эл болом деп келген көп калмактын элине үй көтөртүп берди. Кара-Шаар деген айыл пайда болду. Жеңиштин арты той менен аяктады. Ат чабыш болду. Казак, кыргыз, түрк, жаңы тууган манжу калмактары жыргап калды. Жакыптан чоң сый көрүштү. Кербен каттап, эл соодага каныга баштады.

## МАНАСТЫН АТ-ТОНУ, КУРАЛ ЖАБДЫГЫ

Бай Жакып менен Чоң жинди караган аштык аябай мол түшүм берди. Атасы Жакып кырк төөгө буудай, жетөөнө алтын-зар, үчөөнө курут-май жүктөдү. Үч төөгө бирден эр алып, көп жылкы айдап Эсенканга жөнөдү. Канча ай жол жүрүп барган Жакыпты Эсенкан жакшы тосуп алды.

— Кадырлуу Эсенкан, мал-жаныңыз аман, өзүңүз шүгүр турасызбы? Падышалык тагыңыздын дөөлөтү аша берсин, миң жыл жашаңыз! Сизге кулдук уруп арыз менен келген Жакып бай деген чалыңыз. Мобу төөлөргө жүктөлгөн алтын-зар, көп жылкы, буудай, курут, май менден сизге тартуу, аз дебей алып коюңуз, каным! — деди Жакып бай таазим эте жагынып. — Алооке деген канга бооз катындардын ичин жардыртып, "Манас деген бала туулат экен", — деп беш үйдөн бир кондуруп, бирден кечил койдурдуңуз. Биз аябай кыйналдык, же Манас деген бала туулуп өлсөчү! Өзүм Алтайга барганы короомо мал толду. Куу баш атанган жаным уулдуу болдум. Мурда калмак тартып алган Буурултокой деген жеримди кайра өзүмө кайрып бер деп келдим, — деди Жакып бай

Көңүлдөгү көп тартууну алган Эсенкан Жакыптын арызын турган эле жеринде канааттандырды. Ал тургай, колун коюп, жыгалуу мөөрүн* басып кандык даража тартуулады. Бай Жакып эле, эми Эсенкандын жарлыгынан кийин кан Жакып атка конду. "Сиздин уруксат болсо, мен жөнөйүн", — деп ордунан тура калган Жакыпка куру кетпе деп кабаттап тогуз тон, тогуз ат тартуулады. Жакып "Албайм", — деп болбой кой-

ду. "Неге куру кетмек элең", — деп кыстай бергенинен улам Жакып Акбалта айткан кепти эсине түшүрдү. Акбалта курдашы бул жакка жөнөп жатканда: "Эсенканда Манас минчү бир ат бар. Өзү кула тай. Ошо тайдын белгиси: ак сур кула түгү бар, кулун даакы түшпөгөн учасында жүнү бар. Өтө чоң эмес, өзү орто эшектей бою, жоон сабоодой* колу бар. Жаныбар байкуш өсө албай жүрөт. Ушундай тай көзүңө илинсе кайра тартпагын! Сураганын берип, ошо тайды албай койбо!" — деген эле көрөсөн Акбалта.

— Улуу урматтуу каным, берем десеңиз тээтиги короонузда турган жүдөмүш кула тайды бериңиз, — деди кан Жакып күлмүңдөй карап.

— Жакып, кула тайды берсем көөнүң жай болобу? Андале ала бер, кула тай сага тартуу. Анын жайы мындай баатыр, айтып берейин, — деп калды Эсенкан улуу башын кичүү кылып. — Короомдо куу чаар бээм бар болчу. Үч жылда бирден төл берчү. Үч жыл кысыр калчу. Алтайдын Айдыңкөлүнө качып барчу да, кардына бала бүткөндө кайра кайрылып келип калчу. Эки асыйда бир кара кулун тууду. Аны Алооке көрүп калып, күндө келе берип жадатканда, ортого оңой эмес арбын мал койдум. Ошо мен айткан малдын түгүн калтырбай берип Алооке кара кулунду алып кетти. Үч жылдан кийин ошо бээ жана тууду. Кедеңдин уулу Жолой балбан келе берип, көп мал, мол пул берип, ал алды. Андан кийин үч жыл туубай жүрдү. Эки жыл жоголуп кетти. Кийин короомо келип калыптыр. Ошо жылы тууганы сен сураган кула тай. Жашы бышты болгуча даакы жүнү түшпөдү, жоон сабоодой буту бар. Өзүң байкагандай жүдөмүш жүргөн мал болду. Ичке буту сынып, бир күнү өлүп калабы деп жүрөм. Сага жарайбы ушу тай?! — деди Эсенкан жоомарттана.

— Урматтуу каным, Алооке менен Кедеңдин уулу Жолойдой менде эр чыкчу кайсы уул бар дейсиң?! Серек менен Сыргак азыр ымыркай балдар. Балким, кызым Карлыгач минер деп көөнүм түштү эле. Башка буюм сурабайм, берсең ушу тайды бер, — деди Жакып көшөкөрлөнө.

— Сураганыңды ал, Жакып кан. Мен сага ошо кула тайды бердим, — деп Эсенкан айткан күнү Жакып шашылыш камынып, ошол эле күнү жөнөй берди.

— Жакып кеттиби, ага эмне бердиң? — деп сурап артынан көптү көргөн убазир кеңешчиси кирди.

— Кула тайды сурады эле кармата бердим. Башка эчтеме сурабады, — деди Эсенкан эчтемеден бейкапар жайдары.

— Катыгүн, Эсенкан бу не дегениң?! Кула тайды бергениң, падышалык тагыңды ага тартуулаганың эмеспи. Падыша болдум деп калдайып, малыңдын жайын жакшы билбейсиң. Алооке алган кара тай азыр кан Коңурбай минген Алгара деген тулпар болду, билсең! Жолой дөө минген сур тайың Ачбуудан деген тулпар болду! Эми буту чийдей начар деп, көңүлүңө илбей Жакыпка берген кула тай Аккула деген ат болот, ай-ааламга даңк болот. Сураганын неге бердиң Жакыпка, эми багың качып жоголот! Ар үч күндө бир келип көрүп кетчүмүн. Бүгүн келсем кула тай ордунда жок. Желдетиңди чакыр, Жакыптын артынан ылдам жөнөсүн. Узап кете электе тайды алып келсин! — деп Жаңгыр убазири түнөргөндө, Эсенкан желдетин дароо чакырды: "Тайды дароо алып кел!" — деп бакырды.

Кан Жакып үйдөн аттанып чыкканда эле артыман баары бир кула тайды доолап келет деп ойлогон. Ошон үчүн шашкан. Артынан чымын-куюн болуп келаткан желдет башын көргөндө төөлөрүн кырдан ашырып ийди. Жетегиндеги баспаган тай өчөшкөнсүп араң эле бут шилтейт. Кыбырап же арымы болсочу, чийдей арык буттары сынып кетчүүдөй араң кыбырайт. Аңгыча кылычын жалаңдатып, атын алкындата желдет башы жетип келди. Камчысын үйрүп Жакыпты көздөй басканда, кула тайдын ноктосун башынан шыпырып алып, өзүн агытып жиберди. Желдет башы кула тай кана дегиче, мына деп көрсөтө салды. Кандын короосунан көрүп жүргөн малды желдет башы дароо тааныды. Ары айдады, бери айдады, кула тай баспады. Желдетти аябай кыйнады.

— Кан болбой катып калгыр! Ушу жыгылганы араң турган жаман тайын доолайт! Сабоодой болгон ипичке буттарын кара! — деп кайра чапкылап кетти.

Канга жетип: "Тайыңыздын буту сынып арам өлүп калыптыр", — деп барды. Антпесе, кан бул жакта калып, убазир төрө аябай убара кыларын билди.

Жакып аман-эсен үйүнө келди. Кула тайды Акбалта баатырга бактырып койду.

— Ыя, абышка, кула тай мында келгени, менин эмчегим ийип кетчү болду. Эгер менин сөзүмдү эп көрсөң, эмчек сүтүмө аралаштырып буудай берейин деп жүрөм, — деди байбичеси Чыйырды. — Уулуңдун ырысына кытайдын бир бээси тулпар тууп койгон окшойт, — деп Чыйырды буудайдан кочуштап сүткө салып, тайга сунду.

Ал дайыма Чыйырдынын колунан жем жеп жүргөндөй буудайды көз ирмебей жегенден улам "Аккула менен Манас эмчектеш" деген сөз тарады.

Ошентип, Манас он бирге толду. Көңүлү өстү, дили катты. Жылкылардын туур учурун боолголоп, Айбанбоз атын минип, жайлуу жайлоону төрлөп кетти. Топ балдарды жыйды. Ордо атты, улак тартты, тогуз коргоол ойноду, кийик уулады. Эртеден кечке оюн-күлкү, тамашанын үстүндө болду.

Кытайдын каны Эсенкан жаш Манастын кабарын угуп катуу жинденди. Самаркандан жалган Манасты таап, өз колунан тартуу алган бир топ кечил, черүүлөрдү чакыртып башын алды. Үй-бүлөөсүн кара жумушка салды. Ордо жыйында анткорлоно минтти:

— Акылмандарым, көп түмөн* аскер баштап кыргызды чаап алалы дедиңер. Эми "Кыргыздын бир аялы Манас деген уул төрөптүр" деп калкты бүлдүргөнүм жарабас, — деди Эсенкан кытмыр жылмайып. — Кантсе да алар бизге алтымыш жыл букара болуп турду. Ойт десек ойго, кыйт десек кырга көчүп, кытайдын кызматында жүрдү. Канча жыл казына толтурууга көмөк болду. Жумшасак малайыбыз, өлтүрсөк кулубуз эле. Андыктан качан да болсо бал тилге салып балдарын алдайбыз. Каар тилге салып карыларын жайлайбыз. Күчкө салып элин талайбыз, жерин ойрондойбуз, кыз-келинин олжолойбуз. Кыскасы, баарына үлгүрөбүз, — деди ордунан обдула туруп. — Кандык жарлыгым ушу: Чоң кербен даярдалсын. Казынадан дүнүйө бөлүнсүн. Тандалма черүү соодагердей кийинсин. Алтай тоосун сүрө кыдырсын. Соодагер-тыңчылар Манасты тапсын. Ага жакындан көз салсын. Бизге кол салчу немелер бекен билсин. Шек-шыбыты билинсе, карап турбайбыз, кыргыз аттууну жер үстүнөн жексен кылабыз! — деп бир кербен тыңчы жөнөттү.

Бежинден чыккан кербен беш айда Алтайга жетти. Төрт түлүк малдын тууту кызуу учурунда, талаа-токойду, адыр-тоону аңкыткан гүл каптаган сонун маалда келди. Жаш Манас жайлуу төрдө ордо атып, ичке түшүп, чүкө чертип жаткан. Кой-ай дегенге үлгүртпөй кытайлык соодагерлер ордону кечип токтоду. Анткени "Балдардын алы бизге жетмек беле, чүкөсү алардын ок беле?" — деп ойлошту.

— Ордо салтын бузбагыла, төөңөрдү алгыла, — деп Манас сыпайы айтса болбоду. Томпою менен кулжанын эңкесин черткенде төөнүн шыйрагын жулуп кетти. Жана черткенде эшеги мүрт жыгылды.

— Бежинден келген улуктун кербенине кол салган бу кандай акмакчылык. Чыркыраган жанды аябай баарын мууздагыла! Карап турбагыла, кылыч кезеп, найза* сайгыла! — деп кербен башы бакырды.

Манаска өзү баш болгон алтоосу жабылды. Аңыраңдап айкырган кербен башынын алтын кемеринен иле кармап, жерге көтөрүп урду. Көөдөндөн басып, башын жулуп алды. Аны көргөн кытай, калмак калтырап-титиреп туруп берди.

— Баатыр, канча кааласаң ошончо байлык бар. Баарын ал. Биздин башыбызды аман кой, — деп жалдырашты. — Бизди болгону: "Манас деген бала жөнүндө билип келгиле" деп кытайдын пашасы Эсенкандын өзү жөнөткөн, — дешти чымындай жандары чыркырап.

— Билгиңер келсе Манас деген бала менмин. Бай Жакыптын баласымын, — деди карс-карс күлүп. — А биздин салтты бузуп, ордо оюнун кечтирип келген төө, эшек, дүнүйөңөр бизге олжо. Ажал тапкан черүүңөр жерге олжо, — деп бою башын түзөдү. — Жигиттер, мобу беш-алты калмакты калтырып, тыңчы черүүлөрдү көз жаздым кылгыла. Атам баш болгон Акбалта, Бердике, Дамбылда, Ошпурга тезинен кабар айткыла. Дүнүйө бөлүп алышсын, — деп буюра сүйлөдү.

Чакырылгандар күлүк аттай бат жете келишти.

— Бу нак Бежиндин өзүнөн аттанып чыккан кербен го, казыналык нардан го?! Максатыңар не эле? — деп Акбалта саксына кайра-кайра суроо салды.

— Максатыбыз эр Жакып менен анын баласы Манас дегенди билип кайтуу болчу. "Өз көзүңөр менен көргүлө. Эли-



нин кол салчу түрү барбы, билгиле", — деп Эсенкан өзү жөнөткөн, — деди аман калган он калмактын бирөө.

— Балээ басып, балам тентек чыкты. Эсенкандын адамдарына тийиштик кылып бизди кудай урду. Эми сансыз кытай каптап кирсе тукум курут болобузбу?! — деп бай Жакып муңайым кейип турду.

— Тукум курут болбойбуз. Ай, ушу сени элеби, Жакып бай, — деди Акбалта башын чайкап. — Болсо бала шок болсун, шок болбосо жок болсун. Пешенеге жазганын көрөбүз. Буга чейин деле эсирген Эсенканың пешенебизден сылап, эркелетип жүрдү дейсиңби?! Далай жылдардан бери айтканы менен болуп, кызыл канга бөлөнүп жүрбөйбүзбү. Же ал да калпбы?! Чын. Эми кытай чаап алат деп дүрбөбөй, алар келгенче даярданып албай жаныбыз жокбу?! Даярдыкты бүгүнтөн баштаганыбыз оң, — деди чечкиндүү.

— Аттигине, атаке, акылыңыз канаке? Куу дүйнөнүн түбүнө жеткен ким бар? Курулай корко бербе. Артыңда калдайган кыргыз журтуң бар. Бу жарык дүйнөнү толтурган ким бар дейсиң! — деп бала Манас күйүп турду. — Кытай, калмактан коркуп жүрө берсек, бизди кудай урбайбы! Кырк беш төөгө жүктөлгөн дүнүйөнү элиңе бөлүп бер, атаке. Аман калган он калмакты журтуңа кошуп ал, — деди баласы Манас нарк менен.

— Калайык, биздин ишибиз оң тартып баратат. Кыргыздын тиреги, үмүт-тилеги, жан кубаты — арстан Манас баатырыбыз жаштыгына карабай көп эрдиктерди жасады. Өзүңөр

билесиңер, кытайдын олуялары канча жыл илгери эле: "Кыргызда Манас аттуу баатыр туулат. Ал баарыбызды кырат экен", — деп башыбызды жерге тийгизди. Канча адамдын бейкүнөө өмүрү кыйылды, — деп муңкана кейинди, Акбалта баатыр. — Биз да курама жыйнап журт кылчу, кулаалы таптап куш кылчу баатыр Манасыбыздын бу дүйнөгө келээрин билчүүбүз. Ошондуктан баатырга тете ат-тонун, курал жабдыгын камдап койгонбуз. Бай Жакып атасы кезинде буудайга алмаштырып алган кула тай келишкен Аккула ат болду. Эми журт алдында Бөлөкбай уста жасаган жоо жарагы менен жоого минчү атын тартуу кылалы. Бабалар наркы кут болсун! — деп Акбалта менен Жакып кан Манастын алдына ат тартты.

— Бул ээр-токуму келишкен, жылкы пири Аккула. Үзөңгү, көмөлдүрүк, куюшканы бүт алтын. Жүгөнү бугу кайыштан, ноктосу жибек кенептен. Ээрдин кашы чылк күмүш. Бул болсо оңду-солду шилтесе эки жүздөн баш алган, темирди талдай таарыган, чапканын кеспей калбаган, урушту күнү узарган, учу өрттөй кызарган Аркескен деген кылыч. Тигиси болсо сырты калың өткүр миз, бели кайкы, учу түз, ташты боордон тез кескен Ачалбарс* аттуу кылыч. Тигиниси, көкжал темир менен чоюндап, урушканда колго чак, кытайдын кызыл кырымы от бүркчү Койчагыр* деген мылтыгы. Мунусу ортодогу темири сомдолуп жылтыр түзөлгөн, сай ташындай ок салса, аткан огу жөн кетпей, ажалдуу жанды издеген, үнү ачуу атылган Аккелте аттуу чоң мылтыгы. Бул уңгусу, учу темирдин бышыгы болоттон жасалган найза ак жыгачтан сапталган. Жайдын күнү колу тердеп кетпеске коло менен байланган. Кыштын күнү болгондо, колу үшүп кетпеске кой макмал* менен капталган. Тийген жерин ырбатып, сайганы сая кетпеген Сырнайзасы*. Бу көк ыргай сабы пил териси менен капталган, темирден сомдоп жасалган, учу миздүү Айбалтасы. Бу көзү майда тордолгон, арасына болот эгелген, бир кабаты ак була, бир кабаты ак жүндөн. Арасы болот темирден. Кылыч кеспеген, найза тешпеген, Бараңдын* огу өтпөгөн Аколпок* кийими.

Бөлөкбай уста баатырдын курал жабдыгын айлап-жылдап узанды. Билеги жоон канча балбанга барскан, балка чаптырып, жердин бетин от кылып, темирди кызыл суу кылып агы-

зып жасап чыккан айтылуу төкөр уста Бөлөкбай. Акы албай, Бакайдан бата алган ошо Бөлөкбай устанын куралы ээсин тапты. Эр жигиттин өнөрү куралы менен сыналат. Эр куралы, эр аты элибиздин атынан сага тартуу! Сен ага татыктуусуң, Манас баатыр! — деди Акбалта баатыр .

— Жаша Манас! Жаша Бөлөкбай!

— Эр жигиттин ат-тону, курал жабдыгы кут болсун!

— Манасты дөөтү колдосун, кыргызга тийген оңбосун!

— Бали, Бөлөкбай уста, кылымга тете иш кылдың! — деп эл көкүрөгүндөгү тилегин айтты.

## ЖАКЫПТЫН АГАСЫ БАЙДЫН БАЯНЫ

Кытай каны Эсенкандын кыргынынан кийин кыргыз тукуму туш тарапка чачылды. Ала Тоо журтунан айрылып, көз көргөн жерге тентиди. Жакыптын агасы Ороздунун он баласы болгон менен ынтымагы жок эле. Өздөрүнчө чырлашып тургандыктан өнүгө албады. Ал тургай, бир тууганы Байды да батырышпай, балдары менен башка шаарга көчүп кетүүгө мажбур кылышты. Анын Бакай, Тайлак деген эки уулу болот. Бир күнү атасы Бай аларга кеңеш салды.

— Балдарым, тууган дын кордугу курусун. Кой десең, кайра эрегишип урушат. Эрте күндү кеч кылбай Жакып деген инимди табайын. Кай жерге болсо барайын. Ал да бизге окшоп зарлап жүргөндүр, — деди узак сапарга даярданган атасы.

Акылы жетик Бакай деген уулу:

— Ат чабышка барган балдардан бай Жакыптын Чыйырды деген байбичеси эр бала төрөптүр деп уккам. Чын эле ошондой болсо ашыгыбыздын* айкүр конгону. Атаке, Алтайга чейин барыңыз. Тууган дын кабарын таппай кайтпаңыз. Жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр болсун! — деп жолго азыгын камдап берип узатып калды.

Ошентип, жетимиш жашка таянган Бай сапарга аттанды. Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү, үчүнчү күнү караса какыраган чөлгө кез келди. Алты миң эл арык казып атыптыр. Арыкты каз-

дырган Эсенкандын Нескара деген дөөсү экен. Ал аёо дегенди билбептир. Ары-бери каттагандардын аттарын тартып алыптыр, өздөрүн ишке салыптыр. Арык башы Басаңкул дегени андан ашса ашыптыр, асти, кем калбаптыр. Жер кезип, жакын тууганын издеп чыккан Байдын шору ошондо кайнады. Басаңкул атын тартып алып сойдуруп жиберди. Колуна кетмен, күрөк карматып өзүн ишке кошту. Карыган киши абат болобу, эки күн иштебей өлүп калды. Өлүгү арыктын кырына чала-була көмүлдү.

Канча убакыт өттү жан киши билбеди. Бир убакта өлдү деген Бай жылтыраган көзүн ачты. Эсине келип аң-таң калды. Анткени Нескара дөө кишиче сүйлөгөн чабдар аты менен адатынча купуя сүйлөшүп атыптыр. Өз көзү менен көрдү, өз кулагы менен укту.

— Нескара, арык менен бекер эле алышып жатасың. Жакып дегендин түмөндөгөн жылкысы бар. Ошону бери куусаң көп дүнүйөгө маарыйсың. Жакып Алтай тоосун жайлайт, андан көрө ошого сыз. Жылкысына тийгенде он үчкө жаңы эле толгон, отуз нөкөрлүү Манас деген баласы артыңдан куугун салат. Аны куткарбай туткундап ал. Куткарып ийсең курудуң, байкуш. Эки көзүңдү оёт, өзүңдү жер үстүнөн жоёт. Анткени Манас күн сайын эмес, саат сайын күчкө толуп жатат. Азыр аттанбасаң кеч болуп калат.

Нескара дөө сыйкыр бүткөн атынын акылы менен алты миң кишиге ат, курал берип Манасты чапканы ашыкты. Чабармандан кабар уккан Эсенкан да катуу колдоду, ал тургай: "Аны-муну күтпөй тез жөнө! Манастын түбүнө жет!" — деп буюрду.

Өлдү деп кумга көмүлгөн Бай абышка бардык күчүн жыйнап, кумдан суурулду. Талаада жүргөн көп качырдын бирөөсүн кармап минем деп калмак менен кагышты. Акыры аны алып жыкты. Качырын кыкылап, Нескара дөөнүн аскеринин артынан акмалап жүрүп олтурду.

Бул убакта жайлоодо чардаган баласы Манасты жоктоп, атасы Жакып Туучунак атын минип издеп чыгат. Өр талашып келе жатып, алдынан качыр минген чалды учуратты. "Бу жалгыз жарым жүргөн кандай мээнеттүү чал эле? Эмне максаты

бар, кайда барат?" — деп ойлонду, бирок озунуп амандыгын сурады.

— Аманмын баатыр. Аты-жөнүңдү айт, ата тегиң ким? Кайда баратасың? — деп карыя Жакыптын жайын ал да сурады.

— Карыя, мен өзүм Байыр тукумунанмын. Экинчи атам Бабыр кан, үчүнчүсү Түбөй, төртүнчүсү Көгөй. Андан Ногой. Мен ошо Ногойдон болом. Он жети жашымда ата-энемден ажырадым, айдоодо болдум. Быйыл Алтайдын тоосун байырлаганыма отуз жыл толду. Атым Жакып, — деди улуу кишинин суроосуна жооп берип.

— Ой куруп калгыр, дүнүйө эй! Өөдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болчу иним?! Каралдым, Жакыбым, бу сенсиңби?! Мен Бай агаңмын, бир боорум! — деп агасы өпкөлөй кыйкырды.

Жакып качырды тизгиндеди. Агасы Байды колтуктап түшүрүп, кучагына кысты. Ага-ининин көрүшпөгөнүнө алтымыш жыл болуптур. Сагыныч кусасы аябай толуптур. Ай талаада зарлап көрүшкөн экөөнүн үнү бир топ жерге угулуптур.

— Жакып иним, балаң барбы? — деп сурады Бай, карыялык мээрим менен.

— Балам бар. Жараткан өзү жар болсун! Быйыл он үчкө толду.

Жакып көөдөн керди.

— Абаке, сиздин канча балаңыз бар?

— Менин Бакай, Тайлак деген эки уулум бар.

— Иним, жалгызыңдын аты ким?

— Жалгызымдын аты Манас.

— Айткан оозго толуп, аты жакшы экен. Манасыңды ата-бабалардын арбагы колдосун. Ии, эсиме жара чыккыр десе! — деп Бай агасы колун шак урду. — Унутуп бараткан турбаймбы. Эсенкандын Нескара деген дөөсү: "Манас балаңды өлтүрөм, атасы Жакыптын мал-мүлкүн талап алам!" — деп алты миң аша колун баштап келатат, — дегенде Жакыптын жүрөгү зиркилдеп кетти.

— Абаке, сөздү узартпай аттаналы. Кеч болуп кала электе айылга кабар берели, — деди карбаластай. — Эртелеп камданбасак Нескара дөө кыргызга кыргын салары бышык.

Бай Жакып аты күйүккөнчө чапкылап айылга жетти. Акбалтаны түрк урууларын чакырууга буюрду. Жер силкинте, согуш добулбасы урулду. Алыстан көрүнгөн ак өргөөнүн алдына убай-чубай кыргыз түгөл чогулду. Кызыл туулар жер бетин бербей жайнады. Тоо-таш дүңгүрөп, төбөдө кара булут айланды. Ошпур менен Саламат тең жарыша өз жамааттарын башкарды. Камбардын уулу Айдаркан кол курап келди. Айыл башы Акбалта аскер башы болду. Уккандын үшүн алып, алаамат кыргындын сүрү жакындагандан жакындай берди.

## МАНАСТЫН НЕСКАРА ДӨӨ МЕНЕН УРУШУ



Нескара дөө Жакыптын Кең Арал жайлоосун кайгып өтүп, маңгулдун оңбогондой көп жылкысын тийип алды. Жолдо учурагандын баарын тоноп келатты.

— Бу жер дүңгүрөткөн кайсы кол? Силер ким болосуңар, кайсы элденсиңер? Жоолаган жооңор ким?! — деп сурады жылкы ээси Жайсаңбай маңгул.

— Биз Жакыптын баласы Манасты издеп жүрөбүз. Сенин сан жетпес жылкыңды тийип алдык. Бери кел, бизге Манасты таап берсең тийбейбиз, — деди жыландай соймоңдогон арык казгандардын башчысы Басаңкул.

— Бала Манас баатырды кармап берер каруум жок. Жылкымды тийип алдыңар. Эми айылымды чаап алсаңар да алдыңарга салып берер алым жок, — деди Жайсаңбай.

— Анда өзүңдү кармайбыз. Айылыңдын таш талканын чыгарабыз, — деди кутурган Басаңкул Нескара дөөгө таянып.

Көп өтпөй байкуш Жайсаңбайдын айылы таланды, олжого бөлүнүп кетти. Бирок ошо талоондо Басаңкулга ок жаңылып, өзү о дүйнө карады. Жайсаңбай тоого кире качты.

Алты жүз аскери менен Манас Нескараны Каражой деген талаадан тосту. Каптал жагынан Камбардын уулу Айдаркан, наймандан Карабек, арт жагынан маңгул баатыры Үйшүн беш жүз, Жайсаң бир жарым миң, Күнөс балбан сегиз миң аскери менен курчап алыптыр. Талаа бетин бербеген эки жоо ошол жерде тирешип турду. Өмүр менен өлүмдүн айкашуусу күчөдү.

— Көбүрүп кайдан келдиңер. Эр болсоңор жекеме-жеке эр сайышка чыккыла! — деп Көкчө баатыр кыйкырып, өзү жекеме-жеке сайышка шайланып ортодо кыйкырып жүрдү.

Бирок анын сүрүнөн коркуп, кытайдан эч ким чыкпады. Майданга эми күрсүсүн сүйрөп маңгулдун Күнөс балбаны атырылды. Ага каршы кытайдан Даңдаң баатыр аттанды. Ажыдаардай арбашып экөө узака кармашты. Канткен менен Даңдаң чапчаңдык кылды. Күнөстү ээрден жулуп алып, бар күчү менен кара жерге көтөрүп урду.

— Кыргыздын жаны ушинтип кетет. Дагы мага даап келе турганың барбы? Болсо майданга чыккыла, жаныңарды ажалыңардан мурун алам! — деп Даңдаң айгайлап турду.

Баятан каны кызып турган Көкчө "Айдаркандап" бакырып талаага чапты.

— Ой, токто, Көкчө балам! Сенин балтыр этиң толо элек, балбан күчүң боло элек. Кези келгенде дагы чыгарсың. Андыктан, бүгүнкү кезекти мага бер, — деди атасы Айдаркан.



Акылдуу жан эмеспи, Көкчө атасынын кебин эп

көрдү. Атасын жекеме-жеке сайышка узатып калды. Айдаркан Уларбозго камчы уруп, алдыга найзасын сунуп, Даңдаңды тике качырды. Даңдаң ойт берди. Душман кайра кайрылып келип сайганда акылы тунук Айдаркан найзасын кагып жиберди. Даңдаң күүлөнүп келип, Айдаркандын найзасына капортосунан сайылды. Даңдаңдын өчүн алам деп кытайдын түрү суук Көдөң деген балбаны Айдарканга кол салды. Ыраңы суук Көдөңдүн түрүнөн жалтанып, Айдаркан кача берди.

Кызык ошондо башталды. Аккуласын теминип майданга Манас баатыр өзү бакырып чыкты. Көдөңдү ээрден учура сайды. Көмөккө чаап келген эки баатырдын башы да чаңга буланып калды.

Баатырларынын өлүмүнө арданган Нескара дөө каардана чабдарына камчы урду.

— Атаңдын көрү, каапыр! Келатканын өгүздөй өкүрүп, көргөндүн үшүн алып. Акыр заманды сага бир көргөзөйүн, — деп бала Манас Нескара дөөнү каршы алды.

Кырк чилтен баатыр катуу колдоду. Бирөөсү кабылан болуп бакырды, экинчиси арстан болуп айкырды. Маңдайында агы бар, кулагында шамы бар, куюндан бүткөн жаныбар, тумшугунун үстүндө ноктодон калган тагы бар Аккула аты атырылып жөнөдү. Үстүндө алп кара куш зуулдап, ажыдаардай түк күткөн көкжал Манас Нескара дөөгө айбат менен кол салды. Манас баатырдын сүрүнөн эси чыккан кытай дөө урушууга шайманы келбей, жер жайнаган аскерин аралай качты.

— Баары бир сенин ажалың менден! Кууп жүрүп жаныңды алам! — деп кыргыз уулу артынан кууп алды.

Он тогуздагы Нескара дөө качып баратып калкына муңкана кайрылды.

— Атаңдын көрү, дүнүйө! Катыларга катылбай, жолугарга жолукпай жолумдун катканы ушубу?! Же: "Баатыр Манас эч бир жоого жеңилбейт!" — деген кытайдын ыйык китебине ишенбей, мени ушул жерге айдап келген ажалымдын жеткени ушулбу?! Эсенкандын бал тилине алданып, Манастан көргүлүктү көрөр күнүм келдби?! Азап айдап, бу жерге эмне үчүн келдим?! Ушинтип мени кудай урдубу?! Эсен бол, калкым!

Тулпарым, жүгүрсөң кутулдум, ташыркасаң тутулдум! — деп кытайды көздөй куйругун түйдү.

Манас Нескара дөөнүн артынан калбай такымдай чапты. Жоонун кежигеси даана көрүнгөндө, алтын кемер чети деп, ай далынын бети деп Сырнайзасын батырып алды. Дөөнүн буту үзөңгүдөн тайды. Бели бырч-бырч талкаланды. Сырнайза арка белинде сороктоп, Нескаранын октой учкан чабдары Аккулага жеткирбей алып учуп баратты... Шайтандай сызып баратты... Кийик баспас жол менен... четиндүү кыя жер менен качып баратты...

— Жердин түбүнө кирип кетпесе эле, Бежинге кирип кетсе да жетпей койбойм, жанын албай тынбайм! — деп канкор Манас Аккуласын тепеңдетип келатты.

Кырга чыга бергенде Туучунак атына түйүлтө камчы үрөп, артынан атасы кууп жетти.

— Балам, Манас, сабыр кыл! Нескара качып, арык башчысы Басаңкул баштаган улугунун баары өлгөн соң, туусу жыгылып, колу багындык деп бизге баш урду, — деп чылбырдан алды.

Айкөл Манас акыл токтотту, атасынын ыгына көндү. Таманы кызыган Аккула тулпарынын тизгинин тартып, "Манастап" ураан чакырган колго кайтты.

— Жаша Манас!

— Бар бол, Манас!

— Манасты Теңир колдосун! — дешти туу желбиреткен калың кол*.

Манас маңгул Жайсаңдын элин туткундан бошотту. Бала-бакыра, кыз-келин, чал-кемпир калбай кубанды. Тонолгон мал-мүлкү кайтарылды. Нескаранын дүнүйөсүн элге өзү үлөштүрүп берди. Жансоогалап колун төбөсүнө алган алты миң үч жүздөн ашык кытай, калмактан куралган черүүнүн аттонун, курал жарагын тартып алды.

— Каныңар качып кетти. Силерге азаттык. Үй-бүлөө, бала-чака, эл-жериңерге баргыла. Каалсаңар мында калгыла. Үстүңөргө үй, оокатыңарга мал берем, — деди айкөл Манас.

— Жакып бай, Манас баатыр, силерди Теңир колдосун! Биздин урууну ажалдан сактап калдыңар. Кулчулуктан бошот-

туңар, мал мүлкүбүздү кайрып бердиңер, — деп кулдук уруп, курун мойнуна салып келишти Жайсаң, Үмөт, Үйшүн деген маңгулдар. — Кимдин кимдигине эми көзүбүз жетти. Ылаажы болсо, бизди өзүңөрдүн журтуңарга кошуп, эл кылып алгыла. Ачсаңар алаканыңарда, жумсаңар жумуруңарда бололу.

— Ак ниетиңер менен айткан сөз болсо, биз каршы эмеспиз. Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололук. Анткени суубуз бир, жайлообуз канатташ, — деди Манас.

— Атанын жакшы уулу бол! Өлүмдү билбес эр бол! Сага кастарын тиккендердин өлчөөсү кара жер болсун! — дешип алты миң кол кубанып тарады.

Манас баатырдын урматына тизе бүгүштү. Атын атап сый урматын кылышты. Жекеме-жекеге чыгып шейит кеткен маңгул Күнөс балбандын агасы уулун Манаска нөкөр кылып берди.

## МАНАСТЫН ОН БИР ЧЕРҮҮ МЕНЕН КАРМАШЫ

Арадан аркырап айлар өттү. Арыктын суусундай жылжып жылдар акты. Манас он төрткө толду. Колуна беттегенин бербес Акшумкар кушун кондуруп, иттин пири Кумайыгын ээрчитип, жолдоштору менен ит агытып, куш салды. Сайрандап кетип кабарсыз жоголчу болду. Атасы Жакыптын санаасы тынбады. Издеп жөнөдү. Кайгырып келатып ат кулактуу ойдуңда кытайдын он бир тандалма черүүсүнө кабылып калбаспы. Баары түгөл көк темирден соот кийиптир, белине кылыч илиптир. Колунда сыр найза, мылтыгы ийинде асылуу, жүрүшү аябай сүрдүү.

— Атың ким? Кайдан келе жатасың? Бай Жакыптын баласы Манас дегенди билесиңби? Бизди кытайдын каны Эсенкан өзү жиберди. Ошондуктан өлтүрүп канын ичебиз, же тирүүлөй алып кетебиз. Бол тез, жооп бер! — деп камоого алды.

— Атым Бердике, кыргыз деген элденмин, — деди Жакып кан куулана. — Манас деген жанда жок тентек бирөөнү билем, канкор деп угам. Аны айдап кетмектен, өлтүрүп салсаңар канаке! Ал баарыбызга кас, — деп астапырла кылды.



— Андай болсо, жол көрсөт. Жакыптын айылына бүлгүн салалы. Баатыры Манасты байлап алалы. Антпесек Эсенкан бизди соо койбойт. Шорлотуп өзүбүздүн каныбызды шорподой ичет! Ар кимибиз ар журттун, ар уруунун аты чыккан баатырыбыз, кан жиберген черүүсүбүз, — деди он бири, бир ооздон, көөдөн кере.

— Макул, силер айткандай болсун. Бай Жакыптын айылына алып барчу жолду көрсөтсө көрсөтөйүн. Тээтиги чоң тоону көрдүңөрбү?! Ии, көрсөңөр ошол жакты көздөй чапкыла, — деп тескери жолго салып, өзү айылды көздөй шашты.

Убакытты өткөрбөй акылдашы Бердике, айыл башы Акбалта, агасы Бай, айыл аксакалдары менен кеңеш курду.

— Эмне эле кытайлар бизге кекенип калды. Бирөөнүн кунун төлөп, Манас ушул бала деп ордуна башка баланы кармата берсек кантет, ыя? — деди кан Жакып, күтүлбөгөн жерден.

— Кандай акмак жансың! — деп каршы болду агасы Бай. — Ким баласын малга сатат! Мындай келжирек кепти экинчи укпайын. Камап жаткан кол жок. Ал тургай алты миң кол курап келген Нескара дөөнүн тымтыракайын чыгарган Манаска он бир черүү кепби?!

Сөз кызып, талаш күчөп жаткан маалда он бир черүү Манасты алты баласы менен кошо кармап алышты. Кабар айылга октой тарады. Чогулгандар жете келишти.

— Атаң кайсы, бизге көрсөт! — деп найзасын суна сурады, дөөгүрсүгөн бирөөсү.

— Атам мобу киши, — деди Манас тайманбай он бир черүүгө.

— Эй, куураган чал! Неге бизди алдап, адаш жолго салдың? Сен биздин каныбыз Эсенканга каршысыңбы?! Эми аянбайбыз, чыркыратып жаныңды алабыз! — деди он бири катуу камалап.

— Өкүмдүк кылабыз деп өзүңөр бир балээге калбагыла, — деди уулуна таянган Жакып.

— Ай, төрөлөр, алдыга келгендин жанын алабыз деген не деген жансыңар. Карыган кишиге катылбагыла, — деп Манас да туурадан чыкты.

— Экөөнү тең байлап салгыла! Акесин таанытып, тилин кесип алгыла! — деди он бир черүүнүн башчысы Бакбурчун.

Ошондо жаалы катуу Манастын чындап ачуусу келди. Төртөөнү төрт жеринен кармап, көтөрүп урду. Жетөө жапырт жабылды. Бирисин кармап, экинчисине урду, кошоктоп сокту. Ачуусу кайнады:

— Силердин каныңарды ичпесем Манас атым өчсүн! Кайдан келген кыйынсыңар, он бириң келип мени кармап кетем деген. Силерде тырмактай акыл жок. Бул жерде бекер жаткан пенде жок. Менде өчүңөр болсо, Эсенканга айта баргыла. Арбын аскери менен келсин. Антпесе өзүнүн башы шорлойт. Эми атыңарга мингиле да жөнөгүлө! Кыйыктансаңар башыңар кетет, — деди Манас арстандай күркүрөп.

Аттарынын көкүл-жалын, куйруктарын түбүнөн кырктырып жолго салды, "Манасты байлап кетебиз" деген он бир балбан черүүнү.

Кыргызга кут түштү. Жакыптын токолу Бакдөөлөт уул төрөдү. Жакып кубанып "Манасыма өөдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болсун", — деп атын Абыке койду. Тойлоп жыргап калды. Жакыптын эли көбөйдү, жери кеңейди.

## МАНАСТЫН САЛБУРУНГА* ЧЫГЫШЫ ЖАНА КАН ШАЙЛАНЫШЫ

Алмустактан Алтай ичи кайберен, канаттуу кушка бай. Жер соорусу Оркун дайранын, Баркөл көлдүн керемети чоң. Баатыр Манас ошо кереметти эңсеп кырк чоросун ээрчитти.



Кумайык, Акшумкарын алып, адаттагыдай салбурунга жөнөдү.

— Айланайын каралдым, али жашсың. Андыктан алды-артыңа карагын, — деп атасы Жакып Камбарбоздун үйүрүнөн беш быштыны бөлүп берди.

Манас үчөөнү жолдошторуна мингизип, экөөнү жетелетип алды. Манасты ээрчиген балдардын саны сексен төрткө жетти. Чаркастандын оюна буулуккан жигиттер ит агытып, куш салышты. Кийик уулап, бугун чыгарышты. Салбурунга алты күн болгондо сексен баланын бирөөсү:

— Балдар, бирөөбүздү кан шайлап албайлыбы. Каныбыздын айтканы, дегени менен болсок жаманбы, —деди тапкан акылына маашырлана.

— Кандай шарт менен кан шайлайбыз? — дешти башкалары кызыга.

— Кан болом деген бала минген атын сойсун. Убада катуу сакталсын. Ошо атын сойгон киши бизге кан болуп калсын. Кана, манжулук Шакун, сен кан бол, атыңды сой, — дешти.

— Өз атымды жоюп, Нескара дөө баштап келген жоо менен болгон урушта Манаска нөкөр* болгом. Менин төрөм Манас. Менин кан болууга акым жок, — деди ал.

— Айдаркандын уулу эр Көкчө, сен атыңды союп жибер. Балким канга жарап жүрбө?

— Мени кан бол деп камалабагыла. Баарыңарды арбак урсун! Напси деген жаман. А көрөкчө, тоодо кийик, элик, бугу көп. Ошолорду атып жейли, — деп кыйкырды эр Көкчө.

— Башкасы айтса да сен айтпа. Башкаларды кан болуштан айнытпа! Тим отур, — деп Аскардын уулу Жабагы деген тыйып койду.

— Андай болсо өз атыңды сой, кан болуп ал, — деди Көкчө тийише.

Ошпурдун уулу Чегебай, Саламат уулу Айнакул, Күлдүрдүн уулу Чаланбай ойлорун тике айтышты.

— Биз Манастын нөкөрүбүз. Андыктан Манасты кан кылууга ынтызарбыз, — дешти жабыла кыйкырышып.

— Манас, сен буга кандай дейсиң? Бизден бата ал. Макул де, — деп кыстады Көкчө.

— Атын союп кан болуш адам угар кеп эмес. Салтта да жок. Этке өтө эле талгагыңар ашып жатса мейли, сойсо союп берейин. Кана, Аккуланы бери тарткыла. Союп берип ач курсагыңарды тойгузайын, — деп эр Манас чечкиндүү кадам шилтеди.

— Аккула аттын эти жок, аны жеген кишинин бети жок, — деди Чегебай ордунан ыргып туруп. — Арстан Манас атын сойбос ниети жок. Андан көрө кан Жакыптын колунан кармап минген менин боз быштымы айтуякка* тарткыла. Байрак кылып, туу кылып, кичүүбүз Манас баланы кан шайлап алалы! Кандай дейсиңер?

Ошпурдун уулу Чегебайдын сөзү көбүнө майдай жакты. Минген аты боз бышты союлду. Манасты ак кийизге салып, кан көтөрүп алышты.

— Каныбыз Манас! Жаныбыз Манас!

— Кан Манасты кудай колдосун! Сук арткан душман оңбосун!

— Кан нөкөрү бололук, кан айтканын кылалык! — дешип балдар Манаска таазим этишти. Көк асаба, кызыл тууну өөп, ант беришти.

— Кой десем болбой кан көтөрүп алдыңар. Мындан ары менин сөзүм эки болбосун! Алтайдан ары Аңыртыны аша чалгын чалалы. Дагы кыйынсынган кытай, калмак, каңгайы жортуулга келатабы? Же ууру, каракчысы чыга калабы баарын туткундайлы. Болбосо бугу, кийикке уу кылалы. Кана жигиттер, бачым аттангыла! — деди жаш Манас кан.

Жигиттер "Манастап" ураан чакырды, шайдоот аттанды.

Кытайдын каны Эсенкандын кырк беш төөгө дүнүйө жүктөтүп, кытай, калмак, сартты жандатып: "Манасты билип келгиле" деп жиберген кербени изин таптырбай кеткенине ичи күйдү. Андан бери алты жыл өтүптүр. Эч жактан кабар болбогондон кийин Анжияндагы Алооке канга, Кашкардын беги Канкууга кабар айттырды.

— Кербен кабарын билип, мага тез кабарлагыла. Каяша кылгандын элин талап алгыла!

Эсенкан өз жарлыгы менен тогуз жүз аскерге Нуукер дөөнү башчы кылды. Максат бирөө: кыргызга кыргын салуу, Манасты кармоо жана туткундоо.

Нуукер дөө беш ай жол жүрдү. Акыры Марал-Кечүүнү аралап өтүп, Оркун дайрага кирип келди. Аскерин өргүтүп, өзү дүрбү салды. Чоң өзөндүн аркы өйүзүндө мадыра баш балдардын бугу атып сайрандап жүргөнүн көрдү. Ичинен кубанды. Тандалма жүз аскер бөлүп: "Тигилерди кармап келгиле, сөзгө көнбөгөндүн башы кетсин!" — деп буюрду.

Улуктун буйругу жүз аскерди күрпүлдөгөн Оркун дайраны кечтирди. Аркы жээкке чыкканча жыйырмасы агып өлдү. Аларды Манастын тозоттогу балдары көрдү.

— Улугу күчтүү болбосо, ким кечет улуу дайраны! Бу оңой жоо эмес. Өзүбүзгө сак бололу! — деди тозотто* турган кан Манас балдарды кашына чогултуп алып. — Эми мени жакшылап тыңдагыла, жоо алды жетип келгенче өзүңөрдү чыңдагыла! —деп оозун жыйганча Нуукердин жалаңкычтай болуп жулунган сексен черүүсү жетип келди.

— Силер кайдан келген балдарсыңар? Же караган малыңар же тиккен багыңар жок, — деп омуроолоп кетишти.

— Бизди көрбөй турасыңарбы, бугу уулап жүрөбүз, — деген жооп болду Манастан. — А өзүңөр кимсиңер, кайдан келдиңер? — деди Манас бөйрөгүн таяна.

— Биз атайын буйрук менен Бежинден келген черүүбүз. Кол башчыбыз Нуукер деген дөө. Силерди көрүп, айдап келгиле деп жиберди.

— Астапырла, айдап барчу силерби?! — деген Манастын Ачалбарс кылычы кынынан* суурулду. — Мына, айдалып бар-

чу мен бекем?! — деп башчысынын башын кыя чапты. Калганын кан нөкөрлөрү жайлады.

Оркун дайрасынын аркы өйүзүндө туруп, жүз черүүсүнөн айрылган Нуукер ойго чөмүлдү. Бир убакта ордунан ыргып турду. Дүңкүлдөтүп барабан кактырды. Сегиз жүз аскери шымалана тал-терек кыйып, тегеренгис сал кылып, сууга түштү. Оркун дайранын сырын билбеген жоонун көбү сууга чөктү. Эптеп жээкке чыкканын Нуукер дөө "Алтайлыктарды кармап келгиле!" — деп каарыды. Бөрүдөй жойлогон аскери балдарды камынтпай тегеректеп алды.

— Силер кайсы элденсиңер? Тегиңер ким? — деп сурады черүү башчы.

— Түпкү атам Түбөй кан, чоң атам Ногой кан. Өз атам Жакып, менин атым Манас. Менден алчу кегиң болсо бат айт. Баары бир каныңды суудай агызам!

"Манас" деген атты укканда башчынын эти "дүр" этти. Черүүсү котолоп чогула калды. Күбүрөшө түшүшүп, Кымкар деген балбаны алдыга суурула мындай деди:

— Манас, көздөгөнүбүз да, кыра турган жообуз да сенсиң! Сен Эсенканды оңой ойлобо! А көрөкчө, жекеме-жеке урушка шайлан. Ошондо кимдин ким экенин байкайсың, айбан!

— Манас, тигилер бизди соо койбойт. Аман-эсенибизде ойт качпайлыбы, — деп Айдаркандын уулу Көкчө тескери наалыды.

— Эр Көкчө, чоң болгонуң менен акылың жок тура. Көп экен дедиңби, же Эсенкандын аскерибиз дегенден коркуп кеттиңби? Сен минтип биздин биримдик ортобузга бүлгүн салба! — деп Манас өзү жекеме-жекеге камданып калды.

— Манас, сен биздин каныбызсың. Кан болгон соң наркыңды сакта! Тим тур, биз деле аларга тең келебиз, — деп Айнакул бери жактан опурулду.

Уят өлүмдөн катуу экендигине көзү жеттиби, эр Көкчө атын камчыланды. Атыраңдатып барып Кымкарды өлтүрө сайды. Кытайдын Болжоң деген баатыры Аламойногун алчаңдатып, Кымкардын кунун кууп Көкчөнү айгайлай качырды. "Түрү жаман Болжоңдун найзасы Көкчөнү бөөдө мерт кылып жүрбөсүн", — деп Манас Аккелтеси менен бир атып, кытай-

ды ойрон кылды. Болжоң баатыр жалп этип жер кучактады. Баатырынын өлгөнүн көргөн Нуукер дөө чыдай албай камчыланып жөнөдү. Атырандап келип ачуута алдырган Көкчөнү ээрден жулуп алды. Көтөрүп кара аскага урарда Манас жете барды. Нуукерди ай далыдан чапчыды. Байкаса экөө эки колунда тыбырчылап жүрөт. Ошондо Көкчөнү жерге коё коюп, Нуукердин башын толгоп жулуп алды.

Башкасы карап турабы, аламан уруш баштады. Сексен төрт бала "Манастап" ураан чакырды. Душманга тик качырды. Айбалта башка шака-шак тийди. Найза төшкө така-так сайылды. Башта кылыч жарка-журк чагылды. Денеге жебе* төпө-төп батты.

— Манас! Манас! Манас! — деген ач кыйкырык талаатүздө жаңырды.

Ажал тапканы ачуу чаңырды. Тер мончоктоп төгүлдү. Айнакул, Чегебай, Манжыбектер кумурскадай кыжылдаган жоонун канын суудай сапырды. Кытайдын тымтыракайы чыкты, бет келди чачылды. Суута боюн урганын улуу дайра Оркун өзү жалмады. Кутулганы Бежинди көздөй качты. Артынан кууган Манас "канкор" атка конду.

— Канкор Манас! Кабылан Манас!

Ушинтип ураан таштаган балдар кубанып турду.

— Жигиттер, эми үйгө кайталы, — деди канкор Манас.

Көзгө сүйкүм бел ашып, Алтайдын түзүн басып, Айдың көлдүн жээгине конгон Жакыптын айылына кайтып, өргүп калышты. Жайлоонун чөбү толук күчүнө кирип, кымыз күүгө келгенде канкор Манас кошуна урууларды, түрк уругунан түк койбой чакыртты. Камбар боздун үйүрүнөн тогуз бээ сойду. Эл эсебин алды. Сый үстүндө салмагы чоң Жакып карыя:

— Калайык, Эсенкандан жалтанбай, кайра ага кас болдук. Уучубуз узарды, Алтайдан көп калмакты сүрдүк. Жерибиз кеңейди, элибиз көбөйдү, ач тоюнду. Нескара дөөнү, ар бири жүз жоокерге тете болгон тандалма он бир черүүнү, тогуз жүз аскери менен Нуукер дөөнү жеңдик. Жайыты болбой мал, каары болбой кан болбогондой, өкүмү болбой журт өнүкпөйт тура. Бекер жатпай пейли катуу бирөөнү кан шайлап алсак

кантет? Каныбыз болсо кайратыбыз жана артар беле?! — деди көпчүлүккө олуттуу карап.

Айыл башы Акбалта менен акылдашы Бердике колдоп кетти.

— Туугандар, бул жерде кырк уруу кыргыз, үч уруу казак, канча маңгул, кангай, манжу отурасыңар. Казатка* баштап чыгар азаматыңар болсо айткыла! Кан болом дегендер ортого чыккыла! — деди айыл башы Акбалта. — Ичиңерде кымындай арман калбасын!

Жымжырттыкты бузуп, кан болчулар ортого чыкпады, болот элем деп эч ким көкүрөгүн какпады.

— Балким, мобу жүрөгү жалын жаштардан кан чыгып жүрбөсүн? — деди Бердике карыя.

— Неге чыкпайт экен, чыгат, — деди сөзгө чечен Айнакул. — Ай, калайык, биз салбурунга барган сексен төрт бала Чегебай минген боз быштыны айтуякка тартып, Манасты кан көтөрүп алганбыз. Биз көтөргөн кан улуу менен кичүүнүн, уруу менен уруунун эбине бап келер бекен. Биз мына ушуга кызыкдарбыз, — деп элге жар сала айтты.

— Каныбыз Манас болду! — деп жаштар күрүгүү түштү.

Дөбөдө дүңкүйүп отурган Камбар карыя небереси Көкчөнү каарын төгө көр жемеге алды.

— Манастан эмне кемиң бар. Бир мингич атыңды аяп кандыктан кур калганыңды бүт эл укту. Айдаркан атаң экөөң малды өзүңдүн жаныңардан да артык көрөсүңөр. Мага келсең андай мингичтен сага жүздү бербейт белем, ыя! Эмне казактан кан чыкса болбойт беле?! Карачы, күтүрөп турган калың журт Манасты кан көтөргөнү калды.

— Калайык, менин сөзүмдү уккула. Манасты кандыкка жарабайт дегениңер тартынбай айткыла. Арманыңар ичте калбасын, — деп Акбалта журтка жарыя кылды, кулак түрдү.

Арстан Манас жыйынга басып келди.

— Калайык, талаада ат союп, кан болдум эле деп өз көмөчүмө күл тартпайын. Жыйында кыргыз казагың, калмак маңгулуң, каңгай тыргоотуң отурат. Кан болом деп бел байлаган азаматы болсо ортого чыксын. Ой, максаты жарашса кан шайлап алалы, — деди.

— Не болсо да Жакыптын дүнүйө-малы көп. Карыса да кан көтөрүп алалык. Уулу кабылан Манасты Баатыр койсок жарашат, — деген оюн ортого салды Айдаркандын Көкчөсү. — Атасы Жакып кан болду, Баатырлык мансабы уулу Манаска тийди. Эби келсе мени да төрө кылып алгыла, — деди мансап сурангандай эр Көкчө.

Бу чоң атасы Камбар, өз атасы Айдаркандын жана кандаш-журтташ көп казактын казабына чыдабай айтылган кеп болчу.

— Мейли, Көкчө төрө болсун! Ал төрөлүккө татыктуу. Казактан төрө болсо жаман болбос, — деп көпчүлүк дуу жарылды.

— Калайык, токтой тургула! Мени кан көтөрбөгүлө. Дүнүйө курусун, малым көп болсо да көп ыйладым, бала үчүн. Ага көбү күбө. Карыганда мени калжаңдатып кан көтөрбөй, арстан Манас баламды кан көтөрүп алгыла, — деди бай Жакып бурчактап жашын тыйбай.

Калайык калк ага караган жок. Кыргыз-казак камалап, калмак-маңгул жабылып, ак кийиздин үстүнө бай Жакып менен баласы Манас баатырды отургузду. Эл аралай басты.

— Жигиттер, болду эми! Мен түшөйүн. Мага көрсөткөн сый-урматыңарга, көрсөткөн ишеничиңерге чексиз ыраазымын! — деп жети кадам басканда жеткилең Жакып карыя жерге түшүп калды. Ак кийизди көтөргөндөр жеке Манас баатырды отургузуп алып, чоң жыйынды жети айланып чыкты.

— Мүдөөбүзгө жеттик. Эр Манасты кан көтөрүп алдык!

— Каныбыз Манас бар болсун!

— Манас! Манас! Манас! — деп ураан чакырды, добулбас кагылды, мылтык атылды.

Кан таажысы ушу деп шөкүлө бөрктү кийгизди, Акбалта баатыр менен акылгөй Бердике. Бай Жакып сары майдай сактаган, атасы Ногойдон калган кызыл тууну оболото көтөрдү. Жакып: "Уулум Манас кан болду", — деп тогуз күн удаа той берди.

## КЫРК ЧОРОНУН АНТЫ

Баатыр Манас кырк канат* ак өргөө тиктирди. Ак өргөө «Кан ордо» аталды. Арызга келген калкты кан ошо Ак өргөө ордодо кабылдай баштады. Калк мүдөөсүн аткарып, бийликти калыс, адилет жүргүздү. Абакеси Байдын кеңеши менен Кашкардан чоң уулу Бакайды алдырды. Акылы тунук Бакай Манаска кеңешчи болду. Агасы Бакай аз сүйлөгөнү менен саз сүйлөп, нускалуу кепти айтып, Манаска билбегенди билгизди, туйбаганды туйгузду.

— Манас, сенин ата бабаңдын баары кан болгон. Баарысын тең кырк чоро жигит жандап жүргөн. Сен да эми ушу нарк насилди сактап, жаныңа кырк чоро* ал. Алар баатырдын баатыры, эрдин эри, чыгаандын чыгааны болсун. Анткени, алар сага көзүңө көз, колуңа кол, күчүңө күч болот. Кылычтын гана каны болбостон, акылдын да каны болууга тырыш. Кырк чоронун түбү түптөлгөн экен, эми ага башчы тандап ал, — деди.

Бакайдын айтканы, айткандай болду. Кырк чорого Кыргыл башчы болду. Бакай кан атагын алып, бүт аскерге башчы болду. Манас кырк жигиттин урматына Камбарбоздун үйүрүнөн бээ алдырып айтуяк чалдырды. Бабасы Ногойдон калган Ачалбарс кылычты, кызыл тууну алдырды. Добулбас кактырды, сурнай тарттырды.

— Каныбыз Манаска ак кызмат өтөө үчүн ант беребиз. Күнөө кылсак төбөсү ачык көр, төшү түктүү жер урсун! Башыбызды ушул кылыч алсын! — деп кырк чоро кызыл тууну өөп, ант беришти.

Кырк жигити ант берип жатканда кан Манастын төбөсү көккө жеткендей кубанды. Кыргыз журтунун карыя-байбичеси, кыз-жигити, казак, кыпчак, кытай, калмак, маңгул, найман, нойгут, өңдүү уруу өкүлдөрү баатыр Манаска сын берип турду.



Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй!
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй!*

— Манас, ата бабалардын салтын сакта, жерин баала!

— Кырк жигит, калкка калкан, Манаска жолдош болгула!

— Калктын үмүт тилегинен жаралган эр Манасты кудай колдосун! Дүйнөдө жок кан болсун! — дешти курама жыйнап, журт кылган Манасты.

## КАН МАНАСТЫН КАЛМАКТЫН ТЕКЕС КАНЫН ЖЕҢИШИ

Кан атасы Жакып жыйын курду. Жыйынга аттуу-баштуу кишилердин баары келди.

— Оо калайык журт, Алтайдан көчүп, Анжиянга барсак кантет? Ажыдаардын куйругун басып алдык көрүнөт. Бир күнү Эсенкан келип, элди чаап кетеби деп корком.

— Ээ, кудай! Ажыдаардын куйругун басып алдык деп дүнүйөнү чачабызбы, дүрбөп качабызбы?! — деди акылдашы Бердике. — Биротоло кытай, калмактан коркуп бүтүпсүң. Анжиян менен Алайдын жолу тик, ашуусу бийик. Кыйналып

калбас бекенбиз. Анан калса, ал жакта атагы чыккан Алооке аттуу кыйын жоо бар.

— Жакыптын кеби жөндүү. Кудайым сактангганды сактайт. Кытайдын кыйырына жатып алып кыргын таап калбайбызбы, ыя! — деди акылы зирек Байжигит.

— Төрөлөр, кырып ийем деп кытайдан келген кыргын жок, — деп Камбардын уулу Айдаркан кепке аралашты. — Кыргыз, казак жыйылып калжырашпайлы. Ажал жетсе баарыбыз өлөбүз. Анткени туулган жерде өлүм бар. Эр Манас менен акылдашып көрөлү.

— Кекиликтей кукулдап, таранчыдай быжылдап таркап кетип, жаманатты болбойлу. Ар кимибизде уул бар. Менин Чубагым да эр жетип, жоо чаап жүрөт. Ошону Манаска чоро кылып берейин. Чубагыма кошуп дагы мыкты жыйырма киши кошоюн, — деди Акбалта баатыр. — Бир балага он киши, жумушчу кылып берсек жарашчуудай, — деп оозун жыйып алганча Манас чоролору менен кирип келди.

— Ай, ага-ини журтум! — деп Манас отургандарды сыдыра карады. — Азырынча айыл жыйып, элди дарбытпайлы. Чындаса, кытай козголсо соо койбойт. Бүгүн Ошпур байдан уккан кептин маңызы терең. Терс Суудагы калмактын Текес каны кыпчак, кыргыз, казактын азабын колуна берейин деп Бежинге кабар айттырыптыр. Жалынса жан калабы?! Эсенкан деген кыйын жоо деп корккнубуз жарабас. Тим жатпай аскер топтойлу. Чогулчу жер ордо талаасы. Атка минген азаматы, тың аксакалы калбасын. Атамдан калган жерди алдырып ийчү мен эмес. Алтын айчык*, кызыл тууну асмандата көтөрөлү. Кытайга өзүбүз кыргын салалы. Кайтарып жерди алалы. Эр азыгы камдалсын. Топко кошулбагандын, кечигип келгендин башы кетет. Келгени эсепке алынат, — деди Манас.

Таң заардан дүңгүрөп добулбас кагылды. Көк асаба, кызыл туу, айгайлаган ызы-чуу, көк жаңырткан улуу чуу жер дүңгүрөттү. Алтайдын талаасына жык толгон кошуундан жер майышып турду. Соот*, кемерлер жаркылдап, күлүктөрү алкылдап, кең багелек балкылдап, туулары бийик калкылдап, эр Манас баштаган кол* жөнөй берди, шартылдап.

Текес кан Куяс деген сыйкырчысын Манаска каршы кол



топто деп жөнөттү. Ал айлана-тегерегин сыйкыры менен дубалап, дубасын катуу окуду. Куястын күчтүү дубасынан талтерек, чөп-чар, камыш, чий, карагай, кайың калың колго айланды. Чынар терек дөө болду. Суу үстүн өрт каптады.

— Каным, жоо жаракчан колуңду кабыл ал. Менин аскеримди адам аттуу жеңе албайт. Кыргыз деген болгону бир ууч эл. Аларды ушулар жок кылат. Кайгырбаңыз, бул жерге келгендин баары өз ажалын табат, — деди Куяс сыйкырчы ишенимдүү кебелбей.

— Мынча кол менен Манасты жеңерибиз ырас, — деди Текес кубанып.

Шүңгүр баатыр сынамака найза сунду эле, бирок өзү ээрден кантип шалак этип жыгылганын сезбей калды. Кан Куястын өнөрүн жогору баалады. Ыраазычылыгын билдирип чоң шаң берди. Башка кандарга жашыруун кабар жөнөттү. Куястын керемет сыйкырына, ал жыйнаган айбаты зор аскерге ишенди, кыргыздын ажалы ушулардан деп кенебей жата берди, Текес кан.

Төртүнчү күнү баатыр Манас аскери менен чекте турду. Алдыңкы сапта келген Айдаркан Текестин жер жайнаган колун көргөндө оозун ачып калды. Аскердин арасын чычкан аралап өтө алчуудай эмес. Бала болуп, башына түк чыкканы, аяк-башы бир күнчөлүк жерге созулган мындай котологон аскерди көрбөптүр.

— Баатырлар, акыл токтотолу. Мобулардын алдында алты жүз туугa бөлүнгөн алты жүз миң аскер төрт кишидей эле көрүнүп калдык. Бу каапырларга катылбай кайра кайтсак кан-

дай болот? — деди Айдаркан менен Мунаркан корккондунан алдастай.

— Качкан катындын иши. Ушунча келип катылбай кантип кайтасың, — деп Манастын каары кайнады. — Көккө чыгып кетип, же жерге кирип кетип эле тирүү калбасаң, мынча черүү соо койбойт. Ошондуктан жатып өлгөнчө, урушта өлгөн артык, — деп Аккуласын минип күүлөнүп калды.

— Ай, токто баатыр! — деп кыйкырды акыл кеңешчиси Бакай. — Алдыга мен барайын, качкан болуп алайын. Мени кууп жөнөгөндө уруш салып арачылап аларсың, — деп Алмабаш мылтыгын асынып, саадагын белге байланып Көкчолок атына камчы урду.

Артынан Манас акмалап жүрүп отурду. Бута атым жерден Бакай бирөөсүн сайып качайын деп найза сунду. Алар да карап турбады, жалпысы найза сунду. Атайын деп мылтыгын алса, каапырлар мылтык кезеди. Кантер экен деп кылыч кезесе, кол жапырт кылыч кезеди. Сүйлөсө сүйлөдү, күлсө күлдү. Акылы бай Бакай ошондо билди, калмак сыйкырчынын тапкан амалы экенин. Манаска айтты. Көпчүлүк акылдашып, Аккелте мылтыктын кара дарысынан аябай төктүрүп, от коюп жиберди. Өзөндү өрт каптады. Жоо жаракчан аскерге айланган тал-терек, чөп-чар, камыш, чийи калбай күйдү.

Манас калмак ордого каптап кирди. Туусу бат эле жыгылганын түшүнгөн Текес кан жаалына чыдабай Куястын ичин жара тартты. Көкжалдыгы тартып, ажалы арбап: "Тирүүмдө кыргызга туткунга түшпөйүм", — деп өзүнө бычак урду.

— Ээ, калайык, жакшылап ук! Менин аскерим силердин жырык ийнеңерге тийбейт. Текес каныңар өлдү. Элчиликке келели. Башка адамды кан көтөрүп алгыла, — деди Манас.

Көпчүлүк дүрбөп калды. Манастын айкөлдүгүнө тан беришти. Ошондо гана калмактар чогулуп аны айтышты, муну айтышты. Бирок бири да: "Кан болом", — деп чыкпады. Акыры сексен таянган Карача карыянын каары бетинен көрүндү.

— Арстан Манастын айкөлдүгүнө миң мертебе таазим! — деп калмактын Карача карыясы кулдук урганда, бүт калмак тизе бүктү. — Арстан Манас, миң жыл жашасын! Өзүн кудай колдосун! Эр сөзү эки болбойт. Эр Манас кан шайлап алгыла

десе, баарың кан болуудан качасың. Менин сөзүмдү эп көрсөңөр, Темир кандын кенжеси Тейишти кан көтөрүп алалы! Кандай дейсиңер?! — деп калмакка айгай салды.

— Көтөрчү каныңарды бул жакка алып келгиле! — деди эр Манас кылычын көккө көтөрүп.

Топ калмак өзүнө өзү ишенбеген Тейишти ак кийизге салып келишти. Тейиш көзүн алаңдатып, ак кийизден түштү, Манаска кулдук урду.

— Тейиш, кан болсоң, кандай бол! Кимдин доорунда кан болгонуңду, асман кимдики экендигин эсиңден чыгарба! Биз менен акылдашып тур, — деди Манас.

— Куп таксыр, миң жыл жашаңыз! — деп жаңы кан эр Манас кармаган кылычтын мизин өптү. Шашыла кулдук уруп, таазим этти.

## МАНАСТЫН КЫЗ САЙКАЛ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮСҮ

Тейиш кандын урматына той башталды. Тойдо өткөн балбан күрөштө Көкжору деген кыргыз эч кимге мөөрөй бербеди. Эр сайышка Сарыбуруул атын алкынтып кыз Сайкал чыкты. Кыз болсо да анын сүрү көбүн жалтантты. Андан коркуп, эч ким майданга чыга албады.

— Анда байгесин бергиле, алып кетебиз! — деп кыйкырды калмактар.

— Силер чыкпасаңар, мен чыгайын. Акыры сайып түшөрмүн, — деп Манас баатыр жоо жарагын алып, майданга шайланды.

— Куяс менен Текести акыретке караткан Манасты өлтүрүп тынайын. Андан кийин кыргыз журтун кырайын, — деп кыйкырды каары катуу Карачанын кызы Сайкал.

Сарыбуруулга камчы үрөп, сарала байрак найзаны колго алды. Кыз Сайкал Манасты оодара сайганы качырды. Келаткан жолун Манас тороду. Жакшылап байкаса өзү алчу сулуу кыз экен. Катуу сайсам өлүп калбасын деп оң мүрүгө акырын найза сайып өттү. Сайкал анын аяганын билген жок. Найзаны



кагып ийди. Өлөр жери ушу деп, как жүрөктүн тушу деп сайып жиберди. Манастын көзүнөн от чагылып кетти. Карыга тийген Сайкалдын найзасы аркасынан оркоюп чыга түштү. Кокус кызга алдырсам, кеби кылымга угулар деп Манас Сайкалдын жакасына кол созду. Жаалданган Сайкал ойт бере, айбалтаны башка шилтеди. Бирок айбалта башка тийбей калканга* кадалды. Манас айбалтаны тартып алып, ыргытып жиберди. Эми калмактын Сайкал балбаны оң далыдан апчый кармады. Аттан оодарып салганы атына камчы* үйүрдү. Баатыр ээрден көтөрүлө түшкөндө Чубак октой сызып барды.

— Бу эңиш эмес, сайыш! — деп Сайкалдын атын башка кагып өттү. Чубак болбогондо Сайкал Манасты ээрден шыпырып кете жаздап калган.

— Жер соргур кыргыз, сайышканың бир кыз! Эмнеге экөөлөп кетесиң?! — деп Дого деген баатыры өпкөлөй айкырды.

Кан Бакай менен Айдаркан уруш чыгып кетпесин деп майданга жарыша чапты.

— Тейиш кан, өзүң калыс бол! — дешти алар.

Бакай Сайкал сайган найзанын түпөгүн шыпырып, сууруп алды. Найза чыккан жерден кан оргуштап акты. Манас Оржемил деген дарыны ичкенде аккан кан тып басылды. Атына оңдонуп минип, Сайкалды кайра качырды. Кыз Манастын каарынан коркуп калың калмактын колуна кирип жашынды.

— Кызды жыга саялбай, элиме кантип барайын, кыргызга кантип карайын. Жыгылсын, же жыксын! Күттүрбөй Сайкал бат чыксын! — деп күркүрөдү Манас.

Найза жеп калган Сайкалдын өңү бузула түшүптүр. Тейиш кан менен атасы Карача барса да болбой койду. Артынан Бакай менен Мунар чапкылап барышты.

— Токсон жылкы, тогуз төө байгеңерди алгыла. Баатырыбыз чыкпады, сайышты токтотсок кантет?! — дешти Тейиш кан менен Карача карыя.

— Мунаркан, бу айтканы жарабайт. Токсон жылкынын ордуна тогуз жүз жылкы берейин. Кайра бар, Сайкалды сайышка чыгар, — деди эр Манас көгөрүп. — Сайышты акырына чыгарбай, мага байге берген Тейиш кан менен Айдарканды кудай урганы калганбы! — деп кыйкырганда Карача абышка ортого кыпчылды.

— Эгер менин сөзүмдү эп көрсөң, Сайкалдын аты тартуу! Калмактын жаны тартуу! Намыс сеники, — деди кулдук ура тизелеп.

— Айтканыңызга көндүм, тартууңарды көрдүм, — деп жөндүү сөзгө ынана түшкөн Манас дагы бир жолу айкөлдүгүн көргөзүп, атты алып, кайра Карачага берди.

Ошондон кийин кыз Сайкал Манастын көзүнө экинчи көрүнбөдү.

## МАНАСТЫН ОРГО КАН МЕНЕН УРУШУ

Манастын Текес канды чапканы Алтай, Анжиян, Алай элине дүң дей түштү. Кытай, калмак кооптонуп, кол жыя баштады.

— Калмактын Орго каны, күрүчүңдү акта, күлүгүңдү тапта. Атарга мылтык* камда, кылычыңды мизде. Болбосо кыргыздан бирди көрөсүң. Көрбөсөң мени ит дегин, — деди калмактын Култаң баатыры.

— Эртеңден калбай ат жалына казан асып, урушка даяр келгиле! Аскер башы менен аймактын башкаруучулары кошо келсин! Акун канга кабар айткыла! Алтайдан чыккан кан Ма-



нас Текестин элин чааптыр. Эми колун баштап бизди көздөй салыптыр, — деп чилмарданын чалдырды, добулбасын* кактырды, катын жаздырды.

Аяк-бияктан жети жүз миң кол топтоп, жетимиш балбанга моюн бербеген Атан аттуу балбанын майданга чыгарды. Башы казандай, кабак-кашы комдонуп жаткан иттей көрүнгөн, эңгезердей бою бар, жоондугу үч кучак Атан балбанды Орго кан өзү таптаптыр.

— Кыргызды азып-тозуп ар жактан келген эл деп угабыз. Адам алы жетпеген Манасын ээрден алып түш! Ага сенин гана алың жетпесе, башканын алы жетпейт, — деди калмактын каны Орго.

— Кыргыз деген ким эле?! Манас аты болсо да кыйратайын тим эле! — деди Атан дөө көкүрөгүн каккылап.

Даңкара атын теминип, кирген суудай күрпүлдөп майданга кирди. Каар чачкан кабагынан жалтанган жети жүз миң аскер, жол ача тең жарылды. Котологон аскер тең жарыла бергенде Атандын жолунда кибиреген кипкичинекей чал калып калыптыр.

— Эй, колдун сөөмөйүндөй болгон кибиреген чал, сени ким чакырды бул жерге?! Бүжүрөп жолумду торобой, тур мындай! — деп жаны ачыган аюудай кыйкырды Атан дөө.

Атандын доошунан чочуп кеткен чал жалт карады. Ооздон чыккан желден учуп кете жаздачуудай калдаңдады. Кыйнала шашылды. Бирок, канча кадам кылса да, бир карыш жерге жылбады. Же байкуш, аюудай айкырган Атан дөөнүн жолунан чыкпады.

"Чиркейдей ызылдаган кибиреген чал жоодон өлбөсүн, менин колуман өлсүн. Тумшугуна бир чертип, тоодон ашырып ийейин!" — деп ойлоп Атан дөө атынын тизгинин тартты. Жылкы жаныбар бирдемени сезгендей алдыңкы аягын көтөрдү. Катуу үрктү. Кош таноосу жалын бүркө кошкурду. Чалга жакындай албай, жер чапчый кетенчиктеди.

— Жолу каткан чал, сени элеби?! Азыр сага көргүлүктү көргөзбөсөм! — деп атын ой-боюна койбой камчылаган Атан, жөө чалды далысынан карыштыра кармады.

Чал да куру калбады. Күтүлбөгөн жерден Атанды белден чапчый кармап, кыямат кайымды көрсөттү. Ээрден жепжеңил көтөрүп, жерге топ эткизе урду. Эл эмне болуп кеткенин аңдабай калды. Көөдөндөн басып, башын коон үзгөндөй үзүп алды.

Биринин үстүнө, бири жыгылган калмактын жер бетин бербеген аскери: "Бу адамбы, же шайтанбы?!" — деп айраң таң калды, тобо кылды. Сакалы бары сакалын тутамдады, сакалы жогу мурдун кашыды, көзүн алайтты.

— Көйүш баатыр азамат, чоң ишке жарадың! — деп кыргыз тарап катуу дуулдады. Кипкичинекей Көйүш чал Атандан тартып алган Даңкарага тыпыйып минип алды.

— "Мен керкөлдүк кишимин. Кечээ тоодон келгем", — деп талканын чайып, жеп отурган. Кийин байкасак, талкан дегени таш экен, — деп калмактар таңдана өз ара сөз кылышты.

Капыраай, адамдан айла качып кутулбайт тура! Чал дегени, көрсө калмак колунун арасына кирип алып, кибиреген чалга айланган Көйүш деген кыргыз балбаны экен. Ал айлаамал менен Атан дөөнү атайын жеңгени келген сыйкыры күч толук карыя тура.

Орго кан чыдап тура албады. Кернейин тарттырды, добулбасын кактырды, чилмарданын черттирди. Билек түргөн жети жүз миң колун аламан урушка салды. Колду Манас баштаган Бакай, Кыргыл кары менен кырк чоро каршы алды. Эки тарап арманы жок салышты, аркы-терки чабышты. Манас Орго кандын ажалын тапса, Эштектин уулу Жамгырчы калмактын эр Кейменин ыргыта сайды. Кыраан Бакай Илебин канын барса келбес кыяматка жөнөттү. Орго кандын туусу жыгылды. Ко-

лунун көбү өлдү, өлгөндөн калганы Бежинди көздөй артын карабай качты.

Орго кандын аялы Санамкүл каныша казынадан окшош он ат жана арбын дүнүйө алып, кан Манаска тартуулаганы ордого келди. Канышаны кеңешчиси Ыраман менен акындыгы бир далай жерге угулуп калган уулу Каратай коштоп жүрдү.

— Манас баатыр, жеңиш сиздики. Демек, жолуңуз улук. Каныша алдыңызда турат. Өлтүрсөңүз, койсоңуз өзүңүз билиңиз. Суранарым эки баламдын жанын аман койсоңуз.

— Каныша, тартууңузга мен ыраазы. Адам сүйлөгөндө, ат кишинегенде билинет дейт. Байкоомдо сиз жакшы энесиз. Балдарыңыздын күнөөсүн кечтим. А Ырамандын ырчы уулунун зиректиги билинди. Каратай менин кырк чоромдун бири болсун, заман даңазасын ырга кошсун! Дайыма жанымда болсун! — деди айкөл Манас.

— Мен макулмун, урматтуу Манас каным. Булактын көзүн ачкан билет. Каратайды сизге, сизди кудайга тапшырдым, миң жыл жашаңыз! — деп көөнү тынган Санамкүл каныша ийиле таазим этти.

Кийин жамакчы баланын Каратай аты өчүп, Ырамандын Ырчы уулу аталып кетти.

## МАНАСТЫН АКУН КАНДЫ ЖЕҢИШИ

Акун кан өз элине кырк беш жыл кан болуптур. Ошондо Орол тоонун ичи калмак элине жык толуптур. Акун кан "Текес канды жеңип, Манас баатыр ат тизгинин биз жакка буруптур", — дегенин угуп жол тостурду. Кат жазып, мөөрүн басып, туш-тарапка чабарман чаптырды. Майданга тез келгиле деп чакырды. Өзү Манас менен болчу уруштун камын жеди. Ордосунда керней тартылды, добулбас кагылды. Колу адаттагыдай бат чогулду, көптүгүнөн тоо көчкөндөй дүңгүрөдү. Адатта жоолашкан жоонун салты — эр сайыш.

Ошондонбу, болот туулгасын кийип, көк найзасын көтөрүп, калмактын Кегети деген баатыры уруш майданында өөдө-төмөн чапкылап, кудай ургандай айкырып турду.



Аны көздөй Манастын Абдылда баатыры бет алды. Найзалар катуу тирешти, эки баатыр чиренди. Ачалбарс кылыч чабышты, аркы-терки салышты. Ай балта башка согулду. Бири-бирин жеңе албай күүлөнүп күрсү чабылды. Жааны колго алышты, мылтыкка дүрмөт салышты. Ажалын таба алышпай, кечинде бөлүнүшүп жай-жайына барышты.

Эртеси эр сайыш кайра уланды. Акун кан Тугалак баатырын чыгарды. Таноосу шамшар бычактын кынындай, муруттары ай балтанын сабындай, узун чачы өрүлгөн эр калмакча ураан чакырды. Аны эр Көкчө айбаттана качырды. Найзасын кагып түшүрүп, артынан куугун салды. Жонуна найза матырып, кайра сууруп алды.

Тугалактын жыгылганын көрүп желкесинде айдар* чачы бар, кыл мерген жаачы Жамыра калмак найзадай болгон жебесинин огун эр Көкчөгө туштады. Жебенин огу жети кабат калканды тешип өтүп, кабыргага бир эли кирип токтоду. Эти ачынган Көкчө калмак мергени саадагынан жебе алып, киричине* салганча көөдөнгө найза муштады. Капыр өлүп, Көкчө жайына кайтты.

— Кыргызмын дегениң бул жакка кел! Ажалыңды менден табасың! — деп кытайдын Мөндү Чебең деген балбаны бөлөкчө айгайлады.

Калмакты кыйкыртып карап турабы, Мажик эр жетип барып уруш салды. Калмактын баатыры үстөмдүк кылдыбы, көп өтпөй бети-башы жарылган Мажик кача берди. Кыпчактан чыккан эр Үрбү куугун салган кытай баатырын төрт бөлүп салды.

— Эми кезек меники. Бири эмес, миңи келсин! Кыргыз аттуунун бирин койбой кыйратам. Атым Тулус, өзүм калмак эр! Эй, кыргыз, майданга жекеме-жекеге чык! Сазайыңды колуңа берем! — деп эр калмак Тулус арстандай айкырды.

— Тулустун түрү жаман. Буга эр Манастын өзү тең келбесе, башкасы тең келбейт. Ошондуктан Манас өзүң чыкпасаң болбойт, — деп Бакай чебеленди.

Кан Манас карап турабы, эр сайышка атырылып чыкты. Кылычын кыңгыратып, ай балтасын шыңгыратып, Аккелтесин жаркылдатып, ак асаба, сур желек Сырнайзасын сунуп, Аккуласын дембе-дем теминип ортодо турду.

— Ары жок кыргыз, акылыңдан тандыңбы! Ажалыңды сагынган Манас деген сенсиңби?! Аккула атың желдиби, ажалың айдап келдиби?! — деп эр Тулус күрсү* урду.

Калканга күрсү чабылды, көзүнөн от чагылды. Эр Тулустун кеби эр Манастын ачуусун келтирди. Кыябын келтирип сокконго, Ачалбарс кылыч оң колду ийинден шылып түштү. Айбалта ишке кирип, сол колун карыдан бөлө чапты. Мындай кордукка чыдабаган Акун кан отуз тандалма балбанын бөлүп:

— Ат койгула! Кырылбай кыргыз калбасын! — деп айкырды.

— Бабалар бизди колдосун! Душмандар бизден оңбосун! Каптагыла, — деп кан Бакай айгайлады. Өзү "Манастап" ураан чакырып урушка кирди.

Аманат жандан кечип, жоолашкан эки жоо аралашып кетти. Кылычтуу кылыч чапты, найзалуу найза сайды. Балталуу балта урду, жаачы жебе, мылтыктуу мылтык атты. Туу түбүндө урушту. Туубуз аман турат деп кубаттана калышып, аралашкан эки жоо ач бөрүдөй сүрүштү.

Акун кан чыдамы кетип чыркырап, туура жүз миң кол менен туу жанында турган. Тууну жыгыш кыйындай көрүндү, чоролорго. Ошондо арстан Манастын каары көрүндү. Маңдайында багы бар, кулагында шамы бар, куюндан бүткөн Аккула атын теминди. Оң- тескери шилтесе эки жүздөн баш алган, уруштуу күнү узарган, учу өрттөй кызарган Аркескен кылычы кынынан суурулду. Ары-бери шилтеп туу түбүндө турган калмактын жүз миң черүүсүн астын-үстүн кылып, кырып салды.

Кан Бакай баштаган Манастын: эр Көкчө, Чалыбай, Абдылда, Мажик, Чалик, Чубак, эр Сыргак, Кыргыл, Мунар аттуу чоролору калган колду ойрондоду. Качканы кутулду, калганы тутулду.

Акун кандын туусу жыгылганын угуп, Ташкенди бийлеп турган кытайдын Панус деген каны Манастан өч алууну күсөдү. Ташкендин айланасында жашаган кыргыз, казак урууларынын тынчын кетирип, четинен талкоолого буйрук берди. Өзү Манаска каршы аттанды. "Панус кан келатат" деген кабардын чет жакасын угуп калган кыргыздар Көкөтөй деген карыядан акыл сурады. Көкөтөй "Манаска кошулганыбыз эп" деп Манаска каршы жөнөгөн калмак кошуунунун* соңунан сапар алды. Көп өтпөй көөдөнү жука Панус кандын алдынан эр Манас кезикти. Панус кандын туусу жыгылды, колу талкаланды. Манас өз колун баштап Алтайга кайтты. Талас жергесин аралай өтүп келатып, жердин коздугуна суктанып өттү.

## КАН МАНАС БАШТАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН АЛТАЙДАН АЛА ТООГО КӨЧҮШҮ

Карагайлуу чердеги көк жайыкта он эки канат ак өргөө өзгөчө шаңкаят. Ак өргөөнүн тегерегинде көп адамдар жүргөнүнө карабастан чымындын ызылдагы угулчуудай жымжырт. Анткени Манас баатыр үч түн кылычына өбөктөп чырым албай чыкты. Ичинен миң толгонуп, терең ойго батты. Казатка чыкчу белги берилбеди, же кытай тараптан келген жоо көрүнбөдү. Сырын билген чоролор бу саам не ойлогонун билбей башы катты. Бакай менен Акбалта, Бердике менен Ошпур, Байжигит менен Дамбылда жана бир канчалары баш болуп кыргыз, казакты кеңеш жыйынга чакырды. Чабарман барганда бат эле чогулушту.

— Кагылайын кадырман журтум, — деп кебин баштады баатыр Манас жыйында. — Мен силерди эмнеге жыйдым. Бизди чапканы келаткан жоо жок. Казатка* да аттанбайбыз. Үч күн, үч түн толгонуп жатып бабалардын ата журту Ала Тоого көчсөкбү деген ойго келдим, — дегенде ичи от жалын бо-



луп күйгөн көпчүлүк үстүнөн оор жүктү алып таштагандай жеңилдей түштү. — Көбүңөр Ала Тоону көрүп келдиңер, көрбөгөнү отурат. Эрк өзүңөрдө, көчкүлө деп кордогон эч ким жок. Көөнүңөрдө болсо көчөлү, болбосо жок деп жарыя айткыла, — деди.

Ала Тоо деген сөздү укканда көздөрү балбылдай жана түшкөн карыялар кужулдашып калышты. Кыпчак уруусунун чечени Таз карыя:

— Уулум Үрбү мени кыйын ахыбалга калтырды. Алатоолук Айсалкын деген кызга үйлөнүп, эми ошол жакка кетем деп убара. Кыз үчүн балам кетем десе, ортодо мен кыйналып жаман курудум. Кыргыз көчпөй койсо да мен көчөм деп турам, — деди.

— Ой Таз, биз Үрбүнү казатка барды деп жүрсөк, катынга барган турбайбы, — деп карыялар тамаша чалышты. — Үрбү го кайын журтуна барат экен, а калганыбызга кыйын болот го! — деп муңайбай күлүп алышты.

Жыйын Алтайдан Ала Тоого көчүү чечимине токтоду. Жыйындын арты тойго айланды. Манас жоомарттыгын көргөздү. Сексен бээ, сегиз жүз кой сойдуруп, ажыраш аяк тоюн кылды. Карыялардын ар бирине атап аземдүү тон жапты, жоргодон тандап мингизди. Алтын ооз керней тарттырды, алтын доол* кактырды. Алты жүз атан* төөгө Ак ордо жүгүн арттырды.

Коколору көнөктөй болгон коңгуроолуу кара нар* төөлөр ордунан козголгондо кыргыз көчүнүн салтанаты артты. Көч шаанисин кылып, кыялга мас кыз-келиндер шаңкылдап обон созду. Комузда кол ойноткон жаштардын шаңы теребелди

жаңыртты. Алты миң аскер көчтү кайтарып жүрүп олтурду. Саламат менен Ыйманга жылкыларын айдатты. Көч Турпан, Кер Көл багытын карай сапар тартты. Манастын иниси Абыке атасы Жакыпты ээрчип, көч артынан жөнөдү. Кылым көчү күндүзү ашуусу бийик тоолорду, кечүүсү терең сайларды басып өттү.

Эрме чөл, боз талаага келгенде көктөгү жымыңдаган жылдыздарды мелжеп жүрүп олтурду. Күндөн күн, айдан ай өттү, Айдаркан баштаган көч Каркырадан жай тапты. Таз чечен уулу Үрбү Көтмалдыны басып өтүп, Чүй башын ээлеп калды. Кан Манас Анжиян менен Кашкардын ортосуна конуш алды.

Бай Жакып Кара-Кулжа сайына жылкысын сугарып, Отуз-Адыр оюна келип конду.

Жер чалып Кырк-Күнгөй аталган адырга, жайылып аккан Тар дарыяга барды. Кышы салкын болсо керек деп ойлоп Тар дарыя бойлой өскөн, ат бойлобос жыш өскөн сарыкамыштуу ойду көрдү, жерине суктанды. Анткени камыш арасында эркин жойлогон каман, элик, жолборсторду, каз, өрдөктөрдү, аркы жээгиндеги Ак-Ой тоосундагы, Кырк-Күнгөй адырындагы, Учук оюндагы сайдын ташындай шагыраган кекилик, кыргоол, тоодактарга аябай таң калды. Тар дайранын боюна күрүч, коон, дарбыз, сабиз эккен дыйкандар менен ымалага келди. Жер жемишине мал берип, эт, май, курутка алмаштырып алып жүрдү, Жакып. Тар, Кара-Кулжа сайын бойлой кеткен бийик тоолордогу көмүрдөй кара көп кулжаларды атып, кан Бакай ошол өрөөндү Кара-Кулжа атагына батырды.

## АЛООКЕ КАНДЫН МАНАСКА БАГЫНЫШЫ

Кыргыз көчүн көрүп, кытайдын каны Алооке жериме душман кирди деп шашылыш беш жүз миң кол топтоду. Шашылыш балбандын балбанын, баатырдын баатырын жыйды. Кол алдындагы кыргыз урууларын кодулай баштады. Тизелик деген баатырын шашылыш алдырды. Катуу табыштап, элчиликке жөнөттү.

— Манаска барып айт, менин жериме конбосун. Кайда барса ошол жакка консун, ага менин ишим жок. Мен да

ааламдагы экинин биримин, жүрүшүмө жан жетпес, жүк көтөрчү пилимин. Бүгүнтөн калбай кыргыздын каны Манас мага тизе бүгүп келсин! Оолугуп келген неменин акесин таанытып коёюн, — деди Алооке баатырын аткарып жатып.

Тизелик элүү кошчу алып бай Жакыптын өргөөсүнө келип түштү. Манаска келсең жакшы болуптур деп Тизеликти өргүтүп койду, бай Жакып. Бугу, марал, аркар, кулжа, кийиги гана болбостон киши кийикти да учуратууга мүмкүн болгон Арпа жайлоосунун түштүк-батышындагы өрөөндө ууда жүргөн Манаска алты чабарман чаптырды. Алты чабарман атын тердетип, турнабайлап жүрүп акыры баатырды тапты.

— Манас баатыр, кытайдын Алооке каны жериме бейуруксат кирген Манасты алып келгиле деп буюруп, арачы жибериптир. Келбесе кыргызга кыргын салам дептир, — дешти.

Чабармандар айтып оозун жыйганча алдыңкы беттен мүйүздөрү аркайган көп бугу чыга калбаспы. Манас бууданга* камчы урду, бугуларга ат койду. Аккелтени суна берип, алты бугу алып калды. Ууга ышкылуу кан Бакай адам буту баспаган капчыгай-тоолордон көмүрдөй кара кулжанын көбүн атып алды. Акыр заман журтуна Кара-Кулжа атагы так ошондо калды. Манас менен Бакай, кырк чоро уунун кызыгы менен жүрүп, чабарман жеткирген кеп унутта калды.

Калмактын Балкыбек деген байы мал базарда соода кылып жүрүп, Алооке кандын Манасты чаап алам деген сөзүн угуп дароо Жакыпка жеткирди.

— Бай Жакып, жолдон эсеби жок кол, нечен жүз балбан көрдүм. Алооке кан колун баштап келатат окшоп калды. Ар бир балбаны алачыктай күрсү алыптыр. Күрсү тийген тоосу түз болот имиш, — деп жүрөгүнүн үшүн алды.

— Кийигиң менен куруп кал. Бул жакта Алооке кан камалап жатса, уу кылып жүргөнүн кара, — деп атасы Жакып Уларбозун минип, тоого өзү бет алды.

Манас аң уулаган өрөөнгө жетип барса кыр-кырдын баары кыйкырык дейт. Жакыпка эч ким көңүл бурчудай эмес. Бугу, кийик аткылап, адамдар аңга кызуу батыптыр. Ошондо төөдөй баркырап айгай салганда Бакай менен Айнакул: "Бу Жакып каяктан келип калды", — деп аябай таң калды.

— Оо, сүрдүккөндө сүйөнчүм, тайгылганда таянчым Манас! Тигил жакта Алооке кан алты жүз миң кол топтоп, каяша кылган кыргызды түгөл кырып жоготом деп арачы жөнөтүптүр. Акылыңа кел, Манас, — деди Жакып тынчсыздана. — Жообун бер.

— Жообу жок, канга өзүм барам, — деп Манас атасынын сөзү менен жолго аттанды. Келатса өзөн боюнда уюган калың кол жатат. Бакай кой десе болбой калың колду аралап өттү. Алоокенин колу Манастын каарынан коркуп катылбады, алдыга өткөрүп ийди.

Алооке кан ошо маалда дүйнөдө жок, ажайып кооз бейиш багында сейилдеп жүрүптүр. Багында дүйнөнүн төрт бурчунан алдырган канаттуу куштар менен жырткыч айбанаттардын нечен түрүн кармаптыр. Кан күн бою чымчык шаңшыган, булбулу сайрап таңшыган, күкүк, тоту кушу сайраган, миң түрлүү гүлү жайнаган бейиш багында телегейи тегиз күлүп жүрдү. Бакка тереңдеп кирген сайын кызыгы артты. Кайда караба көз жоосун алган жан жаныбар, илбээсин куштар, түркүн гүлдөр жүрөк кубанта берди. Илбирс, чөө, аюу, маймыл, керик, жети кабылан, он бир пил өз өзүнчө темир тор артына катылыптыр. Жолборсу он үч төлдөптүр. Карышкырдан эле жүз экен. Көрүнгөндү оп тарткан, узуну төрт жүз кулач ажыдаарды бактырыптыр. Маралды багып, мал кылыптыр.

Казандай күрсү менен жоондугу үч кучак доолбасын* кактырганда жаман-жуман үйлөр кулап калганын эл аңыз кылып айтышчу экен. Манас келип калат деп бүгүн дал ошол доолбасын кактырды. Бүт калмак, кытайын чогултуп чоң даярдык көрүптүр. Адамдардын үрөйүн учуруп, өгүздөй болгон беш жүз дөбөтү ары-бери жойлоп, чоочун киши көрсө ичин жара тартчуудай үрүп жүрөт.

Алооке кан аземделген кандык салтанат чатырын бейиш багынын как ортосуна тиктирди. Өзү мойну бука белиндей, төшү жайык дөбөдөй, кышкы кирген буурадай күрпүлдөгөн токсон балбандын ортосунда отурду, эч кимге алдырбастай. Алооке аяр эмеспи, алыска дүрбү салды. Баатырдын айбатын көрүп айраң таң калды.



Атканын жаза кетирбеген арстан Манас колуна мылтык алыптыр, ата турган баштанып, кароолго көзүн салыптыр, Алооке канга бет алып каптап кирип барыптыр. Оң жагында жыйырмасы кылычын жалаң алыптыр, оң колдорун көтөрүп чаба турган баштанып чакчайышып калыптыр. Сол жагында жыйырмасы саадагы бала белиндей, зардабы сырттын желиндей болгон жаанын огун салып, жаа тартуучу немедей жандап жүрүп алыптыр. Алдында жүрөт жыйырмасы, мылтыктары октолуу, милтелери* чоктолуу. Арт жагында жыйырмасы, ак күрөөкө сооттон аркасына бөктөрүп, айбатын журттан өткөрүп, чакчайышып алыптыр, эшик эндүү ай балта чабуучудай көтөрүп.

Арстан Манас кирип келгенде, айбатынан жалтанган Алооке кан карбаластай ордунан түшүп келди. Салам айтып, кол берди. Чатыр жакка кол шилтеп, жол баштады. Аярлап көз кыйыгын салды, ичинен душманын сынай карады. Бир өзүнүн башында миң балбандын күчүн, айбат менен караса, көп ажалдын жүзүн көрдү. Жалжагай ооз, жар кабак, жаалы катуу көрүндү. Качырганын соо койбос каары катуу көрүндү.

Алооке Манастын күч кубатын, кайратын көрүп: "Уруш баштап балакетке калбайын. Көрөмүн деп көңүлдөнсө барса келбес жайга кийирип салайын. Ажалын жолборс, арстандан тапсын. Анан баатыры жок кыргызды, бирден торойто чаппай жаным жокбу!" — деп арсыз жылмайды, арам ойлонду.

Манас өзү көңүлдөнүп ажайыпкананы* көрөм деген оюн айтты. Алооке жым деди. Темир тордун ары жагындагы көп жолборс, арстандар куйруктарын чамгарактатып, темир тор-

ду кажашып, кишини көрсө эки чайнап, бир жутчуудай октой түйүлдү.

Так ушу маалда канкор Манасты кырк чилтен колдоп жүрдү. Кабыланга кабыландын, арстанга арстандын шериндей, ажыдаарга ажыдаардын пириндей көрүндү. Чилтендин бири куш болуп, Алоокени алчуудай асмандан бутун арбайтты.

Кайыптан жаралган кырк чилтендин касиетин эр Манас гана туйду. Кырк чоросу туйдубу, туйбадыбы билген жок. Ошондонбу Манас кирпик ирмеп койбой арстан, жолборс, кабылан камалган торду ачып, жырткычтын баарын көчөгө айдап салды. Кай бирөөнүн куйругунан толгоду, кай бирөөнүн кежигесинен  кармап алып ыргытты. Адам жегич жырткычтар Манас баштаган сексен төрт адамга тиш салмак турсун, кайра төрт аягын көтөрүп багынганын, баш ийгенин туйгузду. Айбанатка жем берип, ар качандан, бир качан эт таштап берчү бакмачысы Агулукту ачыгып турган жырткычтар талап салды. Мунара секисинде байкоо салып турган Алооке акылынан тана жаздады. Эч бир жырткыч Манаска тиш салбаганын көрүп таң калды. Балким ажыдаардан жолу катар, ажыдаар жутар деген кыязда: "Тигил жакта ажыдаар бар. Ошону да көрсүн. Ошол жакка баштап баргыла!" — деп жанталаша бийик секиден кыйкырды.

Алоокенин кыйкырыгын уккан канкор Манас жөн турабы, ажыдаар турган жайга өзү бет алды. Коркунучтуу жайга жетип, жүрөктүн үшүн алган түрү суук ажыдаарды мойнун толгой кармап, ыргытып жиберди. Ажыдаардын сойлогон жери коо болду. Соккон жери тоо болду. Ошондон ошо жер ажыдаар сокту деп Сок аталып калды.

"Бүт дүйнө балбаны жыйылса да, бу Манасты жеңе алчуудай эмес. А көрөкчө, Манаска катылбай, кытай жерин көздөй качайын", — деп ойлоду куйту, Алооке кан.

Манас ошо күнү Алооке кан аздектеп тиккен чатырда конуп калды. Бакай жеке өзү казан асты. Алоокенин тамагын ичпей төктүрүп атты. Аны жеген айбандар ууланып жатты.

Таң атпай Алооке кан курун мойнуна илип, кулдук уруп Манастын кашына келди.

— Манас баатыр, таажы-тактымдан айрылып алдыңда турам. Сени менен урушарга алым жок. Уруксат берсең ушу Анжиянда калайын. Бербесең көз көргөн жакка качайын. Эрк өзүңдө, мени эмне кылсаң ошо кыл, жаным сенин колуңда, — деп жалдырады.

— Ээ, Алооке, жаның өзүңдө калсын, мен ага кызыкдар эмесмин. Бирок, билип ал, сен турган жер илгертен менин ата бабаларымдын жери болгон. Демек, жер башынан кыргыздыкы. Сенин эми ага эч кандай тиешең жок. Чоң уулуң Боокени ак үйлүүгө* алам. Агаңдын уулу Кошабыш кошко кошулсун. Мына ушу экөөнү бербесең калаа ордоңду сыйпалап таппай каласың, — деди Манас.

Ошондо Алооке кан Кошабыш эрди, кыл мерген Боокени кошуп берди. Манаска кулдук уруп, башын ийди. Анткени башка аргасы калбады.

## МАНАС БААТЫРДЫН ӨЗҮ КАТЫЛГАН ШООРУК КАНДЫ ЖЕҢИШИ

Калча деген калкы бар Шооруk кан Алайдын түштүк жагындагы Даңдуң тоосун байырлап туруптур. Алар көбүнчө ат ордуна төө минишкен кызык журт болуптур. Алтайдын көчү барганда Шоорук кан: "Мени көзүнө илбей жериме малын каптатып ийген кыргыздын жылкысына тийип, өзүн кыр ашыра кууп салайын", — деп сурнайын тарттырды, добулбасын кактырды. Урушка кам урду. Он алты жаштагы Акылай деген кызы:

— Ата, эсиң барда, этегиңди жый. Түндө түш көрдүм. Түшүмдө түндүктөн катуу сел келди, жер учурган жел келди. Ылай, ташы аралашкан кыяны далайын каптап кетти. Сууга агып өлөрдө чынардын бутагына жармашып аман калдым. Анан сиз келдиңиз кыян менен кошо агып. Атаке, бу не иш болду? Алтайдан келген кыргыз, кытайдан качкан качкын деп тактыңыздан айрылып жүрбөңүз, ата, — деди.

— Олуя* болуп кетсең да кыргызды чапканым чапкан. Кыянга аккан эл кыргызды чаап алганым, чынарга чыгып тур-

ганым, тагымды минип турганым, — деп байрагын көтөрүп, нойгутка ойрон салды.

Ошпурдун айылын оңдурбай, Окчунду чаап алды. Жети миң жылкы сүрүп кетти. Көп дүйнө олжолоп алды. Катын-кыз ыйлап калды. Акбалта Күлүшаа тоосунда аң уулап жүргөн эр Манаска өзү жетип барды.

— Манас, Алтайдан айрып келип азапка салдыңбы?! Кыргызды түгөл чаптырып ийип уятка калып жүрбө! Кытай, калмактан бөлөк жоо жок деп айтканыңды кантейин! Нар төө минип, найза алган, бу кандай журт? Жүр, алыстап кете электе уруш салалык, — деди.

— Абакем Балта не дейсиң?! — деп Манас булкунду. — Кытайдан башка да жоо бар бекен? Бу кыргын, чабыштан качан кутулаар экенбиз?! Абаке, мен турганда кыргызды бирөөгө чаптырбайм, элин, малын талатпайм! Буга өз бөркүңүздөй эле ишенип коюңуз, — деп туулгасын кийди, жоо жарагын тагынды.

Баатыр Манас ашыкпаса койчагыр, ачууланса замбирек болгон Аккелте мылтыгын асынды. Учун ууга сугарган, тийген жери ырбаган, он эки түрлөп сырдаган Сырнайзасын алды. Тоо чапса таш кескен, белге чапса баш кескен, шилтегени мүрт кеткен Ачалбарс* кылычын тагынды. Как ыргайга сапталган, чапкан жоосу оңбогон, эшик эндүү Айбалтасын белине кыстарды. Өңү кула, кара жал, басканы сырттын желиндей Аккуласын теминип, аламан уруш салды.

Төрт миң кол баштап чыккан Дөгөшө деген балбанды көз ачып жумганча астын-үстүн кылды. Шооруk кан тынып калбады. Он эки миң кол баштаган Чечендер балбанын Манасты көздөй жапырды. Ошондо Аккелте ишке жарады. Тарс эткенде отуз-кыркы жыгылды. Чечендер балбанды Ачалбарс кылычы менен ат-маты менен бөлө чаап таштады. Бакай, Кыргыл баштаган аскер "Манастап" ураан чакырганда Шооруk кан Мургапты көздөй куйругун түйдү. Урушта үч жүз миң колунан алтымыш миңи араң аман калды.

— Оо, журт! Бири миңден коркпогон баатырды көрүп келдим. Айбаты арстандай, бет келсең жаның чыгып өлөсүң. Эрте күндү кеч кылбай, бул жерден көчүп кеткиле! Байкабай

барып кол салган мени кудай урду, — деп кеч болсо да эсине келген Шооруk кан кулдук уруп, Манаска тартуу менен бармак болду.

Ордодогу отуз сулуу кызга кооздоп кийим кийгизди, кылтылдаган жорго аттан отуз бедөө* мингизди. Жасап-түзөп баарысын, таштады Шоорук намысын. Көздөрү карагаттай капкара болгон, ак тасмадай чоюлган, тал чыбыктай ийилген кара чечекей кызы, сулуунун сулуусу Акылайды тартууга кошту.

— Кызым, тилиңди албай, арманым капка тигилди. Кыргыз дегениң түк өлүмдөн коркпогон, урушка туулган, түптөлүп калган эл тура. Ат уяты сатуу, кыз уяты тартуу дегенди эң жакшы билем. Ошондо да тилимди ал, кызым. Атакеңди өлүмдөн сактап кал, — деп жаны кашайды, Шоорук кандын.

— Эми өткөн ишке өкүнгөн жарабайт, ата. Байкабай катылып алып, балээге өзүңүз калдыңыз. Эми не кылмакбыз, ак чөп башта! Жол алыңыз, атаке! Тартууңузду жеңген колго тартыңыз, — деди Акылай сулуу түнөрүп.

Кырк бир кызыл нарга толгон дүнүйөсүн жүктөдү. Алты жүз малын айдап, отуз бир сулуу кызын коштоп, нан көтөрүп, туз алып Манастын алдына келди. Кандык алтын таажысы колунда, бото куру мойнунда, эки колу боорунда болуп жаш төгүп, кулдук уруп чыйылдап турду, Шоорук кан.

— Арстан Манас, жайыңды билбей катылып, далай журтум кырылды. Менин жанымды ырайым кылыш, кылбашты өзүң бил! Же ажалым жетпеди, же уятыман мен өлбөдүм. Акыры айлам алты болгондо кызым Акылайды баш кылып, отуз кызды алдыңа кулдук уруп, тартуу кылып келдим. Тартууну алып кой, — деди башын көтөрбөй.

— Бакай аба, бу сөзгө сиз кандай дейсиз? Ачууга алдырбайлы, алдыңызга келген канды эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз. Мен канды сиздин ыктыярга бердим, — деди Манас.

— Анда мындай болсун, — деди шымаланган Бакай кыздарды сүзүлө карап. — Мобу тартууга келген отуз бир кыз өздөрү каалап, тандаганына тийсин, — дегенде кары-жаш сакалмурутун сылап, бойлорун оңдоп, кыздарга көз арта карашты.

Кыздар шыңкылдап макул көрдү. Уругу кыргыз, улугу Манас эр болгон Бакай ботодой көздөрү жоодураган, көмүрдөй

чачтары шоодураган кыздарды эркине койсо да кысылып турду.

— Жакасынан тону, биринчи тандоо бизде эмес. Ал кан кызы Акылайдын жолу, — деди кыздардын бири.

Карагат көз, короз моюн, ак жүздүү Шооруктун кызы Акылай: "Түштү бизге кан мээрим, болсун Манас эрим", — деп башта көрүп жүргөндөй, суйкая басып, баатырдын кашына келди. Ошентип кан кызынын башына дөөлөт конду.

— Тең теңин тапты! — деп жардап турган отуз кыз, отуз жигиттин колун кармады.

Айкөл Манас баштаган отуз бир жигит ат, кунан чаптырды. Ордо атышты, тогуз коргоол ойношту. Балбан күрөш, эр сайыш, көкбөрү тартышты. Бар өнөрүн арттырып, отуз күн оюн салды.

## АЛООКЕ КАНДЫН АНЖИЯНДАН КАЧЫШЫ



Манас Шоорук канга аттанып кетип Анжиян ээн калды. Алооке кан Манастын жоктугунан пайдаланып, элин тымызын кытайды көздөй качырды. Ошо учурда Бежинде аскер өнөрүнө беш жылдан бери окуп жүргөн уулу Коңурбай келди. Келсе бир убакта зыңгыраган чоң калаанын көчөлөрү куту чыгып сапырылып, аңгырап ээн калыптыр. Кайда барбасын качкан-тозгон элди, кыйналган жүздү көрдү. Учурашканы чыккан атасы менен апасын жакындатпай колун силкти.

— Ата, кытай, калмак уругун калтырбай кең Ферғананын тарпын чыгара качырыпсың. Мурдагы эрдигиң кана?! Эмнеге кыргызга кыргын салбадың? Ушинтип маскара болгончо өлүп неге калбадың?! Бежинге барсаң эле жаның аман калабы? Качан кыргыздан кытай качты эле?! Азапка түшкөн элиңдин күнү не болот? Бет келише албай арманым күч. Деги айтчы, атаке, сенин түбүңө кимиси жетти?! — деди уулу намыстана.

Алооке кан акыл калчады. Колун артына алып, ары толгонду, бери толгонду. Жан жагын карай кесе айтты.

— Коңурбай, кыргызды оңой көрбө! Атамдын жерин бергин деп көк жал Манас Алтайдан келип бизге көп түйшүк салды. Сен көп эле эрсинип, көкүрөгүңдү кага бербе?! Чындаса Манас кандан бүгүн мен, сен эмес, түмөн кытай, бүт Бежин соо калбайт. Аны айла амал менен гана жеңбесе, эч ким күчкө салып жеңе албайт. Кайыптан жаралган кытайдын сыйкыр китебинде да ушинтип жазылган. Ошондуктан амалыңды өстүр, куулугуңду курчут, уулум. Эр Манастын эрдигин көрбөйсүңбү, барса келбес деген жерге өзү кирди. Оп тартат деген ажыдаардын мойнун толгоп ыргытып ийди. Кабылан, жолборс, арстан, бөрү дегендер Манасты көргөндө төрт аягын көтөрүп, кыңшылап багынып берди. Куйругун кыпчып кайра багып-караган бизге тап койду. Душман да болсо, кан Манастын айкөлдүгүнө тан бердим. Элди талоонго албады, жалаңдаган жер жайнаган аскерди найзалап, же балталап, кылычтап салбады. Кечиримдүүлүгү зор экен, ал тургай бизге салык салбады. Андыктан азыртан камыңды көрө бер, балам. Манас Бежинге барганда ошондо күчүңдү көрөм. Бүгүнчө кудайлап туралы, анткени кудай деген кур калбайт. Бир күнү өзү шаң берер, ошондо бир келген шаңды кетире көрбө! — деди Алооке уулун аяган тейде.

Атасынын сөзүнөн кийин Коңурбайдын тили байланды. Жүрөгүндө өчпөс кек калды. Оо бир топтон кийин ордунан туруп, качкан журтка кошулуп, көчкө шайланды. Төрт айга калбай Анжиян калаасында бир да кытай, калмак калбады. Баары жыла качты. Манас келсе жери бошоп калганын көрүп, чоң казан асты, той баштады.

## АЛМАМБЕТТИН ОКУЯСЫ

Алмамбет Бежиндин аскер башчысы Соорондук дегендин элүү төрт жашка келгенче балалуу болбой жүрүп көргөн уулу. Аялы Экзер эркек төрөгөндө чоң той берген. Тойдо баланын атын коюп берүүнү өтүнөт. Эл балага ат таппай турганда, кайдан жайдан дубана пайда болот да "Алмамбет" деп коёт. Ал кыргыз дубанасы болуп чыгат.

Алмамбет бала кезинен боорукер, калыс өстү. Он төрт жашынан атасынын ордуна такка отуруп, адилет бийлик жүргүздү. Арыз-муңун айтып, башка кандыктын элдери Алмамбетке качып келе баштаганы көрө албастыкты жаратты. Журт арасындагы калыстыгы башка кандардын күнүчүлдүгүн туудурду. Ал илгертен колдонулуп келген, кытайдын адат-салты — улуктун урматына адамды курмандыкка чалуусуна жана кан үчүн жетилген кыз, балдарды өлтүрүп, алардын боорунан адамды жашарта турган дары жасаган жосунсуз жоруктарына караманча каршы турду.

Ушуга окшогон Алмамбеттин аракеттери Эсенканга жакпай калды. Чоң ордо кеңешинде анын акылчы аярлары* түз эле айтышты:

— Бул бала түбү бизге эл болбойт. Өлтүрүп салып эле кутулбасак, андан жөн кутулбайбыз, — деп чуру-чуу түштү.

Кан ордо аярларынын пикирин баалады. Эсенкан кармап өлтүрмөкчү болгонун Алмамбет билип калып, ордодон качып чыкты. Жолун тоскон кандын Мурадил, Жолой, Коңурбай өңдүү баатырларын жеңди. Бирок жалгыздык кылып, аларды өлтүрө албай арманда калды.

Жолдон Көкчөгө жолукту. Экөө атасы Айдаркандын өргөөсүнө келди. Алмамбет кызматыңарда болоюн деген оюн айтты. Ошондо баш куттуктап коёлу деп Айдаркан менен Көкчө жылкы союп, эл чакырды. Жылкы дегени айгыр кардын жара тепкен байтал экен. Анткени малды өздөрүнөн да артык көргөн Айдаркан менен Көкчө түмөн жылкыдан тандап сойбой, айгыр кардын жара тепкен байталды ыраа көргөнү,



алардын сараңдыгынан кабар берип турбайбы. Айдаркан Алмамбетти төшөк орду, үстүндөгү үйү сенден деп кошунасы Меңдигулга кошту.

Ошондо казакты бир байытайын деп токсон жигит алып, калмак, кытайлардын жылкысына жортуулга аттанды. Биринчи эле жортуулда* сансыз жылкы тийип келди. Албай калдым деген казак экиден жылкы алды.

Экинчи барганда жыйырма миң жылкы, төө, уюнан он беш миң бодо айдап келди. Куугунга келген кытай, маңгулдардын башын жара чаап, аттарын олжолоду. Арадан эки жыл өтпөй айланасына эки миң кол топтоду. Сүт көл, май көлдө жашады. Алмамбеттин кадыр баркы күндөн күнгө көтөрүлдү, табармандыгына кыныгып калган казактар ага үйүр ала баштады.

Казакты байытам деп жүрүп, арадан кантип тогуз жыл өтүп кеткенин өзү да байкабай калды. Арызга келген элдин мүдөө талабын, арыз муңун кара кылды как жара бүтүрө берди. Ага-иниден чыккан чырды басып, дүнүйө жеп көнгөн казактар, Алмамбетти көрө албай өчүгүшө баштады. Каңгырап келген кытай калкты бийлеп алабы деп Көкчө менен Алмамбеттин ортосуна от жагышты. Кичүү жүз менен орто жүздүн өкүлдөрү Алмамбетти көрө албай арам кепке келишти.

— Талаалап жүргөндө жара тартып салбайлыбы! Кайсы кытай кун куумак эле? — деди өпкөсү жок Абай деген жигити.

— Эсенкан, Соорондук, Коңурбай, Жолой баш болгон баатырлардын сенче акылы жок бекен? — деп аны тыйган болушту. — Ал бир бычактан өлчү эр эмес. Ажалы жеткен эле бирөө барбаса, ага бирөө даап бара албайт. Айдаркандын

балдары ансыз бирдеме кыла албайт. Бул жерде чоң айлакерлик керек. Биз: "Акеркеч менен Алмамбет соо эмес. Бир күнү сени тындым жайлап, аялыңды алганы жүрөт", — деген ушак таратсак кантет?! Себеби Көкчө аябай кызганчаак эмеспи. Акеркеч дегенде өлүп берет, — дешти.

Сөз бекиди. Эртеси көп түкүрүп, көл кылды. Эр Көкчө кайда жүрбөсүн: "Аялың Акеркеч менен Алмамбеттин көөнү жакын экен", — деген сөз айтыла берди. Катынга кызганчаак Көкчө жөн турчубу, аялын каардап, жарга такады.

— Көкчө, Алмамбетти ким деп ойлойсуң? Көрө албастын сөзү да. Элдин тилине кирип, кайгырып калба, — деди Акеркеч сулуу. — Ал турганда сенин дөөлөтүң артат, корооң толот. Бузукунун тилине кирип Алмамбетти өлтүрсөң, артынан өзүң кетерсиң, — дегенде Көкчө ага-инини чогултуп, аныгына жетмекке жыйын курду.

Жыйында өөдө-төмөн сөз болду. Алмамбет менен Акеркечти каралашты.

— Орунсуз кепти көп сүйлөп, кудай уруп жүрбөсүн, — деди Көкчө көпчүлүктү көкүтүп.

— Ишенбесең алган жарың Буудайбектен сура, — дешти көпчүлүк баталашып, сөз бышырган Буудайбек ургаачыны күбөгө тартып.

— Баатырым, Акеркечтин көөнү сизден калганы качан, — деди Буудайбек бир ооз гана.

— Андай болсо Алмамбетти алып келгиле! — деп бакырды Көкчө, желдеттери Чаян менен Токторду шаштырды. — Алмамбет кулду соёюн, Акеркечти азапка салып коёюн. Надырбек балбан, Алмамбет кирип келгенде капылет баса жыгыл, жүрөгүнө канжарыңды матырып ал, — деди кыжыры кайнап.

Казактан кастык болот деп күтпөгөн Алмамбет салам айтып кирип келди. Баятан баатырсынып отурган бий, чоролор ордунан дуу тура калды.

— Эмне силерди арбак* урдубу?! Ажыдаар же арстан кирип келгенсип ордуңардан тура калганыңар эмнеси? Жай жайыңарга олтургула, — деди ачууланган Көкчө.

Кырк жигит кыркалекей отурганда Алмамбетке орун калбай калды. Ошондо аянбастан төрдө отурган Көкчөнүн сол ти-

зесин таяна отурду. Кымыздан жасалган аракка кызууланган Көкчө кимге ачууланып жатат деп ойлоду.

— Бузук кул, сага ачууланып жатам! — деп буту менен тээп жиберди.

— Эр Көкчө, мен көп көрүнүп калдымбы?! Күнөөм болсо бетке айт. Болбосо сөзүңдү кайтарып ал, — деди Алмамбет таң кала.

— Калаба кылып калаамы, кайдан келген кытайсың? Көп сүйлөбөй келген жагыңа кет! — деди Көкчө мастыгына салып.

— Атаңдын көрү, ит Көкчө! Сени кудай урду, адам болбой калдың, сен?! Эмне деп тантырап жатасың? — деди Алмамбет.

— Сураганын берип үйдөн чыгарып койгула.

— Сураганым Көгала ат. Ошого кошуп тонуңду бер кийейин, душманга барып кирейин.

— Атымды сураган бу кытайды кудай урганы турабы?!

— Элиңде туруп эркектенбе, жериңде туруп баатырсынба! Мен билем го, жериңден чыксаң кош кат аялдай бүжүрөп каласың.

— Кет десе кетпейт, кезенип неге кектейт?! Кудай урган кытай, барчы ары! — деп Көкчө жактырбай карады.

— Убадаңдан танба, эр Көкчө! Келе колуңду, — деп Алмамбет колун сунду, Көкчө колун сунганда катуу силкип ийди. Колу ооруксуп,башындагы кундуз бөрк* учуп түштү.

— Кулду кармап, мууздап салгыла! — деп жарыя айтты ызырынган эр Көкчө. — Качып кете электе кылычтап канын төккүлө! — дегенде бетинин түгү түктүйдү.

Алмамбет ордунан ыргып турду. Көөрүктөн чыккан жалындай оозунан көк түтүн чыкты. Кылычын кынынан сууруп, алдынан чыкканга айбат кылды.

— Өчөшүп бөөдө кан төкпөйүн. Итчилик кетсе, Көкчөдөн кетти. Менден кеткен жок, сабыр кылайын. Өзүм кетип тынайын, — деп эшикке бет алды.

Алмамбеттин айбатына чыдабай казактар тең жарыла берди. Ордодон чыга бергенде көйнөгүн шуудуратып, көздөрүн жоодуратып Акеркеч каршы алды.

— Алмамбет аяш, кайда шашып? Агадан ини таарынат. Өзүң көрүп турасың, Көкчөнүн мастыгын. Көкчө башынан

ким мурун сөз айтса, ошонун кебин сүйлөгөн көңдөй челек неме эле. Мастыгы тараса бузукуларды оң жолго баштап, муңканып алар, — деди.

— Ишенген тоом Көкчөбү?! — деп Алмамбет наалый өксүдү. — Эми кеч болуп калды. Эр сөзү эки болбойт. Аман бол, аяш, жолумду тоспо!

— Кетип кайда барасың? Же артыңда калың кытай элиң жок, же жердеп турар жериң, баш калкалар жайың жок. Кайда кетсең дагы айтып кет. Уккан, көргөн эл болсо, ушундай жерге барган деп кабарыңды билип турайын, — деди Акеркеч жүрөгү сыздай.

— Ата-энемди кечип, бул жакка келгеним менин арманым эмеспи! Өз элимди талап-тоноп, жат элди тойгузганым, жан бурадар Көкчө деп жайсыз жерди кармаганым, арман эмей эмне?! Тегеренип учармын, терек көрсөм конормун. Термелбестен көтөрсө, ошого жолдош болормун. Ак туйгун куштай учармын, кайыңды көрсөм конормун. Кайышпай кайың көтөрсө, ошо жерде болормун, — деди Алмамбет кабыргасы кайышып.

— Аяшым Алмамбет, кайда болсоң аман бол! Сени кудайга тапшырдым. Эми менин сөзүмдү жакшылап ук. Ашкере күнөө кылсаң да, арданбай турган эрди, так ошондой эр күткөн, таалайы артык элди айтам. Талаалатып жибербей, таяна турган жерди айтам. Ал кыргыздан чыккан эр Манас, журт көтөргөн кан Манас. Ал Айдаркандын Көкчөсүндөй неменин алтымышын көзгө илбейт. Төрүнө өтсөң жектебейт, кейишке салса кет дебейт. Пейлиңди билер киши ошо, — деп Акеркеч ак ниеттигин билдирди.

— Манасты кара сууга кан куйган канкор, калайыкка чаң салган анткор неме дешти эле. Биринен качып, бирине кантип барайын, аяш.

— Алмамбет, эми мени укпасаң тузума койдум. Жакшыны билбей жаман, жаманды билбей жакшы деп, жиндисин билбей бакшы деп тийишкениңди кой?! Миң күндүк бейиштен, бир күнкү жарык артык. Обу жок теңебе, айкөл Манасты, Көкчөдөй тар зулумга. Сөзүм эки болбосун, баатыр Манаска тийе өт.

— Аяш, мен үчүн Манастын баянын айтып баш катырдың. Убадамды берем, кайрылып өтөм. Эми көрүшкөнчө аман бол, аяш! — деп боздоп алды Алмамбет.

Алмамбет атын урдуруп, шашкелик жерге бурулуп, жаңгактуу жерге келгенде аттан түштү. "Балким, Көкчө мастыктан айтып койгондур. Мастыгы тараганда артымдан адамын жөнөтөр. Алыстап кетсем таппай калбасын", — деген шайтан үмүт күттүрүп койду. Көкчө ана келет, мына келет менен ышкын терип жеп жүрүп, үч күнду өткөрүп ийди. "Айдарканды сактадым, айылдын тузун актадым. Казакты байытам деп жүрүп, Айдаркан, Көкчө деп жүрүп, жакшы күндөрдү өткөрүп ийипмин. Эми алардын үйүн сагалап не кылам? Кой, бул жерден кетейин", — деп муңканган Алмамбет атына камчы уруп, кыргыздар турган тарапка бет алды.

## МАНАС БААТЫР ТҮШ КӨРҮП, ТОЙ БЕРИП ЖОРУТКАНЫ

Манас түндө түш көрдү, түшүндө сонун иш көрдү.

Түшүндө бөксө кара жол менен келатыптыр. Жолунда шакеги алтын, сабы жез, узундугу үч-төрт кез, сырты калың, мизи курч, алкымы түз, кайкаң уч кылыч жатат. Манас кылычты жерден аярлап алып, өткүрлүгүн сынамакка уйдай кара ташты бир чапты. Таш боор кескендей бөлүнүп түштү. Баатыр кылычтын өткүрлүгүнө жүрөгү кубанып байланып алды. Атын андан ары бастырып жолун улады. Бир аздан кийин караса кылычы салмактанып жер чийип калыптыр. Көп өтпөй байланган кылычы жолборско айланды. Куйругун бултактатып баатырдын соңунан ээрчип алды. Жолборс катуу күркүрөгөндө туш-туштан жан-жаныбарлар жыйылды, Манаска таазим кыла сыйынды. Айбанаттарды жай-жайына таратса, алиги жолборсу ак туйгунга айланды. Кукулуктап унчукса, куштан бөлөк үнү бар, куйрук-башы жаркылдап, куудан аппак жүнү бар. Айбат менен караса, алп кара куштай сүрдүү. Текөөрү болот, сары аяк, тепкенин соо кетирбестей алгыр. Канатын катуу күүлөсө добушу ачуу чыкты. Асманга учуп чыкканда, канат-



туунун баарысы астына келип жыгылды. Манас бүт канаттуу жанды койбой жайладым деп ойлоду. Ак туйгунун колуна кондуруп, кубанып келе жатканда түшүнөн чочуп ойгонду.

Кулундар желеге байланган, кымыз кылып, сабаа бышкан жаз айы экен. Манас туруп эле кырк күндө тойго келгиле деп журтуна кабар айттырды. Алтымыш чабарманды туш-тушка чаптырды. Эл бу кандай той деп аң таң калды. Тойго кожосу, каны, беги, карасы кошо келди. Үч жүз жылкы, миң кой байге сайып, чабылчу аттарды Коконду көздөй айдады. Байгеде эр Багыштын Сур-кийик күлүгү чыгып, олжосун кыргыз алды.

Коноктор тарап, өз калды. Он эки канат ак ордо үйдүн түндүгүн* көтөртүп, кырк чанач кымыз киргизди. Эр башына бир кесе*, сары аяктан тийгизди. Коноктон арткан шекер, бал, кошо кирди казы, жал. Бакай, Жакып, Акбалта баштаган кырк чоро уй мүйүз тартып отурду. Ошондо айкөл Манас астейдил түшүн жорутту.

— Ишиң оңолгон экен, баатыр Манас, — деп Ажыбай чечен октолду, түш жорууга токтолду. — Кытайда кан болгон Алмамбет Көкчөдө кызмат кылып жүрөт деп далай укканбыз. Ошо Соорондүк уулу Алмамбет жолборс оолугуп сени издеп чыгыптыр. Ак туйгун болгон кушуң, душманга тийген мушуң. Кашыңа келгени сыймыктуу эрдин баарысы сага сыйынганы. Бу дүйнөдө жолдошуң, а дүйнөдө колдошуң, келет экен түштөгү Алмамбет деген жолборсуң! Түшүң түшкө туш келсин! Башыңа бактылуу дөөлөт консун, оомийин! — деп Ажыбай колун көтөргөндө, баарысы жабыла бата кылды.

Жылуу сөз кабылан Манастын эбедей боюн эзилтип, эт жүрөгүн болкулдатты. Ажыбай чеченге ата салты кылып, алты

миң үйгө бий кылган, алты миң дилделик * бийлик тонун чоң салтанат менен кийгизди.

— Акылыңыз ташый берсин, чеченим. Өзүңүз тирүү турганда мен акыл, билимден өксүбөйм деп ойлойм. Ажы элеңиз, бүгүнтөн баштап бий болдуңуз. Куттук айтам, эч арыбаңыз! — деп куттук айтып турду айкөл Манас.

Отургандар ажынын бий болушу менен куттукташып, шаңкылдап күлүп алышты.

## МАНАС МЕНЕН АЛМАМБЕТ

Жуманын бейшемби күнү таң эртең Аккелте үнү жаңырды, алтын доол* кагылды. Бу кырк чорого кагылган жарлык. Аккелте менен алтын доолдун ачуу добушун угар замат Бакай, Кыргыл баштаган кырк чоро атка минди, мингенде да бат минди, куюндай ордону карай сызды.

— Каным, бизге кандай кызмат бар?! — деп ордого жетип келишти.

— Азаматтар, өз маалында келдиңер, — деди кан Манас карс-карс күлө. — Атты эт, эрди уйку баспасын. Көтөргөнүбүз туу болсун, көк жаңырган чуу болсун! Кийик издеп, аң уулайлы, адырдан кулжа, капчыгайдан бугу аталык, кызуу аңгемеге баталык. Кандай дейсиңер буга? — деди кан жайдары жылмайып.

— Урушарга жоо, урунарга тоо болбогон соң, аң уулаганыбыз эп, Манас баатыр, — деди кашкөй Бакай кары.

— Анда эң сонун. Өзүбүз да жан казан ашын сагындык, жай билбеген катынга жакшы эле жатып багындык, — деди Манас, минер аты шай, кокус уруш чыкса бирден тулпары даяр турган кырк чорого.

Ошентип он беш күн аң уулашты, кызуу аңгеме курушту. Кийик, бугу, марал, аюу, жолборс, аркар, кулжа, жапайы төө олжолошту. Алчасы чирип дөң, алмасы чирип көң болгон Саяң-Жайнак, Ара-Көлдө уу кылып, каз, өрдөгү жайнаган, көп булагы шылдырап аккан Көтөлөк деген жерге келип, теребелди суктана караШты.



— Көтөлөк деп калмактын койгон аты, — деди эр Манас кырк чоросуна мыйыгынан жылмайып. — Сайы кенен, өзөнү ортодо, ой-тоосу малга жайлуу экен. Жердин атын өзгөртсөк кантет, Бакай аба? — деп жооп күтүп калды.

— Кандын сөзү эки болбойт. Өзгөртсө өзгөртөлү. Мындан ары бул жердин аты Талас болсун, Таластын ээси Манас болсун! — деп бакылдады абакеси кан Бакай.

— Кан Бакайдын сөзү эп келди. Биз да ага макулбуз, — деди кырк чоросу баш ийкей.

Ушул учурда Алмамбет кадырлашы Көкчөдөн айрылып, жол азабын тартып, таңдайы кургап, эрини чарт кесилип, көзү сүзүлүп келаткан. Жалгыздык жанга баттыбы, же ачкалык катуу кыйнадыбы, айтор, бу дүйнөдөн күдөрүн үзгөн Алмамбет ичинен күңгүрөндү: "Оо, кудай, ажалды берсең жайлуу жерден бере көр. Алсырап жатып калсам артымдан издеп келер иним, же жанымды сурар балам жок. Тагдырдын дабаасына моюн сунбаска аргам калбады. Ушинтип ай талаада өлүп каламбы?!" — деп көзүнөн жаш нөшөрлөп акты. Аттын башын бош коё берип, тоодон белге, белден түзгө түштү. Сазга айланган көлмөгө кабылды. Көлмөдөн суу кушунун баарын көрдү. Ызылдап учкан ызгыч ойкуп-кайкып келип, Алмамбетти канаты менен сабап, кыжырына тийип кетип атты.

— Ызылдаба ызгыч куш, канаттуудан сен жалгыз, Айдаркандын Көкчөсүндөй кара баштан мен жалгыз. Койсоңчу ызгыч, кордобо! — деп жаасын алып, атып ийди.

Шуулдап учкан жебе, асманда сызган ызгычтын канатына тийип, алдына "топ" этип кулады. Алмамбет ызгычты алды.

Сынган канатына кара дарысынан сүйкөп, кайра учуруп ийди. Учуп кеткен ызгычтын артынан серепчилей караган баатырга аркы белден Аккула атын алкынтып, байкап турган эр Манасты көрдү. Манас да Алмамбеттин жан түтпөс баатырлыгын, алыскы ишти ойлогон акылмандыгын туйду. Кырк чоросуна жетип сүйүнчүлөдү.

— Жигиттер, мен Алмамбетти көрдүм. Эр мүнөзүн, айбатын арстанга тең көрдүм. Жергеңде жүрсө жектебей, чыр кылса көтөрүп, осол көрүп кектебегиле, — деп Манас беш баатырга акылын айтты. — Жортуулга чыккан болуп, тоноп тонун алгыла, жаның тирүү калбайт деп жүрөгүн сынап көргүлө. Жок сөздү айтып чуулдабай, адеп сактагыла! Кытайдан келген эрдин кадырын казак билбеди, каңгытып кууп жиберди. Азап жеп турган баатырды ызалантып албагыла. Кандай болгон күндө да аттан түшүп, саламын айтсын. Андай болбойт экен менден көргүлүктү көрөсүңөр, — деп кан Манас Күлдүрдүн уулу Чалыбайды, күлдүргүчү Ажыбайды, сырттаны Сыргак, Кутунай, Чубакты Алмамбетке жөнөттү.

Калган көй* төрөлөр ордо атканы киришти.

Капылеттен ат койгон беш баатыр жеп ийчүүдөй айгайлады. Алмамбетке чукул жерден кол салган тигилердин айгайын сезип да койбоду. Баатырдын эрдигин көрүп, кайраты кайткан беш берендин айбаты шылкыйып, Алмамбет менен катар бастырууга аргасыз болду. Сыргак тепеңдеп жол баштады.

Белден аша бергенде көп адам көрүндү. Манас айткандай эки жүзү ордо атып, чатыраш ойноп, кырк-элүүсү чакмак топташ алыптыр, кумалагын салыптыр, оюнга кызуу батыптыр. Жамбаштап жатканы андан көп. Беш баатыр менен келген Алмамбетти капарына алган пенде жок. Төрт төбөлүү, көк чатырда олтурган кан Манаска Алмамбет бастырган бойдон барды. Манас кандын: "Атчан салам бердирсеңер жаныңардан үмүтүңөрдү үзүп койгула", — дегенин эстеп, беш баатырдын эт жүрөктөрү титиреп кетти. Эч кимиси арга таба албай туруп калды.

Ажыбай чыдабай кетип, Алмамбетти чылбырдан алып токтотту.

— Кадамың кут болсун, баатыр! Каалап келген кыргыз журтуң бар болсун! Капаланган түрүң бар, арийне, ал да тагдырдын жазмышыдыр. Улук болсоң, кичик бол, каныбыздын каары катуу, бизге тийбесин сааты. Жоругун жан билбеген, жоомарт эрдин бири ушу. Жоо көрбөсө буулуккан, баатырдын баатыры ушу. Атчан салам берүү салтта жок. Аттан түшүп, ызат менен баруу, салам айтуу баатырдын наркы, — деп Ажыкең жылоодон алды.

Ажыкеңдин жылоодон алган жылуу мамилесине эреркип кеткен Алмаңдын көзүнөн жаш кылгырып кетти.

— Кандыгым колдон кеткенин, башыма балээ жеткенин, өзүм азапта экенимди байкабай жүрүпмүн. Кантейин, башка түшкөнүн көтөрбөскө аргам жок. Кайгым жаныма батып, төрөлүгүм төмөндөгөн неменин. Муну кимден көрөмүн, — деп салам берди.

Манас менен Бакай алик алды. Кол берип учурашып эки эрдин ортосунан орун тапты. Айкөл Манас Алмамбеттин ачкалыгын билип, ашпозчуга тамак алып келүүнү буюрду. Мажик баатыр эки желдетке көтөртүп жылкынын чүйгүн этинен, бал чайкаган кымыз алып кирди. Алтын кесеге бал кымыз куюлду, Алмамбетке сунулду. Ал Бакай абам алсын деп чоң ызат кылды. Канча күндөн бери ачка жүргөн Алмамбеттин бир жуткан кымызы өзөгүнө түшүп, тырпырап жатып калды. Өлүп калып тирилгендей эле болду. Акыры эсине келип, тамагын жеди, көл-шал болуп терледи. Тыңып акылына келгенде Манас суроо салды.

— Баатыр, кайсы элденсиң, жериң кайда? Кийген кийимиңе караганда кытай уругунансың го. Тегиң, атың ким?

— Барар элим, батар жерим жок. Каңгып жүргөн каңгаймын*, баатыр! Бабам Чылаба, Чылабадан Солобо, андан Соорондук. Ошо Соорондук дегендин Алмамбет деген бакырымын, — деди көзүн каканактатып.

— Калабалуу кырк баатыр, кан тартуусуз түшпөйт. Тартуусун тез камдагыла. Күлүк тартуулап, баш тулпар байлагыла. Аккүбө* тонун жапкыла. Баатырдын көөнүн тапкыла. Менин аялуу мүлкүм Аккелтени, учтуу Сырнайзаны бергиле. Алтын саптуу Ачалбарсты белине байлагыла. Кыргызга кыз-

мат кылбаса ала кетсин, каапыр да болсо улуу журт, калың кытай элине, Каканчын Бежин жерине, — деди эр Манас айкөлдүгүн билгизип.

Ачып көздү жумганча кырк чоро кулагында шамы бар, куюндан бүткөн жаныбар, алтын ээр, сырдуу каш Аккуланы баш кылып, тогуз ат жетелетип келди. Алыс, жакынды ылгабаган, түтүнү туман, түбү Ыспан*, аткан огу жөн учпай, ажалдуу жанды издеген Аккелте мылтык ээр кашына илинди. Эшик эндүү Айбалта канжыгага байланды. Ээр башына Сырнайзаны сайылтып, асабасын жайылтып, Ачалбарсты кошо илди. Манас өзүнүн жоо-жарагын, ат-тонун бергенге журту таң кала карады.

Сары улакты садага чаптырды. Чоң куржунду ачтырып, Алмамбеттин башына кырк миң дилде чачтырды. Алты челек май даярдатып, Алмамбеттин башынан айлантып, алтымыш тайган- итке жалатты.

— Кан түшүрүүдө байге чабыш илгертен кыргыз наркы болгон. Ат чабылбай кан болуу, бу жаман жорук, — деди такалган жерден сөз тапкан Серек чоросу.

— Серек туура айтат. Ат чабылбай кан болбойт. Карап турбай ат чапкыла, — деди Манас.

Аттардын көкүлүн көккө түйдүрдү, ат чапкан балдардын баарына арчындап жоолук байлатты. Аккулага минген баланы аттан түшүрүп: "Ат меники, мен муну байгеге чаппайм", — деп Алмамбет алып калып, Сарала күлүктү кошту.

— Баатыр, байге сайбай ат чабуу наркта жок. Байгеси кандай болот? — деди чоролор.

Мурда камдап койгон байге болбогондон кийин, не кылар айласын таппай Манас баатыр ойлонуп калды. Ошондо баягы Серек дагы айла тапты.

— Өзүңөр көрдүңөр каныбыз Аккуланы Алмамбетке тартууга берип салды. Алмамбет аны байгеге кошпой алып калды. Талаада жүргөн каныбыз байгени кайдан тапсын. Атты чапкан өзүбүз. Эгер макул көрсөңөр адамдан байге салалы. Ушинтип Алмамбеттин көңүлүн бир көтөрүп алалы, — деген Серектин кебин Манас эп көрдү.

— Силерди бирөө олжолоп алып кетпегенден кийин байге боло калгыла, — деди Манас.

Кан өзү айтып жаткандан кийин Бозуул башчы болуп он жети жигит келди. Башкы аттын байгесине жети, экинчиси үч, андан кийинки чыгып келген аттарга бирден жигит сайылды. Тогуз аттын бирөөнө байге жетпей калганда: "Мына, мен байге болдум", — деп Мажик баатыр өзү басып барды.

Ана-мына болгончо, ачып көздү жумганча чапкан аттар келип калды. Сарала биринчи келгенде Бакай, Кыргыл, кырк чоро айгайлап, Алмамбеттин көңүлүн бир көтөрүп алды. Экинчи болуп Бакайдын Салкызылы, үчүнчү Кыргылдын Шалторусу, төртүнчү Ажыкеңдин Аксуру, бешинчи Сыргактын Көкказыгы, алтынчы Кутунайдын Аркарбозу, жетинчи Чубактын Көктекеси, сегизинчи Токотойдун Торусу, тогузунчу болуп Мажиктин Төөсур аты келди.

— Ээ, эр Мажик, сен эмне атың менен сүйлөшүп койдуң беле?! Так өзүңө Төөсуруң тогузунчу болуп таанып келди, — деп жардап тургандар кыраан каткы күлүштү.

Алмамбет сыр бербеди. Баш байге болгон жети жигит: аксакалы Бозуулу, Жооранчу, Тоорулчу, Кербен, Бөгөл, Алыке, Тазбаймат Алмамбетке барышты. Басса-турса тигилип, Алмакелеп турушту. Түшсө атын алып, отурса орун салышты. Алмамбетке ал жетөө уйгактай эле жабышты.

Манас, Бакай, Кыргыл баштап, кырк чоро баарысы Алмамбетти барктап калышты. Эки күн өткөндө Алмамбеттин үстүнө эл жыйылып барды.

— Алмаке, Жакып деген атаң бар. Ошого барсак кантет? Жүр десең жүрөлү, сени менен доор сүрөлү. Чап десең кылыч чабууга биз даяр. Алдыңдагы жети баатырды кайда кетсең ала кет. Кетсең кетип түңүлдүк, турсаң тутуп сүйүндүк! — деди Ажыбай чечен Алмамбеттен көз албай.

— Бу куу башым далайды көрдү. Көкчөдөн таарынып кеткеним чын. Үч күн, үч түн күтсөм да урматы болбоду. Арстан Манас жөнүндө жаман сөз гана угупмун. Өз көзүм менен көргөн соң айраң калып турам. Падышанын падышасы, айкөлдүн айкөлү экен. Жигиттен калган көөнүм бар. Ырас, ичимден кубанып турам, силерге туш келтирген таалайыма миң мертебе

ыраазымын. Тур дедиңер турайын, куусаң кетпейт, ырыс бак. Кудайым бизге ынтымак, ырашкерлик берсин! Мына ушуну кудаадан сураналы, — деди.

— Бали, акылыңа Алмамбет!

— Ырыс алды ынтымак! — деген ушу деп көпчүлүк дуу бата тиледи.

Манас Алмамбеттин чечимине көөнү жайланып, жүрөгү көлдөй толкуду.

## МАНАС АЛМАМБЕТТИН КЕЛИШИНЕ ТОЙ БЕРИШИ

Үйгө кайта турган маал келди. Кан Бакай кырк чорого:

— Бай Жакып менен Чыйырды байбичеге кабар айткыла. Алмамбет деген балаңар келатат деп сүйүнчү алгыла. Алмамбет каныбыз Манас баатырдын учам десе канаты, коном десе куйругу. Ал да Теңир буйругу. Жекеге чыкса найзасы, чабыша кетсе кылычы. Жаңы келди дегиле, жалпы кыргыз ырысы, — дегенде Жоорунчу, Бозуул баш болгон төрт чоро Кырчында турган бай Жакыпка жетип келди.

— Сүйүнчү, Жакып ата, сүйүнчү! Качырганы жолборстой, кайсаганы арстандай, эригишкен душманын соо койбогон Алмамбет балаңар келатат! — дешти.

— Манасым он беш жашында түш көргөм, — деп сөз баштады кубанып кеткен Чыйырды байбиче. — Ошондо Алмамбет жанында жүргөн. Он алты жылдан бери балам качан келет деп күтүп жүргөм. Эми келген тура. Куданын ушунусуна миң мертебе ырахмат. Сүйүнчүңөргө төө баштаган үч тогузду төртөөңөр бөлүп алгыла. Боз жоргону токуй салгыла. Өзүм астынан тосуп чыгам, — деди сүйүнүчтөн карбаластаган эне.

Жакып алтымыш карыя, Чыйырды он эки кемпирди ээрчитип жөнөп калды. Мурун жеткен Жакып бай: "Каралдым, балам келдиңби?" — деп кучагына жыгылды. "Анык атам ушу экен", — деп Алмамбет атасынын жакасын аябай эле чыктады.

Ал аңгыча артынан жете келген Чыйырды байбиченин



эмчеги Алмамбетти көргөндө жаш төрөгөн келиндей ийип кетти.

— Манас балам, аттан түшүрчү. Бала кезде далай эмчек эмгенсиң. Эми да ээмп бергин, Алмамбет экөөңөрдү эмчектеш кылып коёюн, — деп Чыйырды энелик мээримин төктү.

— Энеке, мамаңды мага да бергин! — деп Алмамбет чуркап барды.

Манас оң эмчегин, Алмамбет сол эмчегин сорду. Эмчектин сүтү таттуу эмеспи, эмчектеш болгон эки баатырды аябай жыргатты.

— Отуздагы эки балам зоңкоюп эмчек эмди, — деди Жакып күлүп.

Манас Алмамбеттин урматына сексен бээ союп, чоң той берди. Кымыз ичип, суусун кандырып отурган маалда Алмамбет чыгаан:

— Манас баатыр, башында марттык кылып Аккуланы мага берип салгансың. Пейлиңди байкап көрөйүн деп макул көрүп алгамын. Ар кандай тулпар минсең да, арманың аттан арылбас. Атам Жакып менен энем Чыйырдынын урматына атыңды кайра кайтарып берем. Мага Сарала ат кут кылсын, сага Аккула кут болсун! — деди баарын кубандырып.

Анан ат чабыш башталды. Жүз жылкы, бир миң кой байге сайылды. Аты чыккан байге алды. Бу сапар Алмамбеттин Сараласы бешинчи келди.

# БАЙ ЖАКЫПТЫН КАН МАНАСКА КЫЗ ИЗДЕШИ



— Ата, сага эмне болду? Баланы үйлөнтмөк ата парзы эмеспи, — деп кайсы бир күнү маселени кабыргасынан койду, баатыр Манас.

— Кайып кызы Карабөрк, Шоорук кызы Акылай урушта тартууга келген немелер. Алигиче жүрөм, көңүлүм толбой, кыз алгандай болбой. Кулдук уруп дайындап, куда болуп кайындап, ата салты менен кыз алып бер. Ошентип, карызыңдан кутул, атаке, — деди мыйыгынан жылмайып.

— Кана, айтчы балам, сага кандай кыз алып берсем болот?

Жакып камкор унчукту.

— Анча-мынча кеби бар, жандама күткөн эри бар, бийдин кызы болбосун. Аалымдыгын ашырып, ар иш кылса жашырган, пирдин кызы болбосун. Тууруктаман, тултук бет, тилин туура чайнаган, кул кызынан болбосун. Эркелетип өстүргөн, өз алдынча кашка өскөн кандын кызы болбосун.

Жылдызы ысык, жылуу сөз, чырагы жарык, жоодур көз, акылга терең кызды көрмөккө аянбай көзүңдү ач, ата. Акыл менен эр баккан, айла менен эл баккан, баркын билип мал баккан, ойротто жок уз болсун, ою терең кыз болсун! Болсо болгондой, көңүлгө толгондой болсун. Баланы ата үйлөнтмөк, илгеркинин салты экен. Жаман да болсо балаңыз Манастын даңкы бар. Калыңдан, дүнүйө мүлктөн кам санабаңыз, өзүм табам, — деп баласы атасын жолго аттандырды.

Бай Жакып Бооке, Меңдибай, Жоокени, алтымыш жамбы пул*, кызматка бир кул алып, кудаа деп кыдырып кетти. Жызакты кыдырып, Сары дайрасын кечип, көөнүнө кыз толбой, Ташкен шаарына келип кирди. Ал жерден да ылайыктуу кыз таппай, Букар шаарын аралады. Карыган чакта баласы Манас, атасы Жакыпка кыз издетип, куп эле кыйнады. Акыры чарчап, айласы алты болгондо Букар кандыгынын жасоолу менен корбашына эки жамбы пул берип:

— Шаарыңарда канга ылайык кыз барбы? — деп сурады.

— Бар, — деди Алым деген мырзасы. — Мен аны көрсөтөм. Кыздын аты Санирабийга. Кырк нөкөрү, өзүнчө кенизеги* бар. Аны эркек пенде көрө элек. Кыз жактырбай кыдырып жүргөн экенсиз. Бир жакса, сизге ошо кыз жагат. Бирок кыздын колун сурагандардын далайынын башы кетти. Ошон үчүнбү, эч ким батына албай жатат, — деп Жакыпты катуу коркутту. — Карыя, тээтиги бактын ортосундагы көлмөнү көрдүңүзбү? Көрсөңүз, ошол жерде Санирабийга күндө кырк нөкөрү менен сууга түшүп, бакчада оюн куруп кетет. Сиз кызды ошол жерден байкасаңыз болот, — деди жамбыны койнуна жымырып.

Бай Жакып Алым айткан камыш арасына келип жашынды. Көлдөн көзүн албады. Аңгыча чылк жибек оронгон топ кыздар топурашып, шаңкылдай басып бакка келишти. Он алтыдагы кызыл жүзү нурданган, аркасы кайкы, аркар төш, ай чырайлуу бото көз, кырк кыздын ичиндеги жанган жылдызы Санирабийганы көрүп Жакып жактырып калды. Кыз абдан боорукер, үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, жетишпедим дегенге жеңин кесип бергидей берен көрүндү. Дүйнөдө жок сарамжал, жоктон бар кылган кастарлуу жайы бар экен. Эрге кылар кылыгы, эми эле келген келиндей он асыйга тең экен деп кызды сынап өттү.

Ал бекинген жеринен чыгып, ордодогу супага барып, даңкайып отуруп алды.

— Карыя, кайдан келдиң? Эмне кылып жүрөсүң? Айдаган малың, артынган пулуң жок, аркадан келген немесиң го, сыягы. Бул жерге отурбай башка жерге бар, — деп эки желдети теминип кетти.

— Эй, баатырлар, абайлап сүйлөгүлө! Кыйынсынган өзүңдү ойрон кылып жүрбөйүн. Кырк бир кыздын болжоп көрдүм мүнөзүн. Ботодой бели ийилген бирөөсүн жактырдым. Ал бектин кызыбы, кандын кызыбы билбедим. Кызыңарга жуучу түшөйүн деп турам. Каныңа айт, мага көп эле тийише бербесин. Ошондо жаныңар калат, — деди Жакып.

— Аркалыкка кыз берер акмак жок! — деп бек катуу ачууланды.

— Жаныңдан тойдуңбу, шүмшүк чал. Темир кан укса каныңды кашыктап ичет. Кыздарды кайдан көрдүң? Тегиң ким? — деп сурады бек опурулуп.

— Тегим кыргыз, келген жерим Алтай, турган жерим Анжиян. Атам Ногой, атым Жакып. Кызыңды бактан көрдүм. Буюрса, кызыңа жуучу түшөм. А сен аны билбей өлтүрөм деп коркутасың. Өлсө бир чал өлөт, кетсе бир чал кетет. Бирок тажик журту да ошондой өлүмгө кезигет, — деп моюн бербеди бай Жакып.

— "Кыз издеп жүрөм. Алтайдан келдим, Анжиян жерим. Кызыңарга жуучу түшүп келдим", — деп ар балээнин башын бир айтып, бизге опурулду, — деп Акылбайыс бек каны Темирге чыпчыргасын коротпой айтып келди.

— Кыздарды кайдан көрүптүр, ал шүмшүк! — Ачуулана кыйкырды Темир кан. — Кызды кимиси алат экен, инисиби, же баласыбы? Ошону билгиле. Балким, эл арасына от койгону жүргөн шумпайдыр. Оңой-олтоң көрүнсө тез тындым кылгыла, — деп бегин кайра жөнөттү.

— Ээ чал, кайдан келген машайыксың? Кыларга ишиң жокбу? Кет бул жерден! — деди бек опурула.

— Конок келсе кожоңдоп, кул-кутаны тилдеген, калкың менен куруп кал! Ээ, каадалуу нуска билбеген арам, кыз үчүн мени кыйнаган баламдын аты Манас! — деп безеленди.

Эр Манастын атын укканда төрт бектин алкымы жүрөгүнө тыгылды. Абдыкалык дегени канга жетип жыгылды.

— Каным, конокту билбей туруп мазактаганыбыз чекилик болуптур. Эми ошо азап өзүбүздүн башыбызга түшпөсө эле болду, урматтуум! Карыя атагы чоң Бежинге угулган баатыр Манастын атасы тура, — деди бек башын көтөрбөй.

— Жуучу болуп, кыз издеген карыяны улуктар жатчу кербен сарайга алып баргыла. Кайсы кызды жактырыптыр, аты, жөнүн билгиле, — деди тынчы кеткен Темир кан шашыла.

— Мен жактырган кыздын аты Санирабийга. Аны бакчаңардан көрүп, жактырдым. Эми колун сураганы турам, — деди чекеси нымшып, бектер менен чайлашып отурганда.

Эртеси ордодон ошо кызды кайра көрдү. Сурамжылап, ал Темир кандын кызы экендигин билди. Бектерди кайра чакыртты. Талапты катуу койду.

— Жактырган кызым кан кызы. Бербесе бербейм десин. Берсе берем деп айтсын. Атасы илгеркинин салты кылып, бата аягын жесин! Жообун тез берсин! — деди Жакып.

Темир кан катуу ойлонду. Журт чыгаандарын чогултуп жыйын курду.

— Урушчаак короздой койкоңдогон чал баласы Манаска кыз издеп жүрүп, биздин элге, биздин жерге туш келиптир. Кызыңды балам Манаска бер деп маземди алды. Буга не дейсиңер, журт чыгаандары, — деди оюн ортого салган Темир кан. — Кызды бербей койсок, өчөгүшкөн кыргызды жеңе алабызбы?! Угушубузга караганда бири миңдик дейт, карсылдашкан душмандан качпай турган нарктуу дейт. Бака-шака чабышып, калабага киришип, кармашарың барбы?! Алтайдан келген кара кыргызга, ажыдаардай октолуп, арбашарың барбы?! — деп Темир кан килемдин үстү менен ары-бери басты.

— Кыз алып, эркек кетмек, талабына жетмек бар. Кабылан Манас баатыр кара кыргыз каны экен. Мүнөзү канга ылайык жан экен. Айтор, атасы да оңой жан эмес экен, — деди Абдыкалык бек. — Калайык менин сөзүмдү эп көрсөңөр, мындай кылалык, — деп көзүн жүлжүйтүп, куулана кебин улантты. — Ар түркүн өңдөгү арбын мал, дүр дүнүйө, жамбы, пул салалы. Ошондо убара болбой кетип калабы.

— О, берендерим, көп мал салып кыргызды коркута албайсыңар, анткени алар мал жандуу эл, — деди чыдамы чыркыраган Темир кан.

— Ошентсе да алтымыш төө айталы. Отузу ургаачы, башы кара, өңгөсү ак, отузу эркек, жамы бою капкара, башы жалаң ак болсун. Беш жүз жылкы айталы. Баарынын маңдайында

агы, тумшугунун үстүндө нокто кескен тагы болсун. Жүзүнүн куйругу кара, башы ак болсун. Чабдар менен торудан жыйырма бештен, кара жалдуу куладан элүүдөн эсеп алгыла. Экиүч асый буканын элүүсү ак, элүүсү кара, өңкөй кара өгүздөн элүүнү, сараладан жыйырма беш, караладан жыйырма беш өгүз болсун. Кызыл алтын дилдеден, кыргыз билбес дүйнөдөн кырк миң дилде, жамбыдан* бир миңди алгыла. Ушуларды кыргыз кыйналсын табалбай, кызды калсын ала албай. Мындай дүйнө кыргыз эмес, калың кытайды түрө кыдырсаң да табылбайт. Ушуларды угузуп, узаталык куу чалды, — деп Темир кан таажысын кийди.

Жакып кирип келгенде улуксунган Темир кандын үрөйү учту. Айбатынан алсырап, кайратын көрүп кайгырды. Кан Манастын атасы экени анык билинди. Оозунан алласы кеткен Темир кан саламга араң келди. Жакып алик алып, оң жагынан орун алды.

— Куш келипсиз карыя! Кабар айттырып койсоңуз, кастарлап тосуп алмакбыз, — демиш болду, Темир кан жумшак жылмайып.

— Урматтуу кан, балам үчүн кыз издеп көп жерди, нечен элди кыдырдым. Акыры сиздин элиңизден таптым, балам Манаска жакчу кызды. Нике кайып дейт, көңүлдөрү төп келсе экөөнү баш коштуруп койсок деп жуучу түшүп келдим, — деп жөнүн айтты кан Жакып.

Меңдибай, Боокени чакырып, куржунга колун салды. Күмүш жамбыдан тандап онду, акча ордуна жүргөн күмүштөн онду, тай туяктан* онду, алтын жамбыдан бирди алып, бата аяк деп берди. Олтургандар Жакыптын жоомарттыгына, оңой чал эместигине тан берип, таңданып турду. Чалдын жүргөн жери шекер-шербет, бал, билинбей алып жүргөнү бир кыйла дүнүйө, мал экен дешти. Темир кан да бош келбей көп сарппай* кийгизди.

Кызыгы Жакып үйүнө келгенде болду. Эл чакырып, чыгаандын баарын жыйды. Шаар, калаа, айыл кыдырып, акыры Темир кандын жерине туш келгенин, Санирабийга деген кызына жуучу түшкөнүн, малдын өзүнөн эле өңдөрү башка көп калың салганын айтты. Кыргыз: "Калыңдан көп мал салып,

бизди коркута албайт! — деп каткырык салды. — Көп калың айтсак, коркуп келбей коюшат", — деген тажик кайыңдарга бир көрүнүп коёлу дешти. Көп түкүрсө, көл болот дегендей кысталышта баарысы, кылат экен намысты. Үйлөнөм деген каныбыз, баатырыбыз Манастан кантип аяналы деп калыңдын көбүн ыкыбалдуу эл көтөрдү. Жоомарттыгын билгизди, Темир кан салган калыңдан беш эсе артык мал санактан өттү. Куржун толо күмүш, алтын жамбы, пул чогулду.

## МАНАСТЫН КҮЙӨӨЛӨП БАРЫШЫ

Бай Жакыптын кулдук уруп, кудаага баруу камылгасы бүттү. Жолго шайланды, малын айдатты. Кудаа болгон бай Жакыпты аксакал карыялардан тогуз миңи, кудагыйы Чыйырдыны тогуз жүз кемпир, күйөө бала Манасты он эки миң жигит жандады. Кырк чоро миңден адам алып кырк миңге жетти.

Өрүктөн комуз чаптырган, чарасын терең ойдурган, ичеги кылын тактырган комузчудан жүз болду. Кош ооз кернейчиден үч, сыбызгы*, чоорчудан отуз жети, айчыгы* алтын, найы жез сурнайды тарткан алтымыш төрт жана элүү өнөрпоз кудаага шайланды.

Ырчылар ырын ырдады, баатырлар боюн чыңдады. Кой айдатып чубатып, уй мөөрөтүп, жылкы кишенетип, көчкөн журттай алкылдап, он эки күн жол жүрдү. Он үчүнчү күнү кудаалар Кыйбага барып конду.

Темир кандын бир жигити кудалап келаткандарды көрүп, жүрөгү түштү. Жоо келаткан экен деп ордого шашылыш кабар айтканга чү койду.

— Дагы кандай балээге калдык. Жердин тозоңу чыгып асманга, кайнаган калың кол келатат! Жоо келатат! — деп жаны чыкчудай айгай салды.

— Жоо келатат. Тезинен аскер жыйылсын, арбагына сыйынсын!

Кан шашып калды.

Ордодогулар ары-бери шашып, эл кымгуут түшүп калганда Ажыбай, Чалыбай, Кутунай Темир канды көрмөккө чаап барып калышты.

— Кутманым кудаа, алладан бүткөн кудаңыз келди, — деп Ажыбай салам айтып кирди.

Айтып оозун жыйганча отуз миң койду көчөмө көчө чубатып, кой башчысы Коңурат: "Кандын малчысы кана?! Койду өткөрүп алсын!" — деп бакырды. Артынан жылкы башы Саламат үч миң жылкы айдатып келип, шаштырып турду. Уй башчысы Делдеш тогуз жүз уй, төө башчысы Отор үч жүз төө айдап келип багып-күтүп алгыла деп айгай салды. Шаарга мал батпай кетти. Жылкы уйдун, төө койдун семизин көрбөгөн букаралыктар ооздорун ачып калды  Калыңга көп дүнүйө, арбын мал айтып келбейт деп Жакыптан түңүлгөн Темир кан айткандан беш эсе көп мал айдап келген кудаа тараптан алдастап калды. Кан башы менен мал, пулду кабыл алууга киришти. Ошентип жүрүп, кудаа тосконду унутуп калды. Ортодон бир күн өттү. Манас Ажыбайды чакырып:

— Коно турган жайын билип кел. Кыз кайтарган сакчыга ак жамбыдан аянбай бер. Атамын мактаган кызын көрөйүн, — деди көөдөн кере.

Ажыбай кечки бешимде баары даяр деп жетип келди. Ордо башчысы Маматбекке он жамбы санап берип, Ажыбай менен Манас кыз турган жайга өтүп кетти. Муну менен иш бүтпөдү. Жолунан кан кызын кайтарган жети кыз канжарын жаркылдатып жолун тосту. Башчысы Нааркүл деген кыз экен. Ажыбай жетөөнө жети жамбы берди. Кийинки бөлмөдөгү эки калча кызга да жамбыдан берип жолун ачты.

— Эми жолуң ачык, Манас баатыр. Өзүң бара бер, — деп шаштырды Ажыбай.

Манас ордодогу чоң бөлмөгө баш бакты. Туш тарабына коюлган отуз чырактан бөлмө күндүзгүдөй жарык. Жер үстүнөн көтөрүлгөн тактага алтын көшөгө тартылыптыр. Мамык төшөктө Санирабийга сулуу мемиреп уйкуда. Манас карап турабы шок колун кыздын койнуна салып жиберди. Кыз билмексен болуп, бой өлчөөсү болжолсуз, өңү айбаттуу, сөзү түз Манастан кеп сурады.



— Эшиктин алды көл эле, каз, өрдөгү көп эле. Атамын сансыз сакчыларынан өткөн, жети кенизек* кыздан, эки калча* кызды басып өткөн сен кимсиң?! Алтын көшөгөнүн боосун чечкен, таттуу уктап жаткан Санирабийга кызга кол жойлоткон сен кандай машайыксың? Ажалдан корксоң, дароо колуңду тартып ал! — деди Санирабийга нарк менен.

— Атаңызга мал берип, алтын, күмүш нар берип, кандын коргонун ачып кирген, мен Манас! Карк алтынды үрөндөй чачып келген, мен Манас! Ат бойлобос көлүңдү кечип келген, мен Манас! Каркылдатпай казыңды, кулдатпай кууларды, Санирабийга деген атыңды угуп келген, мен Манас. Ортосу жыпар парданы ачып кирген, мен Манас. Кудай койгон атым Манас, тегим кыргыз, — деди шок күйөө бала тарсылдап.

— Кыргыздын Манасы сен болсоң, Кыйбанын кызы Санирабийга мен болом. Аты Манас экен деп айтканга кантип көнөйүн. Атамдын үйүн булгабай, азыр чыгып жөнөгүн. Азыр чыгып кетпесең, анык сенин өлөрүң! — деп кыз колуна канжар* алды.

Манас кагып түшүрөм деп кол көтөргөндө канжардын мизи билегин тилип кетти. Чиенин өңүндөй кызарган канды көргөн күйөө бала жинденген бойдон сыртка шашты. Элине барып урушка какчу добулбасын кактырды. Самсып жаткан көп кошуун* атты көздөй жабылды. Абыр-шабыр ат минди, ат минсе да бат минди, калаага чабуул койду. Мылтыктуу мылтык октоду, саадактуу жаасын октоду. Бай Жакып менен Кө-

көтөй токто деп айгай салыптыр. Качырып кирген калың кол ошондо токтоп калыптыр.

Бир караса Темир кан алтымыш ат тартуулап, чапкылап келип калыптыр. Мынча келбесе тозокко калмак экен. Кудаага келген Кыргыл, Бакай карысын, кырк чоронун баарысын бектерге бөлүп берди. Күйөө баласы Манасты ээрчитип Темир кан ордосуна салтанат менен кетти. Кыргыздар боз үйдө жашайт дечү эле деп усталарды чакыртып, түндүгүн кайыңдан ийдирип, каалга менен босогону түрлөп чийдирди. Төрт жүз кийиз таптырып, мамык көрпө салдырып даярдап койгон ак өргөөгө Манасты кийирип койду.

Кызыгы ошондон кийин башталды. Күйөө бала Манасты кыз-келин кастарлап күтүп алды деп Темир кан карбаластап жүрүп, эсинен чыгарып койду. Манасты өз, же өзгө эстебеди. Же кырк баатырынан кабар жок, чоң өргөөдө жалгыз калды. Эки күн, эки түн наар албай, сүйлөшөргө жан көрбөй үңкүйүп отуруп калды, эстен чыгып эңгиреп.

Кырк чоросу Манастын көөнү эми тынды го, кыз-келин менен шарактап, оюн салып жатат го деп бирөөсү кабар алып койбоду. Баарысы кан Манастан бейкабар калды, каратаман кыргызды андан өткөрүп бакты.

Үчүнчү күнү кырк-элүү аял жыйылды. Күйөө баланы көрмөккө Капия деген кыйынга жолдошун кошуп, Манас турган бөлмөгө кийирип ийди. Капия кирип эле эки күндөн бери кудаа тараптан, же өз жактан кабар алган киши жок, каары кайнап турган баатырдын ыраңын көрүп: "Апаке!" — деп бакырып, эстен танды. Жолдошу качып кетти.

— Айланайын кыздар, нак желмогуздун өзү экен. Биздин кыз желмогузга кантип тийсин, — деп жолдош кызы жүгүрүп барыптыр, эси чыккан Капия небак өлүп тыныптыр. Өлдү деп дүрбөгөн топ аял Капиянын башын көтөрсө, анысы көзүн араң ачты. Салтанаты артык Санирабийга кыз Манастан эси чыгып талыганын билди.

Ошентип Манас каарын кимден чыгарарын билбей отурганда Бакай кырк чорого:

— Эр Манаска барсак кантет?! Ал азыр келин-кесек, кызкыркын менен шарактап, ойноп-күлүп, көңүл ачып олтургандыр, — деп кан ордого бастырып барды.

Дарбазадан кирип, ат байлап, байласа да бат байлап, желдетти чакырып күйөө бала кайда олтурарын сурады. Ал билбейм дегендей ийин күпшөдү. Ошондо Манас турган ак өргөөнү болжоп, салам айтып кирип барган Бакайды баатыр көмөлөтө түрттү. Артында турган Сыргакты көтөрүп алып Ажыбайды урду, Серекти көтөрүп Кутубийди урду.

— Сөзгө кел, баатыр, эмне ачууланасың? Калың алып кыз берген, аялың беле мындагы эл? Кыз келбейт деп кыргызды неге урасың?! Санирабийга кыз чыгарсын сенин желиңди! Же кылайтып киши каттатпай жол тоскон, кыз кийирбей зардаткан менминби?! — деп Серек катуу ачууланды.

Баатыр сөзгө жыгылды. Айткан сөзгө муруту солкулдады, бөйрөгү болкулдады:

— Аккула атты алып келгиле! — деп бакырды, жоо жарагын шаша кийинди, көзүнөн каар учту.

— Айланайын эр Манас, тажик дагы бир топ журт. Кыргын салып бул элдин кызылдай канын кыйба, — деп кан Бакай артынан күүлөндү.

Каны кызыган Манас аны угабы:

— Жигиттер, аттангыла! — деп айгай салды.

Алтын доол кактырды, мылтыгын дүңк аттырды, алдын тоскондун сүрүн качырды.

Урушка какчу алтын доолдун үнү — урушка аттангыла деген кандын жарлыгы эмеспи. Ага ким каршы тура алат? Эч ким. Ошондуктан кырк чоронун баарысы, Кыргыл, Бакай карысы абыр-шабыр ат минди, ат минсе да бат минди. Ыкчам, тез кыймылдап, шаарды астын-үстүн кылып аралай чапты. Куда бетин көрбөсүн, кудаа болуп барган кыргыздын аяк-биягы алтымыш миң кол экен. Алтымыш миң кол бейкут жаткан Кыйбаны бейкүнөө уруп кыйнады. Кыйбанын эли айбатын көрүп бет-бетинен кыйрады.

— Урматтуу каным, күйөө балаңыз аскери менен бизге айгай салды, адам койбой баарын кырып салмак болду, — деп кабар айткан чабарманга Темир кан таң калып турду. Шашылыш бектерин жыйды. Абдыкалык, Түлөөбек, Акылбайыс жооп бере албай баштарын төмөн салды, кыйын ишке кабылганын алар да өз жон териси менен сезди.

— Кудаа тосо албаган, күйөө баланы барктай албаган бизге чала?! Келин-кесек барбай ачка таштап, келин-кесек барат деп биз барбай кылымга түйшүк салыпбыз. Күйөө бала эр Манас баатырдын кыйыгына калыпбыз, — деп Кыйба каны Темир өтө кайгырды.

Чү дегенде эле каны кызуу чоролор учурбай каз-өрдөгүн атты. Үрүп чыккан итин, наабайчынын тандырын койбой талкалады. Жазайыл* огу зыркырады, жебенин огу кыркырады, уюлгуган чаң обого буркурады. Жолунан чыккандын баары бүлүндү. Акмам деген каныша:* "Атаңды азапка салдың!" — деп ачууланды, кызы Санирабийгага барды.

— Апаке, бир аз сабыр кыл, капа болбой тур! Кара кыргыз канынын никесине кирүүгө жанына барайын, — деп шашылыш алтымыш нөкөрүн кызыл-тазыл кийинтти.

Айдай жүзү балкып, жыпардай жыты аңкып жолго чыкты. Андан башка жалаң короз сындуу, сулуу кырк кыз тандады. Ак жоолук байлап желекке, шербет аш куюп челекке, Акылбайыс баштаган алты бегин ээрчитип, каптап келген кошуундун жолун тороду. Манасты көрүп Санирабийга кыз ийиле таазим кылды.

— Баатыр, бир ачууңузду мага бериңиз, түйүндү төрөм чечиңиз! Таарынып элди кыйратпай, койгон талабыңызга жетиңиз. Мен сиздин ак никеңизге кирүүгө макулмун, — деп жебирей сүйлөй Саани кыз, жез комуздай шыңкылдап, күйөөнүн атын жылоолоду.

Кыздын сөзүн кайтарбай, кырып ий деп айталбай Манас эр токтоп калды.

— Манас баатыр, итчилик бизден кетти. Ак чөп башта, эмне десең көнөбүз! Санирабийга кызды никеңизге беребиз. Кан баласы канышаны кара кыргыз каны никейиңизге алыңыз. Санирабийганы самап келген кыргыздын никейине бердик, — деп Абылкасым атtанып, айгайды журтка салды, жарыяны катуу айтты.

Кан никейине кирди деп уккан калайык Санирабийганы "Каныкей" деп атап алды.

Уруш басылды, алсырап турган Темир кандын көзү умачтай ачылды. Түйүлгөн муштуму жазылды. Казыначы кайда

деп дүнүйөгө асылды. Кыз, күйөөнүн жолуна жүз миң дилде чачылды. Ушинтип кыраан Манас баатырдын кыйындыгы билинди.

Уктарын учтатып, туурдуктун баарысы баалуу кездеме менен тышталган, түндүгүн кооздоп чаптырган, алтын боодон тактырган кырк бир боз үй тигилди, Кашар Дөбө оюна, Кара суунун боюна. Эми кезек Каныкейге келди. Ал үйгө килем салдырды, мамыктан жаздык алдырды. Атилес, шайы, тубардан алты жүз жууркан салдырды. Темир кан баштап баарысы айран болуп карады. Алтын чайдоос-даңкандан алтымышын алпарган, кырк такта коюп жүк жыймак так ошондо калыптыр. Кыркалекей тигилген кырк үйгө кырк кыз кирди, кырк бийи кызмат кылды. Кан Бакай баштаган кырк чорону кыз тандап алгыла деп Темир кан чилдирманын чалдырды. Кыз тандаганга келгенде айбаты күч кырк чоро кысталып турду, кылым журттан ким көргөн, мындай кызык ишти.

— Ай баатырлар, тандатып кызга жүргөнчө, элге тамаша болсун. Талаага чыгып жарышалык, таалайга кандай тагдыр туш келсе, так ошо кызды алалык, — деди Манас.

Манастын сөзү эки болбоду, баарысы макул көрдү.

Узак жерге барып, кырка туруп алып, ат коюшту элдин кулак-кужурун жарып. Кудайдын буйругубу, байгеге чыгып келген ат үстүндөгү баатырын жүрөгүндө каалап турган боз үйгө алып келиптир. Сарала биринчи келип, эң мурунку тигилген Аруукенин үйүнө токтоду. Жөө бөрүсү Алмамбет үйгө кирип барса, үтүрөйгөн кара кыз кытай деген ушу деп угуп, өзүнө дуба окуп, дем салып албарсты болуп алыптыр.

Артынан Бакай барып Нааркүлгө кез келди. Үчүнчү келген Сыргак Саягүлгө, төртүнчү барган Ажыбай урууда жок сулуу Улугатка, бешинчи Кутунай Кыяпат периге, Алтынчы Мажик Батмасамга, жетинчиси Токотой буралган Бурунакка, сегизинчи Чалыбай Сейилсам сулууга, тогузунчу Чубак Сейилканга, онунчу Чалиги Санамканга туш келди.

Ушинтип калган чоролордун да туш келген кыздары жанда жок сулуу болот, бак дөөлөт башка конот. Кырк үчүнчү болуп аркасынан албаңдап, Аккула минип далбаңдап арстан Манас жетиптир. Санирабийга кыз ыргала басып барыптыр. Аккуланын дүбүртүн алыс жерден угуптур.

— Атыңыз күлүк экен, — деп кылайып күлүп туруптур. Баарысын көрүп сабылдым, аягы болуп турсам да, бактыма төрөм табылдың, — деп оёндун атын алды.

— Кыздар, — деди акылгөй Каныкей. — Арманыңар ичиңерде кетпесин. — Биз азыр жигиттердин сыноосун көрдүк. Эми сынак бизге келди. Тийбейм дегендер ачык айткыла. Кырк баатыр кыздардын көзүн байлап оолак турсун. Жабыла басып, ал кыздар бирден-бирден кармасын. Биринникин бири билмексен болуп албасын, — деп шарт койду Каныкей.

Кырк баатыр кырк жерге барып турду. Көзү таңылуу кыздар жигитин издеп чыкты. Мурда кимиси туш келсе, ошону кармады. Үркүп бою турса да, үтүрөйгөн кара кыз Алмамбетке жетиптир. Темир кандын кызы Каныкей Манасты кармап кетиптир.

— Чоронун баарына сонун кыз туш келди. Неге мага улам эле үтүрөйгөн кара кыз туш келет? — деп Алмамбет сыйда таарынды.

Каныкей гана билди, үтүрөйгөн кара кыздын сырын.

— Арууке, кандайлыктан кубулуп, кара кыз болуп алдың? — деп Каныкей келип асылды, Кайыптын кызы Арууке үндөбөстөн басылды.

— Дагы бир сынак өткөрөлү. Эми кырк кыз кырк жигиттин көзүн байласын, — деди акылдуу жан Каныкей. — Жигиттер көздөрүн ачпай келип, өздөрүн кармаган кызга кабылсын. Мындан артык калыстык, бизге кайдан табылсын, — деген шартка ошол жерде турган жандын баарысы макул болду.

Кыздарды бөлөк айдады, кырк баатыр көзүн байлады. Кыздар былк этпей турду. Манас баштаган Кыргыл, Бакай карысы, кырк баатырдын баарысы кайдалашып кыздарды издеп жөнөдү. Эл чуру-чуу түшүп калды. Билгендей баары жетиптир, ат келген кызын кармаптыр. Алмамбетке кез келген Арууке ансайын өчөшүп, тантык кыз болуп алыптыр.

— Эжеке, мени тыңдачы! Кыйгыз эли түйүк деп, кытай эли бүйүк деп, неге мага туш келет кайта-кайта жүйүп! Башка кыздын баайын кыйгыз алат да, мен кытайга кантип тием, — деп Арууке ачууланат.

— Андай дебе, Арууке! Анын деле биздей эки колу, эки буту бар. Кытай экен деп көөнүңдү бузба. Алмамбеттин өнөрү өзгөдөн артык, — деди Каныкей.

— Эжеке, эмне десең, ошо де. Кытайдан келген наадан-га намыс үчүн да тийбейм! — деп чырлаганда Каныкей Алмамбетке асылды.

— Алмамбет аяш, Арууке деген кыз сулуунун сулуусу, сымбаттуунун сымбаттуусу, кыз бүткөндүн кымбаты, — дегенде башка кыздар да дуулдай коштоп кетти. — Кичине күтүп, алдап-соолап боюн ал! Ошентсең кайып жоголот. Атасы кытай экен деп келбетин бузуп кейитти, сүйбөстүн сөзүн сүйлөдү. Он бир жашымдан бери биргебиз. Өзү акылга дыйкан, колу уз, ааламда жок мындай кыз, — деп Каныкей булбулдай сайрады.

Алмамбет макул болуп, Аруукеге бет алды. Барса Арууке андан беш бетер ыраңы суук болуп алыптыр. Таш тулгадай бети, таар каптай эти бар, түйдөк кара чачы, каңырсыган жыты бар кара кызга айланыптыр. Алмамбет кыздын жанына тура албай, каны Манастын жанына басып келди.

— Нур кызынан болсо да, атым чыгып келди деп, бу кызды алсам, арылбас менин арманым, — деп оор улутунуп алды кан досуна.

— Ай ушу, Темир кандын мазагы, аябай өттү азабы! — деп кан Манас оройлоно сүйлөдү. — Жаманды жыйып аял деп, аярды жыйып аял деп, неге бизди алдайт?! Кыз албасам койдум, Кыйбада жүрүп не кылам. Андан көрө, кырып таштап кетейин, акылсынган канын, тажиктин бардык жанын! — деп каарын салды кан баатыр.

Кан Жакып баштап карысы, Акбалта менен Бердике, аксакалдар шашып калышты. Анткени, алар кан Манастын мүнөзүн жакшы билип калышкан. Агала сакал Ошпур бай менен Байжигит Манаска балээ болду дешти, кыраан Манас аз эле жерден калды, кыйкырып добул кагышы. А алтын добул кагылса, кырк баатырдын мүнөзү белгилүү эмеспи, кыямат кайым салышы.

Кыраан Манастын каарын көрүп, тажиктин көп улугу жетип барды. "Кылыктанбай турбайсыңарбы!" — деп кыздарды аябай көр жемеге алды.

"Кудай буюрган никеден качып кайда кетем. Качса кайып болом, ошондо оңоломбу?" — деп ой жүгүрткөн Арууке Алмамбетке тиймекке моюн сунду. Жети бөлмө ариби Аруукенин чын келди. Кадимкидей мурдагы калыбына келгенде карап турган канча жан, сулуулугун көрүп, суру кетип талыды.

Каныкей казынага баргын деп кырк аялды жумшады. Барча, шайы, атилес, кымкап дегенди кыз кезден жыйган экен. Бири-бирине окшобойт, жууркан менен көрпөсү. Кырк бир боз үйдү толтурган экен. Ошон үчүн Каныкейдин атагы ойротто озуптур. Заматта кырк бир боз үй толду, отуздан жууркан болду.

Так кырк күн той болду, ат, кунан чабылды. Кыз оюну ойнолду. Каныкейди кырк келин көчүрүп келди.

## КӨКӨТӨЙДҮН КЕРЭЭЗИ

Кыргыздын кыраан байы Көкөтөйдү ажал тооруп, бу жалган дүйнөдөн өтөөрүндө теңтушу Байдын уулу Баймырзаны чакырып, керээз кебин салды.

— Бокмурун балам али жаш. Артымда көп малым, дүнүйөм калды. Өлүп кетсем өлгөнүмдү элге билгизбегиле. Малымды бүлдүрбөй, кемпирдин ашы, кедейдин башы кылып көөмп койгула. Тогуз жүз токсон миң жылкым, эки-үч жүз миң төөм, алтымыш миң уюм, тогуз миң топозум, кампага жыйган алтыным, эки там толгон күмүшүм, алтымыш сарай күрүчүм, көөхар таштан миңи, зумуруттан токсону бар. Көрүп баарын билип ал. Жалгыз балам Бокмурун Оогандагы Түлкү байдын кызы Канышайга күйөө-



лөп кетти. Дөөлөткө мас болуп мүлкүмдү бүлүнтпөсүн, малымды бүлдүрбөсүн.

Жакыптын уулу, баатыр Манаска: "Атам өлдү, келгин", — деп кабар салбасын. Кырк уруу кыргыз балдарына кошулуп, башка уруунун балдары да кыйкырып келип калбасын. Уругу кыргыз — улуу журт, көпчүлүгү кара курт. Каадабыз калмак дилинде, калмак бойдон кала албас кара кыргыз зилинде. Арзымды балам жеткирсин, арстан Манас иниме!

Айтып оозун жыйганча, Көкөтөйдүн көк түтүнү бурк этти. Көкүрөктөн жан кетти. Көз алдында тургандардын көпчүлүгү чур этти. Бир нече күндөн кейин күйөөлөп кеткен Бокмурун үйүнө өкүрүп түштү.

— Атаке, айланып мени бир көрбөй, арманда сен өттүңбү?! Ажал тооруп өзүңдү тирүүңдө бир көрбөдүм, атакем сенин көзүңдү! — деп болкулдап ыйлады, ата туягы.

— Жөө болгонго ат эле, ач болгонго аш эле! Өзүбүзгө көп күйгөн, кыргыздын анык башы эле! — деп өкүрдү, өңкөй кыргыз баласы.

Кара сакал Баймырза өкүргөндү урушуп, уулуна ата керээзин чыпчыргасын коротпой айтууга кам урду:

— Атаңдын: "Мал, мүлкүмдү бүлдүрбөсүн. Көп киши чакырбасын. Кемпирдин ашы кылып, кедейдин башы кылып көмгүлө", — деп айткан керээз сөзү бар эле... — деп сөзүн бүтүрө электе Бокмурун кесе сүйлөдү.

— Бу кыямат кеткен атакемдин аш бер деп айткан сөзү. Аш бермек менин милдетим! Сен ага киришпе! Кирише турган сен ким элең?! — деп ороңдоп, атасынан калган Мааникер атты минип, Манаска чаап жөнөдү.

Кечинде чыккан Бокмурун жебенин иткан огундай, ар кырга барып бир тийип, сом туягы жер чийип, тери чыгып сызылып, деми чыгып кысылып, Мааникерин кындыйтып шамда барып калды.

— Кайдан келген баласың?! Ачылбай турат кабагың , — деп көкжал Манас сурады.

— Атым менин Бокмурун, атам Көкөтөй өлгөн кезимде айылда жок болчумун. Оогандан колукту алып келем деп армандуу күнгө жолуктум. Келсем атам өтүптүр, келбес жайга

кетиптир. Баймырза деген досуна бар сөзүн айтып салыптыр. Атакем: "Эр Манасты изде деп айткан экен. Жерге берерде токсон миң дооран байласын: жер жайнаган малымдан, дөбөдөй алтын зарымдан, зумурут, көөхар таштардан, өнөр көрсүн жаштардан, өткөрсүн дүйнө аштардан", — деп атам акыретке кетиптир. Аргамды таппай алдырап, сизди издеп чыктым, — деп Бокмурун бала көз жашын аарчыды.

— Бокмурун, атага аш берүү — уул милдети. Кылганың өзүң үчүн, эч аянба! Кызматыңда мен да бар, — деп кымызын берип, насаатын айтып, Манас баланы жолго салды.

Мааникер учкан куштай сызып ошол эле күнү түн ичинде үйүнө барды. Бокмурундун эмне иш кылып жүргөнүн урук-тууганы билбей калды.

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Акка моюн сунган атасынын сөөгүн жерге бергенине туура үч жыл толду. Бокмурун атасы Көкөтөйдүн көк туусун көтөрдү, үй тикти. Кыргыздын кыраандарын чогултуп, аш бермекке кеңешке чакырды. Алайда, же Суусамырда өткөрөлү десе, көпчүлүк: "Алайдын суусу тунук, чөбү көп болгону менен отундан өксүп калабыз. Ал эми Суусамырдын тоосу бийик, жери тар", — дешти. "Анда ат чабууга кең, отун, сууга мол, Каркыра жайлоо ашка ылайык жер!" — деп айткан Кошойдун кебин эп көрүп, көпчүлүк бата кылды. Жай чилдеси оогондо, мал семирип толгондо, күз эсеби болгондо Көкөтөйдүн ашы Каркырада өтмөк болду.

— Калайык, угуп ал. Атамдын ашынан мал аябайм, намыс үчүн кыргыз, кытай, калмак койбой чакырам. Балдарына жорго тай мингизем, кыз-келинге кызыл-тазыл шай кийгизем. Ушунун баары атамдын дөөлөтү үчүн, — деди Бокмурун өзү жыйып койгондой, атасынан калган дүнүйө, малды аябай чачмак болду.

Жаш Айдарга кырк күн чапса кыйналбас, оозуна ууртам суу албас Мааникер күлүктү мингизди. Дүйнө жүзүн кыдыр, баарын атамдын ашына чакыр. Аттан түшпөй амандык сурагандан кийин, минтип айт деп катуу зынарлады.

"Кан Көкөтөй о дүйнө салды, келбес жайга кетти. Көкөтөй ашын берүүгө Бокмурун деген уулу Ысык-Көлдүн башындагы Каркыра деген жайлоого барып конду. Байгенин башы токсон миң жылкы, жүз миң кой. Чакырган киши ашыма келсин, ашыма келбесе, башына таяк тиет. Бокмурун катын-кызын ыйлатып, кыргынды катуу салат, билгенин кылат. Каршы чыккандын баарын койбой кырат деп айт!" — деп Айдарды жөнөтүп жиберди.

Ашка чоң даярдык көрүлдү. Мал эсеби алынды. Кең Каркыра ичине үч жүз миң боз үй тигилди. Көкөтөйдүн ашын кан Кошой башкарды. Ага казактын эр Көкчөсү, Элемандын эр Төштүгү, Эштектерден Жамгырчы жардам берип жүрдү. Эл конок келет деп жасалгасын бекемдеп, союшун ырастап, жол карап калды.

Ашка биринчи болуп эр Багыш Суркийик атын алчаңдатып төрт миң аскер менен келип түштү. Күн өтпөй артынан чубап, калмактын кыйыны Коңурбай жүз миң, Кырмустун уулу Мурадил он миң, кызыл чоктуу Нескара жети миң, калмактын Жолой каны отуз миң, Алооке элүү миң, Каткалаңдын Сайкалы отуз миң, Көкчө отуз миң, Кошой кан отуз миң, Үрбү чечен он эки миң, Буудайык уулу Музбурчак тогуз миң кол менен келди. Баарын айтып олтурсак санак жетпес, бирок негизги конок Манас баатыр бир ай өтсө да келбеди. Ашка келгендер себебин билбей таң калды. Ашка келген кытай, калмак малын талап, кыз-келинге тийишип зордугун кыла баштады. Аларды кой-ай деген берен чыкпады. Коңурбай, Жолой, Нескаранын алдында бүжүрөп, айтканын кылды Бокмурун менен жакын тууганы эр Үрбү. Бокмурун бүт кыргыз кандарын чакырып жыйын курду.

— Баарың калк башкарган кансыңар. Бир акылга келелик. Кытай, калмакты чакырып алып кара жанга күч келип турат. "Ашыңды бат бербесең, элиңди талоонго алам!" — деп улам бири келип коркутуп атат. Эми эмне кылчумун, — деп ыйлактады Бокмурун.

— Көралбастык күчөдүбү, же кыргыздын таарынчактыгы таркабай тең аталыгына бардыбы, а балким Бокмурун балам жаштык кылдыбы, айтор, канкор Манас ашка чакырыл-



бай калыптыр. Канкор Манас баатырдын жоктугун билип, бүт каңгай: "Жамандын үйүн коногу бийлейт болуп атпайбы". Агасы Үрбү элге баш болуп, иниси Бокмурун малга мас болуп ишти ойрондоткону турасыңар. Коңурбай, Жолой, Нескарага кимиңдин шайың келет?! Катылсаңар дайыныңарды таппай каласыңар. Же кылым журту кытай, калмакка тик караган араңарда баатырыңар барбы?! — деп Кошой катуу айтканда, Үрбү баштаган Төштүк, Агыш, Багыш, Музбурчак, Жамгырчы, Жүгөрү, Көкчөлөр башын жерге салды.

— Эми да кеч эмес. Катыңарды жазгыла да арстан Манас баатырды тезинен ашка чакыргыла. Көралбастыкты токтоткула. Кабылан Манас келбесе, бизге туу болуп бербесе, мынабу кытай, калмагың бизди киши-миши дебейт, бучкагына теңебейт! — деп жекире айтты.

Кан Кошойдун жүйөлү кеби башка оор мүшкүл түшүп турганда намыска тийди. Үрбү, Бокмурун жанына Агышты алып, кат жазды. Жазганда да бат жазды, кечирим сурап жазды. "Төрт түлүктөн тогуздап мал, алтын, күмүштөн аябай берем, кыз тартуулайм, айланайын шер Манас, келип кал!" — деп жазды. Кошой окуп алып чочуп кетти, жаны кейиди.

— Ээ, кокуй, адам болбой калгырлар! Атаганат Бокмурун, ушинтип да жазабы? Ушу жазганыңарга Манас келеби, аш башкарып береби?! Малың менен кызыңды, күмүш менен алтыныңды көзүнө илеби?! Тонуңду кийеби?! Келмек турсун чындап ачуусу келбейби! "Кытай айдап жөнөсө, тартып алам", — дебейби. Малдын баары ошондо, тондун баары

ошондо. Эми мен айтканды жазгыла, — деп Кошой катуу урушуп, катчыны чакыртты.

"Бу катты Абаң Кошойдон деп бил. Көкөтөйдүн ашы деп эл чакырдык. Кабар алган калың журт бүт чогулду. Кытай, калмактын: Коңурбай, Жолой, Нескара, Бороончу, Ушаң, Мурадил баштаган алты чочкосу элди кекетип чаап алам деп коркутуп жатат. Баатыр Манас өзүң келбесең, элден кол үзүп каласыңбы деп корком. Жаманы кылган кесирди жакшы көтөрөт деген илгертен сөз бар эмеспи. Ошонун сыңарындай, сен дагы бир жолу айкөлдүк кылып кой, баатыр! Жаманга өчөшпө, макоого теңелбе! Айкөл Манас тилимди ал! Кыргызың кызыл уук болуп кырылып кеткенче келип кал! Кырылгандын бетин кудай салбасын! Сенин келишиңди чыдамсыздык менен күтөбүз!" — деп жаздырды. Үрбү менен Бокмурундун кечирим сурап, ыйлап жазган жерин калтырды. Колун коюп, мөөрүн басты.

Мааникер бууданды* мингизип жаш Айдарды жолго салды. Айдар көп жол басып Манастын ордосуна барды.

— Күч келсе жанга чабышат, жай болгон күнү эстебей калышат. Бирин койбой талкалап, кытай, калмак талап кетсин. Кулду мага алып келгиле, башын кесип алайын, — деп Акбалта бийдин Чубагы ачуусу менен Айдарды жылаңачтап соймок болду.

Дагы жакшы Манас баатыр уудан келип калып, арачылап калды. Ал болбогондо баланын шору катмак, башы кетмек. Катты алып окуп:

— Баргандарга салам айт, биз артыңдан барып калабыз, — деп Манас баатыр жумшак айтып, тон кийгизип узатты, жаш Айдарды.

Кийинки күнү Манас баатыр баштаган кол Чолпон-Атаны ашып, Кызыл-Кыя оюна кирип келди. Өргүүдө турганда кан Бакай:

— Баатырлар, Каныкей берген белекти алгыла. Кийимди окшош кийгиле, атты окшош мингиле, — дегенде кырк чоро баары калдаңдап Каныкей берген куржундун* көзүн ачты.

Өңкөй кызыл кийим кийишти, атка окшош жабуу жабышты. Билерман Каныкейдин белегине ыраазы боло, мадырайып алышты.

Бокмурун кабарды күн мурунтан угуп, буту бутуна тийбей чуркады. Токсон сарай үй тигип, тогуз миң киши менен тосуп чыкты. Кан Манасты көрмөккө кайнап жаткан көпчүлүк жабыла атка минди. Мурдатан эр Манасты көзгө илбей, кан экенин тоготпой жаткан Бокмурун ошо күнү сөгүлдү. Кыргыз тукумунун улуктугу ошондо билинди.

Канкор Манастын алды-артын жыйырма, оң-солун жыйырма жоокер кайтарып, мылтыктарын октоп, милтелерин* чоктоп, жаа* кезеп, кылычтарын кындан сууруп чаба турган баштанып, эшик эндүү айбалталарын чабуучудай көтөрүп келатты. Токсон миң кол дүбүрөдү. Туш тараптан керней үнү бакылдады, сурнай үнү такылдады, жезнайы чыгып шакылдады, доол үнү дүңгүрөдү.

Бокмурун сары улак таап садага чаптырды. Жолуна кызыл дилде чачтырды. Отуз күндөн бери бир Манасты күтүп ашы башталбай турат. Ошон үчүнбү, канкор Манастын каарына калбайлы, саламдашып баралы деп кан Кошой баштаган сегиз кан жетип келди. Эр Манас кан Кошойго кош колдоп кол сунду, салам берди. Кошой ийиндеше алик алды.

— Канкорум келдиңби?! Журтуң аманбы?! Мынча неге кечиктиң? Ана келет, мына келет менен Каңгайдан келген калың кол малын талап жеп алды. Атым Кошой болгону, эзели мындай көрбөпмүн, — деп зиркилдеди кан Кошой.

— Эр жигиттин башына нелер келип, нелер кетпейт. Менин да билгеним бар, абаке. Ашка келгенден кийин дүнүйө деп кайгырба, — деп жооп берип, оозун жыйганча Бокмурун арстан Манаска Арчатору баштаган тогуз атты тартуулап келип калды.

Канкор Манасты бир көрсөк деп эңсегендер көбөйгөндөн көбөйдү. Желдеттери колго камчы, кылыч алып кайтарып турганына карабай, эл ар кай жактан чогула берди. Токмок жегени андан көп, жакалашып, кыйкырып далайы жүрөт мушташып. Эл ошентип чукулдашып жатканда Алооке кандын Чагырбай деген сынчысы:

— Бу ааламды куруткан кыргыздын Манасын бир сынап көрөйүн, — деп боз үйгө жетип жыртыгынан шыкаалай карады.

Канкордун айбатын көрүп, жүрөгүн мыкчып жыгылды. Көп өтпөй, эл алдында тыбырчылап жаны учту. "Кытайдын сынчысы өлдү" деген кабар көпчүлүккө жай чилдеде күйгөн өрттөй тарады.

Ашка келгендин камылгасы көрүлүп жаткан. Кемегеге казан асып, эт бышкан маалда жоон-жолпу келген, бою кыска, дулдугуй бет калмактын жанда жок балбаны Жолой кандын карды ачып куркулдап, тамагы жаман алты желдетин ээрчитип тамак издеп жөнөдү. Бир жылкычынын укуругун тартып алып, эки кулач, бир карыш шиш жасады. Ары басып Сукумбек деген баланын казанына сугун артты. Калмакча эт сураган Жолойдун чулдур тилин түшүнбөй бала жалдырай карады. Шиши менен табактай этти сайып жеп жатканда: "Устуканды ордуна кой, ал менин мойнумдагы эт!" — деп чыркыраган баланы бир уруп, үстүнө отуруп алды, арбак ургур алп Жолой. Ошентип казандагы этти калтырбай бүт мойсоду. Ошондо да тойбоду. Экинчи казанга сугун артканда казанчы бала Бокмурунду чакырып келе койду. Бокмурун Мааникерин кындыйтып текирең таскак атып келди:

— Жолуң каткыр, Жолой кан, бул жерден жогол! Улук болбой улуп кал, кан болбой куруп кал! Кемегеден эт жеген иттей кейпиң курусун! Кардың ачса мага айтпайсыңбы! Ашка атаган этти анан деле жесең болот эле го?! Наадандан өткөн айбан турбайсыңбы?! — деп чаңырган Бокмурунду Жолой чымын чакканчалык көргөн жок. Бирок атына көзү түштү.

— Бул өңдөнгөн кырдан кайып узатпас тулпар кыргыз элине чак эмес. Мунун изин табыш керек. Ушу кезге чейин атты колго келтире албай жүргөн биздин канга таңмын, — деп Жолой шайтан ары колоктой басып, түзеле Коңурбайга кирип барды.

— Коңурбай, сонунду билбей, тамакка ыраазы болуп талпайып жатып алыпбыз. Кечээ Манасы келгенде акындарын айттырып, астына улак тарттырып, тартуусуна Арчатору баштаган тогуз ат берди. Жолуна дилде чачтырып, дүңгүрөтүп тосту. Манаска ат тартуу кылып, сага неге бербейт. Коңурбай намысың болсо өзүң ойлоп көр. Азыр Бокмурун дегендин Мааникер деген керемет атын көрдүм. Ал сенин жерге, сууга

тийгизбей мактаган Алгара менен Торуайгыр аттуу тулпарларың экөө бириксе анын жанында эчтемеге шоонешпей калат. Аңдап көрсөм Мааникер ааламда жок ат экен. Сен ошону сура. Албай койбо, бербесе ушу турган кыргызды балээге салып торго, — деп Коңурбайдын жүрөгүнө кол салды, шайтаны семирген Жолой.

— Андай болсо аш берген кулду чакыр! — деп Коңурбай өкүмсүнө кол жаңсады.

Кан Коңурбай өзү чакырып жаткан соң барайын деп Бокмурун адыраңдап, көңүлү шайдоот келди. Келсе өңү бышкан өпкөдөй, көзү өгөөлөгөн темирдей, мурду бузулган тоонун сеңириндей, өрттөнгөн дөңгөч баштанып отуруптур, кан Коңурбай. Кирпигинин чылпагы мергендер жасаган шородой дейт.

— Ачыган айранга окшогон айбан! "Кан Көкөтөй ашына эсеби жок мал сайылат. Келбегендин эли-журтун, мал-мүлкүн чаап алам!" — деп алыңа жараша айтпайсыңбы! Сенин ушу сөзүң өттү мага! Макул көрсөң сөзүмдү ук, мага Мааникер деген атыңды бер. Манас келсе тосупсуң, Арчатору баштаган көп тулпарды тартуусуна берипсиң, калктан ашык көрүпсүң, — дегенин уккканда дагы кандай балээге жолуктум деп көңүлү шайдоот келген Бокмурундун маңкасы агып калды. — Эй, кул, каарыма алсам, как өзүмдөн өлөсүң, мусулмандын төрөсүн менден өөдө көрөсүң! Белдемчисин байланып, беш калааны айланып, Бежинге минер мал экен. Карыпчысын байланып, Кара-Шаар айланып, кан минер ат экен. Эркечтей мойнун койкойтуп, бүт кытай, калмак пашаасы Эсенканга тартууга берер мал экен. Мааникерди бербесең ашыңа азап салам, айылыңды талап алам! — деди арбак урган Коңурбай.

— Коңурбай баатыр, — деди эсине келген Бокмурун, — кантсе да менде ага-ини деген бар. Акылдашып келейин, байкап элдин мүнөзүн, анан Мааникерди берейин, — деп калтырап-титиреп арты менен жыла качты.

Кеңгиреген бойдон кан Кошойго жөнөдү, кан баянын салганы, андан жооп алганы.

— Ат аяган жер карайт дешет илгертен. Мааникерди бербесек болбостур, пейли бузук бу каапыр, бет алышкан жолборстур, антпесек аягы аштын оңбостур. Тезинен тартуу

кылалык, ошондо кыргызды кырып койбостур, — деди кан Кошой кошоматтана.

— Абаке, андай болсо айткан акылыңа көнөйүн, — деп Бокмурун шашкалактап жанындагы кызматчы жигитине карады. — Башка амал жок, атты алып кел. Атамдай көргөн тулпарымдан айрылдым окшойт, — деп шолоктоп алды.

— Эй, Бокмурун, toktoй турчу. Башыма дагы бир акыл келди, — деди Кошой сакалын сылап, ойлонгон тейде. — Мага айтпай атты неге бересиңер деп канкор Манас бизди казаптап жүрбөсүн. Алдын арстан Манастын алдына баралык, акылдашып көрөлүк. Орду келген иш болсо, ошондон кийин берелик, — деп кан Кошой акыл таба койду.

Бу сөздү айтып Кошой баштаган Көкчө, Үрбү, Төштүк, Жамгырчы, Багыш, Агыш, Жүгөрү деген сегиз кан арстан Манас баатырдын алдына барды.

Кырк чорого токсон таман чоң ордо салдырып, шакылдатып аттырып, өзү ордодон оолак жерде жамбаштап жаткан экен, кайран эр. Сегиз кандын баары аттан түшүп салам айтты. Манас алик алып, жайдары тосуп алды. Сегиз кандын сөз баштоосу кыйын болду. "Сен айт, сен башта", — деп бирин-бири түрттү. Кандардын шайы ооду. Аш бышымга жеткенде, ашта анча-мынча элге баш болуп эрдемсип калган эр Үрбү, эптүүдөн бирөө барбы айтчу деп жан-жагына карады. Айтканга киши чыкпагандан кийин, эргий түшкөн эр Үрбү: "Ээ, Манас...", — деп сөздү баштаганда канкору жалт карады. Үрбү канкордун айбатынан сестенип, оор үшкүрүп, тили күрмөөгө келбей, үңкүйүп отуруп калды.

— Атаңа наалат, ит Үрбү! Адам болбой кал, сен Үрбү! Анча озунуп "Ээ, Манас", — деп алган соң, айтып ийсең не болмок? Айталбай турган болсоң, Кошой абам сүйлөсүн деп мени күүлөп койсоң, калганын өзүм бүтүрбөйт белем. Карысам да каркайып, карт буурадай тартайып, алдыңда турам го?! Карап туруп, сени канкорго өлтүртсөм өзүмдү кудай урбайбы, ай арам Үрбү! — деп наалый урушту кан Кошой.

Кан Кошой мурутун чыйратып, буластаган Үрбүнү жемелеп жерге кийирди. Өзү кайраттанып, шаттанып эр Манаска үзүлө тигилди. Эми айтпаса болбостур деген ойго келди.

— Ээ, кулунум, эр Манас! Байкачы баатыр, Бежин каны Коңурбайдын пейли тарып, Көкөтөйдүн ашына келип алып, бейчеки өкүм кылыптыр. "Манаска Арчаторуну тартуу кылдыңар, мага Мааникерди бергиле! Бербесеңер киши-миши дебейм, тарткан этиңерди жебейм! Айылыңа кыргын салам, ашыңды чаап алам!" — деп айтыптыр кан Коңурбай. Бу олтурган иниң капаланып келди. Кантебиз аба, дегенинен берсе берели деп айткам. Анан акылдашып келелик деп сиздин алдыңызга келдик. Берөним, берели же жок деп, өзүң айтчы түз жоопту, — деп Кошой айтып оозун жыйганча Манасты кудай урду.

Оң көзүнөн от чыкты, сол көзүнөн чок чыкты, оозунан ойрондун ок жазайыл топ чыкты. Кабыландай караган, чагарак куйрук чаар тон, чамынганы соо болбос, шаңы чыкты сур жолборс. Адам сыны бөлүнүп, арстан сыны көрүндү, доол кагар шаң таякты толгой кармап, алтын доолду даң дедире бир салды. Доол катуу кагылды, ордодогу кырк баатыр бири калбай кошту көздөй жабылды. Ыкчамдыгын карагын, коштоп кийди жарагын. Кийген тону көк темир, сыйынганы бир теңир. Найза, кылыч, ок өтөр, чала жери калбады. Ок өтпөс темир беткаптарын кийди. Мылтыктары октолду, милтелери чоктолду, мылтык атып, жаа тартаар мыктылары жоктолду.

Ат башкарган Жоорунчу Аккуланы Манастын алдына тартты. Ачуусу келген эр Манас үзөнгүгө бут салбай, далдаңдап чуркап келип атына секирип минди. Сырнайзасын сайып койгон жерден жулуп алды. Аккуласын атырылта кол куушуруп, бүжүрөшүп топтоло калган сегиз кандын аксакалы Кошойго барды.

— Аттигине, абаке, акылыңыз канаке?! Сенден бөлөк бири айтса, заматта жанын алмакмын. Жаш кезимден сыйлаган, жамандыкка кыйбаган Кошой абам экендигиңден жаның калды. Мен өлгөндө тартуу бер дебейсиңби, өзүм турганда таалайыңдан көрбөйсүңбү! Ушундан көрөкчө, тирүү жүрбөй өлсөңчү! Мен кыяматты көргөндө, кылымды кытай бөлгөндө, кыңк эттирбей билгенде, кынжылабай мингенде, атың түгүл, эр Кошой, кызыңдан тартуу бер, Кошой! Неге Манасым бар дебедиң?! — деп какшана күйбөгөн жери күл боло айтты. —

Ал каапыр сырыңды тартып албайбы! Бүгүн Мааникерди берсең, эртең Аккула атты сурабайбы. Анан эр Төштүктүн Чалкуйругунун эсебин албайбы. Кыргыз сай тулпардан айрылып, сай кучактап калбайбы. Ат бүткөндөн айрылса, азамат шору катпайбы! Атышпай атыңды бердиң деп азабын артык тартпайбы! Мааникер берем дегиче, Манасты өлдү дебейсиңби! Арбак аны урбаса, атымды кантип берейин, арбаган экен ал доңуз, алпурушуп көрөйүн! — деп эр Манас алтын доол кактырды, Аккелте мылтык аттырды. Араң турган кырк баатыр аламан коюп жапырды.

Найзанын учу чабышты, адамдын башы кагышты. Бейкут жаткан каапырды сайып өтүп жатышты. Качып жөнөгөн кытай, калмак колун такымдай кууп алышты. Кыргынды көрүп Коңурбайдын жаны чыкты, жүрөгү кабынан суурулду.

— Кытай камданганча бу канкор кыргын салып кырып ийбесин! Ат албасам жок. Менин аземи артык Кылкара атымды тартууга бергиле. Кырдырып ийип кытайды карап турбагыла! — деп Коңурбай өзү кол артынан качып жоголду.

Нескара дөө баштаган Кырмус шаанын Мурадил, калмактардын Ушаң баатыры, кара жалдуу Бороончу, каңгайлардан Ороңгу, кан Алооке карыясы кулдук урду. Баштары жер чийгенче эңкейип, Кылкара атты кындыйтып, Манаска тартууга алып келди.

Аламан чабуул токтоду. Кытайдын алтымыш миң колу Манастын алдына тартууга барды, ат алам деп ат берип, абийири кетти. Уруш басылды, ар ким өз кошууну тарады. Корккон кытай, калмак талаада эки түнөп калды.

## АЛАМАН БАЙГЕ

Таң атпай эл кайрадан Көкөтөйдүн көк туусу желбиреген ак өргөө ордосуна чогулду. Баш байге — сексен миң жылкы, жүз миң кой жана миң төө, тогуз миң уй жарыя айтылды. Экинчи аттын байгеси — беш жүз төө, кырк миң жылкы, төрт миң уй, элүү миң кой. Үчүнчү аттын байгеси — он миң жылкы, эки жүз элүү атан төө, жыйырма миң кой. Төртүнчү ат-



тын байгеси — беш жүз жылкы, жүз жыйырма беш төө, жүз уй болду.

— Ат чубатсак кантет, баатыр? — деп аксакал Кошой эр Манастан сурады.

— Чубаталы абаке, байгеге чабулчу аттардын саны эки миң болуптур. Байге алчубуз деп кээ бири атын жемге байлап семиртип, торпокко жетпес чобурун кошуптур. Ошолор тулпардын жолун бууйт, ат чапкан баланы майып кылат, — деп Алмамбетти чакырды.

— Алмамбет, — деди экөө ээн калганда, — аянбай күндү жайлап бер. — Ат семизи кымпыйсын, ат арбагы дыңкыйсын, — дегенде ал касыйда окуп, окуса да бат окуп, такалбай жат окуп, сууга жай таш салды. Көздү ачып-жумганча күндүн көзү бузулду. Айлананы туман каптап, мөндүр жаады, аяздын суугу чучукка өттү. Түнү чобур аттар тоңуп өлдү. Баатыр Манастын аты кабыргасы как Кула, каса* тулпар Аккула ээлигип, табына жетип калыптыр.

Эртеси күн кылайып чымын ызылдады, чымчык чырылдады. Ургаачы жолу улук деп чубатууга биринчи болуп Орондгунун Кула бээси чыкты. Соңунан Аккула чубатууга кирди. Анан Жолой кандын Ачбууданы, Төштүктүн Чалкуйругу, Мурадилдин Кылжейрени, Музбурчактын Телкүрөңү, Кошойдун Сарысы, Үрбүнүн Карасы, Көкчөнүн Көгаласы жана ушуга окшогон миң ат чубады.

— Ат кай жерге барат, кайсы жерден келет? Өлчөөсүн канкор Манас баатыр өзү айтсын, — деп ашка келген калың журт дуулдай суранды.

Канкор Манас аны ойлоп, муну ойлоп, жообун элге бергенче, кайсы кара теке сүздү, эл башкарымыш болгон кан Үрбү дагы куюшканга кыпчыла калды.

— Сай тулпарлар эки күн ары, бир күн бери келсин. Менин өлчөөм ошо, башка сөз болбосун, — деген өкүмүн айтам деп Манастын каарына калды.

— Жаагыңды бас, кул! Качантан бери сен эл бийлеп калгансың? Же наркты билбейсиң, же каныңды көзгө илбейсиң?! Шайтаның семирген окшойт, иш билбеген таз кул! — деп чокусунда чогу бар, өзөгүндө сомдоп койгон огу бар толгомо камчы менен бир тартты.

Жаак жарылып, кан акты. Канды көзгө илбей менменсинип жаткан бектер унчукпай, кысчу жерин бек кысты. Үтүрөңдөп кан Кошой арачы түштү.

— Ээ, кулунум, эр Манас, бу не кылганың?! Кокустан чеки иш кылсам мени да урасыңбы? Бу пейлиңди кой, баатыр! Манас, Манас десе барбая калат экенсиң, чала үйлөгөн чаначтай дардая калат экенсиң, — деди Кошой кан да жөн келбей.

— Ата наркы, ата салты баарыбызга бирдей. Же андай эмеспи, Кошой аба. Ыркты бузган, наркты сактабаган адам ким болбосун, кайда болбосун жооп берет. Сиз дагы Кошой аба деп койсо көрүнгөнгө кошула берет экенсиз. Өз наркыңызды, өз баркыныздыy билиңиз. "Жок, сеники туура эмес!" — десеңиз мынабу көпчүлүктөн сураңыз, күбөгө тартыңыз, — деди иниси Манас биринчи жолу абасына түс үйрүп.

— Ак чөп башта, баатыр Манас. Абакеңди кечире алсаң дагы бир жолу кечирип кой, баатыр! Кай бир учурда ушундай шашмалыгым бар, — деп колун көкүрөгүнө ала дүңкүйдү, кан Кошой. — Анан үтүрөйгөн Үрбү, сен да оозуңду жаппай, өз ордуңду таппай, эл алдында мени шерменде кылдың! Сасыган доңуз, оозуңа келгенди оттой бербей, салтты, наркты сактабайсыңбы?! — деп Үрбүнү колдон силке тартып, кайдадыр качырып кетти.

Манас эр Кошойду кыялбай тизгин тартты, болбосо шиши толгон эр Үрбүнүн башы капкачан тоголонуп кетмек. Ачуусун басып, андан кийин жооп узатты.

— Калайык, алтымыш киши ат айдасын. Бу ата наркы. Чабдар белин ашып, Иленин боюн басып, улуу өзөн менен сыдыртып алты күн ары барсын. Аттын келер жолуна алты миң адам ак желек алсын. Ар бир келген ат ээсинин колуна тийсин, — деди.

Аттар чубалды, атпай журт ашка кирди. Бокмурун дасторконду кенен жайды. Эрикkенче эт тартты, кымыз сунду, кыргыздын сыйын көрсөттү. Кыскасы, тамак-аштын салтанаты өтө чоң болду. Анан барып Көкөтөйдүн арбагына багышталып куран окулду.

## КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШҮ

Ырамандын Ырчы уулу жанына жаш Айдарды алып, жар салып жүрдү.

— Оо, калайык журт, эр Манастын сөзүн уккула! Көкөтөйгө берген тойдун балбан күрөшүнө кыргыз журту менен кытай, калмак тараптан бирден баатыр чыксын деди. Андыктан араңардан балбан тандалсын. Байгеси алты жүз жылкы, жүз төө, эки жүз үй, беш жүз кой.

Кытай, калмак журту дүрбөй түштү. Калың колдун орто жери чарт жарылды. Аяктан булчуңу буура белиндей, балбандык жайы чоң, өлөрүн билбеген айбандык мүнөзү бар, артына түшкөн айдары кыл чылбырдай чачы бар, кырктан ашкан жашы бар Жолой балбан койнундагы алтын бутка* сыйынып, майданга күүлөнүп чыкты. Мас болгон пилдей күркүрөп ортодо турду. Жолойдун ажыдаар кебетеленген түрүн көрүп кыргыз тарап сестенип калды. Кичинеси чоңуна ыктады. Той башкарган Кошой ак сакалын силкинтип, Аксур жоргосун туйлатып кыйкырып жүрдү:

— Жигиттер, балбан күрөшкө чыккыла! Мактанчаак итти жыккыла!

— Аба, келбей калган алп болсо, үйүнөн алдыргыла! Каруусу жогу барбасын, балбансып өзү чыкпасын. Каран түндү салбасын, абдан баарын байкагын, — деди эр Манас.

— Түшүндүм, баатыр Манас! — деп иш билги Кошой жоргонун башын Элемандын эр Төштүгү тарапка бурду. — Эр



Төштүк балбан күрөшкө чыгасыңбы? — деп сурады.

— Чык десеңер чыгайын, жалтангансып калбайын, абаке! Жер астында жети жыл болуп, жетимиш дөөнү жалгыз жеңдим. Жер үстүнө чыкканы араң жети айдын жүзү болду. Этим көк жашык, менде калса бир кашык ысык кан калды. Жолой жыгып албасын, мүшкүл иш болуп калбасын, — деп күрөштөн баш тартты.

Кошой атын камчылап Көкчөгө жетти.

— Жолойго ким чыдап бара алат? Мен чыкпайм, Жолойду жыга албайм, — деди ал шыр эле. Көкчөдөн өтүп баратып, он жетидеги, жаңы үйлөнгөн Акбай балага туш келди.

— Жолойго күрөшкө чыгасыңбы? — деп алдына тура калды.

— Күрөш десеңиз күрөшөйүн, абаке! Кубатым жетсе жыгармын. Жыгылып калсам жаш чырпык, ийилбестен сынармын. Эки түлөк боло элек, кимге калат убалым?

— Тың экенсиң уулум. Жаңы үйлөндү деп уккам. Мейли, солкулдак жумшак тарамыш, күндө тердеп былчылдап, болбой калган чагы экен, — деп мыйыгынан жылмайды Кошой.

Ошентип, андан ары Чегиш, Абдыраман , Керкөкүл, Үрбү, Музбурчак , Көккоён аттуу балбандарга барды. Алардын балбан күрөштөн баш тартканын угуп, айланып отуруп кантип кан Манаска туш келгенин өзү да аңдабай калды.

— Айланайын абаке, убакыт өтүп баратат. Эмдигиче балбан жок. Эми не айла кылабыз? Намыс үчүн өзүм чыгайын. Күрөшсөм эптеп жыгармын. Бирок чарчап калып эртеси эр сайышка кантип чыгам, — деди Манас ой калчап. — Андан

көрө абаке, сенден өтөр балбан жок, башкага башты кор кылбай, күрөшкө өзүң түшсөң кантет? Өзүң түшпөсөң, балбан жок экен деп байгесин алып барып бер, — деди айласы куруган Манас.

— Аттигиниң дүнүйө, карыган сайын күнүгө, шайманың бошойт тура! Жыйырма беш жашта, же кырк беште кайда эле? Элүү беште кезиксе да эптейт элем. Эми минтип сексен бешке жеткенде майданга чыгайын деп турам. Мейли, карысам да бир койлук алым бардыр. Тобокел кылайын. Ат үстүндө сайышка мыкты болчумун, бирок жөө күрөшкө жок элем. Минтип канкор Манасым өзү айтып, элим үмүт артып турганда кантип тим турайын. Токтолбой барайын. Бирок көк жалым угуп ал. Күрөшкө чыкчу кандагай* шымым жок. Айтты, айтпады дебе, бу дагы катындын бели боштугу. Андыктан ат көтөрбөс эр Жолой аладан алып, айра тартып, абийирими кетирип жүрбөсүн. Кандагай шым таап бергиле, ушуну силерден суранам, — деди тынчы кеткен эр Кошой.

Кокондон келген Санжыбек кандын сары жаргак шым менен турганын көрүп Манас бери кел деп чакырды. Санжыбек дароо түшүнүп, жете келди.

— Абаке, сизге батар бекен? Кана, кийип көрүңүзчү? — деп элпектене кандагайын чече салды.

Чак келбеди. Ала көөдөк эр Көкчөнүкү таптакыр батпады. Манас Кошойго чак келбеген кандагайды шыйрагынан шыпырып алып тилденди.

— Ушундай да кандагай шым болобу? Муну тиккен катындын бетин тилиш, тирсегинен илиш керек. Кер байталга мингизип, кементайды* кийгизип, атасынын үйүнө жеткирип койбойбу! — деп сүйлөндү эр Манас. — Абаке, келиниңиз Каныкей мага да кандагай шым тиккен жери бар, ошону кийип көрүңүз, — деди капылеттен сунуш этип.

Ажыбай менен Чалыбай алып келген кандагайды Кошойго карматты. Кудай урду, Каныкей тиккен кандагай шымды кийсе буту батса, балтыры батпады. Шым батпай келиним Каныкейдин бетин тилип, нур сыпатын бүлдүрүп, ордодон сүйрөп чыкпасын дедиби, өөдө болду.

— Эй, эки кул, бери келгиле, — деп Ажыбай менен Чалыбайды көз ымдап чакырды эр Кошой. — Эптеп муну батыргыла, батырбасаңар баарыбызга кыйын болот, — деди акылман.

Экөө батыра албай кыйналып турганда Манас кайра бастырып келди.

— Абаке, эмне карап турасың, кандагайды кийбейсиңби?! — деп шымды булкуп алды.

Карап турган эл: "Эми Каныкей менен кош айтыша берсе болот, себеби Манас айтканын кылбай койбойт", — деп ойлоду.

— Ээ, Ажыке, эсиме эми түштү, — деди Чалыбай эстегендей колун шак уруп. — Каныкей бу кандагай шымды тегин тикпеди. Андан бери алты жыл өтүптүр. Каныкей, Арууке токсон кызга баш болуп жымырата тиктирген, арасына болот эгеп ширеткен. Сынамакка ок атсам тешпеген, табылгы жаксам күйбөгөн. Болду болбоду Манаска чактап катырып койгон чени бар. Эр Манастан ал шымды экөөлөп сурайлы. Канкор каарын чачса өлөлүк, ошентсе да арманда кетпейли, кайта бир сурап көрөлүк, — деп экөө Манастын алдына келди.

— Баатыр, кандагайыңды кайта бере турчу. Башта уккан кебим бар. Баатыр Кошой киер деп ыраазы болсо кызматка, келиним эркек туусун деп, батасын берер бекен деген, — деп шымды сурап алып карашса, чынеле аласы бүгүлүү экен.

Кубанып кеткен экөө бүгүлүү жерди сөккөндө кандагай шым карыш сөөм жазылды. Эр Кошой алып кийгенде көөнүтып басылды. Шымдын жеңилдигин, жумшактыгын айт! Тимеле Кошой үчүн тигилгендей чак келди, жарашып калды.

— Каныкей келиниң бу кандагай шымды бир жарым жыл иштеген. Абаке, кызыр* даарыган жансың, келиниң Каныкейге батаңды берип кой, — деди Манас.

— Каныкей балам кайда жүрөт? — деп ал аңгыча Кошой сурап калды. — Бери келсинчи!

— Атаганат канкорум, ушу турган Каныкей күйүп турган чок экен, эмгекке туулган күң экен! Каныкей балам, төрөгөнүң ургаачы болбой эр болсун! Аюу болбой, шер болсун! Атышканын алсын, күрөшкөнүн жыксын, кайратын калк туйсун! — деп бата бергенде кытай, калмак менен кыргыз кошулуп жер дүңгүрөп калды.

— Белим ооруйт, бу да карылыктын зардалы. Курушуп калган кургурду беш-алтооӊ келип курушкан жерин жазгыла, — деп үстүнө ошончосун чыгарды. — Манас баатыр, карыган киши курусун, чарчап уктап кетип, калмак талпагымды ташка жайбасын. Бир чочутуп ийгенге, бир шилтем найза керектир. Ушуну кулагыӊа түйүп ал, — деди Кошой ырсайып.

— Мындай арсыз калкты өмүрүмдө көрбөпмүн. Өзүлөрү тепкилеп курган чалын курутту. Чалдын шору катты, ошончосу биригип, өлтүргөнү жатат. Ошондо да коёбу биздин оён Жолой баатыр, — деди аралап келип калган Жүзгөндүн уулу Каманбек деген калмак.

Ошо сөзгө арданып, окторулуп эр Кошой ордунан тура калды. Жонундагы жүргөндөр томолонуп жерге түштү. Кылымдын Кошой балбаны нар буурадай теӊселип, алышууга белсенип ортого барды.

— Ажалыӊдын жеткени ушу, эр Кошой! Карыган чакта күрөшкө түшүп, каргыш тийди сага! Миӊ жаныӊ болсо да, каныӊды ичем! — деп кирген буурадай күрпүлдөдү Жолой.

— Атаӊдын көрү, каапыр кул! Эмнеӊе мактанасыӊ?! Үйшүнбайдын тоюнда, кийин Балчакайдын белинде, анан Кутман байдын тоюнда кан жүткүртпөдүм беле?! Ошолор эсиӊден чыгып калдыбы?! Мени эми бөлөк болуп калды дейсиӊби?! Ошол эле Кошоймун. Качан мени жеӊдиӊ эле, ары жок наадан! Ме! — деп билегин салып берди.

Билектешип жеӊе албай, бирин-бири асманга топтой ыргытты. Эки дөөнүн кармашынан чаӊ чыгып, тозоӊу көккө сапырылды. Кармаган жерден кан чыкты, чарпышкан жерден чаӊ чыкты. Намысына чирешти, акырек менен тирешти. Бирин-бири жеӊе албай күүгүм кирип, күн батты. Көккө жыбырап жылдыз толду, айлана тоз тополоӊ болду. Жолойдун үнү күркүрөп түн жарды. Кошойдон неге доош чыкпайт деп турган журт таӊ калды. Манас чырак алдырды. Бир нече миӊ чырак жандырганда балбан Кошой менен балбан Жолой кайрадан күрөш майданынан көрүндү. Букаларча чалышты.

Арадан бир түн өттү. Эртеси тыныккан экөө кайра күрөштү. Күн обого толгондо, жалган түш жаӊы болгондо чарчап калган эр Кошой уйкуну катуу салды. Уктап калганын шай-

тан Жолой билип алды. Көтөрүп барып талпагын үйдөй ташка урарда, көздөп турган эр Манас Кошойдун айткан кебин эстеп, айгайлап барды.

— Абаке Кошой, канттиң?! Намысың колдон кеттиби, напсиң түпкө жеттиби?! Каманга качпай чалдырдың, каапырга намыс алдырдың. Абаке Кошой, көзүңдү ач! — деп бакырды.

Манастын кыйкырыгы эр Кошойдун кулагында жаңырды. Жолой жеңгеним ушу деп Кошойдун талпагын ташка жайганы даярданып калган. Карыя кылтыйтып көзүн ачты, өзүнө келди. Кайратын чыңап, күчөнө жулкунганда буту жерге тийгенин сезди. Ошондо колун артылта салып, Жолойдун шымынын кашатынан аткый кармады. Оң буту менен астын торгой чалып, тоодой Жолой балбанды томкоруп жерден алып, көтөрүп кайра жерге урду. Башынан аттап калганда Жолойду кудай урду.

— Армандуу бойдон калдым. Бутту бууп салдың, бурдап жыгып алдың! — деп ок жеген аюудай айкырып, Кошойдун багалегинен кош колдоп чапчыды. Бурдап-бурдап көтөрүп, жерге чапканы калганда Манас баатыр жетип барды.

— Бир жыгылдың болду да, сасыган доңуз! Дагы кандай арманың бар?! — деп учуна коргошун уютулган толгомо камчы менен жон талаштыра чаап өттү.

Жолой аттиштей кармаган колун коё берди, ызалуу кетти. Экөө эки жакка бөлүндү. Кыргыз журту дүңгүрөп, Кошой балбандын атын атап чакырды. Эр Акбай чуркап келип балбанды жаш балача көтөрүп кетти. Кошой күрөштөн уткан байгени элге таратып берди.

## МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ

Көкөтөйдүн кылкылдаган көк туусу желбиреген ак өргөөнүн алдында кайрадан добулбас кагылды, сурнай-керней үнү жаңырды. Ырамандын Ырчы уулу жекеме-жеке эр сайышка жарыя кылды, байгесин айтты. Калмактын бир билерман балбаны:



— Биз күрөшкө калмактан Жолойду салдык, бирок Кошой балбандан Жолой жыгылып, бактысы качып жоголду. Эми кытайдан эр сайышка чыксын, чыккандын туусун жыксын, кылымга тете иш кылсын! — деп жар салганда кытай тарап кужурашып калды.

— Качан кытай кыргызга жеңилген? Жекеме-жеке эр сайышка өзүм чыгам, — деди кайраты күч кан Коңурбай күрүлдөп. Ал көкжал Манас сайышка чыкпайт, себеби Аккула атын байгеге кошуп ийген деп ойлоду. Жоо жарагын астейдил текшерип, майданга эрдемсип чыкты. Алгара аты шаңданып, чоң күрсүсүн байланып, найза колдо койкойду, өтүк бутта чойкойду. Айбатын көргөн көр пенде жанына бара албоочудай сестенди.

— Бири эмес, миңи келсин, кыргыздан өчүмдү алып кетем! — деп айкырган кан Коңурбайга Бозкертик менен Будаңчан баатыр жандооч калыс болду.

— Кан Коңурбайдын жаалы жаман. Эр сайышка өзү чыкты. Манас баатыр, жекеме- жеке сайышка өзүң чыкпасаң, ага кандай адам бет алат? — деп Кошой тыбырчылады.

— Абаке, мурдатан Коңурбай эр сайышка чыгат десе Аккула атымды байгеге кошпойт элем. Эми тез бир ат белендегиле. Мен чыкпасам, ага ким чыгат?! — деп Манас күркүрөгөндө эр Кошой көп аттын ичинен Алымсарыктын Жармаңдай атын жактырды.

Аккула аттын ээр, токумун Жармаңдайга чактап токуду, атты алдына тартты. Манас кандагайды шымданды, кара боюн чыңады. Болот туулгасын* башка, соот кийимин үстүнө кийди. Баатырды кан Бакай менен эр Төштүк жандады.

Намыс талашкан эки эр бирин-бири көрүп атка камчы урду, найзаны ишке салды. Аянбай урушту, найзалар калканга кагышты. Күч менен тийген найзадан аттар очоюп отуруп калып атты. Соот чыдады, ат турууштук берди. Найза калып, күрсү чабышты, андан аман калышты. Кылычташты, анысы калып айбалта колдо карышты. Темирге темир тийгенде жарк-журк этип, жалыны туш тарапка бөлүндү. Найза ат үстүнөн ыргыта сайбады, кылыч башын кыйбады. Амал кеткенде ажал тооруган колдорун арбайтып алышууга киришти. Бу аламан уруш эмес деп кыргыз тараптан Бакай менен Төштүк, калмак, кытай тараптан Бозкертик менен Будаңчаң ортого чыгып, найза менен сайышкыла деп найза карматты.

Кайрадан эки дөө мелтиретип найза алып, бирин-бири качырды. Жаны ачыгып калган белем, Коңурбай алтын ээрдин кашы, как жүрөктүн башы деп найзасын бекем туштады. Манасты өлүмдөн соот кийим сактап калды. Көчүгү көтөрүлүп, буту үзөңгүдөн тая түштү. Жыгылып кете жаздап барып оңолду. Аккула аттын баркы, анын жоктугу ушул жерден билинди го, чиркин! Ал болгондо мындай болбойт эле. Оңдонуп минген эр Манас Коңурбай кыйгап жанынан өтө бергенде кулактын арка жагындагы ачык жери көрүнүп калды. Ойлонбой как ошо ачылып калган жерге найзасын мылгыды. Айбаттанган Коңурбай Алгара аттан ыргыды. Тозоңго башы тыгылып, чыкыйы кызыл канга боёлду. Оор денеси чаңга буланып, кара курттай жыйрылган неме ары-бери сойлоду.

Арийне, Манас баатырдын өзүнүн аңдабастыгынанбы Алгара атты чылбырдан алып жетелеп кетпеди. Ал тургай, чаңда буланып жаткан Коңурбайдын кыл учундагы өмүрүнө көңүл бурбады. Эр сайыштын акыркы өтөсүнө чыкпай кете берди. Жоо аяган жаралуу болду. А жаралуу жолборстун кек-айбаты катуу болору бештен белгилүү эмеспи. Бирок аны эч ким аңдабай калды.

Кыргыздар дуу жарылып, "Манастап" ураан салышты, баатырды жандай кетишти. Байгеге тийген көп малды айкөл Манас калкка туягын калтырбай таратты.

## КОҢУРБАЙДЫН БАЙГЕНИ ЧААП КЕТИШИ, МАНАСТЫН КУУГУНУ

Байгеге чапкан тулпарлар келип арстан Манас баш болуп, Кошой аксакал төш болуп тосуп чыкты. Баш байгени Манастын Аккула аты алды. Андан башка алтымыш атка байге берилди. Баш аттын байгесин алып, он алты чоросун кайтартып койду. Кечинде кайрылып келсе баарынын башы-көзү жарылган. Байгени кан Коңурбай баштаган кытай, калмактар айдап кетиптир. Байгеге берилген малды гана тартып албастан: "Атпай кыргыз журтун чаап кетебиз, кыргынды катуу салабыз!" — деп жолдо учурагандардын баарын тоноптур. Көп малды айдап топурап, Терс-Маёодон өтүп калыптыр.

— "Мен аларды кыйын журт, акыры тууган болобуз" деп кийинкилигин ойлоп жүрсөм Коңурбай менен Жолой иттигине барган экен. Алар урушту кааладыбы, тилегенин берейин, талпагын ташка керейин! Байгени тарттырып ийгенче, Манасты өлдү дегиле, батаны кыла келгиле! — деп эр Манас баатырларын чакырды, артынан куугун салды.

Кулжага жакын келгенде талоончу душмандар эми куугундан кутулдук окшойт деп өргүү алды. Коңурбай кыргызга кыргын салдык, малын тоноп алдык, калайык тосуп алсын деп элине чабарман жөнөттү. Кабарды уккан куу баш карылар ишенишкен жок. "Арстан Манас болсо мынча малды алдырбайт эле", — деп ойлошту.

Так ошо маалда үстүнөн добулбас кагылды. Керней менен сурнай үнү жаңырды, кызыл туулар кылкылдады. Адамдын үрөйүн учуруп, мылтыктар тарсылдады, кырк уруу кыргыз кыргын сала чуулдады. "Манастап" ураан чакырды. Ажалы кылычтын кырында турган кытай, калмак туш тарапка качты. Айбатка чыдабай өзүнө өзү канжар салганы, жанталпастан сууга боюн урганы андан көп.

Кан Коңурбай Нескара экөө "кытайлап" ураан чакырып, аламан урушка кирди. Коңурбайды көрүп он тогуздагы Бокмурундун каары кычады. Урушууга тобокел кылды. Кошой



айтса да болбоду. Ар дайым сөздү өзүнчө буруп келген Бокмурун:

— Аба, эмнемден жаздым! Атакемдин ашын бердим, малын чачтым. Мусулман менен каапыр ойноп-күлсүн, чери жазылсын дедим. Ошо жакшылыкты билбеген Коңурбайдын кордугун көрүп, мындан ары чыдай албайм. Намыс башка түшкөндө Көкөтөйдүн жалгызын аяба! Андан көрө абаке, ак батаңды бер! Ат салышып көрөйүн, намыс үчүн жөнөйүн, ажалым жетсе өлөйүн! — деди жаны ачыганда.

Кан Кошой ак батасын берди, Бокмурун чаап кетти.

— Манас баатыр, кан Кошой айтса болбой көгөрүп, Бокмурун Коңурбайга беттешкени кетти, — деп Жоорунчу чоросу кабар кылганда Манас чочуп кетти.

— Алда кокуй шумурай, ачуусу келип калган го! Алаптабай тим турбайбы?! Атты тарткыла! — деп катуу буюрду, бирок баланын жолун тосконго үлгүрбөй калды.

Тигил жактан Коңурбай, бул жактан Бокмурун жекеме-жеке сайышта кырчылдашып калыптыр. Далай урушту көргөн Коңурбай найзасын күүлөп как жүрөк тушка кезеди. Мааникердин асылдыгы ушул жерден билинди. Бир жамандыкты сезгендей ойт берди. Ээси аман калды. Коңурбай кайра оңдолуп найза сайганча, Бокмурун жетип барып, найзасын төшкө такады. Эрдемсиген Коңурбайдын көзүнөн от чагылды. Ээрден көчүгү жылбышып калганда Бокмурун чапкылап жетип май куйрукка жана согуп өттү. Коңурбайдын шымы бурчактап канга толду. Намысты койду, жанды тиштеп, атын бурду. Ойлонбостон колун көздөй кире качты. Артынан кууп

жөнөгөн Бокмурунду Нескара дөө кылыч менен тосту, найзасын кыя чапты.

Урушка көз салып турган эр Манас чыдап тура албады. Аккулага камчы урду. Артынан чаңын буратып: "Ургула, соккула!" — деп колун аламан урушка баштады. Аскери жөн турабы "Ур, аа!", "Ур, аа!" — деп коштоду.

Ошо урушта кытай, калмак куп эле кырылды. Кыргыз колу кытай, калмактын кары-картаңдарына, кыз-келиндерине, жаш балдарга кол көтөрбөдү. Ажылдаган аскерин аябай чапты. Чылбырын сүйрөп ат калды, жыгылган жерде кан калды.

Жарым күн илгерээк үйүнө барган Жолой дөө ооз көптүрүп, очоктун боюнда отко кактанып, катыны Кыяшка мактанып олтурган.

— Манастын калкын куруттум, айласын алты кетирдим! А түгүл, Аккуланын байгесин сүрүп баса бердик. Кырк жигитин кыйраттык, кыз-катынын ыйлаттык. Аш берген кыргызды аскер талап курутту. Такалуудан тай койбой, тамгалуудан кой койбой, баарысын айдап баса бердик. Эми Кыяшым, казаның көпкө чейин май, сүттөн өксүбөйт го, сыягы, — деп оозун жыйып алганча эр Манас жетип келди.

Жоокердик айбаты менен Жолойдун башын айбалта менен жара чапты. Биротоло башын кесип аларда абакеси эр Кошой жан соога баатыр деп жанын арачылап калды.

Ошентип, аш өткөргөндүн, аш башкаргандын баары аман-эсен үйүнө олжолуу кайтты. Ошо күндөн канкор Манас баатырдын атын укканда өңкөй кытай, калмак өңдөрүн сары зил басып, түшүнөн чочуп ойгоно турган болуптур.

## АЛТЫ КАНДЫН АРАМДЫГЫ, МАНАСТЫН КАЗАТКА АТТАНЫШЫ

Кыргыз жаралгандан жоого бүткөн эл. Ошондонбу өз башына дагы чоң балээни үйдү. Көкөтөйдүн ашы, чырдын башы болду. "Ашта бизди кемсинтти, тең ата кылып теңсинбеди, камчысын жонго үйрүдү, бизге бийлетпеди", — деген куру



шылтоолорду айтып, кыргыздын он төрт беги Эр Төштүктүн тоюнда баатыр Манасты чаап алмак болду. Он төрт бектин ишенген үмүтү, чабар кылычы эр Кошой да калыс сөзүн айтпады, койгула деп катуу тыйбады.

— Өткөн жылы эле Манасты өлтүрүп, же өлөт элек. Сиз кой деп койбодуңузбу. Анан канкорду бизге жыгып бермек болгонсуз. Канакей, ошо сөзүңүз?! — деди он төрт бек.

— Балдарым, антпегиле, карыганда мени жарга такабагыла! Манасты Манас кылган мен эмес, аны Манас кылган элдин өзү. Менин сөзүмдү макул көргөнүң унчукпай кал, макул көрбөгөнүң кайратка тол, чабуулду катуу кой! Мага эмне, башыңар бириксе Манасты чаап алып кайтасыңар. Сөзүңөр ордунан чыкпаса сөзсүз бир балээге каласыңар! Басташып барганыбыз чекилик болор. Кой десем болушкандай көрдүңөр. Жаман жорук баштабагыла, жай жайыңарга тарагыла! Антпесеңер өзүңөр билгиле, мага демек Манастын башын кесип алгыла, менин ишим жок! — деп топтон суурулуп чыгып кетти.

Болгону Кошой карыянын тилин жети бек алды.

— Манас дүнүйө берип жалдады, же Кошой бизди алдады. Экөөнөн тең пайда көрөр жайыбыз калбады. Ушинтип айтып-чуруллдап алып, жарым жолдо кала беребизби! Биз да тең атанын уулубуз, жөнеле тарап кетсек өзүбүзгө уят го?! — деп бири-бирин карады.

Алты кан ары тартты, бери тартты, бирок бир сөзгө келбей кыйналды. Акыры эр Көкчө, Музбурчак кары Үрбүнү көздөй октолду.

— Үрбү, Көкөтөйдүн ашында өзүң билесиң, башыңа таяк жегенсиң. Сен үчүн намыс кылганбыз. Аксакал Кошой болбогондо ошондо эле тополоңду салмакбыз. А сен аны билбей эртеден бери оозуңа талкан салып алгансып тымпыйып отурасың. Кокустан канкор менен чарпыша түшсөк, сен кай тарапта болосуң, ошону айтчы?! — дешти камалап.

— Басташып калсак башымды ала качпайм. Манастын башын кесип берем деп да айта албайм. Себеби, маанайым пас, элим аз, башым таз. Анан калса өз тууганым өзүмө кас! — деп үлүрөйүп отуруп калды Үрбү.

— Камалып корко бергидей Манастын эли бизден арбынбы, адамы бизден баатырбы?! Кат жазалы, колуна тапшыралы. Ага чейин өзүбүз көп кол топтоп конокко баралы. Жети кандан чогулган көп кол барса, жеке Манас күтө албайт, шайы оойт. Ошондо короодон коюн, өрүштөн жылкысын соёлук, коломтосун оёлук. Конок болуп шылтоолоп кордук кылып коёлук. Элин аламандап талайлы, көсөмсүгөн көй төрө* көрүп алсын далайды! Төрүнө кудук казалы, төшүнө казан асалы, төрт түлүк маалын чачалы! Дөөгүрсүгөн канкордун төбөсүнөн басалы! Кармашса канын төгөлү, казапташып көрөлү! Кыз-катынын ыйлатып, акесин бир таанытып коёлу! Мындан кийин бу Манас кыргыз челишет экен деп, боюна ченеп иш кылсын! Аяктан кайтып келген соң чалдардын эбин табалы! Катагандын Кошоюн кадырласак болбоду, Оогандын каны Акунду чакырсак келбеди. Манас баатырга ким каяша айтат деп болбой коюптур, — деп күпүлдөдү алты кан.

Ошентип, эр Төштүк, эр Жамгырчы, эр Көкчө, эр Үрбү, эр Музбурчак, эр Санжыбек баштаган алты кан арам оюн билгизди, куру намыс кылды. Ак боз бээ айтуяк чалышты, канга колун малышты. Убададан кайтпай турган болуп ант кылышты, чыбыгын кыркып беришти*.

— Манас деген бир балээ карарган журттун баарысын кирпигине илбеди, бизди киши экен деп билбеди. Ошондуктан теңсинбеген Манасты чөгөлөтүп жыгалы, көзүнө көр топурак тыгалы! Ушу сөздөн жанганды, убададан таңганды төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун! Ак бараңдын огу урсун, көк милтенин чогу урсун! Ушу убада чын болсо, жал-

пыңар кол көтөрүп койгула! — деп алты кан турду буркурап, батасын кылып чуркурап.

Канкорго кат жолдошту. Катта: "Кошуун* барса үстүңө конок кылып күткүн, болбосо кан жүткүн. Биз сенден коркпойбуз", — дешти. Алтоо бирден киши чыгарып, элчиликке* жөнөттү. "Өлтүрүп ийсе эки эселеп өч алчу, элин чаап алчу, боор жарып, өт жарчу артыңарда биз барбыз, — деп элчилердин кулагына куюшту. — Улуксунган Манаска кыраан куштай тийгиле, коркпогула артыңарда алты кан бар", — деп жолго салды.

Элчилерди канкор Манас жакшы тосуп алды. Жолуна дилде чачтырды. Кырк чоро аскер өнөрүн, меймандостук сыйын көрсөттү. Алдына ат тартты, үстүнө тон жапты. Алты кандын каты колго тийди. Алардын коркутуп-үркүтүп жазган катынан коркпой, кайра мыйыгынан жылмайды. Тилекти кудай берди деп, катты окуп катуу кубанды. Катка кат менен жооп жазды. Алты кан канкор Манастын эмне ойлоп, эмне кыларын билген жок. "Бизди укту, биз менен эсептешти, бизден коркту", — деп ойлошту.

"Кырк күндө келип калгыла, бу убакытта келбесеңер талкаландым деп ойлогула! Андыктан үйөр аккан суудай, жер жайнаган чуудай, азамат, эриң мол келсин! Баксасы* бийик дубалмын, майышпасаң басып чык. Жетөөң эмес жетимишиң чогулуп, жеңе турган болуп кел!" — деген жоопту алган жети канга эр Төштүк чыдай албай күүлөндү.

— Атаңдын көрү, алты кан, айтарын билбей тантыган! Үйдө баатыр, жоодо жок карыя Музбурчак баштаган баарыңды кудай урсун! Тынч жаткан Манаска тийишип, эми оңбой калдык! Бириңди бириңе урат, билдирбей жумушун бүтүрөт. Эми артка кайтууга кеч болуп калды. Андыктан түмөн аскер алалы, түгөнгүрдүн үстүнө дүбүрөп түшүп баралы. Алдырсак да, алсак да бир бололу! Илгери, кийин калбайлы, итчилик кылып салбайлы, бир күндө барып камайлы! — деп эр Төштүк күңгүрөнө ботодой боздоп, тоюн таратты.

Биринчи келген эр Жамгырчы канды жети жүз миң колу менен Бакай конок кылды. Артынан жүз миң түмөн колу менен ызы-чуу түшүп келген эр Төштүк канды Алмамбет, эр



Үрбү канды Серек, эр Көкчө канды Сыргак, эр Санжыбек канды Ажыбай, Чалыбай, Кутунай, эр Музбурчак канды Чубак коноктогону алып кетти. Ар бир канды канкор Манас доолун кактырып, комузун черттирип, кыз-жигитин ырдатып тосту. Бакай, Алмамбетин баш кылып, кырк чоросу менен күтүп алып, коно турган жерине жайгаштырып жүрдү. Калган отуз чоросу конок албай калыптыр, качан конок келет деп ары-бери сороктоп камчыланып жүрдү. "Аскери менен аңга түш, аз келээрин билгенде сурабастан четинен бөлө чаап алмакбыз. Эсепсиз эл келет деп куру калдык окшойт", — деп ары-бери чапкылап жүргөн отуз чорону көргөн алты кандын өкүлдөрү аябай күтүнгөн экен деп таң калды.

Жер майышкан калың колу менен келген алты кан Манастын кырк чоросу тарабынан чоң сый көрдү. Семизден тандап мал сойду, казыдан тандап жал койду. Малайы, байын ылгабай, кол-аягын чойдурду, каалаганча тойдурду. Дөбөдөй үйүп эт тартты, шекер, балы, өрүк-мейизи арбын болду. Дасторкон кенен жайылып, ак дилден жакшы коноктоду. Алты кандын сыйдан, тамактан колу бошободу. Арадан күн өтүп, алты кандын жер жайнаган аскери этке тоюп элдиреп, майга тоюп магдырап, чайга тоюп чалкалап жатканда кабылан Манас падыша тактысына чыгып минтип айтты.

— Жанагы кандар кайда?! Бирин койбой бери айда! Келбегенин байлап келгиле, кежирлик кылып тартынса башын алгыла! — деп желдеттерине каарын төгө бакырды.

Ушинтип, башталды, кызык тамаша. Улуксунган кандарды учуп барган желдеттер аттан түшпөй чакырды. Алдыга са-

лып дүргүтүп, койдой кылып үркүттү. Арстан Манасты алты катар аскери курчап турган жерге айдап келди. Кандар чубуруп киргенде бет алдынан милтелери кызыл чок болгон сексен төрт баатырды көрүштү. "Кокуй, бизди атабы?!" — деп кылчая артын карашса, кежигесине капкачан жаа жебеси керилип калыптыр. Кирген эшиги, чыккан тешиги жок, камоодо калганын алты кан ошондо араң түшүндү, ичтери быкшыган чок болуп күйдү.

— Урматтуу кандар, жылкы теппей, жылан чакпай ар дайым тийишкениңерди койбойсуңар, тим жүр десем болбойсуңар! Ойлогонуңар эмне, билбейм? Мен ушуга капамын, — деди канкор Манас кандарга сүрдүү жүз багып. — Эми көп кол менен мынча сүрүлүп келип калыпсыңар, капамды жазгыла. Жазбасаңар капылет өлүп, жер сойлоп каласыңар. Мынча жыйылып келген соң, кандар силерге эп болсо, мен бийлеген кеп болсо, капкалуу чоң Бежинге, кан Коңурбай баатырга казатка чыксак кантет?! Алтайга азган журттун, шейит кеткен Ороздудай миңдеген шердин кунун кууйлу, он эки капка кытайды, оролтуп он эки чаап алалы! Кыргызга кызык бу жумуш, кытайга салып чоң уруш, кайнап жаткан кытайга уруш салсак кантет?! Казатка барасыңарбы, же жокбу, жообун бат айткыла! — деп эр Манас казаптап турду, баатырсынган алты канды.

Корккондон алты кандын коёндой көздөрү жоодурады. Куру кайрат-баш жарат дегендей барбайбыз десе, алды-арты окко маталды, жок деп айтса, баштары ыргып кетерге аз калды. Ошондуктан эси чыгып селейишкен алты кан казатка барабыз, же барбайбыз деп айталбады, сөзгө сөз кайтарбады. Оң колун алып обого, араң келди оздору тобого! Анан кайда бар десең баралы деп кандар макул болду. Каарданган канкордун ырайы ошондо кайра жанды. Андай болсо келгиле, мөөрүңөрдү бергиле деп катчыга катын жаздырды. Жыйып алып кандардын жыгалуу мөөрүн* бастырды.

— Ай, кандар, колуңарды коюп, кандык мөөрүңөрдү баскандан кийин айныганыңарды койгула! Айныдым деп моюн толгоочу болсоңор убалыңар өзүңөргө. Бежинге барбай койдум, артыңардан келип эли-жериңди талап алам! — деди арстан Манас.

— Айныбайбыз баатыр! — деп кандардын баары Манаска кулдук уруп, моюн сунду.

— Анда араңардан бирөөнү кан көтөрүп алгыла! — дегенде алты кандын шайы ооп, кың дей албады. — Анда, силерге эп болсо, мен бийлеген кеп болсо, жоого тийсе сан* колдой, атка минсе ак жолтой, айтышканда муңдашым, аксакал Бакай абамды, калк агасы бабаңды кан көтөрсөк кантет?! — деди көкжал Манас.

— Канкор төрөбүз туура айтты. Биз дагы касиеттүү Бакайды канга ылайык көрөбүз! — деди аскердин баары кубанып.

Манас катчыга катын жаздырды, жыйып алып кандардын жыгалуу мөөрүн бастырды. Таруудай тарлык жоголду, Бакайга кандык токтолду.

Ошентип жер жайнаган калың кол кут даарыган Бакайды аскерге жол башчы кылып, кан көтөрдү. Карынын каргышы тийдиби, өздөрүн эрден өткөн эркекпиз деп дердейип, Манаска теңелебиз деп мыктуусунуп келген алты кан кыңк эте албады, ичтен сызды. Кайра чыкпас капаска өздөрү келип түшкөнүн аңдабай калды.

— Баланы жетим кылдык, катынды жесир калтырдык, калкка кесир кылдык! Манасты олжо кылмакка жыйылбай жылас болсокчу, үйдү көрбөй кырылмак болдук! — деп чурулдашкан арманы аттын башындай алты кан, эми минтип үйдү көрбөй, жерди көрбөй аскери менен чоң казатка аттанганы, ажал менен кармашканы турду.

— Араңарда Бежинди көргөн, жолун билгендер барбы?! — деди Манас баатыр котологон калың колго. Көргөм, жолун билем дегендер чыкпады. — Ай, калайык, анда баарыңар макул көрсөңөр, ушу жолдун бийлигин Алмамбетке берелик, — дегенде журт макул көрдү.

Добулбасы дүңгүрөдү, керней-сурнайы тапылдады. Комузу топурады, чоору созулду, кылкылдаган көк асаба, кызыл туулар көктү жарды. Жер жайнаган көп колдон жер майышкандай солкулдады, тоо көчкөндөй күңгүрөдү. Кыргыздын канкор Манас баатыры аскерин баштап, чоң казатка аттанды. "Ааламга атагы кеткен кытай, калмактын сазайын берем", — деп Бежинди көздөй күүлөндү.

— Калайык, жарлыгымды ук! Алтайдан бери айдап келген, көбөйтүп баккан жер жайнаган малымды ушу калың колго бердим. Бу кан жарлыгы, кан жарлыгы эки болбойт. Эр башына, кош башына бирден айгыр, бирден байтал алгыла! Аркы дүйнөдө да, бу дүйнөдө да эч кимге доо артпайм! — деп канкор Манас алтын доол кактырды.

— Учуң узарсын, баатыр Манас! Чыныгы эр, дүйнөдө жок жоомарт экенсиң! — деп котологон калың кол укурукту колго алып, жер жайнаган жылкыдан өз ырысын талашты.

## КАНЫКЕЙДИН КЫРК ЧОРОГО БЕЛЕГИ, АЛМАМБЕТТИН КАН БОЛУШУ

Барар жолубуз Бакбурчун*, кармашаар колубуз Каканчын, алар шаарыбыз Бежин деп топурап жөнөгөн сансыз колду баштап бараткан Алмамбет Манаска шанаңдай чаап келип:

— Урматтуу султан, сага айтар дартым бар. Сарамжалга туш келген, ал сага ылайык иш. Оймоктуунун узу, олуя кандын кызы Каныкейдин ак өргөөсүнө тие өтөлү. Батасын алып, анан жолго чыксак кантет? — деди.

Манас Алмамбеттин айтканын угуп, кубангандай арсаланддап алды. Ар качандан бир качан сырымды өзүм айтпасам эч ким билбейт деп ачуусун ичине жуткан Манастын күлкүсү чыгып калды. Кашка тиши кашкайып каткырыгын салды. Катарындагы кырк чоро катын жандуу канкор, жөнеле анткорлонуп күлүп жатат деп күбүрөшүп алды.

— Алмамбет баатыр, сен айткандай болсун. Канышка* тийсе, тие өтөлү, — деп Манас атты Каныкей ордого бурду.

— Жаныңызга өзүңүзгө жарашкан аскер жолборсуңузду, кырк чороңузду алып сапарга чыккан силерди жараткан эгем колдосун! Жолуңуз узакбы, катын да болсо угалы кабарын айтып коюңуз, төрөм? — деп Каныкей баштаган кырк кенизек Манасты баш, кырк чоросун төш кылып жаадырап-жайнап тосту.

Манастын атын Каныкей сулуу өзү алды. Баатыр ана-мына дегиче, эр Алмамбет жообун жолдоду.

— Ээ, аяш, жолубуз узак. Багытыбыз Каспандын кара тоосу, капкалуу Бежин шаары. Жоо дегенде шайланган, кара атын байланган Алооке кандын кенжеси кан Коңурбай деген баатырга баратабыз. Анан сизге учураша кетелик деп кайрылып калдык, — деди.

— Кайрылганыңар жакшы, урматтуу төрөм, консоңор айткыла, азыртан конок камын көрөйүн, — деди нарктуу Каныкей камкор унчуга.

— Аяш, калк туткасы кан болот, казат деген улуу жол болот. Бизди конгун дебе, калктан бөлүнүп калып, калбайлы кара балээге! — деп Алмамбет Манас жооп бергенче айта салды.

Ошондо Каныкей бурала басып, казынаны ачтырды. Балбандарды шаштырды, мурда эл көрбөгөн чоң куржунду көтөртүп чыкты. Ичин ачып көп буюмдун, көп түрүн көрсөттү.

— Аяш, бу куржунда нелер бар да, нелер жок? Бежин ысык жер деп, тогуз жүз кемпир жыйып, койдун жүнүн тыттырдым, келин-кызга кыя тиктирдим. Уздан узга сындатып, кырк чорого кырк калпак жасаттым. Андан башка, ичин суусар ичтетип, тышын буулум* тыштатып, кыш киерге тиккен тумак, он эки көйнөк, он дамбал, болот эгеп тиктирген, кийгендин көөнүн тындырган бирден тон бар. Абыкени баш кылып, алтымыш мерген аткарып, териси калың болот деп тоо текесин аттырдым. Алтымыш беш балбанга алым салып ийлетип, найза тийсе тешер деп болот эгеп ширетип, ок өтпөгөн, отко күйбөгөн кандагай шымдан кыркты камдадым. Таманын калың койдуруп, таканын ичин ойдуруп, кырк өтүк тиктирдим. Жайы киер деп барчадан байпак, ак чылгоо, кыш киер деп түлкү байпак, жибек чылгоо оролуу байпакты ылайыктап чоң куржундун түбүнө салдым. Карк алтындан жаркыратып, жигин билгизбей кынаптап, асыл таштан көзү бар кыркына кырк кайыш кур салдым.

Айлап-жылдап жатышса, ок дарысы күбүлсө кыйналып калбасын деген сексен төрт чанач дарысы, деги койчу, оттук, бычак, белбоосу, милтеге чейин баары бар. Кыскасы, төрөмдүн кырк чоросу менен чоң казатка аттанган жолуна камдаган менин жупуну белегимди аз көрбөй алып койгула, — деди дүйнөлүк чебер Каныкей.



Эр Манас баштаган кырк чоро Каныкейдин акылмандыгына, сарамжалдыгына тан берип, ыраазы болуп турушту.

— Жардын күчү эр менен дегендей, таянар төрөм жаман жоого аттанды. Баатырдын аркасында сүйөнөр туяк калбады. Төрөмдү жакшы карагыла, айрылып калып арстандан, армандуу бойдон өтпөйүн! — деп көзүн жаштап алды Каныкей.

Эр Манастын эт жүрөгү элжиреп, ак никелеп алган жарынын камкордугуна чексиз кубанды. Мындан ары "атаң, анаң" дебеске, артылтып камчы салбаска убада берди. Убадамды бузсам Аккелтенин огу, көк милтенин чогу урсун деди.

Канкору убада бергенин көрүп Каныкейдин көөнү тынды. Чоролор неге туруп калдыңар, жөнөйлү деген кан жарлыгын уккан Баймат эшикти ача салды. Баары сыртка чыгып карашса кырк чорого, кырк бедөө* ат бактырып, соорусуна кымкап* жабуу жаптырып, күмүш жүгөн каттырыптыр. Жумшак ээр токутуп, кундуз көрпө тарттырып, бирден соот бөктөрүп, коёндой кылып окшотуп койгонун көргөн кырк баатыр мурдагыдан беш бетер айраң калды. Ыраазычылыгын билгизип, Каныкейди алкап ийишти.

— Кырк чорого камдаган белегиңизге, келечекти ойлогон айкөлдүгүңүзгө чоң ырахмат, Каныкей аяш! Жалгыз дейсиң баатырды, жайнап жаткан көп кыргыз кимге тууган акыры?! Манас жалгыз эмес. Артында котологон кыргыз журту, кырк чоросу, Абыке, Көбөш, Сыргак, Серек деген инилери бар. Алдыңда турган бир кулдун өзүнөн бөлөк кими бар?! Мени жалгыз десеңиз болот. Тутунарга тууган жок, баркырап ыйлар балам, сөөктөшкөн элим, туу туутар жерим жок. Карап турсам

бу дүйнөдө канкор Манас менен жарым Аруукеден башка эч кимим жок экен, — деп көзүн нымдады.

— Жолукканга чейин кайыр кош, алган жарым, алтын аяшым!

Чоро башчы Кыргыл доол какты. Эл амандык айтып чуулдады. Кырк чоро кол артынан жол алды. Туу тууга урунду, чаң обого бурулду. Котологон кол казатка аттанбай аң улоого чыккандай, оюн-зоок куруп, өз алдынча эт бышырып, казан асып, сууга түшүп жүрүп олтурду. Ордо атып, чатыраш ойногону андан көп. Чапанын чечип, чатыр кылып алышып, уйкусун кана кандырып, чуру-чуу түшкөнү мындан көп.

Көп колдун чачылып кеткенин көрүп Алмамбеттин зээни кейиди. Ачуусу кайнаган эр Алмаң: "Өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем", — деген колдун пейлин жактырбай, Манаска оюн айтканы келди. Коркпостон тикелей суроо берди.

— Кабылан Манас барсыңбы? Каным, сени калктын каны деп жүрсөм, ашкере жүргөн карсыңбы?! Жыйганың отуз түмөн кол, барарың Бежин деген алыс жол. Кытай дегенди билесиңби, кандай журт? Кытай деген кыйын журт, көптүгүн көрсөң кыжылдаган кара курт! Жоолаган кытайды оңой ойлобо! Самсыган колуң сай-сайлап өз алдынча жойлоп, тартип дегенди билбей чардап жүрөт. Абалың бу болсо, аман каларыңды бир кудайдын өзү билбесе, эч ким билбейт?! Чатыраш, ордо оюнуң токтолсун, колуңдун чачылганы жок болсун, уйкудан көзү ачылсын! Ушу кылган ишиңе төрөм, ичим кантип жылысын. Уруксат бер, кетчү жагыма кетем, барчу жагыма барам! Колуңду баштап не кылам, төрөм! — деп Алмамбеттин түрү бузулду. Муну уккан аскердин деми кысылды.

— Эмне сегиз кандын үстүнөн кан болгон Бакай абам карып калдыбы? Кан Бакайга не болду? Неге колду башкарбайт, неге ээнсиретип койду? Аңдабайт, билбейт дегидей абакем эмне жашбы?! Биз эмне дарбыз тергени, коон үзгөнү баратабызбы?! — деп эр Манас өзүнчө кейинди. — Ажыбай, Серек, мында келгиле. Бакай абама барып кандыгын сурап келгиле! Менин сөзүмдү эп көрсө, айтты деп наалат кылбаса кандыгын Алмамбетке өткөрүп берсин! — деп эки чоросун эр Бакайга чаптырганда кырк чоросу элейишип калды. Кандай адам ай-

тат, олуя Бакайга: "Кандыгыңды бергин!" — деп. Ажыбай менен Серектин аты аталып калгандан кийин, көзү алайган кырк чоро оор үшкүрүп, күлкүсү чыгып калды. Экөө кан жарлыгы колго тийгенден кийин алды-артын карабай дөбөдөгү чатырга чабышты. Чатырдагылар да экөөнүн катуу чаап келатканын көрүптүр.

— Кара десек каргадай, карга десек бутадай, кан абаке, бу эмне болуп кетти?! — деп жигиттердин бири шашып калды.

Эки атчанды карап эле Бакай билди, мыйыгынан күлдү.

— Жигиттер, жүгүрүп чыгып, ат алгыла! Сөзгө чечен Ажыбай келе жаткандыр, — деди.

Айтып оозун жыйганча, аны-муну кылганча экөө чымынкуюн болуп жете келди. Салам айтып бүгүлүп, кол берип учурашты. Эки чоронун түрүнөн акылгөй Бакай көп нерсени түшүндү. Бир балээни сезип турса да, сездирбей, билип турса да, билдирбей кан Манастын жарлыгы менен келген Ажыбай менен Серектин алдына дасторкон жайдырды, курсагын кампайтты. Кол ачып дуба кылгандан кийин гана:

— Жигиттер, не жумуш менен келдиңер эле? Бөтөнчө чочуган түрүңөр бар? — деп Бакай карыя кепке тартты, көзү алаңдаган эки чорону.

— Урматтуу аксакал, тууга желек байлады, кандыкка сизди шайлады. Эми кечээ өзү берген кандыкты, кайта сурап келгин деп канкоруң бизди айдады. Улугубуз сизсиз, убара болгон бизбиз. Сизге биздин башыбыз тартуу, — деди Ажыбай башын шылкыйтып.

— Ой, арбак ургурлар десе, ага эмне мынча шылкыйдыңар? Болгону ошол элеби? Жигиттер, өзүңөр калыс болгулачы, канча жерде кан, канча жерде бек болдум. Башыма мүйүз чыккан жок. Кан Манастын жарлыгына ким каршы чыгат? Мен Алмамбет төрөнү Манастан өөдө көрсө көрөм, асти, андан кем көрбөйм. Алмамбет үчүн сураса кандыгын миң жолу кайтарып берүүгө мен даярмын, — деп катчыга кат жаздырып, колун коюп, мөөрүн басып берди. Ажыбай менен Серекке ат мингизип, тон жаап, жайдары узатты.

Манас журт алдында жарлыгын окуп, Алмамбетке кандык таажы кийгизди.

— Ушу жаткан калың журт, бириң эмес, миңиң ук! Жашың менен карың ук, жалпы аламан баарың ук! Бүгүндөн баштап Бакай кандыктан түштү, ордуна Алмамбет кан болду. Кан өкүмү эки болбойт, жарлыгы жалган дегендин түбүнө өзү жеткени! Түшүнгүн журтум, ушу кепти! — деп Ырамандын Ырчы уулу атына минип, жамы журтка жар чакырып ийди.

"Кытайдан качып келген, казакка батпай келген Алмамбет эмнени оңдоп ийет эле!" — дегендей уу-дуу, чуру-чуу ушак кеп журт аралап кетти. Көралбастык койнун ачты.

— Калың журт, аскер сынагын кайта санаймын. Санактан калганыңды этибарга албаймын! — деп Алмамбет эр ошол эле күнү ишке кызуу киришти. — Жалын, карган, сөзүңдү укпайм! Калайык, сөзүмдү тыңда, эсебиңди кайра баштан бер! — деп айгай салды. Он кишиге бир киши он башы*, жүз кишиге жүз башы*, миң кишиге миң башы* койду. Он миңди баатыр түмөн башы* деп, жүз миңге барып бек кылды. Бек белгиси туу болду. Бектин, туунун саны отузга жетти. Байрактын саны отуз миң болуп, он миңге керней келтирди. Ошентип, аскердин эсебин тактап, баарын өз ордуна койду.

— Калайык, эми сөзүмдү ук! Өкүм эки болбойт. Мындан ары эркиңерче тайраңдап, каалагандай ат чалдырбайсың. Чыканагыңды каалаган жерге салбайсың, чырым уйку албайсың. Күнү-түнү бел чечпей, үч ай-токсон күн жол жүрөбүз. Анан: "Айылдагыдай болом, азем күтүп жыргайм, үйдөгүдөй болом, үлпөт көрүп жыргайм!" — деп ойлобогула! Өргүү чалган жерден он башы менен жүз башыдан, миң башы менен түмөн башыдан колдун эсебин алам. Эсеби так чыкпаса, караң түгүл миң башы, бегиң болсун, жаныңдан үмүтүңдү үзүп кой, башын алам! — деп Алмамбет жар салдырды.

Аккелте мылтык аттырды, туш тарапка алтымыш желдет чаптырды.

Калың журт ичинде ар кандай ушак сөз жүрдү, кан Алмамбеттин жарлыгын ар ким өзүнчө кабылдады. "Карыдан каргыш алдыкбы, катынды жесир, баланы жетим кылдыкбы!" — деп наарazы болуп жүргөнү андан көп. "Кандай кыйынчылык болбосун көп менен кошо көрөм, ажал жетсе өз жеримде жүрсөм деле өлөм!" — деп тобокел кылганы, кайраттанып

шаттанганы мындан көп. Асан кайгы адамдардын алты канды каргашып, ат чылбырын кармашып, чуркурашып ыйлашканы, сандалып жүргөнү андан көп. Канткен күндө да жарлык деген жарлык. Ошо түнү: "Аттангыла!" — деген кан буйругу жаңырды. Каканчынга болгон жортуул кайра уланды.

## КЫРГЫЛДЫН КӨРГӨН АЗАБЫ, БОЗУУЛДУН КАЗАБЫ

Алтын доол кагылды, Аккелте мылтык атылды. Аскердин баары камынды, ат-атына жабылды. Он башылар бат жүргүн деп ороңдоду. Жүз башылар кыйкырып, жүздөн бири жоголсо өлөсүң деп сороңдоду. Кырктын башы Кыргылга, кыялы чатак Бозуул он башы болуп алыптыр. Жортуулга кырк бир күн толгондо атка жүрө албай сакалы арбайган, муруту сербейген Кыргыл чал аябай жүдөп калды.

— Ээ, кулунум, Бозуул, менин шайым ооду. Каңгай кулдун дартынан жүрүп-жүрүп жүдөдүм, артынан жете албай аябай чарчадым. Канкор Манас кытайга берип өкүмдү, кан ичмек болгон шекилдүү. Айдоодо жүрүп өлгөнчө, минтип байлоодо жүрүп өлгөнчө, башымды кесип алсаңчы, Манасыңа барсаңчы! Кыргыл баатыр өлдү, кыяматты көрдү деп кызыталак канга барып кабар салсаңчы! — деп көз жашын көл кылды.

— Кыргыл чал, не дейсиң?! "Башымды кесип алып, Манасты көздөй бар дейсиң!" Башыңды кесип алып башыма балээ үйгүм жок. Андан көрө өлсөң өзүң өлө бер. Өлүгүңдү таштабайм, белиңди бүктөп, астыңдагы атың Акборчукка арта жүктөйм да, кол эсебин алганда Кыргыл өлдү деп эсебиңди берем. Антпесем Манасыңдан бирди көрөм. Өлбөсөң алдыма түшкүн Кыргылым, калжырабай жөнөгүн! — деп Бозуул катуу каарыды.

— Болду, Бозуул жолборсум. Он башыны чыгарган кытай каның оңбосун! Башымды кесип алса да кырасыңбы колду деп Манас канкоруна барайын, — деп Кыргыл Акборчугун моюндап тепеңдеп жөнөп калды.

Бозуулдун Кыргылды токтоторго чама-чаркы келбеди. Кокус жоголуп кетсе, түбүбүзгө жетет деп калган тогузун то-

пулдата айдап, артынан салпактап ээрчип алды. Катуу жүдөгөн Кыргыл чал жолуккан жоокерден:

— Жолу каткыр, Манасты көрдүңөрбү? — деп сурап олтурду.

— Кечээ эле ушул жерден өтүп кеткен, — деген жоопту укту.

— Бу ким өзү? Ойротто жок шок чалбы, же он башысы жок куу чалбы?! Айтор, оңой чал эмес, оройлонуп сөгүп-сагып Манасты "жолу каткыр" деп жүрөт, — деп таң кала карады, катардагы көп аскер.

Акыры чал издеген кишиси кан Манасты тапты. Манасы эч чарчабагандай көрүндү. Эмеле атка мингендей, эригип жолго киргендей шайдоот баратыптыр. Салам айтса алик алБады. Амандык айтып, шүгүрлүк каалабады. Ошондо Кыргылдын ичи күйгөн кызыл чок болду.

— Канкор Манас, сенин кордугуң менен зордугуң башыма жетти. Каңгып келген бир кулду кан көтөрүп кыргызды куруттуң! Ат чалдырбай, уйку кандырбай ким казатка аттанат, ыя?! Калктан кайрат кетти, бу Алмамбет кытайдын душмандыгы эмей эмне? — деп каарып өттү.

— Кыргыл чал, оройлукту кой! Тартип деген тартип, ага баарыбыз баш ийишибиз керек. "Кыйналдык" деп ар кимибиз оюбузга келгенин кыла берсек болобу?!. Өзүң билесиң, тойго бараткан жокбуз! Казатка бара жатабыз. Чыда, чыдабасаң жеңиш кайда! Андан көрө он башыңды тап, тартипти сакта! Он башыңды таппасаң, жортуул наркын сактабасаң жамандыгың өзүңө! Башың кетет, — деп кан Манас атына камчы уруп, андан ары жөнөп кетти.

— Манасың менен куруп кал! Казатың менен чирип кал. Кытай, калмак баарың жерге кирип кал! — деп Кыргыл чал кайгырып жолдо калды.

Он башы Бозуул тогузун айдап топулдап, жолуккан жоокерден кеп сурайт.

— Айткылачы туугандар, жолу каткан жолоочу чалды көргөн жоксуңарбы?

— Эмеле жаныбыздан чапкылап өткөн. Ал шумпай чал Алмамбет менен Манасты аралаштыра сөгүп бараткан, —



деп жооп узатканча он башы болгон Бозуул тогузун айдап топулдап, саламы жок копулдап жете келди, Кыргыл чалга, кайгырып турган жеринде.

— Ой, Кыргыл, Манасыңды таптыңбы, арызыңды айттыңбы?! Бүттү, эми мени оңой көрбө, оройлук кылсаң курудуң, байкуш! Байлатып алып өлө сабайм, аксакал экен деп аябай эле сыйладым. Мына бул байкуштар менен артыңдан кубалап, карааныңды таппай курудум. Эми менин бир ооз уруксатымсыз бастырып көрчү, башыңды тирүүлөй жутам! — деди жаны кашайган Бозуул.

— Болду, Бозуул жолборсум, сага түшүндүм. Мага деле жеңил болгон жок. Он башыны чыгарган ойрон кытай оңбосун! — деп шылкыйып туруп берди Кыргыл.

— Алмамбет баатыр, өргүп алсак кантет? Кыргыл чал аябай чарчаптыр. Ошо курган чалыма кыянатчыл Бозуул он башы болуп алыптыр. Тим жүргүн деп тилдедим. Андан келип сурасам, аскердин шайы кетиптир, — деди Манас Алмамбетти чакырып алып.

— Кыргыл чалга шылтоолоп өзүң алсырап калгандан соосуңбу, султаным! Эгер менин жарлыгым жакпаса, кандыктан ал. Кыргыл чал өлмөк болду деп өкүргөнүңдү кой! Кыргыл чалың өлбөсө, кыяматты көрбөсө кыргыздын иши оңолбойт, — деп Сараласына камчы уруп, Алмамбет жөнөй берди.

Манас баатыр менен сүйлөшкөндөн кийин эсеп катын ачты. Жолго чыкканы чынеле кырк бир күн, кырк бир түн болуптур. Караса, Оркун дайрасына келип калыптыр.

— Улуу черүү колум, улуу сапар жолум, алдымдагы тилсиз жоо Оркун деген улуу дайра суу ушу! Ушундан өтсөк жолубуз ачылат, — деп Алмаң кыйкырып, жай ташын суугa байлады. Дубасын кайра-кайра катыра оң-тетири окуду.

Ошондо жай чилдеси кыш болду, жаткан жери сыз болду. Адамдын көбү бүгүлдү, наадандын кыйласы аманат жандан түңүлдү. Алмамбет эч кимге көңүл бурбай жай ташын суудан алды. Оң буту менен сууну кечип туруп, кайра-кайра дубасын кабаттап окуду. Туш-туштан шамал аркырады. Ободогу кара булуттан эчтеме калбады, туманы да тарады. Жаркырап күн көрүнүп, чымыны ызылдады, чымчыгы чырылдады.

— Калайык, болгула, бат аттангыла! — деп чуркурап Алмамбет аяр аскерин шаштырды, Оркун сууга жете барды.

Кылым журт көзүн салса эмелеки чатырдай таштарды агызчуудай күрпүлдөгөн кара дарыя какшып соолуп калыптыр. Сай көрүнүп даңкайып, түбүндөгү таш көрүнүп занкайып, дөңгөч, дүмүрү жатат каңкайып. Өгүздөй кара балыктардын канчасы тороюп калыптыр. Кыргыз колу карап турбады, миң-миңден болуп чубады. Акыры баары өттү. Ар бир кошуун бир жылкы айтуяк чалды. Ал жерде алты күн өргүп, кайра жол тартты. Жүрүп отуруп аркары адам тааныбаган, бугусу киши көрбөгөн токойлуу талаага, канаттуу кушка бай адырларга келгенде ат чалышты. "Бежин кайда, жер кайда, кытай кайда, эл кайда", — деп, кан Алмамбет чындап аскерди өргүү чалдыргысы келди.

— Калайык, бул жердин азыгы көп, тоюту мол. Так ушул жерде чыйрыгып келгендин чыйрыкканы жазылат! Жолдо тарткан азап-тозогу менен мээнети, ушул жерде басылат! Кутурганың кула ат, ачыкканың кулжа ат, буулукканың бугу ат! Ушу жерге кыштайбыз, өз камыңды көрүп жат! Аңгеме-дүкөн кургула, оюн-күлкү салгыла! Чатырыңарды жанаша тигип, тамашаңарды кыла бергиле! — деп жоо бөрүсү Алмамбеттин айтканын Манас баатыр да макул көрдү.

Аттар тыңып, адамдар чыйрыкканын жазганда Манас, Бакай, Алмамбет баштаган кырк чоро кан Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчуларын жоймокко жортуулга аттанды. Анткени кытай канынын чегара кызматын аткарган: өрдөк, кулжа,

түлкү өңдүү жаныбарлары болгон. Бу үч жаныбар өздөрү караган мейкиндикке кирген душмандын жытын үч күн илгери билүү касиетине ээ болуп, бири-бирине кабар жеткирип турган. Кичине эле шек чыкса, же бөтөн бирөө көзгө илинсе шакылдатып кан Коңурбайга кабар жеткирип турган ошолор болчу. Ошондуктан өзүңө сак болбосоң, билинип калуу коркунучу турган. Жортуулга чыккан үч берен ушу жагдайды эң жакшы түшүндү. Бөтөн жерди чалгындап бүтүп, кайсы сыйкырчы жаныбарды кай жерден кылтакка түшүрөр амалын ойлошту. Аткарыла турган иштин ийне-жибине чейин кылдат текшерүүдөн өткөрүштү. Ким эмне кыларын, кай жерден кол салар өңүтүн көз жаздымда калтырбады.

Ошентип сыйкырчы кароолчулардын кыраанды кара кулжаны Алмамбет чочутуп, өзү атты. Кулжа атылып, тоонун жолу ачылды. Кулжадан кем калбаган өрдөктү Алмамбет үркүтүп, Бакай карыя атып алды. Өрдөк канжыгага илинип, өзөндүн жолу ачылды. Шайтандын амалынан да ашып түшкөн куу түлкүнү кабылан Манас өзү атып, колдун жолун ачты.

## АЛМАМБЕТТИН САНАГЫ, ЧУБАКТЫН ЧУУСУ

Чоң казатка чыккан улуу кыргыз черүүсү төрт ай бою куп эле ар кайсы кайберендин этинен тандап жеди, даамын татты. Кар кетип, көк кылайды. Кара шибер калың чыкты. Ат семирип жык толду, атыш-чабыш жоо көрбөй адамдын баары бук болду. Эр азамат эригип, кытайын көрсөк экен деп эрдемсиген улуу кол жээлигип калганда Алмамбет Манас баатырдын үстүнө кирип барды. Кирсе Бакай, Кыргыл, Төштүк, Жамгырчы, Көкчө, Үрбү, Санжыбек, Музбурчак улуктар менен катар кырк баатырдын баары отуруптур. Эсендик сурагандан кийин:

— Эсептеп элди көрөлү, эл жыйылып келсин. Эл бийлеген эрендер* эсебин бүгүн берсин! Ошондон кийин жолго чыгалы, султаным, — деп жамы журтка кайрылды.

Ырамандын Ырчы уулу жалпы журтка жар салды. Он башысы ороктоп, найзасы колдо короктоп, элдин эсебин өт-



көрдү. Жүз башысы далактап, "жүр, бери" деп шалактап, өткөргөнүн көз көрдү. Элдин эсеби отуз миң орчук кол болду, эсеби так чыкты. Саресеп салса эсепке кирбеген баатырдын кошу калыптыр.

— Он башысы ким, оёндор санап билгиле, — деди Алмамбет.

Оёндорго он башы болгон Баймат тогузун алып топулдап, өзү менен он болуп эсебин өткүр Алмаң султанга өткөрдү. Кан Алмамбет шекшине Байматты карай октолду, аңдап көрсө, анын бир кишиси жок болду.

— Баймат он башы, бир кишиң кем! Ал кайда, иттик кылбай, эсебиңди азыр такта! Болбосо өлөсүң, өлбөй койбойсуң! — деди каары бетине чыккан Алмамбет.

— Он башы болгон күнү тогузу тийген колума. Өзүм менен он болуп, ошондон артымдан ээрчитип жүрөм. Ажалым жетсе аргам барбы, өлүмгө мен даяр! — деди Баймат он башы.

— Эй, Баймат, отуз миң түмөн колдун баары аман! Башка журт аман, сенден гана бир киши жоголгону жаман! Өзгө элден киши жоголсо өлүмгө буюруп, өзүбүздөн жоголсо өлтүрбөй кантип коём! Желдеттер, кайдасыңар? Кармагыла, Байматты! — дегенде алты желдет жабыла чуркады.

Ойлонто койбой колун кайрыды. Көк жал Манас эр Серекти чакырып алып:

— Жазган катын карасын, жаңылыш кетип калбасын. Ошондон кийин башын алса да арманы болбос Байматтын, — деди Серекти жумшап.

— Жигиттер, кийимин кан кылбай чечиндирип алгыла, анан ылдыйрак барып союп салгыла! — деп буйрук берди, желдет башы.

Желдет айтып оозун жыйып алганча, Манастын кысталыш жерден жооп тапкан Серек чоросу жете келип мындай деди:

— Ой, баатырлар, мейли, элди эсепке албасын, бирок калкынын катарына канкоруң кирип калбасын. Он башыдан бөлөгү башканыкы он экен. Байкуш болгон Байматтын бир гана кишиси жок экен. Эр Манаска болгон он башы, байкагылачы, кандай эр экен?! Кагаздан кетип жүрбөсүн, катчыдан сурап көргүлө?

Серектин айтканын угуп, Кадырсейит деген катчы карбаластап кагазын жайып караса эр Манастын аты Байматтын онунан чыкты.

— Кара баскыр, баатырым Манас, сен үчүн кытайдан келген кулдан өлө жаздадым, ээ! — деп Баймат кыйкырса, кыргыздын баары каткырды.

Анда Манас шүк турбай мындай деди:

— Куруп калгыр, Тазбаймат! Улук кишим сен болсоң, унуткан кишиң мен болсом, жыргаган экем! Серекти айтпай коё тур дебей, Алмамбет сени ушу жерде соймок экен, —деп башкача солкулдап күлдү. Күлкүгө күлкү кошулду, жер жаңырды.

Алмамбет баатыр күлкү токтогондо чоролорун сыдыра карады.

— Урматтуу улуктар, улуу, кичүү, карасы менен каны турасың. Бежинге бет алып барганга, беттешкен жоосун алганга мен барам деп чыкчу ыктыярдуу бирөөң барбы?! Каканга* чалгын чалчууң, душманга ойрон салчууң ким? Айткыла, анткени чалгын чалбасак болбойт. Кана кимиң барасың?! — деди Алмамбет көбүн таң калтырып.

Жол башчы кандын сөзү баарын чочутту. Ал тургай баатырмын дегендер бири- бирине аяңдап коркуп ыктады. Башка жоо болсо, балким, барам деп көбү чыкмак, жол талашып. Бирок, бөтөн эл, төтөн жолго, чоочун жерге кимдин чалгынга чыккысы келсин. Эч ким унчукпады. Ошондо кан Манас өзү минтип айтты.

— Алмамбет, өзүңдөн өткөн эр жок экен, өзүң эле барбасаң болбойт. Анткени эзелден жердин жайын, элдин тилин

билесиң. Башкасы барган менен кобураша сүйлөшүп, кытайдын жайын биле албас. Мурунтан падыша болуп жүрүп, колун, жолун билип калбадыңбы. Кары, жашка эп болсо, канкоруң айткан кеп болсо кан Алмамбет өзүң бар! Көптөн тандап көсөмдү ал, көргөн жолдон чалгын чал. Жанга күйөр, жан аябас баатырды, миңден качпас жоокерди ал! Жортуулга минер атыңды көп ичинен тандап ал. Анан атым жүрбөй калды деп арман кылып жүрбө!

Тырмактайынан аскер тартибине каныгып өскөн Алмамбет баатыр Манастын сөзүн кайтарбады, барбайм деп айталбады. Барууга бел байлады. Жолдош кылып, өлүмдү билбес, шер Сыргакты алды. Ажыбайдын Карткүрөң атын тандап коштоду.

Экөө чалгынга кеткенде колдун тигил башынан, бул башына чапкылап, ыркты бузуп, Акбалтанын Чубагы ойда чуруучуу салды. "Алмамбет кулду соём, нойгуттар атка мингиле!" — деп доолбасты карс койду, мылтык октоп, тарс атты. Ичи тарып, артынан чуусу көбөйүп Алмамбет менен Сыргактын артынан атыраңдап жөнөп калды.

Айкөл Манас эр Бакайга жете келди.

— Бакай аба, Чубактын бузукулук ишин өзүң көрдүң. Так ушундай кысталыш катуу жерде, аскер дым чыгарбай бугуп жаткан душман четинде Чубактын жоругу орунсуз. Биз аны түшүнүп турабыз. Бирок чыр чыгарбай тим кылалы. Чубакка айткан сөзүң дары болсун. Аккула атты жетелеп алдына бар. Аскерим минтип жүрсө, ат минбесем жок, — деп айкөлдүгүн билгизгенде акылга бай абасы жөнөп кетти.

Артынан Бакайдын жете келгенин көрүп Чубак токтоп калды. Айбаты катуу Бакай абакеси токтоно албай кылычтын сырты менен Чубакты заңк дедире бир салды.

— Кызыталак, санталак, кытай кол салгансып, аскери менен күтүрөп жөнөп калганын мунун! Кырылышар душманды тапкан экенсиң?! Кана, урушар кытайыңды мага көрсөтчү! — деп эр Бакай Чубактын аскерин ителги тийген таандай, бөрү тийген койдой кылып таратты.

Сөз жебеген Чубак уялып койбой, кайра таарынычын төктү.

— Көп колдун каны элең, сага не болду абаке?! Өзүң билесиң, кыраан Манасыңдын айдоосунда жүргөндү намыс кылбадым. Ногойдон — Манас, нойгуттан — мен, ойлонгун Бакай, ушуну сен. Ушу анткор канкорго Чыландынын оюнда, Чылаба кандын тоюнда он үчүмдө кошулдум. Кырылыштык ошондо, кыргыздан кытай көп чыкты. Кылчая албай ошондо кыргыздан качты көп мыкты. Бабаң Ногой баш болуп карсылдашканда кашыңда турган Чубагың арбак урган кытайдын алты алпын сайбады беле. Акимсинген канкоруң Кошой бийдин тобуна коркуп кетип калганы жалган беле! Ушу турган Чубактан Манасың тың беле? Ногойдон нойгут кем беле, Чубактан Манас эр беле?! Каткалаңдын Сайкалы жыга саярда арасына жеткеним жалганбы, аба? Панус канды чапкан мен, аскер айдап, кол баштаган сен эмес белең. Эмеле кыйын болуп калдыбы Манасың?! Сары-Өзөндүн боюнда өзүңдү алды өкүмдарлыктан. Баркыңды билген башка журт неге Бакайды кан кылбайт деп баары бирдей өкүнгөн. Кытайдан келген Алмамбет кулдун чалгынга жөнөп кеткени чынбы, же жалганбы?! Кан болуп туруп куу кытайдын, кандай иш, чалгын чалганы? — деди Чубак.

— Ай-ай, чунак Чубак, токто! Катынга окшоп кысталыш жерде эсептешкен сени ким эр дейт?! Канкор Манастан айланып кет, сен! Он тоңкочок атсаң да Манаска тең келбейсиң. Айткысы келсе Манаста көп нерсе жатат, бирок ал сага окшоп катын ушакка барбайт. Анын баатырды баатыр кылган эр мүнөзү, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйган айкөлдүгү бар! Баатырдын улуулугу ушунда, билсең! Куйругу менен конуучу Манастын Манас болмогу экөөбүздөн болсо, экөөбүздү эл кылган, ар урууга тең кылган, кыргызды кыйыр журтка кең кылган, билсең ошо эр Манас! Мындан ары коржоңдогон былжырак сөзүңдү коюп жүр. Кыйыктанып, жөнү жок чуу салба, Чубагым! Карайлап келген Алмамбет кытайга кызмат кылган жок. Күйсө, кыргызга күйүп жатат. А сен кимге күйүп жатасың? Кысталыш жерде жол тапкан Алмамбетти көрө албай, тескерисинче талааны сүйлөп, кыргызга түйшүк арттырып жатасың. Бу жүрүшүң туура эмес, сага түз көрүнсө башкасына кыйшык көрүнүп жатат. Аскериңди баштап жөнөгөн жору-



гуңду жаш бала да кылбайт. Байка Чубак, сен да бир ысык жансың, бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөтөн элге кеп кетет! — деди Бакай карыя, нускалуу кебин жеткире айтып. — Анан кандыкты менден алды деп мен үчүн кыйналба. Кандыктан айрылсам мен айрылдым, сен неге ага кайгырдың?! Алмамбетти ким да болсо кытай дээр, бирок ал биз үчүн жанын кыйнап жатат, кыргыз эли үчүн кызмат кылып, күйүп жатат! Аскерди баштап артынан неге аламан чабыш саласың?! Эрдиги бар, эси жок Чубак, сен эмне кылып жыргаттың, кулаалы таптап куш кылган, курама жыйнап журт кылган эр Манасты неге кууратттың?! Өзүңдү гана ойлогон өзүмчүл эр экенсиң, сага теңелген киши арам өлөт, — деп акыл айтып турганда Айбанбозун алкынтып Манас жете келди.

Кыргыз журтунун, кыргыз аскеринин биримдиги деп, жөн жерден чуу чыгарган Чубакты кечирүүгө даяр турган айкөл Манас обу жок оолуккан Чубакка опурулду:

— Чубак, айтып коёюн, кулагыңа күмүш сырга болсун. Жол билген киши жол баштайт, жол билген киши кол баштайт! Билбеген киши кысчу жерин катуу кысат. Сен аны аңдыбай, өз жамандыгыңды билбей, бирөөгө милдет кылганың, чуу чыгарганың, казатка тоскоол болгонуң. Сенин жаштыгың калган жок, аны билбей жаш балача чуу көтөрдүң. Сенин султандык кылар убагың болчу, а сен тескерисинче султандар кылчу иш кылбай, бузукунун ишин кылганың бу дүйнө, а дүйнөдө да жарабаган жорук! — деди айкөл Манас.

Айкөл кишиге дабаа жок экен, Чубак эки эрдин айткан кебин боюна сиңирдиби, же жокбу аны билбей, энөө Манас Алмамбет экөөнү элдештирип келем деп ээрчитип жөнөдү. Ага

Бакай карыянын, Манастын айтканы сабак болбоптур. Ачууга алдырган эр Чубак канкору Манасты көзгө илбей күүлөнүп келип, канкоруна жанаша калган Алмамбетке мурду менен бир тийди. Алмамбет да бош келбеди, жообун куп гана берди.

— Чубак, бизди көздөй чабышың акылсыздык. Сенден кордук көргөнчө өлгөнүм артык! Кан көтөргүлө деп кимиңе айттым, кимиңди зордодум. Кыргыздын дилин, динин урматтап келдим. Элдүү киши зор экен, элинен азган кор экен дегени турасыңбы?! Кол бузган душмандыгың чектен ашты, бүгүн билипсиң да кытай экенимди. Кезегиң келип турат, кесейинби тилиңди! Кесип туруп тилиңди, бузайынбы динимди?! Ээ, Чубак, кыргызга кызмат кылдырбай артымдан неге өчөгүшүп келдиң?! Ар качандан бир качан, Балта дөөнүн баласы басташканды койбойсуң! Сенин эригишиң ким үчүн?! Керт башың үчүн гана. Өзүң аны билбейсиң, билбей бирөөнү кул дейсиң! Баатырсынган Чубак, күчүңдү бүгүн көрөйүн! Ушу азыр жаалым келип турат, жиниңди кагайынбы, өтүңдү алайынбы?! Сага теңелсем ушул жерде сойлойсуң! Уругум кыргыз — нойгут деп, асылым кыргыз — нойгут деп акимсинбе! Бузукудан беш бетер кутуруп чыгыпсың. Алышсам жаның шыр кетет! Уруш учуру, же кооптуу жагдай экен деп ойлонбой, жоо туюп калат деп толгонбой жамы журтка бузукулук кылган өзүңдү түзүк деп ойлойсуңбу?! Сага короткон кайран сөз, баары бир түшүнбөйсүң! Андан көрө өзүң жакшы көргөн өзүмчүл жаныңды ойлонбой туруп алайын! — деп билек түрүндү Алмамбет.

Жүрөктөн чыккан жүйөлүү кепке муюдубу, же чындап калпыстык кетиргенин туйдубу, айтор, эр Чубак, күнөөсүн мойнуна алгандай, башын шылкыйтып турду. Мурда эле ушундай кылуу керек болчу деген тейде айкөл Манас мыйыгынан жылмайды. Баатырсынган Чубактын, эрдиги бар да, эси жок ала көөдөк чоросунун жели чыкканын көрдү, күнөөсүн сезгенин туйду. Чубакты таштап Алмамбет эми Манаска кайрылды.

— Арстан Манас канкорум, алакандай Анжиянды айыл кылып алгансып, кочуш болгон Коконду койдой багып алгансып, коркутуп алым салгансып, кытайга келгениңе таңмын.

Какандын бир капкасын* ачса сенин аскериңден үч эсе көп кол чыкпайбы. Кыйынсынып келип кытайга кылган ишиң бу! Эрегиштирип эрбейтип ээрчитип келген кишиң бу! Ишенгениң Чубак болсо мага уруксат бер, кетейин. Ушул жерге чейин жолуңду баштап, колуңду башкарып келдим. Намысымдан кечейин, басташканым эр Чубак чалгынын өзү чала берсин, — деп минмекчи болуп атына басты.

Акбалтанын Чубагы: "Аттын чылбырын бербе, асти, аткара көрбө!" — деп алдыртан Сыргакка шашыла шыбырады.

— Ой, кантесиң баатыр?! — деп канкору айта салганы Алмамбет токтоп калды.

— Алмамбет, сен айткандай Бежин дегениң бекем жер экен, кытайы кылым эл экен. Чалгынды мен да чалайын, кызыталак кытайдын кыйынын көрүп калайын. Эңсеп келген кытайдын сонун элин көрөйүн. Эми, Алмаң кой, жолду өзүң баштай бер, — деди Манас.

— Мейли, арстан Манас канкорум, өчөшпөйүн Чубакка, таарынбайын жай билбеген чунакка! Сыргак эрге кошуп, жол талашкан Чубакты жолдош кылып алайын, Бакбурчунга* барайын. А сен канкорум, мингениң чабал, урушка кирер шайы, жайы жок болгондуктан ушул жерде эле калганың артык. Аккула атыңды мине келгениңде кызык тамашаны көргөзмөк экем, — деп аягандай болду Алмаң канкорун.

— Ой, Алмамбет, токто! Көрүнгөндү оозуң менен оттоп, өзүңдөн башка зор адам жоктой какшайсың, өзүңдү өзүң мактайсың! Кудай берген ажалдан, куу Коңурбай салган тажаалдан мени Кула ат айрып калабы?! Тактыда жатып кан өлбөйт, ажал жетсе көктө булут минсең да очогор огу жетпейби, мага окшогон оёнуң, о дүйнө кетпейби, — деп каарын чачты Манас оёну.

Манастын мүнөзүн билген Алмаң "барба" деп кайта айталбай, баары жолго чыгышты. Төрөсү баштаган төрт баатыр дөбөгө келгенде теребелди көрмөккө көзүнө дүрбү алды.

— Тээтиги Керегети деген жол. Ошол жол аркылу эл базарга барат. Бирин кармап жолун сурайын. Силер Сыргак экөөң бул жерде кал, Чубакты жолдош кылайын, тобокелге салайын, — деп эки эр Манастан уруксат алып жөнөп кетти.

## МАКЕЛ ДӨӨ

Коңурбайдын кароолго койгон кулжасынан өрдөк, андан карга кабар алып, жеткизген кагаз катын окуп Каканчындын падышасы Эсенкан эстен танды. Токтоосуз добулбас кактырды, аскерин ыкчам көтөрдү. Кытай кандыгын көздөй кыргыздын калың колу чыгыптыр. Бежинден качкан кытай Алмамбет улук болуп алганын билди. "Кантебиз эми калкым?" — деп Эсенкан аябай сарсанаага батты.

— Маңгүба деген жерде, Сазаңшаң деген элде Макел деген дөө бар. Ал келсе Огуздун уулу болмоктон, бүт эли кошо келсе да жеңип албай жан жокбу! — деди аскер башчысы, айласы куруган Эсенканды аягандай.

Эсенкан карап турбады. Катчыга катын жаздырды, калдайган мөөрүн бастырды. Өз колу менен аткарды жети аскер төрөнү.

Маңгүбанын пашаасына жети аскер төрө желмогуз өңдөнүп бателе жетип барды. Үй ордуна киргени чоң тоонун үңкүрү сыяктанды. Адам түшүнбөгөн чулдур тили, тулку боюн жүн каптаган, аңдап көрсө, баарынын ажыдаар баштанган түрү суук өңү бар экен.

Макел аттуу дөөнүн бир нече жүз кошуунун* көрдү. Көбү жылаңач, жылаңбаш жүрдү. Кыл аркандай сеңселген чачтары кийим ордунда экенин билди. Эң кичине дегендин башы чоң казандай экен. Коңурсук сасык жыты ат чабым жерден жыттанып, жетимиш кулач карагайды таяк ордуна урунганы кызык туюлду. Эсенкандын катын алып: "Кытайдын калкын кырганы кыргыз деген жоо, Манас деген баатыры келиптир. Байкайынчы ошо баатырын", — деп Макел дөө үйдөн аттанды. Артынан аскери жөнөдү. Жолдон Коңурбайга кез келди.

— Коңурбай, адам болбой, кара жолго жатып кал! Манас деген ким?! Ошо баатырыңды мага көргөзчү, көрө элегин көргөзүп, бүтүлүү тоо болсо да быркырата чаап салайын! — деди Макел үңкүрдөй оозун арбайтып, колу-башын тарбайтып.

— Манас сайса найза, кессе кылыч өтпөгөн, отко салса күйбөгөн, чоң дөөлөт күткөн, керемети зор баатыр. Урматы чоң Макел дөө, ушуну билип ал, — деди Коңурбай.

— Неге мага Манасыңды мактайсың. Ошону тирүү тутайын, көрсөтүп туруп өзүңө, экөөңдү бирдей жутайын! Кана, Манасыңды көрсөтчү, — деп Макел дөө жазгы күндөй күркүрөгөндө, коркуп кеткен кан Коңурбай Алмамбет жаткан бел жакка колун жаңсады.

Ошо учурда эр Алмамбет белге чыгып калыптыр. Өзүнчө ойлонду, мурун кара талаа эле, эми балакеттей бир тоосу пайда болуп калыптыр. Тоо десе дөбөдөй, дөбө экен деп караса, бир башкача көрүндү. "Көрбөгөн Какан* шаар беле, көчмөн тоосу бар беле?! Жылас болгон кытайдын жылуучу тоосу бар беле?" — деп ансайын толгонду.

Турнабай дүрбүсүн алып, оң көзүнө салды. Бет ырайы Макелдин жанында тургандай көрүнүп калды. Маңдайынын бырышы жайлоонун быткылындай көрүндү, жалгыз көзү чоң чарадай өңдөндү, каш кирпиги караса караңгы токой чердей сезилди.

— Тээтиги дөмпөйгөн кара дөбөгө окшоп келаткан Саңшаң элинин жалгыз көздүү Макел деген дөөсү. Аны менен алышкан адам тирүү калбайт. Тезинен качып кетели, баатырга баян этели. Мейли, Манас алабы, мейли, Манас баатырды балакеттүү Макел дөө байлап кетип калабы, анан көрөлү, — деди Алмамбет алдыртадан Чубакты сынагандай.

— Катыгүн, Алмамбет, не дейсиң?! Качуунун камын не жейсиң! Сенден жол талашып, айкөл Манас менен Бакай абамы уят кылып, артыңдан өчөшүп келген мени төбөсү ачык көр урсун, төшү түктүү жер урсун! Эч кайда качпайм, өлсөм ушул жерде өлөм, азапты өзүм көрөм. Андан көрө, эр Алмаң, тобокел кылып уруш салалы. Ажал жетсе көрөбүз, ант ургурдан өлөрбүз. Башын кесип алсак, бирдеме дээр төрөбүз, — деди Чубак алактап.

— Чубак, эрдигиң эми билинди, көптөн берки каарымды көсөлүм сенден кечтим, — деп Алмамбет кубана унчукту. — Сен айткандай, дөөнүн башы төрөбүзгө тартуу болсун! Сен ок менен удаа жөнөгүн, мен алдынан чыгайын, алмабаш* менен

атайын. Өлчөөгө найза сая көр, өчүңдү жоодон ала көр, — деп Аккелтени октоду, көк милтени чоктоду.

Эки чоро аттарын атырылтып Макел дөөнү көргөн жерге барды. Алмамбет аттан түштү. Жылдыз курттай жылып жөнөгөн Макел дөөнүн алдын тосмокко өңүп жатты. Мылтыгын башка мээледи, анан оозго туштады. "Бирок башы катуу, эрини калың болсо алмабаштын огу бойлобой түшүп калар бекен. Андале ажалымдын жеткени! — деп ойлоду. Анан: "Макел дөөнүн жалгыз эле көзү бар, жалгыз көздөн айрылса ажалынын жеткени ошодур", — деп кайрадан кароолго алды. Чечекейдин чети, ак чел менен каранын аралашкан бети деп ченемин өлчөп, машасын* ирмеп калды. Мылтыктын оозу жарк этти, үнүнөн мурун ок жетти. Алмамбеттин мээнети талаага кетпеди. Аткан огу көзүнө тийди, Макел дөөнүн чечекейи ок менен кошо жалп этип жерге түштү.

Макел дөөнүн жалгыз көзүнүн кара чечекейи жерге акканын көргөн Чубак Көктеке атын чуратып катуу качырды. Адам деп барганы жанына барганда тоодой көрүнгөндө айраң калды. Ошондо да токтолбой барып, жан аябай оозго найза сайды. Күү менен тийген Чубактын найзасынан Макел дөө томкорулуп кетти. Жерден башын алганча Алмамбет Сарала аты менен сызып жетти. Эшик эндүү айбалта менен чыкыйга чаап өттү. Макел дөөнүн алы кетип, төрт аяктап тарбалаңдап калды. Чубак карап турбады, ал да айбалта менен урду. Катуу соккудан дөөнүн эки аягы бүгүлүп, эс акылдан тана жыгылды. Эки дос эптеп атып, кырк-элүүдөй ок атып, Макел дөөнү жайлады.

— Ай, Чубак, кокус тура качпасын, башын баса кал! — деп Алмамбет сынай кыйкырды.

Макел дөөнү жыгып, эрдемсип калган ала көөдөк Акбалтанын Чубагы эр Алмаң айтып жаткан соң карап турабы, дөөнүн башын баса калды. Жанталашкан Макел дөө оң колун серпкенде Чубак баатыр алда кайда ыргып кетти. Кайра туруп келгенче Макел дөөнүн дарманы кетип, биротоло жан берди.

— Алмаке, — деди эр Чубак каткыра күлүп. — Бу дөөнүн башын кесип алалы, каныбыз Манаска тартуурга баралы. Кы-

йын жоого сактасын, кыраанын көрүп бизди да, кыйла журтка мактасын! — деп айбалтасын дөөнүн көк шилисине матырды.

Экөөлөп жатып Макел дөөнүн башын кесип алды. Көктекеге эптеп арта салса, атынын бели майышып, илкип барып, араң оңолду. Жол караган эр Сыргак Чубактын артынганы коонбу, же дарбызбы, иши кылып эсеби жок чоң экен деп тепеңдеп чуркап барды. Коон экен деп барып, кокустан башты чечип алганда оозу ачылды. Аргамжы десем чачбы деп башты оодара салды. Мурда мындай башты көрбөгөн эр Сыргак баатырсына байкай карады. Ажыдаар түспөл эрини эки кулач дейт, маңдайында жалгыз көзү бар экен. Сакалы сарбайып, муруту арбайып башы алачык үйдөй кебетеленди. Аргамжы кылып келгени нак өзүнүн чачы экен.

— Бу Макел деген дөөнүн башы, — деп Алмамбет карс-карс күлдү.

— Айланайын Алмаке, куруп калсын кытайың, ким билиптир мындайын! Жөө кишиси бу болсо, дөө кишиси не болот?! Манас баатыр, мынабу башты карачы, башына чыккан чачын көр, оозуна бүткөн тишин көр! Тимеле бири токой, бири токойдун дүмүрү сыяктуу! Ушундай ээн журт бар деп бизди алып келип, уруштурчу кишисин көр. Мага уруксат бер, ушу дөөсү менен урушуп убара болбой кетип калайын. Кармашкан менен дөөсүнө кантип алым жетет! — деп кан Сыргак күйпөлөктөп жиберди.

— Ээ, сырдашым Сыргак, кытай деген кыйын эл дебедимби. Миңи болсо, Бежинде бу бири экен деп бил! Жүк көтөрчү пили, Макел дегендин көзү ушул деп бил, — деди Алмамбет сыйда жылмайып.

— Адеп көргөндө, баары ушундай экен деп жүрөгүм түшүп калбадыбы, — деп Сыргак арсаң-арсаң күлдү.

Акбалтанын Чубагы үндебей турду.

## АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН БЕЖИНГЕ КИРИШИ

Алмамбет баатыр сырдашы эр Сыргакты алып, Бежинди көздөй аттанды. Канкор Манас менен Чубак баатыр жол буйтагында эки баатырды карайлап калды.

Бул учурда Эсенкан өз ордосунда үч жүз элүү жыл жашаган, кезинде: "Кыргыздан Манас деген баатыр туулат экен", — деп олуялык кылган Ыраң Көөдөң аттуу сыйкырчысын күтүп жаткан. Ыраң Көөдөң карыя кирип келгенде ордодогу улуктардын баары ордунан таазим эте тура калышты. Эсенкан мурдагы жаш кезиндегидей кайраттуу эмес. Чоң урмат менен жанынан орун берди. Кан эмнени каалап турганын карыя айттырбай туйду.

— Урматы чоң улугум, миң жыл жашаңыз! — деп карыялык дөөлөт менен сөзүн баштады, Ыраң Көөдөң. — Кары-жашың, баарың ук! Кыргыздан чыккан баатыр Манастын баштап келген аскеринен аты кылымга дайын кытай менен Бежин соо калбайт. Кыжылдаган көп аскердин айласын алты кетирет, чындап айтса, алардан кыпынчалык пайда жок. Атактуу Бежинди, көп элдин жанын сактап калам десеңер жер-жерге аянбай салык салгыла! Алтымыш миң кыз алып, акылга дыйкан уз алып, боз жоргого мингизгиле, алтындуу тон кийгизгиле! Алтымыш миң алтын жамбы, ошончо күмүш жамбы, ошончо асыл таш тартуу бергиле! Ошентсеңер гана улуу кыргын болбойт, тып басылып токтойт. Антпесеңер түмөндөгөн кытайдын башын мойсойт, гүлдөгөн көп шаары талкаланат, кутулганы башын калкаланат! — дегенде көбүнүн көзү аңтарылды.

— Ай, кудай тооба! — деп ар ким өз билген кудайына сыйынды.

— Жоо менен беттешпей туруп кандай тартуу беребиз?! — деп акылдуусунган Чалаба деген аскер башчысын улуктар жерге житире карады. Ошондонбу, корконунан ал арты менен жыла басып чыга качты. Эски тегирмендин жанынан

алты төрөсү менен өтүп бараткан жеринен аңдып жаткан Алмамбет менен Сыргак тырп эттирбей басты. Алмамбет Чалабанын кийимин Сыргакка кийгизди, экөө кара курттай кыжылдаган Бежин шаарга кирип, элге аралашып кетти.

— Эр Сыргак, андай-мындай деп ооз ачпа! Кытайдын аскер башчысы болуп зыңкыйып жүрө бер. Эсеби жок кытайдын элин көрүп сүрдөбө, дудук болуп ал. Калганын мага кой, — деп үйрөттү.

— Бизди көргөн кытайлар улуктардан экен деп урматын көрсөтөт. Сен экөөбүз шек бербесек көп нерседен утабыз , — деди Алмамбет баатыр амалдана.

Кеч күүгүмдө Бежин четинде турган кытай кошуунуна келип, кытайча доол какты. Сепил башчы мунарадан артыла көз салды.

— Эй, сепил башчы, аскер башчың ким?! Тез чакыр, кыргыздар Бежинди каптап кирип келгенде жазасын Макел дөө бериптир. Башчылары өлгөн соң кача баштаптыр. Акимдер бардык аскер менен алдын тосуп чыксын, мал-мүлкүн талап алсын деди, — деп айгайлап Алмамбет көп аскерди эки күндүк тескери жолго салды.

Ошентип көп жерге барды. Баягы сөзүн кайталап айтып, шаар кайтарган колду адаштырып жүрдү. Акыры чоң атасы Чылаба салган Туңша деген шаарга туш келди. Алмамбет жаш кезин эстегенде көзүнө жаш тегеренип кетти. Ошондуктанбы өзү отургузган чынар даракты ат үстүнөн туруп бек кучактады.

— Эр Сыргак, билсең, жети атам өткөн жер ушу, бала кезден дардаңдап, жылаңач жүргөн, баш кийимсиз барбалаңдап ойногон үй ушу! — деп оболку айткан дартын козгоду, күңгүрөнө боздоду. — Балачакта сайган чырпыгым чынар болуптур. Карасаң, туурасы азыр төрт кучак толгус болуптур! Эңкейип кетсем артымда калчу жөлөгүм, кадырымды билчү калкым жок. Бала күндөн турпакка чаңдаган жерим да, башка жер бар деп сүйлөсө таңданган жерим да ушул жер. Анан да бул жер — аскер башчынын Турна деген кызын жандап, жолугуп жүрчү жерим болгондугу үчүн көзгө сүйкүм көрүнөт. Эми кара, баары кыйылыптыр, баш көтөргөн баарысы кетип кырылыптыр.



Калкым тарап бүтүптүр, каран калган кара жер, калыңдыгынан гана түтүптүр, го! Кыраан Алмаң жашында кытайды кыйратып, качып чыккан жери бар. Мен качканда Нескара менен Жолой дөө артымдан кууп келген. Ошо урушта карбаластап атып, алтын найлуу канжамды мобу жерге түшүрүп койгом. Эр Сыргак, аттан түшүп карачы. Мага байкалбайт, жер семирип, шибер чайкап калыптыр, — деп эр Алмаң найзанын учун жерге матыра сайды.

Арадан канча жыл өтсө да унутпай найза учун сайып турган Алмамбеттин зээнинин күчтүүлүгүн кара! Аттан түшүп жерди чукулап атып, эр Сыргак дат баскан алтын канжаны таап алды. Кандай кубаныч! Канжаны топурак-даттан тазалады.

— Алтын найлуу канжаны* сен таптың. Демек, ал сенин олжоң, эр Сыргак! Бу канжа аз болгондо он алты байталдын баасына барабар, — деп Алмаң жоодурап карады.

Ошентип, эки эр коштогон аттарын жетелеп, оңой эмес жоонун көптөгөн колун адаштырды. Капсаңдын кара суусун кечип аркы өйүзгө өттү. Аралда жылкы кайтарган жылкы башы Карагул экөөнүн минген атынан, жүрүм-турумунан кытай эместигин билди. Жанына жолотпой улам арылай, кача турган болуп ыңгайлана берди. Алмамбет коштоп жүргөн Карткүрөңдүн жүгөнүн шыпырып алып коё берди. Карагулдун айласы алты болду. Карткүрөң тумшугун каңкайтып, жылкы аралап кетти, бир балээни көрсөткөнү. Алмамбет Карагулдун Торайгырын чылбырдан алсам деп жакындагандан жакындай берди.

— Жаалың катуу жигит. Мага жакындаба, ансыз деле канкор кыргыз келди деп жаныбыз чыгып, капаланып турабыз, — деп Карагул аттын башын буруп, сызып жөнөдү.

— Эр Сыргак бизди кудай урду! Карагул жоого кабар айтканы чапты. Экөөбүз аны кууп жете албайбыз. Кытай келип биздин сазайыбызды берегенче жылкы тие качалы. Бол бачым, тиягын жапыр, — деп найзасын катуу какты.

Найзадан чыккан ачуу добуштан аралда жаткан түмөндөгөн көп жылкы түп көтөрүлө үрктү. Алты жүз жылкычы не шумдук болуп кеткенин аңдабай карабаластады. "Кыргыздан келген түмөндөгөн аскерге союшун камдап берип, анан деле кытайга уруш салсак жетишебиз", — деп ойлоду Алмамбет, жолдо баратып. Экөөлөп айгай салып, жылкы алдын тоскон жылкычыларды ээрден ыргыта сайып жүрүп отурушту. Кайыптан жаралган Карткүрөң ошончо көп жылкыны артынан ээрчитип, кайкалаңдап жол баштап баратты.

Мындан илгерээк кеткен Карагул чоң дарбазага жакындап калганда Чалаба баштаган көп төрөнүн өлүп жатканын көрдү. Шек саноосу туура чыгып: "Кан Коңурбайга кабар айтпасам болбойт. Анан аскер баштап келип кыргызга кыргын салбасам элеби!" — деп катуу шашты. Кыргызга жылкы кеткенче жок кылганым артык деп жанынан өткөн он алты жылкыны жара тартып ийди, түгөнгүр. Каспаңдын кара суусуна Торайгырды ойлонбой кечирди, бирок өзү калып, Торайгыр аркы өйүзгө жалгыз чыкты. Ошол бойдон сызып жөнөп Коңурбайга жетти. Ээси жок атты көрүп, жылкыга кыргыз тийген экен деп катуу кайгырды.

Бателе эки күн өтүп кетти. Ооруктa* калып, жол карап, эки эрди күтүп жаткан баатыр Манас эр Чубакка минтип кайрылды.

— Чубак, жоо келе турган жолго көз салчы. Эки күндөн бери Алмамбет менен Сыргактан кабар жок. Кабарын бил. Өзүң билесиң, эки күндөн бери уктабай кирпигим катты. Сен келгенче куш уйку сала турайын. Чунак бала, көп кармалбай жөнө, — деди.

Чубак жөнөп кеткенде калмактын Ушаң баатыры кан Коңурбайга келди.

— Коңурбай, абайлачы, алактап кирип барганда, Алмамбеттин айла-амалы көп эле, көп жылкыга жашынып алып аңтара сайып салбасын, — деди төрөсүнө саксына.

— Ыя, Ушаң баатыр, кыргыз жылкы тийсе кубаныпсың да. Чегарадан өтүп мал алган тозокту эзели укпапмын. Алмамбет эмес, Манас баатыры кошо турса да малымды бербейм, башын алып жөнөйм, — деп кайраттанып алды төрөсү.

Айтып оозун жыйганча, туурадан кыраан Алмаң качырды. Каары катуу Алмаңа кайрылып найза саялбай, алай-дүлөй кыйкырып, кошуун тарапка чү койду. Астын Мурадил тосту. Артынан кууп келген Алмамбет Мурадилдин төшүнө найза беттеди. Найзадан камгактай учуп түшкөн Мурадилдин башы чаңга буланды. Алмаңдын кыраандыгын көз жаздымынан чыгарбай байкап турган Ушаң менен Бороончу баатыр кыйкыра ат койду. Эки баатырга тең келбей Алмамбет шарт кача берди.

Алда кандай болот деп жашынып турган Чубак туурадан качырды. Ушаңды ээрден учура сайды. Тизгин тартып, бурула бергенче эр Бороончу артына түштү.

— Кыргыздын кулун соё көр! — деп Нескара доңуздай коркулдады.

Чубактын артынан түшкөн Бороончуга айланып келип Алмамбет тиш салды. Бирок жекеме-жеке сайышка жеткирбей кытайдын котологон калың колу экөөнү каптап кетти. Алмамбет менен Чубак биринен-бири өтүп качып жөнөдү. Чубактын Көктеке атынын тулпардыгы ошондо билинди. Алмамбеттен аша чуркап коңуруугу таш жарган Манаска келип такалды. Коркуп кеткен эр Чубак кыйкырса да болбоду, көтөрсө да ойгонбоду.

— Кытайдан кордук көргөнчө, колуна түшүп өлгөнчө Манаска найза салайын, азабын кийин көрөйүн, — деп атына ыргып минди.

Качырып келип найзасын как сооруга сайды. Ошондо эр Манас чочуп ойгонду.

— Ай, чунак бала, бу не кылганың?! Сага жин тийдиби?! Же кутуруп кеттиңби?! — деп урушуп калды, канкор Манасы.

— Айланайын канкорум, башыбызга жаман күн түшкөнү турат. Оңолбогон кулдарың оодарып жылкы алыптыр. Карсылдашып кытайлар бул жерге келип калыптыр. Менин айыбым жок, ошон үчүн ойгонсун деп сайдым, — деп энтелеп чуркап алыптыр.

— Ашыкпа, чунак бала! Урунбай жүргөн тоо барбы, урушпай жүргөн жоо барбы?! Жоо келсе уруша-уруша чыгып кетебиз, — деп кебелбей туруп айтты, Манас баатыр.

— Айланайын, канкорум, аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы! Өзү да Манас, сөзү да Манас турбайбы! Манас болсо жолборсум, Алмамбет болсо жолдошум корксом мени кудай урбайбы! — деп кайраттанган Чубак Айбанбозду Манас баатырдын алдына тарта койду. Аттап-тондоп мингизди, чылбырды колго тийгизди.

Ал аңгыча Алмамбет менен Сыргакты кужулдаган көп кытай кууп келип калды. Экөөнүн алдын утурлап Чубак айгайлап кыйкырды. Айбанбозун алкынтып чыккан Манас Аккелтесин тарс атты, бир эле атпай миң атты. Аламан келген көп аскер аткан сайын жалп-жалп эте кулады. Манастын ач кыйкырыгы жаңырды. Жете келген көп аскер акылы кетип жаңылды. Мылтыктын үнү басылбай, башынан түтүн ачылбай, ок мөндүрдөй жаады. Котологон жоонун жолу буулуп калды. Алдастап калган Алмамбет шашыла Сыргак баатырды Бакайга жөнөттү. Найзалары калкылдап, жер солкулдатып келген Коңурбайдын токсон миң колунун жолун үч баатыр бууду. Алдына келген аскердин алты миңи өлүптүр, аркасында жүргөндөр аларды кайдан көрүптүр. Доолбас, мылтык үнүнөн, жылкы үркүп калыптыр.

— Жылкы минбес жыластар! Ат минбеген жамандар! Ушинтип да айдайбы?! — деп Жолой дөө билермандана жылкынын алдын тоскону атына камчы урду.

Жолойду көрө калган Алмамбет Чубакка жете барды.

— Чубак, атыңа өбөктөп, жылкыга аралаша кал. Арт жактан Жолой келатат. Жолу каткан доңузду тушуңа келгенде ыргыта сайбай жаның жокбу, — деди жоо бөрүсү Алмамбет.

Баатырдын айтканындай болду. Жолой как тушуна келгенде, атына өбөктөп, найзасын даярдап алган Чубак капы-

леттен чыга калды. Ачбуудан аттын үстүнөн Жолойду аңтара сайды. Жолойдун артынан куйрук улаш келе жаткан дагы бир калмактын Ушаң баатыры Чубакты камынтпай сайып өттү. Чаңга башы аралашып, чылбыры белге байланган Чубакты Көктеке аты тартып кете албай тегеренип калды.

Кыргыздын кыйын баатырын жыктым деп дердейип калган Ушаңдын сазайын Алмамбет берди. Апкарып калган Чубактын алтын курунан аткый кармап, атына мингизип койду. Жолой дөөнүн жөө калганын көргөн Нескара ойноктогон Ачбуудан атын кармап келип, алдына тартты. Аңгыча атасы Алооке менен уулу Коңурбай жете келди.

— Жолой баатыр, биздин атыбыз жүрбөй калды. Ачбуудан күлүгүңдү алкынтып, жылкынын алдын тосо калчы, — деп өтүнүп калды Коңурбай.

— Коңурбай, жылкынын алдын тос дегениң кандай?! Кыргызды оңой ойлобо! Жылкы тосом деп жеке барган мени жеткен жерде курутту. Жалгыз деп барсам миң окшойт. Калың малыңдын ичи жоого толуптур, барган адам соо калбас болуптур! Жакын жетип калганда жалп этип кулап каласың! Кыйынсынып турасың, өзүң барып көрчү. Ошондо билесиң, сөзүмдүн туура экенин, — деп Жолой тетири карай бастырып кетти.

— Сан жетпес жылкымдан айрылганым ушубу! —деп кан Коңурбай чачын жулду.

## БААТЫР МАНАС БАШТАГАН КОЛДУН БЕЖИНДИ АЛЫШЫ

Акылгөй эр Бакай жөн жатпай Бозжоргосун кырды көздөй бастырды. "Чубактын чуусунан кийин жолу каткыр Манасы жоголуп кеттиби", — деп ойлоп ат үстүнөн турнабайын салды. Көз алдына тартылды, кылкылдаган мунарык. Ошончо жерден көккө сапырылган тозоңду, уюлгуган чаңды көрүп эр Бакай алдырай түштү.

Ал аңгыча Көкказык атын камчылаган эр Сыргакты көрдү. Кулак, көзүнө тозоң-чаң толгон, тулку бою чылгый суу, ылай-

баткак болгон Сыргак Бакай абасы өкүрсө да укпай, кол булгаласа да көрбөй бир кыйла өтүп кетти. Кыйкырыкка элес-булас салбады. Ачуусу кайнаган эр Бакай Бозжоргосун темине айласы куруду, тепеңдеген Сыргактын бөйрөгүнө найза урду. Учуп кете жаздаган баатырды таяп-аяп ат жалынан кармады. Ошондо гана Сыргак абакесин тааныды.

— Аба, аба, абакем... — дегенден башка оозуна эчтеме кирбей отуруп калды.

— Эсиң ооп, адамдык кейпиң кетиптир. Сыргак, кимден корктуң, айт! Караңгы түндө чырак болгон Манас канкоруң аман-соо барбы?! Эригишкен эки кул эсен-аман барбы?! — деп сурады абакеси Бакай көзү-башын аарчып.

— Абаке, ээрчип алып кытайды, көрбөгөнүм калбады. Каспан тоонун оюнда, Кара Суунун боюнда карап турсаң четине көз жеткис жылкы тийдик. Калдайтып жолго салганда кытай деген калың журт туш-тушубуздан кол салды. Ошондо Алмамбет кабар бер деп мени бул жакка жөнөттү, — деди Сыргак өзүнө келип.

— Ашыкпа Сыргак, акылын элдин мен табам. Андан көрө тез барып жуунуп ал. Жанагыдай демикпей эсиңди жый. Кытай черүүсү көп экен деп кыңк этпегин, — деп экөө катар бастырып элге келди.

— Калайык, бизге кудай бериптир. Үч баатыр кууп жылкы алыптыр. "Ар ким тиешесин бөлүп алсын", — деп эр Манас Сыргакты жөнөтүптүр. Тезинен жолго камданалы, — деди Бакай.

Калайык катуу дүрбөдү. Найзаларын учтап, кылычтарын курчутту. Айбалталарын ташка кайрап, жер жайнаган көп кыргыз өз аттарын кармады. Жазайыл* мылтыктарын октоп, милтелерин чоктоду, бири-бирин жоктоду. Элүү-жүздөн топтолуп, кыйгачтап калпак кийишти, кыйкырып жолго киришти. Ала сакал Музбурчак, эр Санжыбек, эр Төштүк, эр Үрбү, эр Бакайы аскерин баштап жөнөдү. Казатка аттанган жер жайнаган кыргыз кошууну чабуул койгондо, бүркүттүн кош канатындай жазылды.

Манас баатыр кылкылдаган калың колдун тобунан Коңурбай шайтанды көргөндө көөнү жазылды.



— Тилекти кудай берди. Эми соо койбойм, миң кубулма шайтанды, — деп кайраты бойго толду, Коңурбайды көргөндө баатыр томого тарткан бүркүттөй жылмайып койду.

Айбанбоз атын урдура бастырган Манас Коңурбайга маңдайлаша түштү. Алтын кур чети, айбалканын бети деп найза шилтеди. Найза төшкө так тийди, чарайнага чак этти. Алаптаган Коңурбайдын башы ат жалынга башы шылк этип, кулап кетти. Манас кылычын жалаңдата сууруп алып, Коңурбайдын башын чабууга даярданып калды. Ал аңгыча кайдан жайдан пайда болду, чоктуу кара Бороончу Манаска найза шилтеди. Урган найзаны кагып түшүрүп, өзүн ээрден камгактай учура сайды.

Кыжылдаган кытай журту карап турбады, өкүртө жаа тартты, окту мөндүрдөй жаадырды. Кытайча ураан чакырып, туш-тараптан катуу чабуул койду.

— Коңурбайды өлтүрө сайсам болмок! Үлгүрбөй калдым, — деп найзасын солкулдатып, тогуз найза бойлобогон, тобурчак салса ойнобогон Кара-Суута боюн урду, эр Манас.

Куйрук улаш келген кытайдын калың колу артынан күпүлдөтө жаа жебесин шуулдата атты, мылтыктан ок жамгырдай төгүлдү. Күрпүлдөгөн көк ирим дарыя көк жал Манас баатырды аябай эле жүдөттү. Мындайда Алмамбет менен Чубак карап турабы, мылтыктан күпүлдөтө ок атып, ач кыйкырык сала чаңырды. Анан Манастын артынан бойлорун суута урду. Алыскысын найзалап, жакынкысын кылычтап, аркы-терки кайсашты. Мылтык огу, жаа жебеси жанынан кайгып өтүп жатты. Тийсе да теше албай Аккүбө* тонго чаңк тийип атты. Акыры кош таноосу дербейип, коёндой кулагы сербейип Ай-

банбоз суудан чыкты. Караса Алмамбет, Чубакка жан жагынан жабылып, үстөкө-босток кылыч чабылып, кытайдын баары артынан кууп жөнөптүр.

— Кутулганым курусун, душманыма жөнөйүн! Алмамбет менен Чубакты ажыратып бөлөйүн, ажалым жетсе өлөйүн! — деп эр Манас кайта суугa кирди.

— Катыгүн, төрө, бул тарапка келбе! Неге кайра суугa кирди! — деп Алмамбет айгай салды.

Көл-Кечүүдө суугa кирген көк жал Манас көбүн кырып ийди. Аңгыча бет алдынан эр Коңурбай чыга калды. "Кургакта болбодубу, эми суу ичинде болсо да соём!", — деп эки көздүн ортосун өлчөп, найза сайды. Ал да сайды. Манас бетине найза жеткирбей аткый кармады. Коңурбайдын найзасын Манас тартып алды. Кармата коюп найзасын, кан Коңурбай адатына салды. Алды-артын карабай журтун көздөй качты. Кызып калган Алмамбет менен Чубак эр колдун четин жапыра сүрдү. Камалап келген кытайдын колу жапырылып, чаңы обого сапырылды.

Кырылганбы кыргыз деп маңдайга Манас жеткенде ак сакалын жайкалтып абакеси, эр Бакай айбаты калың бир далай, айкырып жетип келди. Аккула атын арстан Манас баатырдын алдына тартты. Атына ыргып минген канкор добулбасын кактырды, мылтыктарын аттырды, карап турбай өзү да кытайды көздөй качырды. Көсөө куйрук көк бөрү артынан ээрчиди, алпкаракуш арбайып асмандан бутун салды. Кайып эрен*, кырк чилтен канкор эрдин жолдошу айбаты башка көрүңдү, асманга тозу бөлүндү. Тебетей сайган немедей, таталатып кытайды, тегеретип ыргытты. Көп кытайдын алы кетип, урушууга жарабай салпылдап качып жөнөдү.

Кабылан Манас куйрук улаш такымдай барып Коңурбайды сайып калды. Сайганда да биротоло бек сайдым деп ойлоду. Ээрден көчүк кыйшайып, үзөнгүдөн бут тайып Коңурбай жыгыла турган болгондо, шайы ооп, койнуна кан толгондо, капкалуу шаарына жете барды. Элик сындуу Алгара ат мурунтан көнүк болгон алтымыш бакса дубалды арыштап аттап кетти. Анткени караң калгыр кара атты ээси тай кезинен маш кылган. Кайра-кайра чуркатып, миң аттатып көндүргөн.



Биринчи күнү бир бакса, экинчи күнү эки бакса, үчүнчү күнү үч бакса аттаган. Ошентип күн өткөн сайын көнүгө берди. Качан гана алтымыш баксага жеткенде көнүгүүсүн токтотткон. Алтымыш бакса аттаган Алгара базардын чок ортосуна келип түштү. Чуру-чуу түшкөн көп кытай кан Коңурбайды таанып, тезинен табып чакырды. Үчүнчү күнү кандын көзү ачылды.

— Аскер башчыларым, генерал-төрөлөрүм, батыр-балбандарым, аким- билермандарым кайдасыңар?! Баарың кел. Кара кыргыз Манас баатырдын айласын тапкыла, калкты бекер кырдырбай, мал-дүнүйө бергиле, кыз тартуулап көөнүн алгыла! Эрди калың, көзү үңкүр эр Манасты көргөндө азат боюм тик турду. Тулку боюм калчылдап, санаам санга бөлүндү. Жолборс мойну, жоон билеги, жылма маңдай жылдыз көзү, кең көкүрөк, жайык төшү, арстандай кайраты баарыбыздан ашык көрүндү. Ал катылганын соо койбос кабыландын бири экен. Кытай журтум, ага күч жеткидей эмес. Ойлоп көрсөм алыбыз чакталуу экен. Андыктан мал-мүлкүбүздөн аянбай берели, астына түшөлү. Антпесек курудук, өмүр бою кыргызга кул болуп өтөбүз! — деп ансыз деле коркуп турган калк жүрөгүн аябай түшүрдү.

Эми муну таштай туруп, кызыл кыргын согуш учурунан кеп улайын.

Чоң Бежин шаар алдында эки жоонун урушу күндүр-түндүр уланды. Кылымга кеткен кыргыз журту улам кытайды ичкери карай сүрүп отурду. Калкылдаган кытай туулары жыгылып, жоокерлердин катары бириндеп суюла берди. Замбиректер тарсылдап, өкүргөндөр көбөйдү. Мойнуна кы-

лыч тийгени, койнуна кан төгүлгөнү, боздоп ыйлаганы, нес боло шылкыйганы, томурая тыңкыйганы андан көп. Эси чыгып уруштан алактаганы, шалдыраганы, жалдыраганы, жаны чыкканы мундан көп. Манас күткөн кырк баатыр жан аябай урушту. Койдой кылып чуулатып, көп кытайды өз чебине камады.

Камоодо журту калганын канаттуу кушка кат байлап Какандын каны Коңурбай Эсенканга кабар кылды. Катка: "Макел дөө өлдү, менде амал калбады. Өзүм ажалым жетпей аз жерден калдым. Акыл табар каным да сенсиң, арбагы бийик жаным да сенсиң! Эптеп ушул алааматтан кутулуунун айла-амалын таппасаң болбойт. Антпесең бүткүл кытай жок болот. Акыл сизден, аткаруу бизден, урматтуу төрөм. Ылайым миң жыл жашаңыз!" — деп жазып, Тугалык деген кушту Эсенканга учурду.

Куш алты күндүк жолду жарым күндө басып, коно турган тууруна конуп калганда коңгуроосу шыңгырады. Кабар келди деп Эсенкан ордунан ыргып турду. Катты окуп катуу апкаарыды, суру качып далдайды. Коңурбай айткан ойго Мурадил Нескарасы, Ушаң Оронгусу, Борончу Сайкалы, Алооке Жолою, Бозкертик Соорондүгү макул болду. Улуктар азат боюн жыгып, Эсенкандын бутуна чокунушту. Ал айткан көп дүнүйө, малды айткан күнгө жыйышты.

Кара курттай кайнаган кытай калкынын каны Эсенкан Манас баатырга кат жазды. Катка: "Ааламга аты дайын, урматы улук Манас баатыр! Биз сиздин миң жыл жашооңузду кудаадан тилейбиз! Кыйыры жок көк асмандын улук пири, төшү түктүү жердин төрөсү болушуңузду каалайбыз! Кыйыры кылымга кеткен кыргыз журтунун баатырдыгына, согушчандыгына, кайраттуулугуна, айкөлдүгүнө тан бердик. Жүрөгү тоо кыргыз журтунун улуулугун тең ата көрүп, таазим этебиз! Элиңиздин тынчтыгын, сак саламаттыгын теңирдин өзүнөн суранабыз. Биз жеңилдик, туубуз жыгылды. Сиздин урматы кылып төмөнкү тартууларды жөнөттүк. Аз көрбөй көптөй кылып алып коюңуз! Урматы улук Манас баатыр, миң жыл жашаңыз! Бийлигиңиз кут болсун! Бежин сизге миң жыл кызмат кылсын!" — деп жазып, колун коюп, мөөрүн басты.

Тогуз миң кара нар кылды, кызыл нарга артканы кыйбат алтын зер* болду. Отуз миң төөгө күмүш, эки миң төөгө асыл таш жүктөдү. Жүз миң тандамал жылкы, акак тиштүү, кыйгач каш, орто бойлуу он беш жаш алтымыш миң кызды, чебер узду, миңдеген араба матаны, көп азык-түлүктү урматы улук кытай төрөлөрү тартууга алып келди.

Кыргыз журтунун кыйыгы кара, ак калпакчан айкөл Манас баатыр, кан Бакай баштаган кан, бектеринин, кырк чоронун алдында кытай журтунун добулбасы кагылды, сурнайы чаңырды, кылкылдаган туулары жыгылды. Кандары, аскер башчылары, төрө, акими, баатыры, улугу баары башын жерге тийгизди, кулдук урду, тизе бүктү.

— Канкор Манас тартуусун кабыл ал, — деди Бакай карыя. — Кырааным, кытай да болсо кылым журт, качандан берки камдуу журт! Кытай улуктары сенден коркуп, көп тартуу менен алдыңа кулдук уруп келди. Кыздан тартуу берген соң, кырып ийсек кээ болот. Андыктан алты канды чогултуп, акылдашсак жакшы болор эле! Ошондон кийин жообун берсек кантет! — деди эр Бакай канкоруна жаадырай карап.

Арстан Манас туура көрдү, абакеси Бакай баатыр айткан сөздү. Тартууну кабыл алды. Чоң казатка келген кыргыз журтунун эч кимисин калтырбай, тартуунун эчтемеси кор болбой баардыгына калыс бөлүндү. Чоң казатка аттанган калкы, калган журту алтын, күмүш, зер алды, эсеп жеткис мал, матанын көп түрүн алды. Кызыкканы кыз алып, кыргыз, кытай элдешти, кыргын уруш токтоду.

Ошентип, баатыр Манас баштаган кыргыз колу жоонун туусун жыкты, шаарга кирди. Чет Бежинге кыргыз журту өз бийлик ордосун орнотту. Канкор Манас кан болду.

## КОҢУРБАЙДЫН МАНАСТЫ МЕРТ КЫЛЫШЫ, ШЫПШАЙДАР МЕРГЕНДИ ЧАКЫРЫШЫ

Кытайдын жетимиш дарбазасынын жетөөсүн бузуп, жүрөгүн түшүрүп, кытай журтуна кыргынды канкор Манас баштаган кыргыз салды. Эбегейсиз көп тартуу алып, эки эл-

дин ортосундагы согуш басылды. Манас чет Бежинге кандык ордосун орнотту. Караңгыда жол тапкан эр Шууту бир күнү сүйүнчүлөп, Каныкей менен Арууке туу белде эркек тууду деп келди. Кубанычы тоодой көлкүгөн Алмамбет менен Чубак экөө кеңешип, Алтайдагы Сарысүмбө деген шаарды сүйүнчүгө берди. Айкөл Манас Бежинге кан болгондон бир жыл, бир ай өткөндө ордосуна кан, бектерин жыйды.

— Калайык, кан, бектерди ата журтка кетирсек кантет? Алар жакшы кызмат кылды, эл, жерин сагынды. А калган кыркыбыз жакшылап узатып калалы, — деди көптүн көөнүн таап.

Ошентип, он төрт кандын тогузу Ала Тоону көздөй аттанды. Айкөл Манас баштаган кырк чоро жылуу-жумшак узатып койду. Калган беш кан Бежинде калды. Башынан ичи арам Коңурбай: "Баары бир Манасты өлтүрбөй койбоюм!" — деп жан кишиге туйдурбай жердин астынан жол каздыра баштаган. Каздырганда дагы ат менен жүрчүдөй кылып кең каздырды. Бир башын шаарга кирген чоң дарбазадан чыгарды. Күндүр-түндүр ойлогону Манас, жойлогону ууру жол болду. Эки миздүү, эшик эндүү айбалтасын ажыдаардын уусуна сугарды. Манас келер бекен, Манас өтөр бекен деп жер астынан чыкпай аңдып жүрүп, Коңурбай далай айларды башынан өткөрдү.

Зарыга күткөн ошо күн, иши оң келген ошо түн чоролор экиге бөлүнүп алып, кара коюм дүмпүлдөк оюнун баштаган кезге туш келди. Ошо каргашалуу саатта үйдө олтурган эр Манас чоролор чогулуп көңүл ачар оюнун баштаган го деп ойлоп, эчтемеден бейкапар Аккуласын минип, короодон чыкты. Канча айдан бери зарыга күтүп жаткан кыйды баатыр Коңурбай эми кезеги келди деп эрдин кесе тиштеди. "Бир убакта атам Алооке айткан шаң келдиби, же кудай өзү бердиби, — деп ичинен бир башкача кымыңдады. — Колго тийген шаңды коё бербей калайын. Бүгүн оң келтирбесем, эртең мени кудайым кечирбейт, ошондо ишим оң келбейт!" — деп айбалтасын мелжеп кезерди. Алдынан өтө бергенде, айдын жарыгына салып, кыраан Манастын шилисине шилтеди. Муну көк жал сезбеди, өтө берди. Ай жарыгында арбайган-тарбайган шумдук караанды ошо күнкү жансакчысы Ажыбай биринчи байкады. Чыракты алып келип байкаса, топуракта Алгара аттын изи

бар. Аңгыча Алмамбет менен Сыргак жете келди. Үч эрен тешик менен бастырды. Ичинде чырак мол экен, атчан жүрөр жол экен. Ошо жолдо ары-бери каттаган жалгыз гана Алгара аттын изинен бөлөк пенде көрүнбөдү. Чыгар жерин таппай, Сыргак аттан түшө калып шек кылган ташты бери кулатты. Жолго кере тартылган кара тарды тартканда, такырланган боз талаа көрүндү, бетке муздак жел урду. Талааны көздөй Алгаранын гана изи кетиптир.

Арадан үч күн өтпөй Манас жатып калды. Дары таппай Таласка кетмек болду.

— Баатырлар, канкорубуз Манастын акыбалы оор. Убакытты созбой, кан Музбурчак менен Бакай абам канкорду алып, сапар тарта берсин. Каныкейге жетсе каныбыз айыгып кетээр. Ошондо кайра келип коржоңдогон Коңурбайды кокосунан илебиз. А бул жактан кам санабагыла. Серекти такка отургузам. Туура кырк күн болгондо биз дагы жолго чыгабыз. Артыңардан кууп жетебиз, — деди Алмамбет билерман.

Ошентип, жан кишиге билгизбей, эч кимге шек туудурбай Бакай менен Музбурчак жарадар Манасты Таласты көздөй алып жөнөдү. Серек койкоюп Манаска окшоп такка отурду. Кыңыр ишти кылып койгон Коңурбайдын санаасы санга бөлүндү. Канча күн өтсө да Манастын тирүү жүргөнүнө ичи ачышты. Качан өлөт деп зор кайгыга батты. Элден, журттан сурамжылаcа Бежиндин каны Манасты көргөнүн, тирүү жүргөнүн баары айтты.

Ошондо башка амал тапты. Көп тартуу, алтын, күмүш, мал убада кылып, Кангайлардын мылтык атуу, жаа тартуу боюнча атактуу кыл мергени Шыпшайдар дегенге: "Урматтуу Шыпшайдар баатыр, кырылышып ал келбей, кыргыздар Бежинди алды. Таалайы артык кан минген тактыны алды кыргыздар, кылымга аты угулган кыздарды, уздарды алды кыргыздар! Айкөлү болгон Манас баатырын аңдып жүрүп жайладым. Ага да болбой, белге чыгып бек жатты, ал кыргыз бизди аябай жадатты! Андыктан өзүң келип бир жаңсыл кылбасаң болбой калды. Биз сага ишенебиз. Анткени сен калың кытайдын атактуу кыл мергени эмессиңби!" — деп кат жазды. Шыпшайдар келгенче Манас качып кетпесин деп алтымыш миң колго алачыктай

болгон Мады баатырын башчы кылып, жолду тостуруп койду.

Туура кырк күн өткөндө Алмамбет, Чубак, Серек Таласка күндүз көрүнөө аттанды. Көк жалдар жолдон Мадыга капталды. Уруша чыгып кетебиз деп Мадыга кол салды. Алмамбет сайса солк этпеди, Чубак сайса былк этпеди, Серек сайса кыңк этпеди. Дембелеп сайып үч баатыр, бир Мадыга алы жетпеди. Ошондо Серек баатыр катуу ойлонду. Зуулдап келип башынан туулгасын* ыргыта сайды. Туулгасын алып кийгенче Чубак жетип барып көк шилиге шилтеди. Эңгиреп турган Мадынын бакалоор безин Серек үзө муштады. Алмамбет жандай түшүп, алкымын кылыч менен кыя чапты. Ошондо гана аттан ооп түшкөн Мадыны үчөөлөп атып, башын кесип алды. Жол ачылды. Ошондо да сактыкка кордук жок деп Алмамбет дүрбү салды. Караса, аркы белде канкору Манастын Аккула аты байланып турат. Таң калды. Жанында пенде көрүнбөйт.

— Чубак, Серек, тээтиги белге жоо аскери толуптур. Эми бизди тирүү кетирбейт. Көк жал Манас да кете албай бизди күтүп калганбы?! Жакшы-жаман иш болсо өзүнөн сурап көрөлү, менин артыман чапкыла, — деп бателе жете келишти.

Бакай менен Манаска күрүлдөп салам беришип, колун сунуп көрүштү, кол учунан өбүштү.

— Баатырлар, өткөндө белге жеткенде Сыргакты аттан түшүр дедим. Аттан түшүп, артка дүрбү салдым. Дүрбүдөн Коңурбайды көрдүм. Манас коркуп качып кетти дебесин деп күтүп калдым. Бир кишисин жиберип, он беш күн мөөнөт сураганда макул деп койдум, — деди баатыр Манас.

— Ээ, кокуй, канкорум Манас, кудай бизди урган турбайбы! Он беш күн мөөнөт бергениң, мобу турган топ кыргыздын башын жегениң. Кан Коңурбай Кангайдан Шыпшайдар деген ааламга атагы кеткен касиеттүү кыл мергенди чакыртты. Ал экөөбүз бирге окуганбыз. Мен атам сыркоолоп калып чакыртканда үйгө кетип, ошо бойдон келбей калгам. Ошондуктан ал таалимди менден көп алган. Ал түндө өтчү жанга күндүз болжоп жаа тарткан, атканын жаза кетирбеген макоо. Эми Чубак экөөбүз шашыла аттаналы. Шыпшайдар өтчү жолду тосолу, шишибиз толсо өлөлү, — деди Алмамбет.

— Чубак, Шыпшайдар адам баласы болгону менен айла-амалы куу шайтандан да ашып түшкөн неме. Минип жүргөн аты андан бешбетер айлакер, — деди эр Алмаң Кайыр деп аталган жерде туруп.

— Анын өтөр жери ушул жер. Ал жүргөн жерде шамал аркырап, күн бүркөлөт. Жамгыр жаап, айлананы туман каптайт. Кайсы бирин айтайын, иши кылып жүргөн жерин он эки түрдүү кубултат. Андыктан ага көрүнбөстөн көз сал. Бет алдыңдан кез келсе боорун жарып, өтүн ал! Эгер арамдык кылып, суу бойлой бастырса, анда мен аны соо койбоюм, — деди кыраакы Алмаң.

Алмамбет айткандай, көп өтпөй алыстан акылы мол, амалы миң сан жеткис Шыпшайдар мерген көрүндү. "Алты жолдун айрылышы экен. Алмамбеттин амалы артык неме эле. Ушул жерден тоспосун, канымды суугa кошпосун. Аш кайнамдык жол калды, суу түбүнө түшөйүн, сүзүп өтүп кетейин", — деп ойлоду түгөнгүр.

— Сен кара жол менен баскын, мени Белкоргондон тапкын, — деп атына сөз айтып, Шыпшайдар өзү суугa кирип кетти.

Анын бу өнөрүн Алмамбет билчү эмес. Шыпшайдар ал өнөрүн Алмамбет атасы ооруп үйүнө кеткенде үйрөнгөн. Түгөнгүр суугa киргенде, үстүнөн анча-мынча жаан себелеп, бети ылайланганда жандуугa көрүнбөй өтүп кетчү экен. Бүгүн ошо өнөрүн көрсөттү. Суу боюнда күтүп олтурган Алмамбетке көрүнбөй өтүп кетти. Бирок Алмамбет күмөн санады, анткени суу бети ылайланганын, чак түштө, асманда токум булут жок туруп жамгыр тамчылаганын көрдү. Абайлай суу түбүнө көз жүгүрттү. Оо, көптө барып башын көтөрсө, өзүнөн бир топ ылдый жерден суудан бир караан чыкканын, токойго кылт кирип, көздөн кайым болгонун көрдү.

Ошондо эр Алмаң "Аттиң!" — деп өкүнө бармагын тиштеди, өткөрүп ийгенин билгизди. Эки баатыр Манаска бачымырак жетсек экен деп шашты, Кайырдынын белин билгизбей ашты. Баатыр Манас кытай, калмактар турган капталдан урушка чакырчу добулбастын кагылганын, көп аскердин кыжы-кужу топурaганын укту.

— Калайык, жоо жакын келип калганбы, баш-аламан чуу чыгат! Минтип отурсак, каныбыз чачылат. Аккуланы тарткыла, Аколпокту алгыла! Жарагымды бергиле, кыжырга тийген кытайды, так Бежинге сүргүлө! Ур, а! Ур, аа! — деп айкырды канкор Манас.

— Арстаным Манас, кан чайкалган урушта, жаныңда бирге болбодум! Уруксат бер, эр Манас жоонун жолун өзүм тосоюн! — деп эр Көкчө элүү миң аскерин алып аттанып кетти.

Тоонун аркы бетинен угулган кытайдын Шакур деген канынын сексен миң аскеринин дүбүртүнөн коркпой эр Көкчө согушка кирди. Шакур кандын кезеген найзасынан Көгала ат буйтап кетти. Оңдонуп келгенче, кайратын жыйган эр Көкчө оң бөйрөккө, сол бөйрөккө алмак-салмак урду, жоонун шаштысын кетирди. Шаштысы кеткен эки эр эңише кетти. Топчулугун үзүштү, кочкордон бетер сүзүштү. Чокмор менен коюшту, найза менен сайышты. Бирин-бири жанчышты, куйкалары курушту. Чыдай албай Коңурбай кол чакырып, тоз кылып эр Көкчөнү каптатты, үстүнө тор таштатты. Кара калпак кыргагы, кыргыз журттун Сыргагы көрө калып, Көкчөнү оодарып кетем деген Коңурбайды көмөлөтө сайды. Көкчөнү темир тордон куткарып алды. Тордон Көкчө кутулду, тап бүркүттөй жутунду. "Манастап" ураан чакырып, тоодой болгон Шакур доңузду ыргыта коюп өттү. Жер таянып турганча, таш кесер кылыч башын коон үзгөндөй үздү. Андан өтүп, жаны ачыган эр Көкчө жер жайнаган жоону шумкардай чачты. Кылычтуусун кыйратты, найзакерин сулатты, чокморчусун кулатты.

— Шыпшайдар неге кечикти?! Кол тайыздап жээликти, Айдаркандын Көкчөсүн аңдып туруп албасам болбойт, — деп Коңурбай Нескара менен Мурадилге терикти.

Аңгыча Көкчө Көгаласын теминип Мурадилден өтүп, ызырынган Коңурбайга жетип найза шилтегенде учуп түштү. Калмак каны Нескара чыга калганда атын жаздыра берип, жандай түшкөндө аңтара сайды. Найзасын оңдогончо, аңгыча артынан Мурадил жетип Көкчө баатырды арка белге бир сайды. Көздөн жалын бурк этти, үзөңгүдөн бут тайды, ээрден көчүк бултайды. Жетип келген Коңурбай как ошо жерине бир сайды.

— Көкчө ээрден кулады. Тирүү кармап алалы, башын алып Эсенканга баралы, — деп кайра-кайра күйүктү кан Коңурбай. Карап турбай жана сайды сулк жаткан эр Көкчөнү. Нескара аттан түшө калып колун байлап ийди. Ошо маалда кырга чыга калып, аябай байкоо салган Алмамбет жан чыкчуудай айкырык айгай салды. Сызып келип эр Көкчөнү кучактады, өкүрүгү таш жарды. Тулку боюн кучактап чөк түштү. Жоонун үч баатыры кыйыктан таап тар жолду, караанын көргөзбөй из суутту. Алмамбет Көкчөнү боолугу менен бекем таңып, Көгала атына арта жүктөдү. "Эми элиңе, Акеркечтин колуна бар!" — деп сөөгүн узатып кала берди.

— Баардык балээ Шыпшайдардан, — деди Алмаң таңкы жыйында. — Ал кез келгенди кетирбей жер менен жексен кылат. Өткөн согуштар бир тең, кийинки он күндүктө өткөн уруш бир тең болот. Ал урушка Ырамандын Ырчы уулу барбасын. Эл унутуп калбасын, айкөл Манас жумушун. Баарын ыр кылып айтсын. Өзүм кылган иштерди ак кагазга жазгамын, Аруукеден сура. Бакай аба, бүгүндөн баштап Ырчыны өзүңө ал, — деп Алмамбет ордунан тура калып Бакайга кол берди.

Айкөл шерге келгенде көзүнө жаш имерди.

— Айкөлүм Манас, канкорум Манас! Сени менен тар курсакта жатпасам да, талашып эмчек таткан жерим бар. Кагылайын арстаным, жашың улуу эки экен, жолуң улуу теги экен, менден мурун эмизген ак эмчегин энекем!.. Эненин сүтүн тең таткан кагылайын арстаным, — дегенде Алмамбет токтоно албай моюндашып көрүштү, шур-шур жыттап өбүштү. Кезек жетип Чубакка кучактарын жазышты, кучакташып алышты.

— Кан Алмакем, не болдуң? Кайратың сенден кеттиби, көрүнбөй алчу ажалды көрүнөө келет деп айттың. Көбүнүн шайын оодарып, жүрөгүн алдың кыргыздын! Жайдарым Алмам, айтканыңды билбегендей турасың, жаныма менин батканын. Колуңду сунчу бери! — деп Сыргак моюндашып көрүштү, жаагы жаакка тийишти.

Артынан Кыргыл менен Ажыбай, Күлдүр менен Алыбай, Бозуул менен Серек, Мажик менен Кутунай бирден келип көрүштү, андан башка чоролор башаламан көрүштү.

— Баатырлар, эми аттаналы! Алды-артыбыздан жоо каптап келатат, жакшылап каршы алалы! — деп Алмамбет чоронун баарын узатты, артынан өзү эл четинен жол чалды.

## БААТЫРЛАР ӨЛҮМҮ

Барабанын кактырып, кылкылдатып туу кармап келаткан кытайдын жер жайнаган аскерин карап турду, айбаты күч, эр кыргыз! Нескара менен калмак каны Ушаң:

— Карап турбай кыргызды катуу каптагыла, кактабай канын соргула! Жүз кишиге бир киши, кыргыздын саны жетпейт бизге! — деп жалаңдаган аскерин аламан урушка салды.

Урушка барбай Шыпшайдарды аңдып Алмамбет калды чекелеп, жаралуу эр Манасты каралап эр Бакай, Ырамандын Ырчы уулу калды. Калган чоролор бүт аттанды.

Кытайдын жүз жоокерине, бир кыргыз жоокер бет келген улуу кыргынга билинбей эл аралап, кылымда жок жан алгыч Шыпшайдар да келди. Менин кылар ишимди күн мурунтан билген экен Алмамбет. "Кылым журту кытайдын Бежининде кан болгон кыргыздын канкор Манасы менен кырк чоросунун канын төгүү мага жүктөлгөн милдет!" — деп шайтандан да амалы көп түгөнгүр, калың журттун ичине кирип калкаланды. Шыпшайдар кере тартып саадагынын киричин* Ажыбай, Алымбай, Кутунай, Күлдүрдү, Жайсаңды кайра-кайра атып жайлады. Ажыкеңдин Карткүрөңүн укурук салып кармап алып, Эсенкан минер мал экен деп калмактын Ушаң баатыры биринчи эле кез келген калмак баатырына кармап тур, анан алам деп бере салды.

Карткүрөңдү кармап жоокерине бере салган Ушаңды көрө салып, эр Сыргак кыргыз тулпарын калмакка калтырбайм деп үстүндө олтурган баатырын торойто чапты. Карткүрөң текирең таскак атып келип Ажыбайдын сөөгүнө жете барып, тык токтоду. Сыргак сөөктү атка арта салды, аркан менен ообас кылып бекем таңды.

— Жаныбарым, Карткүрөң, ылдам жорт! Атбашы деген асыл жерге, Кошой деген баатыр эрге жөнө! — деп аттын соо-



русуна чапты, көз жашы нөшөрлөп акты. Карткүрөң эр Сыргактын кебин түшүнгөндөй ачуу кишенеп алды. Төрт аяктап туруп, күн батышты көздөй сызды. Артынан чаң ызгып калды.

Сыргак Телкызыл атын булкунтуп, найза сайып, кылычын аянбай чапты. Кытай, калмактын жанын дөбө кылып үйдү. Ошентип, кайнаган колго карчыга куштай тийди.

Муруту бир кулач келген Музбурчак кан Акжал күлүгүн алкынтып, алдына келгендин чакчелекейин түшүрдү, күлүн көккө сапырды. Баатырга оропара чыга калган Мурадилди ат үстүнөн камгактай учура сайды. Кылычын алып баш алууга камынып калганда артынан күтүүсүз келген Ушаң көмөлөтө койду. Чаңга аралашып, деми кысылган Музбурчак канды көп калмак ортого алды. Найзасын сайды, кылычын чапты. Жаагына тамга салышты, жалгыз калган Музбурчак кандын жанын кыйнап калышты. Кыргыл чал бакырык салды, "Манастап" ураан чакырды. Жабыла чабуулга өткөн топ калмактын жанын алчуудай качырды. Качырган менен болбоду, Батак деген калмагы ыргыта сайып Кыргылды, илип алды чылбырды. Музбурчак менен Кыргылды көп жоо ур токмокко алды.

— Эр Мажик, белдүүнүн бири сен элең! Музбурчак менен Кыргылды калмак мууздап салбасын, кан Көкчөгө окшотуп башын кесип албасын! Батакты өлтүрө сайып, тобун барып жырайын, ажыратып чыгайын! Ур, каапырды, — деп кыйкырып келе жаткан Серекти Батак баатыр көрө салды.

Серек ишке жарады, эрте шилтеп найзасын калмакты ат үстүнөн омкорду. Артынан улай келген эр Мажик башын кесип алды.

Эр Серек Батакты таштай коюп, Музбурчакты камаган топ калмакты качырды. Байкуш Музбурчакты караса тулку бою кан болуп, чаңга аралашып турган экен дал болуп. Короологон калмакты коюп жүрдү, эр Серек, бөрү койду кыргандай оюп жүрдү, эр Серек! Эки карыны бошотуп, кызыкка баткан эр Серек андан ары чапкылап урушун улантты. Карап турбайын, аттарын табайын деп Мажик баатыр ажаандаган калмактын миңдигине карабады. Тоотору атын чаңдатып, алдынан чыккан душманды кабаттап сайып үч-төрттөн жанын алып баратты. Акжал менен Акборчук атты ажыратып, эки карыга туура тартты. Энтелеп экөө кутулду. Ошондо калмак кутурду. Шыпшайдардын аткан огунан калдайган Мажиктин жаны учту. Эр Мажиктен ажырап, эр Серек эси кетип эңгиреп, ортодо калды.

— Ажалым жетсе өлдүм, азабым болсо көрдүм. Аркамда иним Сыргакты, бир көрүп өлсөм арман жок! — деп кыйкырып, Серек кайрадан тобокелге бел байлады.

Кууказык атына камчы үйрүдү, жоого кирди. Экөөнү беттей бир сайды. Найза менен мылгытып, канжар менен кан, балта менен жан алды. Кайрат кылып кытайдан кагышып бирөө барган жок. Кыйын кытайга таанымал болду, Серекте эми арман жок.

— Айланайын Шыпшайдар, кыргыздар мында келгени айрылдым канча баатырдан, алп, дөөлөрдөн! Эр Жолой, Бороончу баатыр, Оронгу, Бозкертик, дөө Макел ушулардан ажал тапты. Төөлөргө артып алтын-зар кандары кетти кайкалап, Шыпшайдар өзүң ойлочу, өрттөнбөй кантип мен турам, угулуп турса кулакка, алтындын доошу шыңгырап! Уруксат алып он беш күн, өзүңдү араң келтирдим. Кырк чоросун Манастын атып бергин каралдым, Алмамбет, Чубак, Сыргагын басып бергин Шыпшайдар! Артыкчасы качкын кул, алмадай башын эшикке асып бергин, Шыпшайдар! Канча мал, алтын, күмүш, сура, берейин, — деп Коңурбай быкшыган оттой түтөдү.

— Коңурбай, кечээ эле колоктоп, эч кимди көзгө илбей жүргөнсүң. Бүгүн минтип ыйлап калыпсың, дартыңды айтып шолоктоп. Мен дагы бош жүргөн жокмун. Сен сурангандай, чородон ылгап беш-алтоосун келбес жайга салдым. Сен аны

кайдан билдиң? Мен десең аламан уруш токтосун. Жекелешкен урушка дардаңдап Сыргак менен Алмамбети чыгып келет. Ошондо бир айласын табам, экөөнүн катар жанын алам! — деди Шыпшайдар.

— Шыпшайдар, айланайын карачы, эр Серек, алиге чейин кол жыйбай, аралап жүрөт! Жоокерим калбай калганча, барабан ур, урушту токтот! — деп катуу буйрук берди.

Барабан кагылганда кытай тарап өз жагына, кыргыз тарап өз жагына айрылды.

Ортодон түн өттү. Жылдыз тарап, таң атты. Тараптар жабыла камданды. Аттарын бышыктап токушту, жоо-жарагын алышты. Добулбас кагылганда атка минбеген пенде калбады. Түркүн түстөгү туулар желбиреди, өйүз-бүйүзгө жоокер толду. Манжунун каны Нескара үтүрөңдөй жекеме-жеке эр сайыш майданга чыкты. Алмаке топтон суурулуп калганда эр Чубак токтотуп калды.

— Алмаке, сен кайда?! Сенден кийин мен калып кайсы мураска жетем. Ушу кезекти мага бер. Жаза тайып кетсем сөөгүмдү ким алып чыгат? Сөөгүмдү албай койсоң, жин тийгир калмактар, чачымды бирден жулат, бетимди тилет, этимди кескилейт!

— Чубак, өлүмдү эске ала жүргөн жакшы дечи. Сөз берем, сөөгүңдү жоого бербейм, бирок мен жүз тайсам, мени ким алып чыгат?! — деп эр Алмаң да капылеттен сурады.

— Антпечи, Алмаке. Бакай аба, мага уруксат берчи, кезекти алып берчи, — деп Чубак уруксат сурап, майданга текирең таскак атып чыкты.

Жан аябай сызды. Жаалы катуу, жалын көз, узун бойлуу, дөң маңдай Чубак, илгээрек сунган Нескаранын найзасын кагып жиберди. Өзүн ээрден учура сайды. Мындай да туурадан чыга калып, уурулукча найза сайчу Ушаң баатырды өз учурунда байкай койгон Чубак, "Манастап" ураан чакырып барып, аны да ыргыта койду. Далыга найза жеп, анысы ат үстүнөн кулады. Эр Чубак оңдонгуча урушка камынып турган калмактын Дөңкөнөй деген балбаны аңкилдеп келип, көмө койду. Арстан Чубак жер таяна жыгылды, башынан туулгасы ыргыды. Ажалдан коркпос эрен туулгасын алып башына кие

бергенде, зуулдап учкан Шыпшайдардын жебеси колун сындырып өтүп, так чекесине кадалды. Тоңкочок атып, жер сүздү, кайран эр!

Ошондо кан Коңурбай баштап кыйкырып, аламан ат койду. Алмамбет Чубактын башын кесип кетпесин деп ооздо тиштеген жаа огун Дөңкөнөйдүн как пешенесине мылгыды. Атын чаап баратып да, калың колдун ичинен Шыпшайдардын караанын издеди. Чубакка жете эңкейип, алтын курдан так көтөрдү. Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет болуп, канча күн минсе арыбаган, ташка салса талбаган арам өлгүр, Сарала күлүгү ошо көз ирмемде мүдүрүлүп кетпедиби! Аттиң дүйнө, бир кем дүйнө! Аты мүдүрүлүп кеткенде бир жагына оой түшкөн туулгасын оңдой бергенче, Шыпшайдардын жөнөткөн ажал огу чыкыйга тепчий кадалды. Ошондо да жөө бөрүсү Алмамбет сыр алдырбады. Эр Чубактын сөөгүн майдан талаасынан сууруп чыкты.

— Бакай аба, атты чылбырдан карма! — деп бакырды шумкардай сызып келген эр Алмаң Чубактын сөөгүн түшүрүп жатып. — Сырдашым Сыргак, кансырап кала элегимде найзамды оң колтугума эп келтире така, жоо менен алышып жаткандай өлөйүн. Эмчектеш айкөлүм кана?! Чакыргылачы, бир көрөйүн! — дегенин угуп, өзү келди канкор Манас.

— Алмаке, эреним! — деп муңканып келип, Алмамбеттин колунан кармады.

— Айкөлүм Манас, сыймыгың ашып, кара кытай калкына, Каканчындын жалпына кан болгон Бакбурчундун тагына олтурдуң. Суктандың сулуу кызына, ээ болдуң күлгүн багына. Кесирлик ушундан кеттиби, билбейм?! Бирок айкөлүм Манас, тилимди ал, бу сага айткан керээзим болсун. Аккелте мылтыгыңды ал, антташып туруп ок сал. Каңгайды дүрбүдөн өткөр! Эл четинде көбү жети, азы үч киши от жаккан топ көрүнөт. Ортосунда дөбө кылып төгүп койгон ок болот, бирок түтүндөн кимдин ким экени билинбейт. Так катыра мээлегин, жыдыман менен кароолду бап келтире теңегин. Ошондо гана тобокел деп топко ок бергин. Арстаным Манас, ажеп эмес, аткан ок доңузду жыгып түшсө, белгиси ушу, майдаланып бөлүнөт, тумандай жаны сөгүлөт. Шыпшайдар өлбөгөн болсо,

уй түгүндөй көп кытай кыргызды карай чабуул коёт, бириң калбай баарыңдын кара жаның көмүлөт! Сүйрөлөнүп бөлүнсө "Манастап" ураан салгыла! Арстаным Манас, зор Бакай, Ырчы — үчөөң калгыла, калганың чубай баргыла!

Жолборсум Сыргак, сага айтаар кебим бар. Аккелте үнү жаңырганда айгайлап жоого кирерсиң, Коңурбайды кубаларсың! Ошондо арам ойлуу Коңурбай атын байлай коюп, жашыруун жерден, очогор мылтык атпасын. Ошон үчүн Сыргагым тээтиги белди ашпагын, жарым карыш баспагын. Серек, Сыргакты байкай жүр. Иниң Коңурбайдын артынан кууп кетсе, акмалай чап. Очогор үнү угулса, октой сызып жет! Бу Сыргактын окко учканы. Сөөгүн Телкызылга жүктөп, Коңурбайдын артынан аянбай жөнө! "Өлгөнү Серек экен, Сыргагы тирүү экен!" — деп жоо бири-бирине айтып, артын карабай качат, акылынан адашат. Манас баатырды алып, эр Серек Таласты көздөй жол тарт! Убагында жетпесе көргөн күнү үзүлөт, — деп үнү буулуп, жал-жал караган көзүнөн бурчактап жашы төгүлдү. — Мен дүйнөдөн өткөндө чурулдап ыйлабагыла! Ыйласаңар Алмамбет өлгөн тура деп кара кытай баарысы каптап кетпесин, бирден бөлүп таласа ажалыңар жетпесин! Сөөк жашырган жерди бирөө билбесин, болгону, көмүлгөн жердин белгиси илинген куржун болсун. Айкөл Манас, Бакай аба, белимдеги шамшарды эр Шууту сүйүнчүлөп келген, атанын эрди тийбеген, ата туягы Күлчорого бергиле! — дегенде башы шылк дей түшүп, ат үстүндө бою түзөлдү.

Анан барып эрендин көкүрөгү бурк этти. Көккө тийген жарыкты кара булут ороду, нур жайган күндүн көзү күүгүмдөндү... Ошентип жоо бөрүсү Алмамбет бу жалган дүйнө менен кош айтышып кете берди... Айкөл Манастын өңү керсары тартып, муң басты. Абайлай, шер курдашы Алмамбетти Сарала аттан түшүрүп, кызыл-ала кан болгон тулку боюн айкөл Манас баатыр кучактап турду ... көзүнөн жашы бурчактап...

Ошо кечте күн кыйналып жатып батты...

Тоодой оор кайгы баскан эр Манаска араңдан зорго таң атты... Күн көрүнүп, көрүнбөй баатыр Аккелтесин колго алды. Окшурунан ок салды. Күпсөрдүн*түбүн көрсөтө кагып, араңдан зорго бир атым дары тапты. Кайрылганы Аккелте мылтыгы болду.

— Айланайын, Аккелте мылтыгым! Сен ийинимде жүргөндө деңиз тизеден көрүнүп, беттешкен жоомду куткарбасмын дечү элем. Мына огуңду салдым, дарыңды бердим. Эми кароолуңду мелтирете шыкаалап, душмандын кирпиги көрүнгөнчө мелжебесем, мен күнөөлүү! Антпесем, мени төбөсү ачык көр урсун, төшү түктүү жер урсун! Кытайдан коркуп жалтанып, от жалын болуп учкан сен тийбей калсаң, анда сен күнөөлүү! Керекке жарабаган сени чаңкап жаткан чөл урсун, акпай жаткан көл урсун! Кундагыңды талкалап, чөлгө ыргытып ийем, күндө куурап какжыра! Темириңди чыгарып, көлгө таштап ийем, жатарсың өңүң өчүп саргайып, датка басылып! Айланайын Аккелте, канча жылдан бери жолдошум, сен анттакан жоону албасаң, айтканымды мен кылбасам, Манас атым курусун! Тарс эткенде ок кетип, ок кеткенде да тез жетип Шыпшайдарды албасаң, сенин Аккелте атың курусун! Көк сызып жоого тийбесең, душманды ажалыңа ийбесең, сени мага жасаткан Бакай, Акбалта чалың курусун! Аккелте менен аткын деп Алмамбет мага керээз калтырды. Көптү көргөн, көптү билген, акырет кеткен эр айтты, айры төштүн шери айтты!

Алысты жакындаткан жан дүрбүм! Сени менен карайын, жоонун ченин алайын, болжолун анык табайын! Болжолуна келтирип, жакшылап мээлей албасам маа жазык, тунарып турган тумандан көрө албасаң саа жазык! — деп Аккелте менен дүрбүгө кайрылган айкөл Манас ант берди, ок тиштеп, шартын жасады.

Ошондон кийин жан дүрбүсүн колго алды. Кайкалай түшүп, карарып жаткан көп колго көз салды. Жер жайнаган кытай жоо он эки түрдүү көрүндү, туман болуп сөгүлдү. Андан ары караса, элдин окчун четинде беш киши от боюна ок коюп, ортодо от жакканы көрүндү. Алмаң эрдин айтканы чын болсо, бештин бири Шыпшайдар деп Аккелтени таштан ашыра сунду. Демин ичине тартып, бир көзүн жуумп катыра мээледи. Өзүнчө турган беш киши кароолго так иленгенде машаны басты. Аккелте мылтыктын оозунан от жарк этти, түтүндөн мурун ок жетти. Катар турган беш киши, ажалы жетип жалп этти. Шыпшайдар баштаган аяр мергендер талпайып жер ку-

чактап калганда, жоо чогула калды, чуру-чуу түштү. Эр башы окко учканы жүрөгү түшүп, сансыз душман биринин артынан бири жол талашып чубурду, Бежинди көздөй сүрүлдү.

— Жигиттер, турбагыла! Ургула! Аламан уруш! — деп арстан Сыргак кыйкырды. — Манас! Манас! Манас! — деп айгай салды.

Кез келгенин чапты. Алдына келгени тирүү калбады. Кырк-элүү калмакты түбү терең аңга түрттү. Кан Коңурбай эр Сыргактын сүрүнөн жалтанып кыла келген адатын кайра карматты. Бел аша качып барып, Алгарасын аса байлады. Өзү очогорун октоп, айгайлап артынан куугун салган Сыргакты аңдып жатты. Алмамбеттин айтканын эр Сыргак унутту. Алгараны көргөндө көздөрү жайнай түшкөн эрен, олжосуна жетип чылбырдан кармаганда, очогордон ок кетти. Сыргак атынан шыпырылып түштү. Жете барган Коңурбай башын кыя чабууга камданды. Жалаңдаган кылычын кындан сууруду.

Аңгыча көктөн түшө калгандай, артынан чуулдап жете келген эр Серектин тоо жаңырткан доошу Коңурбайды койго бөрү тийгендей үркүттү. Качкандан жадабаган кан үзөңгүгө буту тийип-тийбей кайра сызды. Аты дагы көк, көзү дагы көк эки эрди айрып тааный албады. Акылы зирек эр Серек Алмамбеттин айтканындай иш тутту. Иниси Сыргакты өз аты Телкызылга арта жүктөдү. Коңурбайдын артынан калбай кууду. Серекти Коңурбай найзанын учу тешпеген, кылычтын мизи кеспеген, балтанын сырты батпаган Сыргак баатыр деп ойлоп, алды-артына карабай качты. Алтымыш бакса бийик сепилине кире качып жашынды. Эр Серек эси кетип, ээси жок миңдей атты айдап артка тартты.

Эсенкан элине ээ боло албай улуу кытай эли экиге бөлүндү. Коңурбай кырк жогорку мансаптуу төрөлөрү менен, ал кара кытай, калмак, анжу, манжу, шибе, солон деген алты уруусу менен калды.

## МАНАС БААТЫРДЫН ДҮЙНӨДӨН ӨТҮШҮ

Акыры көптү күттүргөн эр Серек иниси Сыргак баатырдын сөөгүн Телкызылга жүктөп келди, элге кошулду. Баарыбыз чогулдук, эми Ала Тоого аттана берсек болот деп кайран эр Манас, эл эсебин алды. Жогун жоктоп, барын катка жазды. Комуз кылы толгонду, тырс чертиле күүлөндү, кыз-келин муңдуу үн созду. Бакай карысы, баатыр Манасы баштап баарысы кытай жеринен жүрөгү канап, өттөрү кайнап кол үздү...

Күндөр күнгө, айлар айга алмашты. Үйгө кайткандар оңой эмес жол басты. Таанымал жел беттен аймалап, гүлдөрү чыгып жер жайнап, ата журтка, кыргыз жерине кирип келгенде куран түшүрүлдү.

Биринчи, эр Алмамбеттин сөөгү жерге берилди. Жайына көп таш үйүлдү. Белгиси керээз-куржун илинди, мазар экени билинди.

Анан канча жол жүрүп, эр Сыргак жерге берилди, үстүнө таш үйүлдү. Телкызыл тулпар аттын баш сөөгү таш үстүнө коюлду.

Кайрадан сапар уланды, эр Чубак менен эр Музбурчактын сөөгү жерге берилди, үстүнө таш үйүлдү. Суу акпаган аскадан көк кашка суусу куюлду.

Мына ушундан кийин гана Бежинди алган эр Манас, кыйды баатыр Коңурбайдын арам ич күйдүлүгүнөн жарадар болгон Манас, көп колунан ажыраган жашык Манас Төштүк баатырга жолукту. Конок болду, көөнү толду. Аялы Кенжекеге уул төрөп ал, атын Жоодербешим кой деп ак батасын берди. Жерине келип эли менен көрүштү, кучакташып өбүштү. Ата туягы, Семетей баласынын бетинен сүйдү, ак никелеп алган жары Каныкей менен көрүштү.

Баатыр Манас кылкылдатып үй тиктирди, эл чакырды. Чоң казатта набыт болгон баатыр чоролорго багыштап аш өткөрдү.

— Каңгырап Кангайга барып, канча колдон, канча эрден айрылдым! Канатым сынды, куйругум кертилди. Ортодо кан

Коңурбайдын арам балтасын жеп, жарадар болуп мен калдым, — деп муңканды.

— Эл үчүн жанын берген эрдин аты укумдан-тукумга өтөт, урпактар айтып үлгү алат. Алардын эмгеги ар дайым эл эсинде түбөлүккө сакталат, — деп аяшы Арууке Манас баатырга кайрат айтты.

Күн күнгө алмашты. Манастын ахыбалы оордогондон оордоду, жан кыйнатып күчөдү. Акылга бай жары Каныкей кийин кыйналып калбайлы деп катуу толгонду. Акыры жакшы ой ойлонду. Сөөгүн ачык жайга койсок, көрө албаган душман көп, сөөгүн ачып кордоп кетпесин деп эч кимге билгизбей Манастын сөөгү жата турган жайды жашыруун каздырууга киришти. Төө көтөргөн Акбалбанга азык-түлүгүн камдап берип, күнү-түнү иштетти. Эчкилүү деп аталган тоонун чатындагы эки өзөн сууну ноо менен башка нукка бурдурду. Сай боюндагы чоң таштын түбүн ойдурду. Беш жүз киши баткыдай кылып кенен каздырды. Бетине миң түспөл сүрөт тарттырды, алдынан суу агызды. Бакай, Кошой менен кеңешти, тоодон төөлөргө чопо топурак жүктөп ташытты. Сексен миң эркеч сойдурду. Ак эркечтин майына чопо топурак аралаштырып ийлетти. Кынаптап кыш куйдурду. Кызартып отко бышырды. Күлботодон* жууруп айкөл Манастын кебин жасатты. Бүткөндө эч кимге билгизбей катты, бир гана аны Бакай билип калды. Бардык жумушту өзү билди, эч кимге айтпай, бирөөдөн жардам күтпөй, тыкан бүтүрдү.

Баардык жумуш бүтүп, Каныкейдин көөнү тынды. Бирок Манас баатырдын жараты ырбап, күндөн күнгө шайы оой берди. Кайран киши ооруга көк жалдыгынан гана чыдады. Бөлөк бирөө болсо капкачан эле оорунун азабынан өзүнө өзү бычак урмак. Айкөл Манас антпеди, өзү ардактаган эли, жерине кайтып келди. Бу жалган дүйнөдөгү аткара турган баатырлардын керээзин аткарды, аларга арнап аш берди. Аш кайнам эмес, ар бир чай кайнам убакытта айкыртып келип ажалы тооруп, баатырды шаштырды, кайгыга батырды. Жарык дүйнөнү таштап кетүү кандай оор!

Арийне, айдын он бешинин жума күнү көргөнү келген көп элдин көзүнө жаш толду. Айкөл Манас баатыр о дүйнө ат-

танарын туйдубу, көп элдин ичинен катагандын каны Кошой балбанды телмире карады. Андан өтүп жан жолдошу, касиеттүү кеңешчиси, абакеси Бакай канга көз бакты. Кийин анын көз карашы алп Төштүк канга өттү, жоодурай колун сунду. Кабылан сүрү андан өтүп ак никелеп алган жары, акылга бай өмүрлүк жолдошу Каныкейге түштү, сурдана тиктеди. Ушинтип канча убакыт болсо да сурдана тиктеп, жалооруй карап тургусу келген эрдин эрин, баатырдын баатырын таанығысы келбеген шум ажал, Манасты биротоло желкелеп алгандай дем кыстыктырып келатты. Аңгыча бир заматта эти качкан, нуру кеткен жүзүнө кан жүгүрүп, мурдагы баатыр келбетине, эл багып жүргөн кызыл чырайына келе түштү. Көпчүлүктүн ууртуна кубаныч бүрдөп, алдыга жүткүнө берип, кара көзүн жарк ачты. Анан сүйгөн жары Каныкейди сурдана караган бойдон кайран эр үзүлүп кете берди...

Кылым кыргыз журту чуру-чуу түштү, кошок кошту. Ит күлүгү Кумайык Манастын оо дүйнө кеткенин сездиби, канча күн тамак ичпеди, суу татпады. Күнү-түн шаңшып улуду. Ээсин жоктоп куруду, кайып болуп журттан кетип жоголду.

Алтын тууруна кондурган Акшумкары боосун тытты, өз боюн азат кылып, көктөн жерге боюн таштачуудай шумгуду. Кайра көккө атырылып чыкты, Ак өргөө ордону беш-алты айланып, кош айтышкандай ээсин жоктоп шаңшыды, көздөн кайым кетти.

Кыргыз журттун казаны көмкөрүлүп, асман эңшерилип түшкөндөй туюлду. Жай чилденин чак түшүндө чагылган чартылдап, ааламды караңгылык каптагандай, жандуу табият ак чапанын ыргытып, кара чапанын кийгендей, аза күткөндөй, теребелди кара көлөкө каптап келатты..

...Бакай, Кошой, Төштүк, Каныкей, Көкбөрүнүн сөзү бир болду.

— Калайык, өзүңөр көрүп турасыңар жарык дүйнө кечтеп калды. Биздин айткан кепти туура көрсөңөр баатырдын сөөгүн жайына эртең коёлу. А көрөкчө, азыр күн толук отурганча көр байге чабалы, — дешти баары бир ооздон.

Эл улуктардын айтканын макул көрдү. Аттарды айдашты. Баатырдын Аккула тулпары биринчи келди, бирок маарага

келгенде мурдунан кызыл кан атып кетти. Аккула атты Манастын арбагына арнап мууздап ийишти, калдайган башын күмбөзгө коюшту.

Түн коюланды. Эл кызуу уйкуга кирди. Ошондо гана кирпик какпай сөөк кайтарып отурушкан Бакай, Кошой, Каныкей, Көкбөрү жан кишиге туйгузбай Манастын сөөгүн Акбалбанга көтөртүп алып, жашыруун жайга барышты. Каныкейдин аткарган жумушу баарына жакты. Таң кала карап турушту, ыраазылык сөзүн айтышты. Жайдын ичи беш жүз киши баткыдай кең экен. Жерге түрдөп килем жайдырыптыр. Килем үстүнө такта жасатыптыр. Баатыр шердин сөөгү так ошо тактанын үстүнө коюлду. Акыркы жолу Манаска кулдук уруп, таазим этишти. "Жаны жаннатта болсун!" — дешип кош айтышты. Таң агарып кетет деп эшикти көздөй басышты. Ошондо Бакай Манастын сөөгүн көтөрүп келген Акбалбан баатырдын башын кылыч менен кыя чаап таштады.

Ошондон кийин гана көр оозун чоң кара таш менен жабышты. Топурак таштап, жигин билгизбей тапташты. Сууну тетири агызган ноону тартып алышты, ыраак барып аны да талкалап салышты. Ордого келип Төштүк, Көкбөрү, Бакай, Кошой төрттөө күлботодон жасатып, катырып койгон Манастын кебин кепинге ороду. Таңды күтүп калышты.

Эртеси Манастын кепинделген сөөгүн күмбөзгө коюшту. Ар кайсы жерден, ар кайсы элден чакырылган адамдар Манас менен коштошту, көрүнө топурак салышты.

Кийинки күнү Кошой карыя, эр Төштүк, Көкбөрү менен Бокмурун, Бакай менен Каныкей баары кайрадан чогулду. Манаска арнап, бата тилеп, ак боз бээ айтуяк чалышты, колду канга малышты. "Айкөл Манас баатырдан калган жалгыз туякка ким жамандык ойлосо төбөсүнөн басалы, тирүүлөй көрүн казалы! Кийинки жылы баатыр Манастын ашын мыктылап берели!" — деп чыбык кыйып шартташты, ок тиштешип антташты.

*2010-жылдын 27-октябры,*
*27-декабры.*

# АЙРЫМ СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨ

Аалым — окумуштуу.
Ажайыпкана — айбанат, канаттууларды кармоочу жай (зоопарк).
Айдар — эркектердин аркасына өрүлүп коюлган чачы.
Айкөл — берешен, жоомарт киши.
Айтуяк — жакшылыкка арналып союлуучу жылкы.
Айчык — жарым ай мисалдуу түр салуу (көбүнчө туута салынат).
Айым — кандардын аялдарына карата айтылат.
Ак үйлүү — белгилүү, бай үй-бүлөөдөн барымтага алынган адам.
Аккелте — мылтыктын байыркы түрү.
Аколпок, Аккүбө — жоокерлер согушта кийүүчү ок өтпөс тон.
Акырет кетсем — бу дүйнөдөн өлүп кетсем деген мааниде
Албарс кылыч — курч кылыч, болот кылыч.
Алмабаш мылтык — эпикалык баатырлардын мылтыгынын түрү.
Арбак — даңкымды, кадырымды, баркымды билбедиң.
Аркан — узун жип, адатта аттын же топоздун кылынан жасалган.
Аруу — таза
Асаба — туунун учуна тагылган зор көлөмдүү кездеме, желек, байрак.
Атан — төөнүн күчкө толуп турган эркеги.
Аш кайнам убакыт — бир жарым, эки саат убакыт.
Ашык — чүкө
Аяр — коргоочу, сактоочу, сыйкырчы.
Бакан — челек менен суу ташый турган жыгач буюм.
Баканооз — душманга сөз тыңшоо үчүн атайын жиберилген адам.
Бакбурчун — шаардын аты.
Бакса — ылайдан согулган дубалдын бийик кабаттары.
Бараң — эпосто айтылган согуш мылтыгынын түрү.
Баранда — майда жан-жаныбарлар (канаттуулар деген мааниде)
Бедөө — күлүк, мыкты аттардын бир түрү.
Бешик — наристени бөлөп коё турган жыгачтан жасалган буюм.
Булдурсун — байыркы баатырлардын чоң камчысы.
Бут — сыйынууга, арналып жасалган кудайдын сүрөтүнүн кебетеси.
Буудан — мыкты, күлүк ат деген мааниде.

Буулум — кымбат баалуу кездеменин аты.
Дилде — беш сом наркындагы алтын тыйын.
Добулбас — согушта урулуучу барабан.
Доол — анча чоң эмес согуштук барабан.
Доотай — округдук начальник, губернатор.
Дубана — жер кыдырып жүрүүчү, касиеттүү карыя киши.
Жаа — жоокердик байыркы курал.
Жазайыл — чоң мылтык, замбирек.
Жайсаң — калмак сөзү, начальник.
Жайчы — аба ырайын тез арада өзгөртүп жибере ала турган киши.
Жамбы — акча ордуна жүрүүчү уютулган күмүш, же алтын.
Жарак — жоокер куралдарынын жыйындысы.
Жаркынынан бүткөндөй — Сагымбай Орозбаковдун варианты.
Жебе — жаанын огу, жаа огунун учундагы курч темир.
Желдет — 1. жазаны иш жүзүнө ашырчу адам. 2.кызматчы жигит.
Желмаян — төөнүн күлүгү.
Жигит — кандын ордосунда кызмат кылган жоокер.
Жолум — кичине боз үй.
Жоро — жолдош, теңтуш.
Жортуул — жоокерлердин тобунун узак аралыкка казатка аттануусу.
Жыгалуу мөөр — кандык белгиси бар мөөр.
Зер — алтын, баалуу мүлк, буюм.
Зындан — кылмышкерлер жатчу терең казылган ор.
Зыярат — мазарга, касиеттүү жерге баруу, сыйынуу.
Испан — шаардын аты (Персияда).
Итаягын кечирип — ырымдап ант бердирип.
Казы — диндик эрежелердин талабына ылайык иш жүргүзгөн адам.
Кайгуул — душмандын жолун чалуу.
Какан — кытай падышачылыгы.
Кангай, Каканчын — кытай, кытай мамлекети.
Калкан — жоокерлер колуна алып жүрүүчү курал.
Калча — өңү суук, түрү суук.
Камчы — атчандын атты чаба турган кол куралы.
Камчыга ченеп бөлгөндө — жеңилген жакты бүт олжологондо.
Кандагай — тоо текенин терисинен жасалган шым.
Канжар — эки мизи тең курчутулган, учу ичке жасалган курал.

Каныш — кандын аялы.
Каса — өзгөчө, мыкты, чыныгы тулпар.
Кап — буюм-тайым салына тургандай кылып жасалган таар буюм.
Капка — согуштук коргонуу максатында курулган чептер.
Кароолу тажаал — кароолуна илинген жандар соо калбайт деген мааниде.
Кашка — башчы, мыкты, жетекчи.
Кементай — кийизден жасалган чапан.
Кенизек — үй кызматын аткаруучу аял, күң.
Керик — тумшугунда жалгыз мүйүзү бар жапайы жаныбар (носорог).
Керме — эки мамынын ортосуна аркан тартылган жер.
Кечил — калмак уруусунун диний кишиси.
Кирич — жаанын кайыштан тартылган жиби.
Кой макмал — баркыттын жумшак түрү.
Койчагыр — эпостук баатырлардын мылтыгынын бир түрү.
Кол — казатка аттанган, же эл-жерин коргоого чыккан аскер тобу.
Коога — уруш, жаңжал.
Кош — жылкычылардын, аскерлердин убактылуу жашап турган жайы.
Кошнай — катар орнотулган эки найлуу мылтык.
Кошуун — аскер, кол.
Көй кашка — жеткен баатыр.
Көй төрө, көй баатыр — жалаң төрөлөр, баатырлар.
Көк жал — бөрү, баатыр деген мааниде.
Көк тулум — капкактуу, тону менен түшкөн бала.
Көкө Теңир — асман кудайы.
Күлазык — көчкөндө, жоокерчилик заманда жолдо тамактанууга даярдалган тамак.
Күлбото — чополуу топурак, баткак.
Күпсөр — мылтыктын дарысын сала турган чоң баштык.
Куржун — эки көздүү, атка же башка унаага салынчу таар буюм.
Күрсү — чоюндан жасалган чоң чокмор, байыркы жоокер куралы.
Кызыл уук болуп кырылды — бүт олжолонду, тукум курут болду.
Кызыр — олуя, дүйнөнү кыдырып жүргөн киши.
Кылыч — мизи курчутулуп, темирден жасалган иймек куралы.
Кымкап — түгү бар, кымбат баалуу кездеме.
Кын — кылыч, канжарды алып жүрүүгө ыңгайлашкан буюм.

Кырк чилтен – сүйгөн кишилерин колдоп-жүрүүчү олуя адамдар.
Мазар – зыярат кылуучу жана сыйынуучу касиеттүү жер.
Майдан – согуш жүрүп жаткан талаа, жер.
Манат – кымбат баалуу, көбүнчө кызыл түстө болгон түктүү кездеме.
Маша – мылтыктын от алдыргыч тепкиси.
Милте – бараң мылтыкты атууда пайдаланылган кебез.
Миң башы – миң жоокерди башкарган башчы
Мылтык – ок салынып атыла турган жоокер куралы.
Найза – учуна атайын учталган темир кадалып жасалган курал.
Найлуу канжа – бир түтүктүү мүштөк.
Нар – айгыр төө, өтө чоң олбурлуу төө.
Нөкөр – жигит, жоокер, желдет.
Окчонтой – мылтыктын дарысын, оттук ташты салып жүрүүчү буюм.
Олуя – окуяны алдын ала билчү сыйкырчы киши.
Он башы – он жоокерди башкарган башчы.
Ооруk – аскердин негизги бөлүгү турган жай, аскер тылы.
Ордо – 1.кан турган жай, 2.кан сарай, аземдүү жакшы боз үй.
Очогор – эпостогу баатырлардын мылтыгынын түрү.
Өкчө – өтүктүн такасы.
Пул – акча бирдиги
Саадак – жаанын огун салгыч буюм, жебе кап.
Сабоо – жүндү ургулап тытып, иштетүүдө колдонулуучу ичке кош чыбык.
Сай кашка – эң мыкты.
Салбурун – атайын камданып, көп адамдын аң уулоого чыгуусу.
Сан – он миң, көбүнчө эбегейсиз көп деген мааниде колдонулат.
Сарпай – сый кийим, тон.
Соога, соогат – жоокердик же мергенчилик олжодон бериле турган арналуу белек.
Соот – жоокерлер согушта кийүүчү болоттон жасалган кийим.
Сөпөт – чириген (сөөк жөнүндө)
Сыбызгы – дабышы ичке чыккан музыкалык аспап.
Сыр жебе – атайын жылмаланып жасалган жаа огу.
Сырнайза – баатырлардын найзасынын түрү.
Тай туяк – туякка окшош, акча ордуна колдонулуучу күмүш.
Таң ашыр – атка жем-чөп бербестен таң атканча аса байлап коюу.

Тозот — чалгындооч жер (кароол дөбө).
Түндүк — боз үйдүн ууктарын кармап туруучу тегерек алкак.
Туулга — баатырлар кийүүчү болоттон жасалган баш кийим.
Увазир — кандын акылчысы, министр.
Укурук — жылкыны кармоочу, учуна кайыш жип байланган шыргый.
Умай — миф, жаш балдарды колдогон эне.
Чабарман — аскер бөлүгүн байланыштырып турган жоокер, кабар жеткирген адам.
Черүү — аскер, кол, кошун, жалпы аскер тобу.
Чилмардан — тегерек алкакка жаргак капталган музыкалык аспап.
Чоро — жигит, жоокер.
Чөйчөк — ичи чуңкур оюлган кичинекей кооз кесе.
Чүкө — ашык.
Чыбыгын кыркып берди — илгерки ырым, чыбыкты кесүү аркылуу бүтүм жасалган.
Шири — кылмышкерди жазалоо үчүн кийгизиле турган ным териден жасалган баш кийим.
Элчи — эки тарапты сүйлөштүргөн, элдештирген адам.
Эрен — эр, азамат.

# МАЗМУНУ

Кыргыздар Алтайда ....................................................................3
Жакыптын түшү..........................................................................4
Кытайдын каны Эсенкандын неге тынчы кетти?..................6
Манастын төрөлүшү ..................................................................9
Чоң жиндинин алгачкы эрдиктери ......................................14
Манастын ат-тону, курал жабдыгы......................................24
Жакыптын агасы Байдын баяны ..........................................31
Манастын Нескара дөө менен урушу...................................34
Манастын он бир черүү менен кармашы............................38
Манастын салбурунга* чыгышы жана кан шайланышы....40
Кырк чоронун анты..................................................................48
Кан Манастын калмактын Текес канын жеңиши ...............49
Манастын Кыз Сайкал менен беттешүүсү............................53
Манастын Орго кан менен урушу.........................................55
Манастын Акун канды жеңиши ............................................58
Кан Манас баштаган кыргыздардын
Алтайдан Ала Тоого көчүшү ....................................................61
Алооке кандын Манаска багынышы ....................................63
Манас баатырдын өзү катылган Шооруук канды жеңиши .68
Алооке кандын Анжияндан качышы ....................................71
Алмамбеттин окуясы ...............................................................73
Манас баатыр түш көрүп, той берип жоруткaны..............78
Манас менен Алмамбет...........................................................80
Манас Алмамбеттин келишине той бериши ........................86
Бай Жакыптын кан Манаска кыз издеши ...........................88
Манастын күйөөлөп барышы..................................................93
Көкөтөйдүн керээзи ................................................................102
Көкөтөйдүн ашы......................................................................104
Аламан байге...........................................................................113
Кошой менен Жолойдун күрөшү..........................................116
Манас менен Коңурбайдын сайышы...................................121
Коңурбайдын байгени чаап кетиши,
Манастын куугуну ..................................................................124
Алты кандын арамдыгы, Манастын казатка аттанышы....126

Каныкейдин кырк чорого белеги,
Алмамбеттин кан болушу....................................................133
Кыргылдын көргөн азабы, Бозуулдун казабы......................139
Алмамбеттин санагы, Чубактын чуусу .................................143
Макел дөө...........................................................................151
Алмамбет менен Сыргактын Бежинге кириши ..................155
Баатыр Манас баштаган колдун Бежинди алышы .............161
Коңурбайдын Манасты мерт кылышы,
Шыпшайдар мергенди чакырышы.......................................167
Баатырлар өлүмү ................................................................174
Манас баатырдын дүйнөдөн өтүшү......................................182
Айрым сөздөргө түшүндүрмө...............................................186

**Адабий көркөм басылма**

**МАНАС**

**Жапарали Осмонкуловдун
варианты боюнча**

Балдар үчүн
*("Манас" эпосунун кара сөз варианты)*

*А. Петров жана Т. Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды.*

Редактору: *Бүайша Маткасымова*
Корректору: *Шербол Жапаралиев*
Мукабасын жасаган: *Алтынбек Үсөнбек уулу*

Терүүгө 05. 01. 2016-жылы берилди.
Басууга 05. 02. 2016-жылы кол коюлду.
Форматы 70/90 1/16 Офсеттик кагазга басылды.
Көлөмү 12 б.т. Нускасы 1000 даана. Келишим баа.
Заказ № 56

Бишкек шаары,
«Улуу тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 а.
Тел.: 62-02-11